КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# КЫРГЫЗ ЭЛ КОШОКТОРУ

## 16-том

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин** жалпы редакциясы астында

Түзгөн:
**Сонор Егембердиева**

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 76

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

**Р е д к е ң е ш:**

**Р е д к е ң е ш:**

*Àêìàòàëèåâ À.À.* — *Ìóñàåâ Ñ.Æ.*
*Áàéãàçèåâ Ñ.* — *Ñàäûêîâ Ò.*
*Æàéíàêîâà À.Æ.* — *Òîêòîíàëèåâ Ê.Ò.*
*Ìàðàçûêîâ Ò.* — *Ýðêåáàåâ À.Ý.*

**Р е ц е н з е н т т е р:** – филология илимдеринин кандидаттары *К.Ибраимов, Г.Орозова*

К 76 **Кыргыз эл кошоктору.** 16-том./Баш сөзүн жазган жана түзгөн *С.А.Егембердиева.* – Б.: «Принт-экспресс», 2016. – 570 б. («Эл адабияты» сериясы)

ISBN 978-9967-12-585-8

Кошок кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында эң кеңири тараган көлөмдүү жанр болуп саналат. Бул томдукка Кол жазмалар фондусунда сакталып турган кошоктордон иргелгендери жана кыргыз элинин тарыхына аздыр-көптүр из калтырган, эл жүгүн аркалаган инсандарга арналган кошоктор кирди.

Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

**К 4702300200-16** **УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-12-585-8

© КР УИА, 2016
© «Принт-экспресс», 2016

## СӨЗ БАШЫ

*«Акыры башта бир өлүм» дегендей, адамдын жашоосу бир күнү акыркы чегине жетип, табияттын законуна ылайык түбөлүк жайына узаары түшүнүктүү эмеспи. Ошондо артында калган жакындарынын биринин жүрөктөгү муң-зарлары ичтен кайрылса, экинчисиники ырга айланып нөшөрдөй төгүлөт. Ошол ырга айланганы кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында кошоктор деп аталат.*

*З.Бектенов менен Т.Байжиевдин Кыргыз адабияты деген китебинде белгиленгендей «Өкүнүү, күйүү маанисинде ички сезим менен муңдуу айтылуучу кайгылуу ырды кошок дейбиз. Кошоктор экиге бөлүнөт. Алардын бири – киши өлгөндө кошула турган кошоктор, экинчиси – кыз узатканда кошула турган кошоктор» – деген аныктама берилсе, (З.Бектенов, Т.Байжиев. Кыргыз адабияты, 2-басылышы, Б., «Мектеп», (№, 48-б.) «Кыргыз совет энциклопедиясында» – «Кошок – элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры. Дүйнөдөгү элдердин көбүндө бар. Кыргыз фольклорунда кошок Октябрь революциясына чейин кеңири тараган жанр болгон. Ал кыргызда көбүнчө жамакчы аялдар-кошокчулар тарабынан чыгарылат. Анда өлгөн адамдын жакындарынын кайгы-күйүтү, арманы, бири-бирине кайрат сөзү, акыл-насааты айтылат, өлгөндүн тирүү кезиндеги жакшы сапаттары эскерилет. Кошоктун таанымал акындар тарабынан чыгарылган мыкты үлгүлөрү да бар» – деп айтылат. (КСЭ, Ф., 1978-ж. 411-бет).*

*Кошоктордун мазмунуна көз чаптырсак, бирде тирүүчүлүктөгү кайгы-касирет учураса, бирде табигаттын адам баласына келүүчү баш тартып кача албай турган закону – ажалдын туткунунан качып*

*кутулууга болбостугу баяндалат. Кошок айткан адамдын маркумга жакын-алыстыгына байланыштуу жакыны тарабынан өтө күйгөн муңдуу кошоктор айтылса, алысыраак жек-жааттар аркылуу айтылган кошоктор көбүнчө «аркаңда өмүрүңдү улай турган, ордуңду баса турган балдарың бар, тууган-туушкандарың бар, ыйманың саламат болсун, баарыбыздын бара турган жерибиз ошол жак, жалган дүйнөдөн чыныгы дүйнөгө кетип баратасың, бейишке чык, бизди колдой жүр» – деген маанидеги ойлорду берет.*

*Элдин жашоосунда эң орчундуу орунду ээлеген кошок жанры «Манас» эпосунан да улуу сыяктанат. Ырамандын Ырчы уулу, улуу Токтогул ырчы сыяктуу акындардын өткөндү эскерген кубаныч менен кайгы-муңу топтолуп «Манас» эпосунун жаралышына шарт түзгөн сыяктанат. Байыркы доордогу таш эстеликтердеги жазуулар да кошок жанрынын, элдик оозеки чыгармачылыгындагы алгачкы башаты экендигинен кабар берет. «Орхон-Енисей тексттериндеги Култегинге арналган эстеликке» жазылган:*

*«Убакыт теңири таалайга жазат,*
*Адам баласынын баары өлгөнү төрөлгөн.*

*Ушунча сагындым,*
*Аза күттүм, муңкандым.*
*Көзгө жаш келет,*
*Көңүлгө сый келет» –*

*деген саптар жоктоо ырынын алгачкы үлгүлөрүнөн болуу керек. Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулардын көпчүлүгүнөн каза болгон адамды өлдү дебестен «учту» деген жерлерин жолуктурабыз. Мисалы:*

*«Билге каган учту,*
*Жай болсо үстүндө теңри». (Орхон-Енисей тексттери. Фрунзе, «Илим», 1982, 68-бет) Байыркы таш эстеликтеринде жолуккан «учту» деген сөз азыр көбүнчө жаш балдар чарчаганда «учту» же «чарчады» деп айтылып жүрөт. Көңүл бура турган дагы бир урунттуу нерсе – адамды өлүмгө ыраа көрбөө, ар бир эстеликтин жазуусунан учурайт. Эстеликте «өлдү» деген сөздүн ордуна же «учту», же «айрылды», «азды», «аздым», «кереӊ болдум», «көрүүдөн калдым» деген*

*сыяктуу сөздөр берилген. Мисалы, ушул эле китептин 153-бетиндеги Бегреден табылган эстеликтеги жазууну алып көрөлү:*

*«Жеримдин, аттигиниң, суумдан айрылдым,*
*Муң менен сиздерден аттигиниң айрылдым.*
*Журтумдан, күнүмдөн курдашымдан, айрылдым,*
*Жашым алтымыш жети, көрүүдөн калдым,*

*Жат жерде туугандарымдан айрылдым». (Орхон-Енисей тексттери. Ф., «Илим», 1982, 68-бет). Ошондой эле, бизге чейин келип жеткен тиги дүйнөнүн бардыгына ишенүү сезими илгертен бери келе жаткан ишеничтин учкундары экендигине да күбө болобуз.*

*Таштагы жазмалардан кийин жаралган кошоктор бизге көбүнчө оозеки түрүндө жетип, ооздон-оозго өтүп, нечен кылымдарды аралап келсе да өзүнүн алгачкы көркөм дүйнөсүн жоготпой келет. Жазылып калбагандыктан кошокту жараткан инсандын аты унутулуп, «баланча» айткан имиш деген сыяктуу легендага айланып кала берет. Ошондой легендага айланган бир инсандын өмүрүнөн кошокко байланыштуу бир азыраак кабар бере кетели.*

*XIII-кылымда жашап өткөн бабабыз Кет-Бука өзүнүн талантынын күчү менен далай адамдардын жанын алып калган экен. Айтылуу Чыңгыз хандын Жуучу аттуу баласы каза болуп, хандын каарынан коркуп кантип угузаарын билбей элдин айласы кетип турганда Кет-Бука:*

*«Туу куйругу бир кучак,*
*Тулпар качты, Айганым,*
*Туурунан бошонуп,*
*Шумкар качты, Айганым.*
*Алтын така, күмүш мык,*
*Дулдул качты, Айганым.*
*Алтын ордо башынан*
*Булбул качты, Айганым.*
*Агын дайра бөксөрүп,*
*Көл бөксөрдү, Айганым, –*

*деп кайталангыс салыштырууларга терең философиялык ойлорду чөгөрүп, ата үчүн эң оор кайгыны билди-*

*рет. «Бул кошок кыпчак талаасынан белгисиз перс автору тарабынан жазылып алынып, «Түрктөрдүн ата-теги» аттуу жыйнакка жана араб тарыхчысы Ибн-Ал-Асирдин летописине кирген чыгарманын алгачкы өзөгү 1227-жылы түзүлгөн деп так көрсөтүүгө негиз берет». (Тизенгаузен В.Т. Сборник материалов в относящихся к истории Золотой Орды, извлечения из арабских сочин. Т. 1., СПб., 1884).*

*Алгачкы жаралышынан улам берилеген сайын бул кошоктун көркөмдүк поэтикасы, уйкаштыктары, сөздөрүнүн образдуулугу артып, калк ичинде өзүнүн салмагын жоготпой сакталып келе жатат. «Жакшы ат жанга аралжы» деген байыркы жоокерчилик заманда тулпардын качышы, эң оор жоготуу жакын адамыңдан айрылуу менен бирдей каралып, тулпардын, шумкардын качышы менен адам жанынын «учуп», «качып» кеткендиги, жоготуунун көркөм берилишинин туруктуу традициясы болуп эсептелет. Ушул кошоктогу «көл бөксөрдү», «чырак өчтү», «агын дайра соолду» деген сыяктуу метафоралар акындын теңдешсиз көркөм кудурети, сөз чеберчилигинин улуулугунан кабар бергенсийт.*

*Жоокерчилик заманда ары-бери сүрүлүп, бирде жеңип, бирде жеңилип дегендей, далай жапа чегип, чабылып-чачылып, кайра тикеленип, алакандай бир ууч эл кылымдан-кылым карытып, ичине «Манастай» чалкыган көркөм дүйнөнү сактап келген эл арасынан чыккан атактуу Токтогул ырчынын кайсы мезгилде жашагандыгы белгисиз болсо да, Жаныбек хандын бийлиги астында жашаган имиш деген уламыштар бар экен. «Божомол менен 1320-жылдары деп айтууга болот» (Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. Фрунзе, 1988-жыл). Эл арасында «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деп айтылып жүргөн сөз жагынууну билбеген, чукугандай сөз тапкан, эл камын ойлоп, жарды-жалчынын абалына жаны кейип:*

*«Кудаяндын тушунда куурап калдык,*
*Кууругуч баштуу кожону туурап калдык.*
*. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .*
*Арбагы Кыргызхандын сени урар,*
*Кыргызды кыйын кыйнап, салдың домок» –*

*дегендей саптар менен бийлөөчүлөрдүн аксымдыгын ашкерелеп ырдаган Токтогул ырчы тууралуу айтылган экен. Ырчыны «Динге каршы чыкты» деген шылтоо менен даргага астырып, элдин үшүн алуу үчүн сөөгүн ит-кушка жем болсун деп талаага таштаттырат. Хандын каарынан корккон эл түн ичинде үй-бүлөсүнө жашырынып угузушуп, кара эчки союп кара ашын беришет. Ошондо Токтогулдун эжеси:*

*«Кара жаак Токтогул,*
*Калыстык менен ырдадың.*
*Каны менен бооруна,*
*Кара ниет кан Темир,*
*Кара жерди сырдадың.*
*Карга менен кузгунга,*
*Кайсы аралда жем болдуң,*
*Кара эчкиге тең болдуң» –*

*деп бир тууганынын хан колунан өлүм тапканын, хандын таш боорлугун, залимдигин айгинелеп келип, «бир боорум кара эчкиге тең болду, хандын эркине көндүңөр, акыныңарды алып кала албадыңар, эркектер силерге капамын» – өз уруусундагы эркектердин мажестигин тайманбай айтат. Үйдүн куту, баланын энеси болуп өмүрдү улантып келсе да, аялдардын тагдыры кейиштүү болгон байыркы заманда ичиндеги бугун чыгарып, көңүлүнүн тереңинде көмүлүп жаткан көркөм дүйнөсүн ачыкка чыгарууда аялдарга түзүлгөн бир мүмкүнчүлүк ушул кошок айтууда болгон, кечээ эле басынган ургаачынын талантына, сөз чеберчилигине баш ийе, жан кейигенде, жүрөк сыздаткан муңга алдырганда чыгып кеткен ачуу чындыкка нечен-нечен дөө-шаалар чыдап отуруп беришкен.*

*Кийинчирээк, кошок кошуу көбүнчө аялдарга таандык эсептелсе да кээ бир учурларда ошол шарттуулук бузулуп эркектер тарабынан да кошок айтылган. Мисалы, Кол жазмалар фондусунун 219-инвентарындагы «Туяна» аттуу кошокту алып көрсөк болот. Бул кошок 1865-жылдардан мурун айтылып жүргөн имиш. 1923–27-жылдарда Белек Солтоноев тарабынан Билим борборуна тапшырылыптыр. Ушул эле кошок 385-инвентарда да бар.*

*«Кара тору Туянам,*
*Катынча кошуп ыйларга,*
*Калкымдан жаман уялам» –*

*деген саптардан эле өткөн заманда аял үчүн эр адамдын кошок айтуусу чектен чыккан иш катары эсептелгенинен кабар алабыз. Ошентсе да сүйүп алган жарынан айрылып, ичиндеги бугун, көңүлүндөгү муңзары:*

*«Телкисинен айрылган,*
*Кулан болдум Туяна.*
*Улуу тоонун боорунда,*
*Улар болдум Туяна.*
*Улутунуп үшкүрүп,*
*Кумар болдум Туяна.*
*Жар боорунда жалгыз тал,*
*Сыңар болдум Туяна» –*

*дегендей элестүү салыштырууларга жык толгон кошоктун көркөм саптары биздин күнгө чейин келип жетти.*

*Ушуга үндөш сарбагыш шатен элинен Саруу уулу Орозбек комузчунун аялына арнаган кошогу болуп эсептелет:*

*«Күлжарым көзү барында,*
*Ак кайың түбү булакпыз,*
*Ар жакшы менен ынакпыз.*
*Күлжарым, көк кайың түбү кат болду,*
*Көп киши бизден жат болду» –*

*деп, аялынын үй-бүлөдөгү эч ким менен алмашкыс ордун жоктоп, табийгаттын керемети булакка салыштырылып, көркөмдөлүп, аялы өлгөндөн кийин булактын кургап калышын, мурунку ынак болуп катышып жүргөн кишилери көп каттабай жат болуп калгандарын муңкануу менен арман кылат.*

*Кол жазмалардын арасынан Курманбек баатырга, Кожожашка арналган кошоктордун (мурун белгисиз) тексттин жолуктурдук. Курманбек баатыр жөнүндө айтылган кошок Сузактык Шамши деген комузчудан жазылыптыр. Кошоктун мазмунуна карасак Курманбектин атасы Жанчаркан маңгыт де-*

*ген элден чыгыптыр, персент көрбөй зарлап жүрүп балалуу болгон экен. Курманбек эр жеткенде анын баатырлыгын уккан бир катын Ун деген шаардан качып келип тиет. Ал аялдан балалуу болот. Ата-баланын ортосундагы араздашууга балким ушул аялга үйлөнүүсү да себепчи болгонбу деген ой кетет. Зарлап жүрүп көргөн жалгыз баласына «кабарыңды угуп качып келдим» деген дарек-дайыны жок ургаачыны ата жүрөгү тең көрбөгөндүр, айтор келин менен кайнатанын ортосундагы мурунтан бери келаткан наразылыктын тереңдигине кошоктун:*

*«Желке чачым түйөйүн,*
*Жети жылы күйөйүн.*
*Ат аяган какбаштын,*
*Желкесине сийейин.*
*Ымыганда жарасын,*
*Карга, кузгун таласын» –*

*деген саптары айкын мисал болгонсуйт.*

*Белгилүү адамдар каза болгондо эл оозуна алынып, аты чыккан акындарга, ырчыларга кошок айттырышкан.Каза болгон кишинин байлык, бийлигин же баатырдыгын даңазалоодо акындык дараметтеринин болушунча кошок айтышкан жана жакын кыз-келиндерине кошок чыгарып беришкен. Кат-сабаты ачылып калгандары кошокту жазма түрүндө көзү өткөн адамдын ата-теги, дегеле бу дүйнөдөгү жашоосун бүт бойдон терип-тепчип айтып, анын өмүрүндөгү урунттуу жерлерге басым коюп, көркөм салыштыруулардан, элестүү саптардан куюлушуп топтолгон өзүнчө бир көркөм өмүр-баяндык чыгарма тартуулашкан. Буга мисал катары Молдо Нияздын «Дыйканбайын», Молдо Кылычтын «Балбагын», Осмонаалы Сыдыковдун «Шабдан казалын», Ысак Шайбековдун «Шабданын», Токтогулдун «Топчубайын», «Жеңижокту жоктоосун», Токтогул акын дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогун көрсөтсөк болот. Мындай жазма кошоктордун көбүнүн максаты көзү өткөн адамдын бу дүйнөдөгү station аздыр-көптүр жасаган ишинин акыбетин, башкача айтканда адамдык, инсандык касиетинин тирүүлөр алдындагы жыйынтыгын көрсөтүү болгон.*

*Бийлик башында тургандардын кызыкчылыгынан улам замандан заман оошуп, дүйнө толкуп, нечендеген тарыхтын чындыгы бирде ордуна келсе, бирде жаза тайып бөксөрүп турса да кошоктун тарыхый чындыгына өз таасирин тийгизбегендигин Шабдан баатырга арналган кошоктордун кайсынысынын мазмунун албайлы, биринчи кезекте – Шабдан баатырдын берешендиги, жоомарттыгы баса белгиленет да, ошого удаа эле анын орус бийлөөчүлөрүнө кошулуп, «орус падышачылыгына кошулбайбыз» деп эркиндигин талашып чыккан кыргыздын нечен кыйындарын талкалоого орус аскерлери менен бирдикте катышкандыгы, б.а. жол көрсөтүп жүргөндүгү, ошонун аркасында орус падышачылыгы өз кишиси катары чин берип, өмүрү өткөнчө кадыр-барктуу болгондугу, каза болгондо пристав, губернатор баш болуп урмат көрсөтүшкөндөрү чоң сыймык катары көтөрүңкү маанайда айтылат. Бирок, ошол кадыр-барк, чоң сыймык канчалаган өмүрдүн куну болгонун кошоктун тарыхый чындыгы көрсөтүп турат.*

*Кошок жанры кыргыз эл оозеки чыгармачылыгындагы эң кеңири тараганы жана эң көлөмдүүсү болуп саналат. Кол жазмалар фондусунда сакталып турган кошоктордун баарын жыйнаса бул жыйнактын көлөмүндөй 4–5 томго сыйбашы мүмкүн. Фондуда сакталган фольклордук, диалектологиялык экспедицияларда жыйналган, алиге илимий иликтөөдөн өтө элек кол жазмалардын ичинен кошокторду чогултуп, маанисине, сөз чеберчилигине, уйкаштыгына карап, тандап чыгарууга аракет кылдык.*

*Кошокторду жыйнакка жайгаштырууда эң биринчи «Угузуу» түрүндөгү кошокторду, андан ары адам баласынын башына түшкөн эң оор кайгы боор этиң менен тең «Балага арналган кошоктор», «Энеге (апага) арналган кошоктор», «Атага арналган кошоктор», «Бир тууганга арналган кошоктор»,»Согушта курман болгондорго арналган кошоктор», «Күйөөсү өлгөн аялдардын кошогу», «Бирөө колдуу болгондорго кошкон кошоктор», «Жек-жааттар аркылуу айтылган кошоктор», «Эпостук баатырларга арналган кошоктор», «Акындар аркылуу айтылган кошоктор», «Келинге*

*арналган кошоктор», «Тул калган кыздын кошогу», «Кыз узаткандагы кошоктор» деп бердик.*

*Заман өткөн тарых үчүн оңунун айлангандан улам убагында эл камын ойлогон, эл-жер деп «эл четинде, жоо бетинде»жүргөн улуу муундардын элине көрсөткөн эмгектеринин акыбети кайтып, эл арасында өз ордун таап, өз баасын алсын деп тарыхта аты калган инсандарга арналган кошоктор өзүнчө берилди. Анда Индиядагы Улуу Моголдор династиясын негиздеген Захиреддин Бабурга (1483–1530) келини Акбегимдин кошкон кошогу, Кокон ордосунда увазирлик даражага чейин көтөрүлгөн Алымбек датхага, анын зайыбы аялдан чыккан атактуу саясий жана мамлекеттик ишмер Курманжан датхага, алардын уулу Абдыллабек баатырга арналган кошоктордон тартып, кыргыз тарыхында ысымдары ар дайым айтылып келген Тайлак баатыр, Атаке, Ормон хан, Жантай, Шабдан баатыр, Байтик, Төрөгелди, Ысагаалы, Чыныбай, генерал Исхакбек ж.б. жөнүндөгү кошоктор бар.*

*Атактуу эл ырчылары Жеңижок, Барпы, Эшмамбет, улуу акын Токтогулга, кадимки Кожомкул балбанга арналган кошокторду, ошондой эле жазма эстеликтеги«Култегинге арналган», Молдо Нияздын «Санат дигарасттарындагы Дыйканбайга, Молдо Кылычтын «Казалдарындагы» Балбакка ж.б. тарыхый инсандарга арналган кошокторду окуган адам кыргыз тарыхынан аздыр-көптүр маалымат алып, өтүп кеткен инсандардын ички дүйнөсү, адамдык сапаттары менен таанышат деп ойлойбуз.*

*Колуңуздардагы кошоктордун бул томдугу кыргыз тарыхын, этнографиясын, оозеки чыгармачылыгын, маданиятын ж.б. турмуштук жагдайларын изилдеген окумуштуулардын, ошондой эле жалпы коомчулуктун да көңүлүн бурган китеп болот деп ойлойбуз.*

# У Г У З У У

## ЖОЛЧУХАНДЫН ӨЛГӨНҮН КЕТ БУКАНЫН УГУЗГАНЫ

Туу, туу, туу кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан ажырап,
Шумкар качты, Айганым,
О не болот, Айганым?

Алтын боолуу ак шумкар
Айды карап сызыптыр,
Алтын боосун тытыптыр,
О не болот, Айганым?

Күмүш боолуу ак шумкар
Күндү карап сызыптыр,
Күмүш боосун тытыптыр,
О не болот, Айганым?

Абадан ак ала булут сөгүлөт,
Аяктап жамгыр төгүлөт,
О не болот, Айганым?

Көктөн көк ала булут сөгүлөт,
Көнөктөп жамгыр төгүлөт,
О не болот, Айганым?

## БУКА ЫРЧЫНЫН ЧЫҢГЫЗ ХАНГА БАЛАСЫНЫН ӨЛГӨНҮН УГУЗУП ТУРГАН ЖЕРИ

Алтын боолуу ак шумкар
Алтын боосун тытыптыр,
Айды карап сызыптыр.
Ал эмине болуучу?

Күмүш боолуу ак шумкар
Күмүш боосун тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр,
Ал эмине болуучу?

Туу түбүндө көк бука
Күндү карап өкүрөт,
Алчагай мүйүз, ак эркеч,
Айды карап бакырат,
Бул эмине шумдугу?

Асмандан ак ала булут сөгүлөт,
Аяктап мөндүр төгүлөт.
Көктөн көк ала булут сөгүлөт,
Көнөктөп мөндүр төгүлөт,
Бул эмине шумдугу?

## ЧЫҢГЫЗ ХАНДЫН БАЛАСЫ ЖУУЧУ КАЗА БОЛГОНДО КЕТ БУКАНЫН УГУЗГАНЫ

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты,Айганым.

Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын ордо башынан,
Булбул качты, Айганым.

Деңиз толкуп чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.

Терек түптөн жыгылып,
Жер бөксөрдү, Айганым.

Ала-Тоо кулап, пас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым.

Агын, дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптатты,
Ынак өчтү, Айганым.
Касиеттүү башкача,
Чырак өчтү, Айганым.

## ТОКТОГУЛГА ТОПЧУБАЙДЫН ӨЛГӨНҮН КОРГОЛДУН УГУЗГАНЫ

Айталы сизге саламды,
Эшендер кылган жаңжалды.
Ак жеринен кармалып,
Айдоого кетти дечү эле,
Булбул үндүү, куш тилдүү,
Айнегим, Током, аманбы?

Түрмөдө турдуң зар болуп,
Сар оору кесел дал болуп.
Кайрылып элге келгенче,
Кайран жан кайгы, кар болуп.
Жапасы күчтүү замана,
Жабыркатты адамды,
Сен алыстан келгенче,
Амандашып көргөнчө,
Ноктолуу башка бир өлүм,
Токо,
Аткардык жалгыз баланды.

Калпалар кылган жаңжалда,
Караланып кармалып,
Калкынан кетти дечү эле,

Калганың кайгы жечү эле,
Кара жаак, кайчы тил,
Канатым, Током, аманбы?
Калайлуу туур башынан,
Кайгылуу өлүм касынан,
Токо,
Качырдык жалгыз баланды!

Токо, араладың гүл менен,
Адамга жактың тил менен.
Сен алыскы соттон келгиче,
Өзүңдөн ашык болду эле,
Арканда жалгыз Топчубай
Аткардык жалган дүйнөдөн!

Пендени пенде билбеген,
Белгилүү жүрөк зилдеген.
Бербейт экен кара жер,
Перзентиң жалгыз Топчубай
Бегана болгон дүйнөдөн.

Учук өтпөс ийнеден,
Уулуң жалгыз Топчубай,
Убайым болбо, кейибе,
Учурдук жалган дүйнөдөн.
Жибек өтпөс ийнеден,
Уулуң жалгыз Топчубай,
Жибердик жалган дүйнөдөн.

Түздөгү коңур салкынча,
Жаркыра күмүш, алтынча,
Муунуңду бошотуп,
Жалпы агайын эл турса,
Жашыба жаман адамча.

Буурулду минип тердеткен,
Буулумду кийип кирдеткен,
Муңайба жашык адамча,
Булбулуң жалгыз Топчубай,
Мусапыр сапар жол кеткен.

Күлүктү минип тердеткен,
Күлгүндү кийип кирдеткен.
Күйүкпө жашык адамча,
Күкүгүң жалгыз Топчубай
Күн тийбес сапар жол кеткен.

Карадан жорго тердеткен,
Кара киш кийип кирдеткен.
Кайрылар күнү барбы деп,
Калың элин дегдеткен.
Кайгырба калың эл турса,
Канатың жалгыз Топчубай
Караңгы сапар жол кеткен.

**БЕРДИНИН КЫЗЫН УГУЗУУ**

Кулак сал Берди сөзүмө,
Куйкалайт жалын өзүңө.
Куунак болуп кеткен кыз,
Жем болуптур бөрүгө.

Ажалы болуп зоосунан,
Ажырадык айрылдык,
Амал барбы көнөлү,
Канатыңдан кайрылдык.

Кызыл эндик терем деп,
Кыямат жолу кенен деп,
Кыяматка кеткенди,
Айтып жүрчү берен деп.

Сабыр кыл башка салганды,
Санаркаба карганда,
Кимдер өтпөйт дүйнөдөн,
Бул опасыз жалганда.

Жаздым басып жыгылып,
Шар сууну көздөй кулаган.
Кызың мыкты жан эле,
Бөтөнчө жалгыз уядан.

Энеси байкуш Телегей,
Жүрчү эле жанга теңебей.

Өзү берип өзү алды,
Жараткандын иши деп,
Куран окуп, жыт чыгар,
Каарданса жараткан,
Баарыбызды бүт кырар.

## БАЛАГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

### ЖАШ БОТОМ

Күлкайырдын гүлүндөй,
Байчечекей түрүндөй.
Алдадан жарлык келиптир,
Өтүп бир кетти билинбей.
Бозоргон токой жер мында,
Борумдуу кушчу эл мында.

Бектер келер бел ашып,
Белине белбоо жарашып.
Бек уулундай жаш ботом,
Жалгандан кеттиң адашып.

Кандар келет кармашып,
Калайлуу жүгөн жарашып.
Кан уулундай жаш ботом,
Жалгандан кеттиң адашып.

Алтындан сөйкө сырга сал,
Азаптуу апам үнү деп,
Баш көтөрүп кулак сал.
Күмүштөн сөйкө сырга сал,
Күйүттүү апам үнү деп,
Баш көтөрүп кулак сал.

Айрылып жаткан кайыңды,
Кайберен минип өтүпсүң,

Кайрылбас жайга кетипсиң.
Торолуп жаткан кайынды,
Тулпар минип өтүпсүң,
Туулбас жайга кетипсиң.

Кайрылыш жерде суу барбы?
Кайрылып келер күн барбы?
Бурулуш жерде суу барбы?
Бурулуп келер күн барбы?
Бурулуш жерде суу жокко,
Бурулуп келер күн жокко.

## БАГРАМГА АРНАЛГАН КОШОК

Жоругу сонун башкача,
Жолборсумдан айрылдым.
Жароокер болчу Баатыркан,
Жолдошумдан айрылдым.

Өпсө балдай татыган,
Шербетимден айрылдым.
Сатыбалды Баатыркан,
Берметимден айрылдым.

Жыты жыпар жыттанган,
Атырымдан айрылдым.
Айбаттуу жүрөк балбандай,
Баатырымдан айрылдым.

Темирканат жетилген,
Балапандан айрылдым.
Кулан тайдай секирген,
Кулунумдан айрылдым.
Кубултуп бурап сүйлөгөн,
Булбулумдан айрылдым.

Атакелеп ойногон,
Асылымдан айрылдым.
Карманып жүргөн бир жалгыз,
Казыгымдан айрылдым.

Башкадан сонун эрмегим,
Баграмдан айрылдым.
Өмүрү өспөй өксүгөн,
Албанымдан айрылдым.

Атакелеп эркелеп,
Чырагымдан айрылдым.
Бетимден сүйчү кучактап,
Ынагымдан айрылдым.
Койнума жатчу тепкилеп,
Кулунумдан айрылдым.

Жыргалын көрчү жаш чырак,
Жылдызымдан айрылдым.
Даң салып үйдү чаңдаткан,
Үй көркүнөн айрылдым.

Жээгимдеги жалбырак,
Мен көркүмдөн айрылдым.
Жүрөктөн чыккан шам чырак,
Шооласынан айрылдым.

Алгыр бүркүт кыргыйдай,
Кыраанымдан айрылдым.
Кылычтан өткүр колумда,
Болотумдан айрылдым.
Жарып чыккан денемди,
Жаш өткүрдөн айрылдым.

Эрмегимден ажырап,
Боздоп калдым буркурап,
Баграм сенин айыңдан,
Бардык сөөгүм зыркырап,
Кабыргалар кыйрады,
Калбай баары быркырап.

«Балалуу үй гүлүстөн,
Баласыз үй көрүстөн».
Деген макал чын экен,
Ажырадым арыстан.

## МАМЫТ ӨЛГӨНДӨ АПАСЫНЫН КОШОГУ

Жоогазын элең ачылган,
Жылдыз элең чачылган.
Улуу бир тоодо уларым,
Удургутуп таштаган,
Уктатпай калсын убалың.

Жашылды кийбей күрмөнүн,
Жаш өмүр сүрбөй дүйнөнүн.
Кызылды кийбей күрмөнүн,
Кызыгын сүрбөй дүйнөнүн,
Бейкасам тону күзгүдөй,
Бей арман кеткен балам ай,
Бейкарас адам күйгүдөй.

Кара атка салган кажарым,
Кагылсам балам базарым.
Кайрылып үйгө келгенче,
Жеткенго экен ажалың.

Чөттө суулар тоңбосун,
Бейажал өлүм болбосун.
Коктуда суулар тоңбосун,
Кокустук кырсык болбосун.

Кашкардан келген жоолугум,
Кырк жеринен түйөйүн.
Кымбатым Мамыт сен үчүн,
Кырк жыл да болсо күйөйүн.

Ак куудай боюн таптаган,
Күзгүгө үч маал каранган,
Айлансам балам пакизам,
Кара бир манат эндеген,
Кашкардын жолун ченеген,
Кагылсам Мамыт көзү ачык,
Калкымда сулуу мен деген.

Кызыл бир манат эндеген,
Кытайдын жолун чендеген.

Кылыгы жакшы көздөйүм,
Кыргызда сулуу мен деген.

Калдыгачым качырдым,
Кара бир белес ашырдым.
Тулпарымды качырдым,
Туура белес ашырдым.

Аргымак атың бар беле,
Ашыгынан шал беле.
Алыстан укаң келгенче,
Шашылыш ишиң бар беле.

Алтының кетти тишиңде.
Арманың кетти ичиңде.
Күмүшүң кетти тишиңде,
Күйүтүң кетти ичиңде.

Абалап учкан ак кытан,
Арка бир жүнү бир тутам.
Алыстагы укаңдын,
Калганына эш тутам.

Көкөлөп учкан көк кытан,
Көкүрөк жүнү бир тутам.
Көрүнбөй кеткен акаңа
Сенин калганыңа эш тутам.

## БОЗДОТУП КЕТКЕН СЕНИ АЙТАМ

*(23 жашында өлгөн баласына апасынын кошогу)*

Агарып аткан таңды айтам,
Таштап бир кеткен сени айтым.
Бозоруп аткан таңды айтам,
Боздотуп кеткен сени айтам.

Таң шамалы боз салкын,
Түштү бир сенин бетиңе.
Түшө албадым арага,
Боло албадым садага.

Көк чыйырдын кара жер,
Өттү бир сенин этиңе.
Айланайын кулунум,
Боло албадым садага.

Кыркма жака кыйгач каш,
Кыздардан тандап сүйбөдүң.
Кесме бир жака керме каш,
Келинден тандап сүйбөдүң,
Бул арманым кантейин.

Жолборстой боюң тартылган,
Жонунда чарчи артылган.
Жонунда чарчиң алыш жок,
Жообантып кеттиң көрүш жок.

Ыргайдай боюң тартылган,
Ийнинде чарчи артылган.
Ийнинде чарчиң алыш жок,
Ыйлатып кеттиң көрүш жок.

Булгаарыдан көн жакшы,
Буркурап ыйлап жүргүчө,
Мындан көрө көр жакшы.
Суу ичээрге көл жакшы,
Сыздап ыйлап жүргүчө,
Мындан көрө көр жакшы.

Түндүксүз үйгө сен кеттиң,
Түтүнсүз отто мен калдым.
Жарыксыз үйгө сен кеттиң,
Жалынсыз отко мен калдым.

Жарды жарлай жүргөмүн,
Жал куйругун түйгөмүн.
Сендейлердин отуга,
Эзелтен шундай күйгөмүн.

Кырды кырдай жүргөмүн,
Кыл куйругун түйгөмүн.
Кымбатым сендей отуга,
Кыйла жолу күйгөмүн.

Сай боюда сары гүл,
Саясы жерге кулпурат.
Сардалуу жигит болгондо,
Кара бир жерде ыпырап.

Көк зоодон түшкөн кум ыйык,
Күндө арманың айткыча,
Көк турпак мага ылайык.
Ак зоодон түшкөн кум ыйык,
Айда арманың айткыча,
Ак турпак мага ылайык.

Карарган тоодун бооруда,
Карга бир учса кайып дейт.
Карыядан оошуп,
Жаш өлгөнү айып дейт.

Эгизги тоодун бооруда,
Элик бир учса кайып дейт.
Аксакалдан оошуп,
Жаш өлгөнү айып дейт.

Кызыл гүл элең ачылыш,
Кыямат өлүм ашыгыш.
Жашыл гүл элең ачылыш,
Жаш өлмөк мынча ашыгыш.

Жашыл бир тоонун этегин,
Чыла бир болот дедиңби?
Бу дүйнөдө көп жүрсө,
Күнаа болот дедиңби?

Ажырарга тал белек, ботом,
Айрыларга мал белек, ботом.

Күнүм бир бүтүп өлгүчө,
Күзгүдөй жүзүң көрбөймүн.
Ажалым жетип өлгүчө,
Айнектей жүзүң көрбөймүн.

Түнүдөсү жүгүргөн,
Түлкүнүн колу сөгүлсүн.

Түн эм бир дебей келе көр,
Түңүлгөн апаң сүйүнсүн.

Эртең менен жүгүргөн,
Эликтин колу сөгүлсүн.
Эрте бир дебей келе көр,
Эриккен апаң сүйүнсүн.

Саар турсам шамал жок,
Сагынамын амал жок.
Эрте турсам шамал жок,
Эстесем кантем амал жок.

Карагерге бут артпай,
Ботокөзгө кол артпай,
Бул арманың кантемин.
Көк зоодон түшкөн тараша,
Көк кайың чыгат жанаша.
Жалгызым сенин өлгөнүң,
Пешенеме жараша.

Сыдырдым гүлдүн шагыны,
Сыздадым өлүм дагыны.
Кайырдым гүлдүн шагыны,
Какшадым өлүм дагыны.

Карала болду көйнөгүм,
Бул өлгөндүн дартида,
Кана бир менин өлгөнүм.
Көкала болду көйнөгүм,
Бул өлгөндүн дартида,
Кана бир менин өлгөнүм.

Беш кабат соккон тубардан,
Беттеп соккон бөз жакшы.
Берип коюп алгыча,
Мыннан көрө жок жакшы.

Аңдабай соккон тубардан,
Аңчыл бир соккон бөз жакшы.

Берип коюп алгыча,
Мыннан көрө жок жакшы.

Өрттөнөмүн чогуңа,
Өлгүм бир келет жогуңа.
Констанамын чогуңа,
Каландар болдум жогуңа.

Алтындан сөйкөм шарк эткен,
Айдай бир жаркып сен жүрсөң,
Анда бир жүрөк зарк эткен.
Күмүштөн сөйкөм шарк эткен,
Күлүп жайнап сен жүрсөң,
Анда бир жүрөк зарк эткен.

Кең көчөнү айланган,
Камарлар бото байланган.
Камарлар бото таттуум,
Так тагасы заттуум.
Тар көчөнү айланган,
Камарлар бото байланган.
Камарлар бото таттуум,
Так бубасы заттуум.

## МАТАЛЫ ЭКИ БАЛАСЫ КАЗА БОЛГОНДО КОШКОНУ

Баабедин жасап үбүке,
Багыштатып берчү элең.
Баабединиң тийген жок,
Акчал менен Көкчалдын,
Экөөнүн бирин койгон жок.
Аркар атып бел аштым,
Мен кудайга не жаздым.

Кандай жорук баштадың,
Атамды көөмп койсун деп,
Артыңа кимди таштадың.
Бел байларым калган жок,
Мени кудай алган жок.

Аюуну баштап атканда,
Каргышына калганда.
Каарына алды кудайым,
Кандай айла кылайын.

Алжыган кудай алган го,
Азабын мага салган го.
Теңдиги болсо болбойбу,
Экөөнүн бирин койбойбу.

## КЕРИМБАЙГА ЭНЕСИНИН КОШОГУ

Айланайын Керимбай,
Калкыта салдың кемеңди.
Калкыңа кылдың чегеңди,
Какшатып кеттиң энеңди.
Толкута салдың кемеңди,
Айланайын Керимбай,
Томсортуп кеттиң энеңди.

Аргымак атың чабылбай,
Айланайын Керимбай,
Айлымдан кеттиң табылбай.
Тобурчак атың чабылбай,
Томсорбой күлүп турчу элең,
Оймоктой оозуң жабылбай,
Тобумдан кеттиң табылбай.

Акылдын кени адаттан,
Өлүм калды санаттан.
Аалы минген дулдулум,
Ауганбектей булбулум.

Оо,Керимбай кулунум,
Ыйсаты асыл кербенбиз.
Кире тартып келгенбиз.
Касабын алса кудурет,
Аманат жанын бергенбиз.

Мазарлуу жерге түнөгөн,
Байгамбардан тилеген.

Тилегенде бергеним,
Тиктегенде көргөнүм.

Ошондой азиз чырактан,
Эч бир опа көрбөдүм.
Оо, Керимбай кулунум,
Анан кийин өлбөдүм.

Бектер минген бурагым,
Бейиштен жанган чырагым.
Акыры өлүм төгүнбү
Ошондой азиз чырагым,
Кара жерге көмүлдү.

Аркырап чыккан асаным,
Түшүмдө сынды казаным.
Колумдан учкан боз кушум,
Курусун менин бул түшүм.

Куу куркулдап көл сактайт,
Куу ылаачын чөл сактайт.
Карыганда Садыкең,
Кайда барып жан сактайт?

Ак талды жакса чок болот,
Азыраак Сарбан жыйылса,
Кулунум, ошондо ордуң жоктолот.

Ак жибектен жасалган,
Олпок элең Керимбай.
Ай тийгендей жаркырап,
Чолпон элең Керимбай.

Көк жибектен жасалган,
Олпок элең Керимбай.
Күн тийгендей жаркырап,
Чолпон элең Керимбай.

Солтон сары, Соку таш,
Соку таш сенин сеңириң.
Дегеле ажыратты теңирим.

Алты баба, жети атаң,
Агала жылкы айдаган.
Аз Сарбандын ичинде,
Ак булбулдай сайраган.

## САЛМООРБЕККЕ АТАСЫНЫН КОШКОНУ

Тээтиги Капкан-Таштын боорунан,
Каргаша чыкты жолуңдан.
Капталдан тайып жыгылдың,
Каламда жазган огунан.
Кайгыга мени күйгүзүп,
Кармап турган туйгунум,
Кайрылбай учту колумдан.

Тээтиги Жаргылчак таштын боорунан,
Бир Жадигер чыкты жолуңдан.
Жантайма жерден куладың,
Жараткандын огунан.
Жалынга мени күйгүзүп,
Жагалмай качты колумдан.
Кызыктын берки боорунан,
Кызыл чаар жыландай,
Бир кырсык чыкты жолуңдан.

Кымындай жерден жыгылдың,
Кыйыткан ажал огунан.
Кыпкызыл чокко күйгүзүп,
Кыраанын качты колумдан.

Кара жолтой эчкини,
Катыгүн, кандай бир күнү жоктодум.
Каралдым Салмоор кулунум,
Калемпирге уу кошуп,
Сен жеп койгондой окшодуң.

Кагаздын бетин каралап,
Мен кайгы бир муңду топтодум.
Кайгыңды тартып жүргөнчө,

Караңгы көрдө бир жатпай,
Катыгүн, калкымда неге токтолдум.

Арам өлгүр эчкини,
Арман күн, алда кандай жоктодум.
Айнегим Салмоор кулунум,
Албарс кошуп уу чылап,
Сен жеп койгондой окшодуң.

Ак кагаз бетин каралап,
Мен арман-мунду топтодум.
Азабың тартып жүргөнчө,
Артыңдан өлүп мен калбай,
Арман күн, айнып неге токтолдум.

Адырга сени мен жумшап,
Арман күн, адашыпмын калжырап.
Ажалың чындап жеткенде,
Кулунум, азоо тайдай калтырап.

Аманат жаның чыгарда,
Айнектей көзүң чачырап.
Ушундай шумдук өлүмдү,
Мен көрмөк белем кансырап.

Муңдуу бир кайгы-зар менен,
Муунум бошоп шалдырап.
Кан түштү менин бутума,
Катыгүн, кантип бир басам дабдырап.

Оозумдан гана алдың сөзүмдү,
Колумдан эле алдың ишимди.
Түбүнөн курт жеп чиритип,
Деле, түшүрдүң кашка тишимди.
Муунумду бошотуп,
Булбулум, гана алдың күчүмдү.

Боздогон гана төөдөй муңканып,
Менин боз үйүмдөн чуу чыгат.
Түндүгүн түртүп карасам,
Катыгүн, көк түтүн булап буу чыгат.

Ак никени кыйдырып,
Алганыңдын ичинен,
Кып-кызыл гана жалын муң чыгат.

Айланайын кулунум,
Азаптуу гана күндө турушум.
Алыска чапса чарчабас,
Аккула сындуу дулдулум.
Ак өрүк комуз колго алып,
Ар кимге эрмек булбулум.

Аңырга окшоп аңкылдап,
Акылымдан ажырап,
Ушинтип, мен арман-муң менен улудум.
Кагылайын-аа, кулунум,
Кайгыңды гана тартып-ай турумун.

Канча күн чапса чарчабас,
Кара кашка дулдулум.
Карагай комуз колго алып,
Калкыма эрмек булбулум.
Канатымдан ажырап,
Кара тоонун башында,
Карышкыр окшоп улудум.

Талабыңа жеткирип,
Сени мен театрга кошподум.
Ботосу өлгөн төөдөй,
Ушинтип, муңканып муңдуу боздодум.
Айланып үйдөн чыгалбай,
Аркан бою оттодум.
Бүткүл денем шалдырап,
Катыгүн, муунумдун баары бошоду.

Сары суу түшүп муунума,
Армандуу кайгы-муң кетпей,
Артыңдан жөнөп мен деле,
Бара турган окшодум.

Садагасы жөлөгүм,
Сенден бир гана мурун өлбөдүм.

Атакелеп өкүрүп, мени сен
Өз колуң менен көмбөдүң.
Сары суу түшүп муунума,
Катыгүн, сары оору болуп мөгдөдүм.

Жараткандын иши экен,
Деле жаш кырчын элең суладың.
Тамырыңа суу жетпей,
Кулунум, сен биротоло куурадың.

Азаптуу жалын чогуна,
Ушинтип, ата-энең күйүп куурады.
Акыры айланып келбес болгон соң,
Артыңды тилеп сурады.

Түбөлүк кетти кулунум,
Дүйнөнүн көрбөй жыргалын.
Чын дүйнөгө жол тартып,
Жыйырма жаш беле кырдаалың.

Түндө бир жатып уктасам,
Түшүмдө түйшүк жортомун.
Чырактай жүзүң соолуп,
Кулунум, жыйырма жаш беле болжолуң.

Кулап бир кетти кантейин,
Деле келептеп салган коргонум.
Түрлөнтүп эчен сайраткан,
Сенин күүлөрүң кантип угамын.

Күңгүрөнүп тумчугуп,
Көк жалын чокто турамын.
Көзүмдү ирмеп уктабай,
Мен Көк-Белден изиң ууладым.
Көк-Белден изиң табалбай,
Күкүгүм сенден ажырап,
Ушинтип, күйүтүң тартып куурадым.

Мен ак таякка жөлөндүм,
Сен аяктай жерге бөлөндүң.
Өлүмдүн күчүн кантейин,

Сен өмүрүң кыска төрөлдүң.
Чырпыгыңдан кыйылып,
Кулунум, сен чын дүйнөгө жөнөлдүң.

Улутунуп үшкүрүп,
Мен убайым басып турамын.
Кагылайын Салмоорум,
Капкалуу гана бакса коргонум.
Коргонум четин ураткан,
Ошо, куураган өлүм оңбогун.

Сенин күүлөрүң калды чертилбей,
Жаштайыңдан суладың,
Жашыңа толуп жетилбей.
Жаркылдап тирүү жүрсөңчү,
Кулунум, жар бооруна бекинбей.

Кагылайын кулунум,
Мүрзөңө күндө эле барам бүгүлүп,
Бир чөмөлө топурак,
Үстүңдө турат үйүлүп,
Кайра тартам түңүлүп.

Түн терметип түйшөлүп,
Толгоном нечен үшкүрүп.
Капилет жалган дүйнөдө,
Кайгысын көрдүм баланын.
Дарысы кантип табылат,
Жүрөктө турган жаранын.

Күйүттүү, шордуу ата-энең,
Эми, күйүттө жүрүп жок болот.
Күкүгүмдөн ажырап,
Катыгүн, күндө эле санаам чок болот.

Атакелеп чакырып,
Бүткөнчө үнүң бакырып,
Артымдан кызмат кылбадың,
Каралдым, күмбөздү мага салдырып.

Күйүт менен жалынга,
Мен суусунумду кандырдым.

Айнегим Салмоор кулунум,
Мени, сен акылымдан тандырдың.

Эми, кызматың түштү мойнума,
Көз жашым толду койнума.
Салмоорум өттүң дүйнөдөн,
Саргайтып менин шорума.
Бир миң жылы боздосом,
Тийбессиң менин колума.

Үртүктөп жабуу жабылып,
Үпчүндөп топчу тагылып,
Карагай капкак жабылып,
Жибектен үшкүл тагылып,
Толгогон сайын жаңырып,
Өзүң барда комузуң,
Күлүк аттай багылып.
Кошулуп добуш чыкпастан,
Катыгүн, комузуң турат сагынып.

Же бир какбаштын көзү тийдиби,
Кайрып нечен күү чертип,
Кулунум, какшап ырдап жүргөндө.
Же, бирөөнүн тили тийдиби,
Такмаза үнүң таңшытып,
Кулунум, шаңшып ырдап жүргөндө.

Кара нээт таш боор өлүмгө,
Кайгырып катуу таарынам.
Көрүнө кошо жатпаган,
Ошо, кууураган жандын бектиги.

Өзөндүү сууга консоңчу,
Өз эркиңче болсоңчу.
Эч болбосо кулунум,
Жыйырма беш жашка толсоңчу...

## БАЛАСЫНА АРНАГАН КОШОГУ

Адырлуу тоонун ар жагын,
Аркарлар оттойт эл жоктон.
Артыңда калган ата-энең,
Армандуу ыйлайт сен жоктон.

Будурлуу тоонун ар жагын,
Бугулар оттойт эл жоктон.
Улгайып калган ата-энең,
Муңканып ыйлайт сен жоктон.

Эл уулу болор бекен деп,
Тарбиялап өстүрдүм.
Урматың сенин көрбөстөн,
Убайыңа мен күйдүм.

Калк уулу болор бекен деп,
Тарбиялап өстүрдүм.
Капилет ажал туш келип,
Кайгыңа минтип мен күйдүм.

Кийчү элем түркүн буулумду,
Кимге айтамын мунумду.
Калыстык кылсаң кудурет,
Кайтарып берчи уулумду.

Туулган жериң жапжашыл,
Ала-Тоонун арасы.
Шаштырып сени шум ажал,
Айдаганын карачы.

Алып тынды жаныңды,
Кайнаган чөлдүн талаасы.
Кайгы менен тозокко,
Чыдайтко адам баласы.

Ак чыныдан суу ичип,
Алты күн үйдө жатсаңчы.
«Алың кандай уулум? – деп,
Башыңды жөлөп баксамчы.

Көк чыныдан суу ичип,
Жети күн үйдө жатсаңчы.
«Кубатың кандай уулум?»-деп,
Жөлөп-таяп баксамчы.

Даба издеп врачтан,
Мүрөктүн суусун тапсамчы.
Жок дегенде катыгүн,
Отуздун даамын татсаңчы.

Нурдун кызы Нурайым,
Ээрчитип кетти өзүңдү.
Күйүттө калды ага-иниң,
Уга албай бир ооз сөзүңдү.

Периште кызы Канайым,
Кайрылтпай койду өзүңдү.
Кайгыда калды ата-энең,
Көрө албай аппак жүзүңдү,
Уга албай керээз сөзүңдү.

Бейажал сага туш келди,
Алыскы казак жеринен.
Алып учту шум ажал,
Ардактуу кыргыз элинден.
Ажыратты түбөлүк,
Алышып өскөн туугандан.

Ботолуу каймал жетелеп,
Бөйтөйтүп келин албадым.
Бөлүнттү сени шум ажал,
Аман-соо болсун калганың.

Керeге бою жүк жыйып,
Керилтип келин албадым.
Кейитти мени шум ажал,
Кемибей өссүн калганың.

## КЫЗЫ НУРКАН КАЗА БОЛГОНДО АПАСЫ ТУРСУНДУН КОШОГУ

Алты кулач кыл аркан,
Аргымак аттын мойнунда.
Айланайын Нурканым,
Алты кат жердин койнунда.

Тогуз кулач кыл аркан,
Тобурчак аттын мойнунда.
Толгонорум Нурканым,
Тогуз кат жердин койнунда.

Адырга чыккан тал эле,
Нурканым,
Аркар сындуу жан эле.
Азабын тартып оорунун,
Аркардай бою пас болду,
Ачылбай көөнү саз болду.

Кериге чыккан тал эле,
Келбети элди караткан,
Нурканым,
Кермарал сындуу жан эле.
Кейишин тартып оорунун,
Керилген бою пас болду,
Кейип көөнү саз болду.

Арка чачым бөлөйүн,
Алдынан тарап өрөйүн.
Апалап калган Айгерим,
Ал өзүндөй болобу,
Нурканым,
Арка кылып көрөйүн.

Желке чачым бөлөйүн,
Жеткире тарап өрөйүн.
Жетим калган Мээримиң,
Ал өзүндөй болобу,
Нурканым,
Жетелеп эми көрөйүн.

# АТА-ЭНЕГЕ АРНАЛГАН КОШОКТОР

## БИР КӨРҮҮГӨ БОЛОМ ЗАР

*(Кызынын кошогу)*

Башайы жууркан жүк көркү,
Барыктуу энем үй көркү.
Кешене жууркан жүк көркү.
Келбеттүү энем үй көркү.

Баланы багып өстүргөн,
Эркелетип көкүлдөн.
Акыл айтып урушуп,
Андан кийин өкүнгөн.

Дасторконун толтурган,
Тамаша менен олтурган.
Боорукер энем өлбөй кал,
Бир көрүүгө болом зар.

Акырет сапар кеткениң,
Арман кылсам жетпедим.
Азыраак дагы жашабай,
Азаптын уусун сепкениң.

Келинди кыздай өстүргөн,
Эңсегенге жеткирген.
Энекем эмес берекем,
Кандай  айтсам эп экен.
Башыма түшкөн муң-зардан,
Көзүмдүн жашы сел экен.

## ЭНЕСИНЕ АЙТКАН КОШОГУ

Энекем, табагын жууп мис кылган,
Тамаша менен иш кылган.
Самоорун жууп мис кылган,
Сарамжал менен иш кылган.

Уугунун учу берметтүү,
Ургаачыдан келбеттүү.
Чачпагың учу берметтүү,
Сан катындан келбеттүү.

Байтал бээни бал кымыз,
Берчи деп кимден ичебиз.
Бал татыган ширин сөз,
Аны кимден күтөбүз.

Адырмак тоодо кумайдын,
Майканы катуу буудайдын.
Арыздантып какшаткан,
Азабы күчтүү кудайдын.
Айланайын энекем,
Абыдан жаман муңайдым.

Маасы кийген чыраштап,
Баланы бактың ырастап.
Балаң базар болгон соң,
Кете бердиң ыраактап.

Кепич кийдиң чыраштап,
Келинди бактың ырастап.
Келиниң кербен болгон соң,
Кете бердиң ыраактап.

Искегин ийе байлаган,
Иш эле десе шайланган.
Оймогун ийе байланган,
Оюу десе шайланган.

Алма берип сooроткон,
Өрүк берип ойготкон.
Айда келсе коногун,
Ак чатыр тигип жөнөткөн.

## КАЗ ЭЛЕЧЕК КАРАЙ КӨЗ

*(Кызынын кошогу)*

Каз элечек карай көз,
Калкына жаккан ширин сөз.
Торко элечек торгой көз,
Тобуна жаккан ширин сөз.

Кара жорго үстүндө,
Сүлкүлдөгөн энемжан.
Каз элечек ичинде,
Бүлкүлдөгөн энемжан.

Тору жорго үстүндө,
Сүлкүлдөгөн энемжан.
Торко элечек ичинде,
Бүлкүлдөгөн энемжан.

Торлобой тонун ак кылган,
Болуштарга чак кылган.
Сырлабай тонун ак кылган,
Сынчыларга чак кылган.

Энемжандын тондорун,
Алгандостор баалаган,
Көргөн адам таң калган.
Алтымыш түптүү ай көчөт,
Жер жарыбай баштаган,
Жеңени жолго таштаган.

Кирпигине кир жукпас,
Чаңдуу аяктан суу жутпас.
Чачпагына чаң жукпас,
Чаңдуу аяктан суу жутпас.

## ОРДОДОЙ ЖЕРГЕ ҮЙ ТИККЕН

*(Небересинин кошогу)*

Ордодой жерге үй тиккен,
Оромолго гүл тиккен.
Байбиче энем дөөлөтүм,
Аш пычагын кынаган,
Алыстан үйүн сынаган.

Алмадай камыр аш кылган.
Айылдын көөнүн куш кылган,
Жийдедей камыр аш кылган,
Жыйындын көөнүн куш кылган.

Сүдүрө камыр аш кылган,
Байбиче энем дөөлөтүм.
Эшилтип кийиз дардини,
Эп оронгон гардини.

Ийнесин жибек саптаган,
Ичигин парча каптаган.
Оң колуга кайчы алып,
Сол колуга парча алып,
Көрүп го өткөн жан энем.

Кырдоого алыс үй тигип,
Кызыл-ала боо салып,
Кыйлага дөөлөт көргөнү.
Жардоонго алыс үй тигип,
Жашыл-ала боо салып,
Жаркытып дөөлөт көргөнү.

Барганга кайтып келмек жок,
Байбиче энем дөөлөтүм,
Балага белек бермек жок.
Кеткенге кайтып келмек жок,
Байбиче энем дөөлөтүм,
Келинге белек бермек жок.
Безбелдек куштун мойну бош,
Мезгилим энем кайыр кош!

## ЭНЕГЕ КОШУЛГАН КОШОК

Оң колуна кайчы алган,
Сол колуна найчы алган.
Беш ай жубан, беш ай кыз,
Мелдешип ийне сайышкан,
Беш сайымын ашырган,
Ошол беш жубанды качырган.

Он ай жубан, он ай кыз,
Ойношуп ийне сайышкан.
Он сайымын ашырган,
Ошол он жубанды качырган.

Сары набат чай ичсем,
Таңдайыма жарашкан.
Салкын жерде сырдашсам,
Энем жан маңдайыма жарашкан.

Кызыл курма чай ичсем,
Таңдайыма жарашкан.
Көлөкө жерде сырдашсам,
Энем жан маңдайыма жарашкан.

Жатыгып манат ойдурган,
Энемжан болгон чагында,
Жабанга чыны койдурган,
Жабуусун манат ойдурган.
Энемжан болгон чагында,
Эгизге чыны койдурган,
Эшигин манат ойдурган.

Уубугуң талдын нодасы,
Уулуң жигит мурзасы.
Керегеӊ талдын кайыңы,
Келиниң жубан айымы.

Төтөгөң боосу узарган,
Төрт уулуңдун доорунда,
Дөөлөткө бетиң кызарган.
Уубугуң боосу узарган,

Уул жумшап, кыз берип,
Урматка бетиң кызарган.

Желкеге салган дүриям,
Жесе ада болбогон,
Жемиштүү шаар дүниям.
Аркага салган дүриям,
Алса да ада болбогон,
Алты шаар дүниям.

Оромол жууп бурарым,
Оюмда дартым сурарым.
Көйнөгүм жууп бурарым,
Энемжан,
Көңүлдө дартым сурарым.

## БУРУЛКАНДЫН КЫЗЫНЫН КОШОГУ

Сүйрү саба бал кымыз,
Сүйлөшүп кимге сунабыз.
Сүт татыган жакшы сөз,
Энекем көзү өткөн соң
Эми кимден угабыз.

Байтал бээнин бал кымыз,
Байкап кимге сунабыз.
Бал татыган ширин сөз,
Энекем көзү өткөн соң,
Эми кимден угабыз.

Үйүмдө толгон берекем,
Үмүткө бай энекем.
Арбагыңда колдой жүр,
Айланып кайра келбесең.
Көрпө ичигин жамынган,
Көркөмдөп жоолук салынган.
Абысын, ага -тууганга,
Акылын айтып жалынган.

Түлкү ичигин жамынган,
Түрдөнүп жоолук салынган.

Төркүн-төс, ага-тууганга,
Ак пейли менен жалынган.

Сокпостон жүрөк токтолду,
Олтурган ордуң жоктолду.
Опосуз экен шум жалган,
Ойдогу сырлар козголду.

Ак шайы кийип желдеген,
Ак самоор ичип тердеген.
Тагдырга жазуу болгон соң,
Алыстайт тура пендеден.

Көк шайы кийип желдеген,
Көк самоор ичип тердеген.
Маңдайда жазуу болгон соң,
Энекем, кайрылып үйгө келбеген.

Сол колго оймок илинген,
Оюмда килем чийилген.
Сооротуп бала көп багып,
Боорукериң билинген.

Кыз багып чачын тараган,
Кымбатым энем садагам,
Кыйналып тапкан оокатын,
Кызыма деп арнаган.

Оң колго кайчы кармаган,
Оюунун түрүн талдаган.
Оюлган шырдак, туш кийиз,
Балдарына арнаган.

Ак сандык оозун бураган,
Ак шайы алып чубаган.
Ак пейлинен аш берип,
Айылдаш келин сынаган.

Кырга чыгып карасам,
Кытайдын чеби көрүнөт.
Кымбатым менин энекем,

Кылчайбастан түбөлүк,
Элинен кетип бөлүнөт.
Бүгүн туруп эртең жок,
Кара бир жерге көмүлөт.

## КЫЗ ЭЛЕ ШУМПАЙ БАЛА ЭМЕС

*(Кызынын кошогу).*

Жал куйругу бир тутам,
Жабагы чиркин мал эмес.
Жаназага тура албайт,
Кыз эле шумпай бала эмес.

Тоо куйругу бир тутам,
Тулпарды малым дебеңер.
Туурунда калбайт кыз шумпай,
Аны го балам дебеңер.

Ак кайың түбү бошосо,
Алюмин кырчоо салынбайт.
Алдам бир сүйүп алган соң,
Апакем...
Айткан бир менен табылбайт.

Теректин түбү бошосо,
Темирден кырчоо салынбайт.
Теңирим сүйүп алган соң,
Апакем,
Телмирген менен табылбайт.

## ЖЫПАР АПАГА АРНАЛГАН КОШОК

Туланды басып тайгылдым,
Туйгунум энем айрылдым.
Өлөңдү басып тайгылдым,
Өбөгүм энем айрылдым.

Айлансам энем кутманым,
Мен апа ордуна тутканым.

Белестен чыккан ай беттүү,
Межинден келген чай жыттуу.

Капталдан чыккан ай беттүү,
Кашкардан келген чай жыттуу.
Булуттан чыккан ай беттүү,
Букардан келген чай жыттуу.

Эгиздеп жүгүн жыйганым,
Эңсесем келбес мейманым.
Катарлап жүгүн жыйганым,
Кайгырсам келбес мейманым.

Алтындан таккан шакегиң,
Асыл жандан айрылып,
Ал бейиш болду мекениң.
Күмүштөн таккан шакегиң,
Гүлүстөн жандан арылып,
Гүлбейиш болду мекениң.

Кызыл бото курчанып,
Кызыл бетиң нур чалып,
Кызык жандан арылып
Кыямат кеттиң тынч алып.

Ак тавардан курчанып,
Айдай бетиң нур чалып.
Асыл жандан айрылып,
Ал бейиш кеттиң тынч алып.

Башайы кийген башынан,
Байбиче болгон жашынан.
Перене кийген жашынан,
Келберсип жүргөн жашынан.

Кыз экенде кийгени,
Кызыл макмал шайы эле.
Кызыл бетиң нур чалып,
Кыяматка зай эле.

Кадим жаштан кийгени,
Кара кымкап шайы эле.

Кандуу бетиң нур чалып,
Кара жерге зай эле.

Керене кийген жеңи жок,
Келин жаштан быякка,
Келберсип жүргөн кеми жок.
Пашайы кийген жеңи жок,
Байыр жаштан быякка,
Байбиче болгон кеми жок.

Жазга маал көктөмдө,
Көк чымырап бөрткөндө,
Көчүп жүргөн көч баштап,
Ком арканын бош таштап,
Тайлагын ташка чөгөрүп,
Таш чарасын көмөрүп...

Кыяга көчүп токтоюн,
Кылчайып энем жоктоюн.
Капталга көчүп токтоюн,
Кайрылып энем жоктоюн.

## ЖАҢЫРЫКТУУ КЫЯДАН

*(Кызы Марияның кошогу)*

Жаңырыктуу кыядан,
Мен жаралгам жалгыз уядан.
Төө куйруктуу уядан,
Мен төрөлгөм жалгыз уядан.
Апам,
Боз жорго минип бел ашкан,
Бир перзенттин айынан,
Бозоруп элден адашкан.

Апам,
Кер жорго минип бел ашкан,
Бир перзенттин айынан,
Кейип бир элден адашкан.

Арка бир чачым сылаган,
Апакем, аягыма жыгач улаган.
Желке бир чачым сылаган,
Жергеме жыгач улаган.

## АЗАПТУУ ӨЛҮМ АМАЛКӨЙ

*(Кызынын кошогу)*

Ак зоонун башы шамалкөй,
Азаптуу өлүм амалкөй.
Амалкөй өлүм болбосо,
Ата-баба канакей?

Көк зоонун башы шамалкөй,
Көмүлгөн өлүм амалкөй.
Амалкөй өлүм болбосо,
Мурункулар канакей?

Уугундун учу калайдан,
Апаке, уул үйлөп, кыз берип,
Урматтуу өттүң далайдан.
Апаке, келин алып, кыз берип,
Келбеттүү өттүң далайдан.

Сур ичик кийдиң жылуу деп,
Апаке, сур жорго миндиң сулуу деп.
Сур жорго оозу тыйылды,
Сур ичик жүккө жыйылды.

Кер жорго миндиң сулуу деп,
Кер ичик кийдиң жылуу деп.
Кер жорго оозу тыйылды,
Кер ичик жүккө жыйылды.

## МААНАНЫН КОШОГУ

Энекем ак тактанын буту элең,
Ак сарай үйдүн куту элең.

Көк тактанын буту элең,
Көк сарай үйдүн куту элең.

Энекем ак талдан уук копшоткон,
Ак сарай үйүн окшоткон.
Көк талдан уук копшоткон,
Көк сарай үйүн окшоткон.

Керегең талдын кызылы,
Уугуң талдын узуну.
Босогоң кайың ноодасы,
Түндүгүң кайың шыңгасы.

Кийизин аппак бордогон,
Кылымын артык оңдогон.
Үзүгүн аппак бордогон,
Этегин чачы тордогон.

Төкмө чачы төтөгө,
Төгүлтүп салган үйүнө.
Килем көчөт келтирип,
Чырмак салган үйүнө.

Боегун жакшы кандырган,
Боосу терме кажары,
Адамдын көзүн талдырган,
Акылын айран калтырган.

Үзүк менен жабыкбаш,
Баарысын кыя ойдурган.
Арасына оюунун,
Актан милте койдурган.

Жабыкбаштын баарына,
Кара кундуз кармаган.
Катын да болсо кылганым,
Калсын деп нуска арнаган.

Оң колуна кайчы алган,
Сол колуна барча алган.

Үлгүлүү ишин бүтүргөн,
Үйдө отуруп күтүнгөн,
Сарамжалын бүтүргөн.

Томогодой ак ордо,
Үйүң калды энеке.
Чымын канат чырмаган,
Чийиң калды энеке.

Ак ордоңду чечип кет,
Ак сүтүңдү кечип кет.
Акырет жайды сагынсаң,
Анан кийин көчүп кет.

Ала канат ашканаң,
Ак жагынан жыйып кет.
Арт жагында Шербеттин,
Көзүнүн жашын тыйып кет.

## КАРА ЧААР ЖОЛБОРСТУН

*(Кызынын кошогу)*

Кара чаар жолборстун,
Тишин алган атакем.
Казак менен кыргыздын,
Үшүн алган атакем.

Кызыл чаар жолборстун,
Тишин алган атакем.
Калмак менен кыргыздын,
Үшүн алган атакем.

Кер жорго бели майышкан,
Атакем, кең аралдан сайышкан.
Сур жорго бели майышкан,
Атакем, сулпукордон сайышкан.

Сайышкан жери кайсы экен?
Чоң-Чоңордун сазы экен.
Айланайын атакем,
Сур жорго суудан жыгылды,
Сур бучкак жүккө жыйылды.
Кер жорго суудан жыгылды,
Атаке, кер бучкак жүккө жыйылды.

Кара көрпө тебетей,
Төбөсү эле атакем.
Кара тумшук жигиттин,
Төрөсү эле атакем.
Кара көрпө тебетей,
Төбөсүнөн айрылды.
Кара тумшук жигиттер,
Төрөсүнөн айрылды.

Кызыл көрпө тебетей,
Төбөсү эле атакем.
Кызыл тумшук жигиттин,
Төрөсү эле атакем.
Кызыл көрпө тебетей,
Төбөсүнөн айрылды.
Кызыл тумшук курмушу,
Төрөсүнөн айрылды.

Такыяң талдан көрүндү,
Таалайың элден бөлүндү.
Бел бооң белден көрүндү,
Бериштең элден бөлүндү.

Ак жорго минип алкынтып,
Атакем, ак шумкар салган талпынтып.
Атакем, көк жорго минген алкынтып,
Көк шумкар салган талпынтып.

Атакем, көк жөкөр кийген бутуңуз,
Көрбөй бир калды журтуңуз.
Атакем, ак жөкөр кийген бутуңуз,
Арманда калды журтуңуз.

## КАРАБАШ КУДАЙБЕРГЕНГЕ

*(Алым-сабак кошок)*

С е л к и:

Кара жылга жер болгон,
Атамдын көзү өткөн соң,
Кайсалап душман эл болгон.
Тегерек саз жер болгон,
Атамдын көзү өткөн соң,
Темселеп душман эл болгон.

Ш у р у т а й:

Букардан алып төлдөттүң,
Кара кашка коенду.
Муңканып калкың табабы,
Атакемдей оенду.
Кашкардан алып төлдөттүң,
Кара кашка коенду.
Кайгырып калкың табабы,
Атакемдей оенду.

С е л к и:

Алдына минген Сартору ат,
Ак арпа жеп дуулаган.
Артындагы ага-ини,
Аркасы менен дуулаган.

Ш у р у т а й:

Алдындагы көк буудан,
Көк арпа жеп дуулаган.
Айтылуу кушчу сабатар,
Атакемдин аркасы менен дуулаган.

С е л к и:

Керилип туруп сүйлөгөн,
Атамдын көзү барында,
Кең-Колдун элин бийлеген.

Ш у р у т а й:

Кайрылып туруп сүйлөгөн,
Атамдын көзү барында,
Каратал элин бийлеген.

С е л к и:

Оң көзүн сүзө ирмеген,
Онду сурап бийлеген.
Сол көзүн сүзө ирмеген,
Солду сурап бийлеген.

Кыдыр бабам жылоолоп,
Келип турган эр элең.
Берип жатса түгөнбөс,
Ак Шамшыкал кен элең.

Ш у р у т а й:

Сандыгында тукаба,
Санап ыйлар биз турсун,
Санаткор бегим өттү деп,
Саргайып ыйлайт букара.

С е л к и:

Үйүндүн ичи тукаба,
Күйүп ыйлар биз турсун,
Күлүстөн бегим өттү деп,
Күйүп бир ыйлайт букараң.

Ш у р у т а й:

Жай кийгениң сулпу эле,
Кыш кийгениң түлкү эле.
Жүрүшүңдүн баарысы,
Шатыра-шатман күлкү эле.
Атамдын көзү өткөн соң,
Карайгандын баары ыйлайт.
Калың кушчу эл ыйлайт,
Казак, кыргыз тең ыйлайт.

С е л к и:

Тил билбеген суу ыйлайт,
Дини катуу эл ыйлайт.
Сыдыра бүткөн тал ыйлайт,
Сызып аккан суу ыйлайт.

## АЛГАЗЫГА

*(Кызы Зуурабүбүнүн кошогу)*

Карагай найза кагышты,
Калың солдун ичинен,
Жетиген жооң сайышты.
Сайышкан жери кайсы экен?
Эки Талас чаты экен,
Чоң-Чөңөрдүн сазы экен.

Кара аргымак куйругун,
Буруш кылган Алгазы.
Калың элди как жарып,
Уруш кылган Алгазы.

Тору аргымак куйругун,
Буруш кылган Алгазы.
Толгон элди топ жарып,
Уруш кылган Алгазы.

Карайган суунун жээгин,
Камыш эле дедиңби?
Касташкан жоодон качышка,
Намыс эле дедиңби?

Өзөндүү булак жээгин,
Камыш эле дедиңби?
Өчөшкөн жоодон качышка,
Намыс эле дедиңби?

Аланы минсе майышкан,
Адырга чыга сайышкан.
Жээрдени минсе майышкан,
Желбегей чыга сайышкан.
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Ат үстүнөн кийинген.

Безбелдек мойнун кайрыган,
Бектен жемин айрыган.
Казгалдак мойнун кайрыган,
Кандан жемин айрыган.

Калың кол качып бергенде,
Кара сакал Дүйшөмбү,
Акылынан шашыптыр.
Алгазыдай баатырга,
Ат которуп мингизип,
Чукул коштоп качыптыр.

Ат которсо болгон жок,
Алгазыдай баатырды,
Ажал айдап койгон жок.

Кара ат минген жетиген,
Капталдай качып кутулду.
Сурданган жоодон качпаган,
Кан Алгазы тутулду.

Жаңы салган мечиттин,
Коздугун айтайын.
Жаңы болуш Токтогул,
Жооштугун айтайын.

Үч старчын жетиген,
Алалыгын айтайын.
Жаңы болуш Токтогул,
Балалыгын айтайын.

## АТАМ ЖАН

*(Кызынын кошогу)*

Каттаганда кан жолум,
Атам жан, кармаганда оң колум.
Суусаганда булагым,
Атам жан, суусун жутаар аягым.

Акыретти айтайын,
Атам жан, чийип койгон каттайим.
Чечен эле көкүрөк,
Атам жан, чечер бекен топурак.
Булбул эле көкүрөк,
Атам жан, бузар бекен топурак.

Бозала жумшак күн жааса,
Атам жан, боз жамынчу савлетим.
Болор-болбос сөз уксам,
Атам жан, болушаарым давлетим.

Агала туман күн жааса,
Атам жан, ак жамынчу савлетим.
Аз гана болбос сөз уксам,
Атам жан, болушаарым давлетим.

## АДИС АТАМ УРМАТЫМ

*(Кызынын кошогу)*

Улуулар менен алышып,
Урматтуу сиздей ким өткөн.
Адис атам урматым,
Айткан сөзүң кымбатым.

Бакдөөлөт өткөн башынан,
Парман менен мал берип,
Парзантты алган жакшыдан.
Оң мурутун имерип,
Он жигит кетпес кашынан.

Алтын, күмүш най аткан,
Алты атаңыз бай өткөн.
Жети күмүш най өткөн,
Жети атаңыз бай өткөн.

Боз ордосун жеткизген,
Бор дөбөдөй конушка.
Бой таанышын мол берип,
Болуп өткөн бир чакта.

Кара ордосун жеткизген,
Кара дөбөдөй конушка.
Кадырлаш болуп мал берип,
Карыбектей болушка.

Жалпы алган конуштун,
Жардыгын алган болуштун.
Суусун алган конуштун,
Сурагын алган болуштун.

Чепкениндин чети алтын,
Чегээси элең бул калктын.
Куюшканың куп алтын,
Кереги элең бул калктын.

Куюшкан кумпа жоюлду,
Кудайым атам оюлду.

Чепкениң чети жоюлду,
Чеченим атам оюлду.

Казгалдак мойнун кайрыган,
Хандан жемин айрыган.
Безбелдек мойнун кайрыган,
Бектен жемин айрыган.

Хан алдында олтурган,
Калпагын зарга толтурган.
Бек алдында олтурган,
Белбагын зарга толтурган.

Беделдүү болот күмүшү,
Беш уруу журттун ичинен,
Бек атам көзү өтүптүр,
Эми, сиздей кимиси.

Алтындуу болот күмүшү,
Алты уруу журттун ичинен,
Бек атам көзү өтүптүр,
Эми, сиздей кимиси.

## АБДРАЙИМ БИЙ

*(Кызы Эркебүбүнүн кошогу)*

Ойлонуп айтсак ыраспы,
Обалкыдан калыптыр,
Өлгөнгө айтмак ирасми.
Укканды айтсак ыраспы,
Илгеркиден калыптыр,
Ыйламактын ирасми.

Урматтуу атам көзү өттү,
Ичимден даптер ачайын,
Ирасми кылып айтайин.

Баракелде барктувум,
Байыртан бери нарктувум.

Наркынды айтам нарытан,
Баари журтту башкарып,
Бадовлат өткөн байыртан.

Улук келген илгертен,
Уруулуу журтун ийменткен.
Уулу-кызын түрлөнткөн,
Парманда минсе, жол келген,
Барлык иши оң келген.

Чачканда тилла кол көргөн,
Жараткан ишин оң көргөн.
Жакшылыкты үйрөнүп,
Жандаган актип жол көргөн.

Көзү чолпон жылдыздай,
Сылаган атың кундуздай.
Кыл мурутуң имерип,
Кыл жээрен минип чиренип,
Кыйының айтсам жалган жок.
Кырктан тулпар ат минип,
Бий атам, кылбаган ишиң калган жок.

## БОЛОТБЕК ДАТКАГА

*(Кызынын кошогу)*

Саябан майдан талдайым,
Сан жакшынын ичинде,
Сардал төрө датка ата,
Саркарлыгын айтайын.

Көлөкө майдан талдайым,
Көп жакшынын ичинде,
Көрөсөн төрө датка атам,
Көркөмдүгүң айтайын.

Майда-майда басайын,
Баатыр туткан датка атам,
Бар жакшынын ичинде,
Баш-башынан айтайын.

Атадан арта туулган,
Алып жүрсө жарашкан,
Алтын найза туулган.
Туулганда туйлаган,
Тууганды кудай сыйлаган.
Тушунда тулпар туйлаган,
Туудай бегим өттү деп,
Түмөн журтуң ыйлаган.
Жаш экенде баш болгон,
Жаным атам күйөрүм,
Жардыларга аш болгон.

Төрт жашында төрө атам,
Таалим алган молдодон,
Сарпай кийген ордодон,
Жабдык түшпөй жоргодон.

Беш жашында бек болгон,
Бек датка атам өткөнгө,
Безилдешим эп болгон.
Мазмуун менен сүйлөсө,
Беглердин баары таң болгон.

Алты жашка киргенде,
Алтын курчап белине,
Аким болгон элине.
Байыркысы бай болгон,
Жети жашка келгенде,
Жети урууга бий болгон.

Сегиз жашка киргенде,
Сермешип атка мингенде,
Саипка атын бактырган,
Саркарлардын ичинде,
Сан жакшылар жактырган.

Бусурман абад ал чакта,
Бусурманкул баласы,
Ата уулунун баласы,
Пир тутат деп жактырган.

Сарпайы алган Самаркан,
Саркарды кылган Болоткан.
Орчун датка бек атам,
Ордодо дайым отурган.

Наманган жолун түздөгөн,
Наамы беглер «сиз» деген,
Намыстын жолун издеген.
Адамды келип күздөгөн,
Акимлер келип «сиз» деген,
Азиз төрө датка атам,
Ариет жолун издеген.

Туу кармап кошун колботуп,
Тулпарларын туйлатып,
Тургузбай душман качырган.
Туудар тутка датка атам,
Тууганын кимге тапшырган.

Параңы мылтык октотуп,
Баатырларын топтотуп,
Маргалаң жолун бастырган.
Баатыр тутка датка атам,
Балдарын кимге тапшырган.

Жаркыратып туу кармап,
Жалдыбоз минип жоо жандап,
Жаным атам күйөөрүм,
Жалгызын кимге тапшырган.

Азиз султан датка атам,
Ар санатың баштайын.
Жалы бийик ат болсо,
Акматбек минсин дейт элең.

Жакасы бийик тон болсо,
Эркеваң кийсин дейт элең.
Теңизбай менен Тасманы,
Пирматым билсин дейт элең.

Айлансам атам даварым,
Ааламга кетти каварың,
Айып болду өмүрүң.

Саяванын бүктөтүп,
Самаварын жүктетип,
Самаркан жолун бастырган,
Сарт эле кыргыз баш урган.

Жазга маал болгондо,
Дарыя кирип толгондо,
Датка атам өлгөндө.
Көк чымырап чыкканда,
Көркөм атам өлгөндө.
Көргөндөр көздөн жаш алган,
Көрбөгөн ыйлап дак калган.

Сарайлуу базар Өзгөндө,
Сардарым атам өлгөндө,
Самавар көркү кетти деп,
Сарты ям көзгө жаш алган.

Кыямат базар Өзгөндө,
Кырдалым атам өлгөндө,
Кыргыздын көркү кетти деп,
Кыйла адам көзгө жаш алган.

Кытаттап сакал тараган,
Кырдалым атам барында,
Кыргыз жүзүн караган,
Кызматка жигит жараган.
Сабдаллап сакал тараган,
Сардалым атам барында,
Сарты ям көзүн караган.

Жалтылдаган жабдыктын,
Кумпасы элең датка атам.
Жабыраган көп журттун,
Жыгасы элең датка атам.

Жыргап жаткан көп журттун,
Чегеси элең датка атам.

Четки шаар Өзгөндүн,
Бегеси элең датка атам.
Ак дайрада кеменин,
Бөгөсү элең датка атам.

Азим шаар Өзгөндүн,
Төрөсү элең датка атам.
Көк дайрадай кеменин,
Бөгөсү элең датка атам.

Датка атам көзү өткөн соң,
Көк дайрада кемеси,
Бөгөсүнөн тайгылды.
Көгөрүп жаткан көп журтуң
Төрөсүнөн айрылды.

Датка атам көзү өткөн соң,
Ак дайрада кемеси,
Бөгөсүнөн тайгылды.
Азим шаар Өзгөнүң,
Төрөсүнөн айрылды.

Жалтылдаган жабдыгың,
Кумпасынан тайгылды.
Жыргап жаткан көп журтун,
Чегесинен айрылды.
Четки шаар Өзгөнүң,
Эгесинен айрылды.

Кер жорго минип жол жүрсөң,
Кериней тартып кол жүрсөң
Капырлар айткан жарайт деп,
Кейип ыйлап отурам
Кейиштүү ботоң санайт деп.

Сур жорго минип жол жүрсөң,
Сурнай тартып кол жүрсөң,
Сыпаалар айткан жарайт деп,
Сумсайып ыйлап отурам,
Шум балдарың санайт деп.

Боз жорго минип кол жүрсөң,
Боркендик айткан жарайт деп.
Боздоп ыйлап отурам,
Боз балдарың санайт деп.

Алтын кемер белинде,
Бел кайышкан датка атам,
Алтымышка чыга элек,
Ат майышкан датка атам.
Асыл бегим өттү деп,
Эл кайышкан датка атам.

Күмүш кемер белинде,
Бел кайышкан датка атам.
Жетимишке чыга элек,
Жеткилең бегим өттү деп,
Жел кайышкан датка атам.

Тоготойдун топ терек,
Топтоор маалы боло элек.
Топтоп жашың чогулуп,
Жоктоор маалы боло элек.

Күмүшөндүү гүл терек,
Гүлдөөр маалы боло элек.
Гүлдөй жашың чогулуп,
Жүр дээр маалы боло элек.

Күлшеде сыяз топ болот,
Күйөөрүм атам жок болот.
Аркада сыяз топ болот,
Асылым атам жоктолот.

Оруста сыяз топ болот,
Ортого сыя кеп болот.
Ондо  атам жоктолот.
Кытайда сыяз топ болот,
Кыргызга салаа кеп болот,
Ондо кырдаалым атам жоктолот.

Кызыл аштан Нуркулу,
Датка атам көзү өткөн соң,
Кызматың кылбайт бир күнү.

Ат байларга күл казык,
Атта бегим өттү деп,
Убайым тарттым аразык.
Оштун жолу бел ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык.

Бек датка атам барында,
Бетим толгон берметке.
Беш жашымда окудум,
Бедил китеп эрмекке.

Мойнум толгон садапке,
Тизем бир сынган адапке,
Тилим бир сынган мактапке.

Торгашкасын токутуп,
Амирди барып көрөм деп,
Абдилла бекке кошулуп,
Алайдын жолун бастырган,
Онда, амма кыргыз баш урган.

## БОРОЙ-БОРОЙ КҮН ЖААСА

*(Кызынын кошогу)*

Борой-борой күн жааса,
Боз жамынчым атакем.
Болор-болбос гап уксам,
Болушаарым атакем.

Алай-дүлөй күн жааса,
Ак жамынчым атакем.
Аздыр-көптүр гап уксам,
Айтышаарым атакем.

Атакемдин барында,
Күлгүндү кийем дейт элем.

Күлгүн тургай бөз кайда,
Күлүп сүйлөөр сөз кайда.

Аргымак келет куу менен,
Ак боз ат келет чуу менен.
Аздыр-көптүр жыйнаган,
Арканда уулуң жогунан,
Агып кетээр суу менен.

Көк боз ат келет чуу менен,
Көк шумкар келет куу менен.
Арт жакта уулуң жогунан,
Аздыр-көптүр жыйнаган,
Көрүнбөй кетет суу менен.

Калайлуу болду күмүшүң,
Арканда уулуң жогунан,
Кайгылуу болду бул ишиң.
Бедерлүү болду күмүшүң,
Арканда уулуң жогунан,
Бекер болду бул ишиң.

Токмогум кооз болсун деп,
Долонодон чаптырган.
Чыктам кооз болсун деп,
Кажарыдан эштирген.

Уугун кармап каларга,
Уулу болуп калсамчы.
Керегe кармап каларга,
Келини болуп калсамчы.

Ак тикенде муун жок,
Алтыга чыккан уулу жок.
Көк тикенде муун жок,
Көркөмдүү болгон уулу жок.

Аргымакка ат кошкон,
Ар жакшыдан башы озгон.
Тобурчакка ат кошкон,
Топ жакшыдан башы озгон.

Кырга желе кердирген,
Кырдан өткөн кишиге,
Кымыз ичсин дедирген.
Дасторкону жайнаган,
Чайнекте чайы кайнаган,
Паркечте наны жайнаган.

Ак боз ат минген сулуу деп,
Арс ичик кийген жылуу деп.
Көк боз ат минген сулуу деп,
Көрпө ичик кийген жылуу деп.

Көк үйүнө жөлөнгөн,
Көрпө ичикке бөлөнгөн.
Ак үйүнө жөлөнгөн,
Арс ичикке бөлөнгөн.

Эшиктен төргө ак кийиз,
Эшендер кирген үйүнө.
Капшыттан төргө ак кийиз,
Калпалар кирген үйүнө.

## АК БОЗ АТЫН АЛДЫРГАН

*(Кызынын кошогу)*

Ак боз атын алдырган,
Ак шумкар колун талдырган.
Ак шумкар колум талды деп,
Жан жолдошко салдырган.

Көк боз атын алдырган,
Көк шумкар колун талдырган.
Көк шумкар колум талды деп,
Жан жолдошко салдырган.

Туш-тушунан карасам,
Турумтай сыны бар эле.
Жан-жанынан карасам,
Жагалмай сыны бар эле.

Минген атың керкашка,
Атакем, келбетиң элден бир башка.
Минген атың суркашка,
Атакем, сүлпатиң элден бир башка.

Саркашкасын токуган,
Атакем Самаркан барып окуган.
Торкашкасын токуган,
Атакем Ташкенге барып окуган.

Кызыл манат көп кийген,
Атакем, кызматы элге көп тийген.
Кара манат көп кийген,
Атакем, кадыры элге көп тийген.

Аргымагы шай эле,
Атакем ар өнөргө бай эле.
Көк кашкасы шай эле,
Атакем, көп өнөргө бай эле.

## КЕЛДИБЕКТИН КЫЗЫНЫН КОШОГУ

Кан атам,
Биринчиси жылдыздын,
Бирлиги эле кыргыздын.
Үркөрү эле жылдыздын,
Кан атам,
Артыгы эле кыргыздын.

Төртүнчүсү жылдыздын,
Турагы атам кыргыздын.
Бешинчиси жылдыздын,
Берени эле кыргыздын.

Алтын казык жылдыздын,
Аркары эле кыргыздын.
Жетигени жылдыздын,
Жеткилеңи кыргыздын.

Сегизинчи жылдыздын
Теңизи эле кыргыздын.

Тогузунчу жылдыздын,
 Толугу эле кыргыздын.

Онунчусу жылдыздын,
Ардагы нойон кыргыздын.
Чолпону эле жылдыздын,
Султаны эле кыргыздын.

Кутпасы эле жылдыздын,
Кутманы эле кыргыздын.
Какшаса да табалбайт,
Ботодой боздоп бир кызың.

## КӨРӨ ЭЛЕК БАШКА ЫЙ ЖАМАН

*(Кызынын кошогу)*

Атаке, көк чыбыкка өл жаман,
Көрө элек башка ый жаман.
Ак чыбыкка өл жаман,
Айта элек башка ый жаман.

Алтын ээр кушбашты,
Айттырып кеттиң жаш башты.
Күмүш ээр кушбашты,
Күйгүзүп кеттиң жаш башты.

Томоголуу камчымды,
Тору ат басып сындырды.
Тооруларым сен элең,
Жалаңкыч алып тындырды.

Кадамалуу камчымды,
Кара ат басып сындырды.
Кайрыларым сен элең,
Жалаңкыч алып тындырды.

Жети кулач кыл аркан,
Аркандыкка чыдабайт.
Алты жашар Усубуң,
Жетимдикке чыдабайт.

Сегиз кулач кыл аркан,
Аркандыкка чыдабайт.
Сегиз жашар Мурзабек,
Жетимдикке чыдабайт.

Асмандап учкан алты каз,
Атайын десем огум аз.
Боздотуп бизди ыйлаткан,
Алда таала боору таш.

Ай тийген тоонун сеңири,
Алтындан тондун өңүрү.
Ушунчалык кыскабы?
Алданын берген өмүрү.

Күн тийген тоонун сеңири,
Күмүштөн тондун өңүрү.
Ушунчалык кыскабы?
Кудайдын берген өмүрү.

Борой-борой күн жааса,
Боз жорго келет жем үчүн.
Боздоп какшап отурсам,
Келер белең мен үчүн?

Керей-керей күн жааса,
Кер жорго келет жем үчүн.
Кейип какшап отурсам,
Келер белең мен үчүн?

## АТАСЫ КАЗА БОЛГОНДОГУ КОШОК

*(Кызынын кошогу)*

Сөз баштайын ааламдан,
Дөбүт менен калаамдан.
Өлбөй тирүү калабы,
Он сегиз миң ааламдан.

Кызыл-кыя, Чоң-Таштан,
Кылымда сенден ким ашкан.

Менин уулум болсо деп,
Кырк болуш кутчу талашкан.

Бетегелүү Кой-Таштан,
Берeним сенден ким ашкан.
Менин уулум болсо деп,
Беш болуш кутчу талашкан.

Капталда жүгү ообаган,
Кара куйрук нар элең.
Үкөктө кут түнөгөн,
Касиеттүү жан элең.

Каранда жүгү ообаган,
Кызыл куйрук нар элең.
Ага-тууган ичинде,
Кызыл кымкап зар элең.

Капталды карай оттогон,
Кара куйрук кара нар,
Капталы толо курт экен.
Калкында жакшы жүрбөгөн,
Капилет баскан журт экен.

Өйдө карай оттогон,
Өркөчү бийик кара нар,
Өркөчү толо курт экен.
Элимде жакшы жүрбөгөн,
Өрттөнгөн жаман журт экен.

Бай атам көк зоодон учкан зар элең,
Бай атамдын зордугу,
Калманбет байча бар эле.

Адырдын суун бурдурган,
Атакем алтындан коргон урдурган.
Алтындан коргон ичине,
Атакем ак сарайын шайлаткан.
Алтындан акур ичине
Атакем айкашкасын бойлоткон.

Атакем күңгөйдүн суун бурдурган,
Күмүштөн коргон ургузган.
Күмүштөн коргон ичине,
Атакем күмүш сарай шайлаткан.
Атакем күмүштөн акур ичине,
Күн кашкасын бойлоткон.

Кытайдан алып бактырган,
Кызыл кашка коенду.
Кантип айтпай коеюн,
Көк жал атам ноенду.

Кашкардан алып бактырган,
Кара кашка коенду.
Кантип айтпай коеюн,
Кеменгер атам ноенду.

Күн тийбес жердин алдында,
Күйөрүм калдың билинбей.
Үй тиреген шыргыйды,
Добул келип сындырды.
Сындырганы кудайдан,
Атаке, ким качыптыр мындайдан.

Бек атам безбелдек мойнун сындырган,
Бек сүйлөсө куп деген.
Бектердин берген тондорун,
Бет-бетинен бүктөгөн.

Кан атам кашкалдак мойнун бүктөгөн,
Кан сүйлөсө куп деген.
Кандардын берген тондорун,
Кат-катынан бүктөгөн,
Кан атам кара атанга жүктөгөн.

Кан атам алтындан кылыч кылоолоп,
Кан атам аргымак минген жылоолоп.
Кан атам күмүштөн кылыч кылоолоп,
Кан атам күлүктү минген жылоолоп.

Уктап жатат мен десем,
Атакем о дүйнө кеткен турбайбы.

Кыл мурутун кылайтып,
Атакем кыямат кеткен турбайбы.
Алагар көзүн алайтып,
Атакем акырет кеткен турбайбы.

Тизгиниң учу уч эле,
Атаке, тиштеген оору күч эле.
Чылбырың учу уч эле,
Атаке, чындаган оору күч эле.

Белестеги беш жылдыз,
Бел ашып кетти батканы.
Беш молдодон жол сурап,
Атакем бейишке кетти жатканы.

Кыядагы кырк жылдыз,
Кыялап кетти батканы.
Кырк молдодон жол сурап,
Атакем кыямат кетти жатканы.

## О ДҮЙНӨ КӨЗДӨЙ ЖОЛ ТАРТТЫҢ

*(Кызынын кошогу)*

Отуз экинчи жылында,
Ноябрдин биринде,
О дүйнө көздөй жол тарттың,
Эки жаш калган балага,
Мээнетти мындай мол тарттың.

Бай атамдын барында,
Күмүш супа так эле,
Күн көрүнгүс бак эле.
Күн көрүнгүс багына,
Күкүктөр сайрап кончу эле.
Күзгүдөй болгон жайына,
Гурнадир мейман болчу эле.

Алтын супа тагына,
Ай көрүнгүс багына,

Ак шумкар эргип кончу эле.
Айнектеп салган жайына,
Акимдер мейман болчу эле.

Бедерлүү эле чайдоосу,
Бек уулу эле жан досу.
Бедерлүү чайдоос дат болот.
Бек уулу үйдөн жат болот.

Калайлуу эле чайдоосу,
Кан уулу эле жан досу.
Калайлуу чайдоос дат болот,
Кан уулу үйдөн жат болот.

Тил күрмөөдөн өттү эле,
Тилла зарың татыбайт.
Баш жаздыктан тайды эле,
Бар тапканың татыбайт.

Коштогонуң коенбоз,
Кошулган элдин баары дос.
Жандаганың жайдак боз,
Жанашкандын баары дос.

Башында допуң илме бос,
Байбачалар баары дос.
Чекенде допуң илме бос,
Четинен манап баары дос.

Караны минсең боз болгон,
Кашкардын каны дос болгон.
Кызылды минсең боз болгон,
Кытайдын каны дос болгон.

Аргымак минсең тартууга,
Ак шумкар келген тартууга.
Артууга болсо барылар,
Арканда уул бала бар,
Асыл жаның табылар.

Миңге жеткен кой айдап,
Кой куйругун көп чайнап.

Жылдырып жылкы көп айдап,
Жылкы жалын көп чайнап.

Сары гүл эле баари,
Сары май эле наари.
Кызыл гүл эле баари,
Кымыз эле наари.

Ак чай, шырман нан жеген,
Алайна манап мен деген.
Көк чай, шырман нан жеген,
Көрүнөө манап мен деген,
Менден башка ким деген.

Алтын чайнек, жез кумган,
Чай оозундан кеткен жок.
Бала күндөн быякка,
Май оозундан кеткен жок.

Тизгиниң тилла муунадың,
Тил чыккандан куунадың.
Камчыңды тилла муунадың,
Кадимтен бери жыргадың.

Телегей кийдиң жеңи жок,
Теңселип өттүң кеми жок.
Булгаары кийдиң жеңи жок,
Бу дуниядан кемиң жок.

Алайдын башы жылтыркан,
Аргымак атка чалдырган.
Байлык менен дөөлөткө,
Айнектей ак үй салдырган.

Күңгөйдүн башы жылтыркан,
Аны күлүк атка чалдырган.
Алтын, күмүш зар берип,
Күзгүдөй ак үй салдырган.

Кыл мурутун имерген,
Кыл жейрен оозун идерген.

Кырк жигиттин ичинде,
Кылыгын жазбай чиренген.

Сар жорго оозун идерген,
Сар мурутун имерген.
Сан жигиттин ичинде,
Санатын жазбай чиренген.

Ак дайранын боюнда,
Аргымак чаап ойногон.
Алтымыш жигит ичинде,
Улакта мойнун толгогон.
Ак дайранын боюнда,
Ак торпок чаап ойногон.

Көк дайранын боюнда,
Көк торпок чаап ойногон.
Көп жигиттин ичинде,
Көк чабак болуп сойлогон.

## СУВАНГА АРНАЛГАН КОШОК

*(Кызынын кошогу)*

Эркетай, Жайсаң түп атаң,
Каналбек чоң атаң.
Кайран Суван өз атам.
Ийри суу чыга жайлаган,
Иркитип коюн айдаган.

Сандыкчага жайлаган,
Сарала кулун байлаган.
Малкалды кире кыштаган,
Марал баш туйгун уштаган.

Кечпестен сууну толкуткан,
Кекенбей жоону коркуткан.
Баспастан сууну толкуткан,
Барбастан жоону коркуткан.

Кара болот Сулпукор,
Бүктөп өткөн кан атам.

Кара нарга кылычын,
Жүктөп өткөн кан атам.

Көлдөлөң ашуу Кара-Кыр,
Тоодой турган кан атам.
Көз жетпеген айланпа,
Көздөй турган кан атам.

Кызыл куйрук жел мая,
Нардай турган кан атам.
Кабыландай көгөртүп,
Жердей турган кан атам.
Кан Алыбек уулуна,
Эрдей турган кан атам.

Оң тизгинин колуна,
Тарта турган кан атам.
Оң баласы кыргыздын,
Арта турган кан атам.

Сол тизгини колунда,
Тарта турган кан атам.
Сол баласы кыргыздын,
Тарта турган кан атам.

Адырда жаткан көп кийик,
Ак нөкөр тийбей бөлүнбөйт.
Ай тамга, Саруу баш кошсо,
Арстаным атам көрүнбөйт.

Күдүрдө жаткан көп кийик,
Көк нөкөр тийбей бөлүнбөйт.
Көмкөрө добул байланган,
Көркөмдүү атам көрүнбөйт.

Ай тамга, Саруу биздин эл,
Атактап чыкпайт сиздей эр.
Аталып чыкса сиздей эр,
Алып кетти кара жер.

Жети уруу Туубай биздин эл,
Жеткилең чыкпайт сиздей эр.
Жеткилең чыкса сиздей эр,
Жетелеп кетти кара жер.

## АСЫМКҮЛДҮН КОШОГУ

Аларча болот жерибиз,
Айтылуу Канай элибиз.
Былтыртан бери келалбай,
Ат арытып келгендей
Жездеке, каерде болот элиңиз?

Жазгы бир конгон журтуңду,
Жаралуу марал оттосун.
Жазында өлгөн атамды,
Жакшы көргөн жездекем,
Күзүндө келип жоктосун.

Өгүздү саттың матага,
Пайдасына кызыгып,
Былтыркы өлгөн атама,
Быйыл келдиң батага.

Алматы менен Ташкенди,
Аралаган жездекем.
Бир жорго менен беш жүз сом,
Паралаган жездекем.

Алматы менен Ташкенге,
Баш боломун дедиңби?
Карганда сакал алдырып,
Жаш боломун дедиңби?

Берене кийген этимди,
Бек атам ачты бетимди.
Чоң атакем Өзүбек,
Чоочун беле душманың.

Чоң чыгат мунун сөзү деп,
Чоюлуп жаткан солтонун,

Чолпондой кара көзү деп,
Солтодон чыккан сегиз бек,
Сегиз бектин ичинде,
Ашыр, Султан эгиз деп.

Ат чабыш жерге тиктирген,
Кара сууда багыңыз.
Карайлап калды артында,
Камкабай, Султан агаңыз.

## ӨЗҮБЕК УУЛУ АШЫРГА

*(Кызы Асымкүлдүн кошогу)*

Түпкү атаң солто Богорстон,
Туу кармаган жогортон.
Алты атаң түбү Богорстон,
Алайды бузган жогортон.

Ай тамгалуу солтого,
Ак коргон элең ортого.
Бек атакем Өзүбек,
Өзүбектен сегиз бек.
Дубанга дайны угулган,
Ашыр, Султан эгиз деп.

Сегиздин бирөө сен элең,
Капталды баскан сел элең.
Дубанга жалгыз чеге элең,
Чегеси кетти дубандын,
Чечени кетти тууганды н.
Калың журтка билинбей,
Казыгы калды дубандын.

Кан атакем бек кетти,
Калың солто көп журтту,
Кайгы тартсын деп кетти.

Мурунку өткөн заманда,
Дин мусулман аманда,
Уулуң өскөн борумда.

Бай атакем Өзүбек,
Улуктардын ордунда.

Баштапкы өткөн заманда,
Баракат журттуу аманда.
Балдарың өскөн борумда.
Бардык солто чогулуп,
Жыргап жүрчү доорунда.

Ак үйгө толгон алтының,
Айыгышкан душманга,
Айбаттуу элең калкыңан.
Сандыкка толгон алтының,
Сарбагыш, солто эл тургай,
Саякка тийген салкының.

Калемиң жеткен Ташкенге,
Кадырың жеткен башка элге.
Колуң жеткен Коконго,
Койчусун элүү, кырк кылып,
Кой саттырган ошондо.

Кокондон буттап жамбы алган,
Богоктуу сарттар таң калган.
Мартабаң жеткен Коконго,
Малайын элүү, кырк кылып,
Малын саткан ошондо.

Ак деп жүргөн дубана,
Аалым молдо, улама,
Айылыңдан кетпеген.
Эки дубан топ болсо,
Эрегишкен док болсо,
Эзелден душман жетпеген.

Үй деп жүргөн дубана,
Үлкөн молдо улама,
Үйүңүздөн кетпеген.
Үйүлүшкөн топ болсо,
Үстү-үстүнө док болсо,
Үңкүйгөн душман жетпеген.

Аягы Талас, Сары-Өзөн,
Чүйүң калды хан атам.
Алтын күмүш жыйылган,
Үйүң калды хан атам.
Кара-Балта, Сокулук,
Белиң калды хан атам.
Капалуу күндө ай тамга,
Элиң калды хан атам.

Ал Мухаммет шарият,
Диниң калды хан атам.
Жапания, Туңгучбай,
Иниң калды хан атам.
Айтылбаган бул сөздө,
Кимиң калды хан атам.

Алматы, Токмок, кең Пишкек,
Калааң калды хан атам.
Амирбек, Бөлтөк, Шамшидин,
Балаң калды хан атам.

Жазында көктөй гүлдөгөн,
Ичине булбул үндөгөн,
Жашыл алма, ак алма,
Шагың калды хан атам.
Ат чабым жерге тиктирген,
Багың калды хан атам.
Акыл айтып, эс берген,
Тилиң калды хан атам.
Абдыкерим, Дардайыл,
Иниң калды хан атам.

Жазында малың көктөгөн,
Жалпы солто кесиби,
Салам айтпай өтпөгөн.

Жалган тагдыр дүйнөдө,
Кара көзүң жумулду.
Карманган сизден ажырап,
Калганың тартты муңунду.

Ар күнүндө алтымыш,
Өксүбөй конгон мейманың.
Акырет кеткен хан атам,
Жолдошуң болсун ыйманың.

## БАРАКТЫН КЫЗЫНЫН КОШОГУ

Айчыгың алтын кызыл тууң,
Азар болду кызыл сууң.
Какшып калды көк көлүң,
Чөпсүз калды кең төрүң.

Тамга терек мазарың,
Кайрылып малың оттобой,
Атаке, калкыңа өтөр азариң.
Эңкейген терек мазарың,
Эңкейип малың оттобой,
Атаке, элиңе өтөр азарың.

Алтындан купа ойдуруп,
Атка салам дээр элең.
Апта сайын дасторкон,
Калкка салам дээр элең.

Күмүштөн купа ойдуруп,
Атка салам дээр элең.
Күнүнкүсүн дасторкон,
Көпкө салам дээр элең.

Таруунун орду боолуктуу,
Жылда барбас Ташкенге,
Атакем быйыл оолукту.
Таруу оруп жем алды,
Ташкенге барып нени алды?
Кадагы менен чай алды,
Чай алды деп сүйүнсөм,
Тартылбас балаа дарт алды.

Арпаны орду боолуктуу,
Атакем жылда барбаган,

Анжиян көздөй оолукту.
Анжиян барып нени алды?
Ат башындай кант алды.
Кант алды деп сүйүнсөм,
Айыкпас кара дарт алды.

Алты кетмен чогултуп,
Арык казат мен десем,
Атамдын ак үйүн казган турбайбы.
Жети кетмен чогултуп,
Жер төлө казат мен десем,
Атамдын жер үйүн казган турбайбы.

Түндүгүн үйдүн ачтырып,
Түбүрттөп элин бастырып,
Атакем өмүр сүрөт мен десем,
Өлүмдү сүргөн турбайбы.
Курусун менин жаш башым,
Кургабайт эми көз жашым.

Ак жал, ак жал дээр эле,
Ак жалды сойду ашыңа.
Арканда калган жалгыз кыз,
Ак сарай тикти башыңа.

Көк жал, көк жал дээр элең,
Көк жалды сойду ашыңа.
Көйпайда калган жалгыз кыз,
Атаке, көк сарай тикти башыңа.

Атилес тийбес этиме,
Куу тырмак тийди бетиме.
Бетимен аккан кара кан,
Бейитиңе сыр болсун.
Көзүмөн аккан кара жаш,
Бейиштен чыккан нур болсун.

Бай атамдын барында,
Жорго бизге тең болгон.
Бай атамдын барында,
Кыйласы бизге жем болгон.

Ак белден жылкы ашырган,
Ак талдан боюн жашырган.
Атакемди көргөндө,
Алыстан душман баш урган.

Сай боюнда жалгыз тал,
Саяпкердин балдары,
Укуруук кылып сүйрөттү.
Атакем көзү өттү эле,
Улоо тайын үйрөттү.

Алтынды куйдум тагина,
Атакемдин күмбөзү,
Адырдын маңдай жагында.
Күмүштү куйдум тагина,
Атакемдин күмбөзү,

Күңгөйдүн маңдай жагында – деп атасынын өлгөнүн жоктоп бара жатса, Барактын кызынын кошогун угабыз деп, Анарбай, Кошой деген болуштар кыздын көчүн жигиттери менен токтотушат. Ошондо Барактын кызы:

Өйдөгө чыгып оттогон,
Өркөчү бийик кара нар,
Өркөчү толо курт экен.
Өлүмдүү көчтү өткөрбөй,
Өрттөнгөн кандай журт экен?

Капталга чыгып оттогон,
Капталы бийик кара нар,
Капталы толо курт экен,
Каралуу көчтү өткөрбөй,
Кандай курган журт экен?

Анарбай, Кошой акелер,
Кошок угам десеңер,
Козу, улагым байлаңар,
Жылкымды бир колотко жайлаңар,
Анан кошок угуңар,
Бир кумардан чыгыңар.

Агын суудай жошоюн,
Бай атам өлгөн мен элем,
Анарбай, Кошой акелер,
Өлүмдү жакшы көрсөңөр,
Экөөндүн бириң өлгүлө,
Атамдан артык кошоюн –

дегенде Анарбай, Кошой болуштар уялганынан сөз таба алышпай качып кетишет. Кыз малын айдап, таштап кеткен элине жетип барат. Кыздын абасы жолунан тосуп чыкканда кыз абасын көрүп кошкон кошогу:

Жылганын башы эгинди,
Жылкыңыз басып кемирди.
Жылып качкан бай аба,
Сиздин жылкыңыз канча семирди?

Колоттун башы эгинди,
Сиздин коюңуз басып кемирди.
Коюп качкан бай аба,
Сиздин коюңуз канча семирди?

Төлөндүн башы эгинди,
Төөлөр басып кемирди.
Түндөсү качкан бай аба,
Сиздин төөңүз канча семирди?

Жедигер, саяк эл калды,
Шаркыратма, Майлы-Суу,
Жайкалган өзөн жер калды.
Караңгы көрдүн ичинде,

Атакем сындуу эр калды – деп ыйлап жатса, кыздын үйүн эл тигип жаткан маал экен, бир байтал жетелеген жигит өкүрүп түшөт. «Ким экен?»-деп сураштырса кыздын кайындап койгон күйөөсү экен. Ошондо капа болгон кыз:

Атакемдин өлгөнү,
Обар баар жаз болду,
Эми келген ким болду?
Баарда өлгөн атама,
Бата окуйм дегенсип,

Кунан минип желгенсип,
Жазда өлгөн атама,
Куран окуйм дегенсип,
Эми келген ким болду?

Байталың жолдо туруп кал,
Сенин батаң менен куруп кал.
Кунаның жолдо туруп кал,
Сенин кураның менен куруп кал.

Атакемдин барында,
Шайыдан көйнөк кийчү элем,
Шаани менен жүрчү элем.
Атакем көзү өттү эле,
Шайы көйнөк сөгүлдү,
Шааним жерге төгүлдү.

Атакемдин барында,
Гүлгүн көйнөк кийчү элем,
Күлкү менен жүрчү элем.
Гүлгүн көйнөк сөгүлдү,
Күлкүм жерге төгүлдү.

Атакемдин барында,
Жорголор мага жем болгон.
Атакем көзү өттү эле,
Тигиндей жоор ат мага тең болгон.

Атакемин барында,
Кызыл ат мага жем болгон.
Атакем көзү өттү эле,

Мага тигиндей кырчаңгы аттар тең болгон – деп кошок кошкондо күйөө болумуш байталын таштап качып кеткен экен.

## АКЗЫЙНАТТЫН КОШОГУ

Атан өлсө тайлак бар,
Кому жерде калган жок.
Кан атам өлсө Тилеп бар,
Калкы каран калган жок.

Күмүштөн камчы алакан,
Кетилгенче жүрсөңчү.
Күйөөрүң Тилеп балаңыз,
Жетилгенче жүрсөңчү.

Алтындан камчы алакан,
Кетилгенче жүрсөңчү.
Асыл Тилеп балаңыз,
Жетилгенче жүрсөңчү.

Сары алма бышат күз убак,
Сайратып кеттиң үч убак.
Боз алма бышат күз убак,
Боздотуп кеттиң үч убак.

Кара таштын башына,
Капкан салган атакем.
Кызыл түлкү кер бучкак,
Муну алган атакем.

Чагарак куйрук чаар жон,
Жолборс аткан атакем.
Ак бараң мылтык асынса,
Мергендин көркү атакем.
Топ жыйында бир жүрсө,
Адамдын көркү атакем.

Сарыны минип сабаган,
«Саке жылкы кууду»-деп,
Атама Бекназар келген чабаган.
Копшогон найза майышкан,
Кан атам Кошойдон барып сайышкан.

Кол көтөргүс найза алып
Саке чыккан жекелеп.
Сакенин минген чаарын,
Кан атам сайып алган жетелеп.
Коркконунан Мамырбай,
Түшө качкан атынан.

Кан атакем эрдиги,
Кудаяр менен Нурактай.

Ээрге салган көпчүктөй,
Кан атамдын эрдиги,
Эртеги өткөн Төштүктөй.

Эки тизгин тең тарткан,
Таразадай кан атам.
Илгерки өткөн Жолойдой,
Кан атам, жолуң ачык Кошойдой.

Кан атам ичи кеңдиги,
Үч Кошой менен Таластай.
Кан атакем эрдиги,
Кошой менен Манастай.

Жалбыз чыккан боорду,
Конуш кылган кан атам.
Жалпы журтка доо келсе,
Намыс кылган кан атам.

Көк-Жардын суусун бурдурган,
Кан атам түзгө коргон курдурган.
Кокондун ичи шурулуу,
Коргонуң калды курулуу.
Мекенин ичи шурулуу,
Мечитиң калды курулуу.

Кан атам өлдү дегенде,
Кой ичинде козу ыйлап,
Койчулардын баары ыйлап.
Жылкы ичинде тай ыйлап,
Жылкычынын баары ыйлап.

Алача, Турус деген жээндерин чоңойтуп, үйлөп-жайлаган экен. Барак каза болгондо күмбөз салышпай «малыбыз күйүп кетет»-деп Суусамырга көчүп кетишиптир, ошого капа болгон Акзыйнат:

Жазында таруу эгишкен,
Даңкыңыз көпкө тарады.
Баатырга күмбөз салам деп,
Сенин бечараң ишке жарады.

Куранын тоого тараган,
Курамаӊ ишке жараган.
Берениӊ тоого тараган,
Бечараӊ ишке жараган.

Куранын миӊге толгон жок,
Кол кармашкан тууганыӊ.
Кан ата, сенин курамаӊча болгон жок.
Берениӊ миӊге толгон жок,
Бел кармашкан тууганыӊ,
Бек ата, бечараӊча болгон жок.

Кара жон чыга жайласа,
Карагер жүрөт жуушабай.
Каз айлангыс чөлдөрдө,
Кан атам калды суусабай.
Кызыл жон чыга жайласа,
Кызылгер калды жуушабай.

Куу айлангыс чөлдөрдө,
Кан атам жатат суусабай.
Күлүктөр чыгат Шайданга,
Кан атам неге суусасын,
Көлөкөлүү майданда.

Белеске салдыӊ ырабат,
Кан атам, бейиштин жолун сурап жат.
Кыраӊга салдыӊ ырабат,
Кан атам, кыямат жолун сурап жат.

Кан атамдын күмбөзү,
Артактын маӊдай жагында.
Арманда болбой жата бер,
Акылбек датканӊ жанында.

Кан атакем күмбөзү,
Күӊгөйдүн маӊдай жагында.
Күйүткө батпай жата бер,
Күйөөрүӊ датканӊ жанында.

Бек атам өлгөн күзүндө,
Бек атамдын күмбөзү,

Бек жолунун үстүндө.
Кан атам өлгөн күзүндө,
Кан атамдын күмбөзү,
Кан жолунун үстүндө.

Алача, Турус ашкан бай,
Айранын ала качкан бай.
Койлуу, байлуу акелер,
Коюңар салды кемирди,
Бизден мурун сиз кетип,
Коюңар канча семирди?

Жылкылуу, байлуу акелер,
Жылкыңар салды кемирди.
Бизден мурун сиз кетип,
Жылкыңар канча семирди?

Семирди бекен танасы?
Алача, Турус эки бай,
Тынды бекен санаасы?
Жуушады бекен жылкысы,
Канды бекен уйкусу?

Курбулуу тоонун куу арча,
Курманкожо, Алача,
Жарды эмес бай элең,
Жалгыз эмес көп элең,
Кан атакем барында,
Асылын көргөн сен элең.

Урунганы пул экен,
Биздин жээн Алача,
Айбандан жаман кул экен.
Теңденгени пул экен,
Биздин жээн Алача,
Теги жаман кул экен.

Алача, Турус эки бай,
Уялгандан пайда жок.
Торкенге салган атамдын
Күмбөзү бүтпөй калган жок,
Бу сөзүмдө жалган жок.

## КӨП ИЧИНДЕ БАРК БИЛГЕН

*(Кызынын кошогу)*

Көкүлүн түйүп ат минген,
Көңүлдө сөздү жат билген.
Көңүлүн элдин калтырбай,
Көп ичинде барк билген.

Куйругун шүйүп ат минген,
Курдашын сыйлап ак жүргөн.
Куулук-шумдук ойдо жок,
Азамат элең барк билген.

Сур жорго минип желдирген,
Суулугун силкип теминген.
Сук салды ажал арга жок,
Сураймын сизди мен кимден.

Кер жорго минип желдирген,
Тизгинин жыя теминген.
Тик карап ажал арбады,
Ажырата албадым,
Атаке, сизди өлүмдөн.

Алтындан топчу такканым,
Ардактап сыйлап бакканым.
Аталап ыйлап басылбай,
А бирок сизди таппадым.

Күмүштөн топчу такканым,
Эркелетип бакканым.
Эчкирип ыйлап басылбай,
Атаке, сизди таппадым.

Кызарып күндүн батканы,
Агарып таңдын атканы.
Ардагым менин атакем,
Акырет кетти жатканы.

Ай асманда чалкалайт,
Ай бетин булут калкалайт.

Ардактап баккан Күмүшүң,
Эми кимди аталайт.

Күн төбөдө чалкалайт,
Күн нурун булут калкалайт.
Күмүшүң ыйлап буркурап,
Эми кимди аталайт.

Будурмак тоонун ар жагын,
Бугулар оттоп жердеген,
Бугусуз чөбү желбеген.
Бу жалгандан кеткен көп,
Бирөө да кайтып келбеген.

Адырлуу тоонун ар жагын,
Аркарлар оттоп жердеген,
Аркарсыз чөбү желбеген.
Атакем кетти акырет,
Айланып кайра келбеген.

Келмек турсун бул жайга
Акырет жайы мындай деп,
Айтып бирөө бербеген.
Бүгүн туруп эртең жок,
Атаке, коштошорсуң эл менен.

## АТАСЫНА

*(Кызынын кошогу)*

Кызылды жаап топтошуп,
Кыз-келин ыйлап боздошуп,
Кыямат кетти атакем,
Кыйлабыз менен коштошуп.

Жаназа окуп топтошуп,
Жакыны ыйлап боздошуп,
Жалгандан кетти атакем,
Жалпыбыз менен коштошуп.

Кара тоо башы кар беле,
Кайрылып учкан зар беле.

Карылыгы дебесе,
Атама кайгырбай койчу жан беле.

Эшигин койго толтурган,
Эшигинин алдына,
Эшендей болуп отурган.
Короосун койго толтурган,
Короосунун четине,
Кожодой болуп олтурган.

Жайнамазын жайдырган,
Жанына чайын койдурган.
Эртеңки намаз беш убак,
Каза кылбай окуган.

## АРГЫМАК МИНГЕН АЛЫСТАН

*(Кызынын кошогу)*

Аргымак минген алыстан,
Аргымак атың чалыштап,
Ар жакшы менен таанышман.
Аргымак келет аты жок,
Ар жакшы келет өзү жок.

Тобурчак минген алыстан,
Тобурчак атың чалыштап,
Топ жакшы менен таанышман.
Тобурчак келет аты жок,
Топ жакшы келет өзү жок.

Аргымак атың марал баш,
Ар жакшы менен замандаш.
Замандаш мында, сиз анда,
Сиз келерге күн кайда?

Кызылдан кылган желегиң,
Кызыл ташка жөлөдүң.
Тирүү жүрсөң кайран бек,
Кыргыз менен казакка,
Тийбейт беле керегиң.

Карадан кылган желегиң,
Кара ташка жөлөдүң.
Калкында жүрсөң кайран бек,
Казак менен кыргызга,
Тийбейт беле керегиң.

Кылычын кырга жөлөгөн,
Кылычын кырк адамга теңеген.
Кылычың турат өзүң жок,
Кылыгың турат өзүң жок.

Саадагын сайга жөлөгөн,
Санаасын сан адамга теңеген.
Саадагың боосу саймалуу,
Кан атамдын санаасы,
Сан адамга пайдалуу.

Күмүшүң койдун башындай,
Күлүгүң сайдын ташындай.
Алтының койдун ашындай,
Аргымак сайдын ташындай.

Күмүшүн күлдөй күрөгөн,
Күлүгүн тайдай үйрөткөн.
Күлүгүң чыгып жамбы алган,
Күлдө эле калкың таң калган.

Алтынды күлдөй күрөткөн,
Азоосун тайдай үйрөткөн.
Азоосу чыгып жамбы алган,
Асылы кыргыз таң калган.

Ак ыргай тор көз кереген,
Алдыңа душман келбеген.
Алдыңа келген душманың,
Акылын таппай тердеген.

Көк ыргай тор көз кереген,
Көркүңө душман келбеген.
Көркүңө келген душманың,
Көрбөстөн туруп тердеген.

Балта чапса кетилгис,
Коргон элең кайран бек.
Падышага ылайык,
Болгон элең кайран бек.

Асмандагы жылдыздын,
Чолпону элең кайран бек.
Аваз кылып көп душман,
Коркор эле кайран бек.

Коңгуроолуу боолуу куш,
Туурдан түштү шалдырап,
Тууганың калды жалдырап.
Карагай башын бууганы,
Кайназар эле тууганы.
Ушу бир элдин болушу,
Калдайган кара элине,
Күрдөөлүү кара конушу.

Адырга толгон субайдан,
Айтайын сөздү жубайдан.
Адамзаат пенденин,
Денеси болот ылайдан.
Өмүрү кыска жаралмак,
Жараткан алда кудайдан.

Кер жорго минип жол жүргөн,
Кернейлетип кол жүргөн.
Кер жорго арык тай болду,
Кернейиң сынып най болду.

Сур жорго минип жол жүргөн,
Сурнайлатып кол жүргөн.
Сур жоргоң арык тай болду,
Сурнайың сынып най болду.

Ак пахтадан кирсизим,
Жумурткадан муңсузум.
Абылайдан сымбаттуу,
Сыпайы төрө кеңештүү,
Сыбысындын туткасы,
Бул кушчунун нускасы.

Көк жеке кийген бутуңуз,
Көк ала сакал кутубуз.
Кутубуз колдон кетти деп,
Көп кейийт сиздин журтуңуз.

Ак жеке кийген бутуңуз,
Ак ала сакал кутубуз.
Акылман колдон кетти деп,
Арманда калды журтуңуз.

Жети дайра суу келсе,
Желдирип өтөм дечү эле.
Жети дубан баш кошсо,
Жеке сүйлөйм дечү эле.

Алты дайра суу келсе,
Аттанып өтөм дечү эле.
Алты дубан баш кошсо,
Артыкча сүйлөйм дечү эле.
Тууганга туура турчу эле,
Душманга калыс кебин урчу эле.

Коңгуроо тагып куш салган,
Коңур сүйлөп журт алган.
Чар тарапка тең эле,
Чарбактан иши кеп эле.

Сандыктагы тукабаң,
Сагынып ыйлайт букараң.
Үйүңө жыйган тукабаң,
Үшкүрүп ыйлайт букараң.

Караны минип тердеткен,
Карышкыр кийип кирдеткен.
Кайгырганда кантебиз,
Кан атам, кайрылбас сапар жол кеткен.

Буурулду минип тердеткен,
Булгунду кийип кирдеткен.
Муңканганда кантебиз,
Кан атам, бурулбас сапар жол кеткен.

Аланы минип тердеткен,
Атилес кийип кирдеткен.
Арман бир кылып кантебиз,
Кан атам, акырет сапар жол кеткен.

Минген атың кер жорго,
Салып кеттиң кең жолго.
Кең жолдон кайра тартпадың,
Кейитип бизди таштадың.

Минген атың сур жорго,
Салып кеттиң шум жолго.
Шум жолдон кайра тартпадың,
Сумсайтып бизди таштадың.

Айлыңыз конгон ак чатка,
Абажын салган жакшы атка.
Алтын жаак мис капкан,
Алкымына жез чапкан.

Адырга жорго салдырган,
Ак шумкар колун талдырган.
Күрөгө жорго салдырган,
Күлчүнүнө жез чапкан.
Күн көрүнбөс токойдон,
Күрдөөлүү короз алдырган.

Ак болот элең мизиң курч,
Ак жолборс элең тишиң курч.
Ак болоттун тукуму,
Айыпкер эрин өлтүрсө да,
Кун бербестин тукуму.

Көк болот элең мизи курч,
Көк жолборс элең тиши курч.
Көк болоттун тукуму,
Көрүнөө эрин өлтүрсө да,
Кун бербестин тукуму.

Кара тоо башы кан жайлоо,
Бек жайлабас жер бекен.

Бек уулундай кан атам,
Бек кыйышпас эр бекен.

Калайлуу туур үстүндө,
Карчыга шаңшып эт жеген.
Каршылаша жар болуп,
Касташкан душман жетпеген.

Беделдүү туур үстүндө,
Берениң шаңшып эт жеген.
Беш периште жар болуп,
Беттешкен душман жетпеген.

Ингенге арткан илеген,
Илени көздөй жөнөгөн.
Иледе жыйын топ болсо,
Ийменбестен сүйлөгөн.
Бул сүйлөгөн ким десе
Ийменбей атам мен деген.

Бедөөлөрдүн төөсүн,
Минип өткөн кан атам.
Бейиштин кызыл чиесин,
Жулуп өткөн кан атам.

Былтыркы жылы жайында,
Курмандыктын айында,
Барып ажы болмокко,
Колун берген кожого,
Кол кайыр берген молдого.

Тору жорго токутуп,
Тогуздап берген эшенге.
Ата эшен пири колдогон,
Кудай ишин оңдогон.

Коргонун кош кашатка салдырган,
Жылкысын кара кыяк чалдырган.
Субайын сууга бөлдүргөн,
Азообун жүгөн салбай көндүргөн.

Адырга малы карайган,
Артык өскөн далайдан.
Белесте малы карайган,
Белгилүү өскөн далайдан.

Ак сайдын суун бурдурган,
Алтындан коргон курдурган.
Алтын така жез мыктуу,
Жериң калды кан атам.

Алтын ооз дарбаза,
Ордоң калды кан атам.
Медина ичи шурулуу,
Мечитиң калды курулуу.
Мейман келсе кош деген,
Мейманкана бош деген.

Алтындан саат бураган,
Айлына келген карыптын,
Алы-жайын сураган.
Күмүштөн саат бураган,
Бей-бечара карыптын,
Күйүп бир жайын сураган.

Кабылан чаап бүктөткөн,
Көкжалга жүгүн жүктөткөн.
Илбирсин чаап жүктөткөн,
Ингенге жүгүн жүктөткөн.

Илбирсин ийлеп ий кылган,
Инисин журтка бий кылган.
Кабылан ийлеп ий кылган,
Калкынан журтка бий кылган.

# БИР ТУУГАНГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

## АГАСЫНА КОШКОН КОШОК

Суроолоп келсе Пайзылда,
Супурадай жердесиз,
Суроосу катык элдесиз.
Көрөм деп келсе Пайзылда,
Көмүркөйдөй жердесиз,
Көрүүсү катык элдесиз.
Ааламдан атаң өттү деп,
Кимибиз туруп айтабыз.

Ак кагаз пулун парактап,
Айлансам абам дөөлатим,
Анжиян базар баргансыз,
Келинге сарпай даректеп.
Көк кагаз пулуң парактап,
Кокон бир базар баргансыз,
Келинге сарпай даректеп.

Эшигиң алды топ терек,
Топ терекке суу керек.
Кызматы жетип кыз берсем,
Ошо күндө сиз керек.

Эшигим алды жуп терек,
Жуп терекке суу керек.
Каадасы жетип кыз берсем,
Ошо күндө сиз керек.

Убанын жолу кайда экен,
Топурагы майда экен.
Чын дүйнө кеткен абамды,
Энди бир көрмөк кайда экен.

## КҮЛҮСТӨН ЖАНЫҢ ӨТКӨН СОҢ

*(Бир тууганга кошулган кошок)*

Күмүштөн теңге тегерек,
Күлүстөн жаның өткөн соң,
Күйүп-күйүп не керек.
Алтындан теңге тегерек,
Асыл жаның өткөн соң,
Айтып-айтпай не керек.

Жазгы түшкөн боз кыроо,
Жакшы аттын мойнун тоздурар.
Жаш чырайлуу жүзүңдү,
Жаткан жериң оңдурар.

Күзгү түшкөн боз кыроо,
Күлүктүн мойнун тоздурар.
Күн чырайлуу бетиңди,
Куу топурак оңдурар.

Кыш булут белең көчкөндөй,
Кызыл кум белең өчкөндөй,
Кылмышкер белем мен шордуу,
Кылгырып жашым төккөндөй.

Чай кайнатсам суу болду,
Чар дары берсек уу болду.
Чакырсам келбей бет алды,
Чар тарап ыйлап чуу болду.

Күчала берсек аш болбой,
Кыйналдым ыйлап мен боздой.
Кыямат кеткен бир боорум,
Кантип калам үн созбой.

Четиндин ашын жутканым,
Чекең тердеп уктадың.
Чыдабай кайгы зарына,
Чачымды жазып бузганым.

Чоюлуп айтпай керезиң,
Чын дүйнө сапар узадың.
Чалыяр өткөн жалгандан,
Көзүмдү жашка жубамын.

## ЭКИ АГАСЫНА КАРЫНДАШЫНЫН КОШКОНУ

Эшикем менен Молдокем,
Бириң шекер, бириң бал,
Кантип айтпай коеюн,
Бириңди айтсам бириң бар.

Жекендүү көлүм Эшикем,
Жергелүү талым Молдокем.
Жумурай журтуң тиледи,
Тагдырга жазган шол экен.

Барып колду берсем деп,
Куштар болгон кезиккен.
Кагылайын ала тоом,
Артында калып жашыдым,
Молдокемде арман жок,
Эшике, тукумсуз калдың катыгүн.

Айланайын айбалтам,
Акылдашса чер жазган,
Жүздөрүнөн от жанган,
Жүрүп келсе мал тапкан.
Жүдөп келген айлына,
Оокат кылып жан аккан.

Айланайын кеменгер,
Экөө бирдей берендер.
Улам айтып ыйласам,
Кайгым менин терең дер.
Акылы жок арсыздар,
Өлгөнү куп дешкендир.

Батмакан жеңем, Салмаке,
Алтын чырай жүзүңдү,

Зар болду журтуң көрмөккө.
Кеселди айтып зарладым,
Калайыкка эрмекке.

Батмакан жеңем улуусу,
Зайыптардын сулуусу.
Ары карап калдаят,
Алты ай суу ичкендей,
Ардагын эне күткөндөй.

## ӨМҮРБАЙ, УСУБАЛЫ ДЕГЕН ЭКИ БИР ТУУГАН КАЗА БОЛГОНДО АЙТЫЛГАН КОШОК

Абалы сөзүм бысмылда,
Бысмылда сөздөн баштайын.
Баштабай кайдан таштайын.

Байгамбарлар баары өткөн,
Саабалар дагы өткөн.
Жалкысы өлүп пенденин,
Илгертеден зары өткөн.

Асыл элең кыргыздын,
Бул аманат курусун.
Калыс өттүң дүйнөдөн.
Калас болчу күнөөдөн.

Беш мухарап берište,
Ар кимиси ар иште.
Арт жагында калганың,
Күйүт менен кейиште.

Ардактуу атаң алы жок,
Азырейил кол салса,
Алып калар арга жок.
Айланышсак болгон жок,
Атамды алып ордуна,
Өмүкөмдү койгон жок.

Тегеренсек болгон жок,
Энемди алып ордуна,
Байкемди бизге койгон жок.
Кемерден беле бел куруң,
Кейишти салды эки уулуң.

Бетинде кызыл көп нуруң,
Нуруңду айтып кантейин,
Атаке муунуңа түшүп курудуң.

Сөздүн башы бысмылда,
Зарлантты кудай жашымда.
Ажал убак кез келди,
Өмүкөм менен бу байкем,
Бир мүчөл убак жашында.

Ажыга барган чоң атам,
Жайнамазын жайдырган.
Жанына чайын койдурган,
Он эки парс, кырк сүннөт,
Каза кылбай окуган.
Казасыз намаз кайдадыр,
Сообу сизге пайдадыр.

Акырдагы алабаш,
Алабашты багууга,
Артыңдагы бала жаш.
Келин алып керилтип,
Көшөгөгө качырып,
Көргөн жоксуң убайын.

Үй тиктирип кыз берип,
Урматын жакшы көрдүңүз.
Мунуңа шүкүр кылайын,
Ал жайдын берсин убайын.

### ИНИСИНЕ МЕНЕН КҮЙӨӨСҮНӨ

Бириң кайың, бириң тал,
Бириңди айтсам бириң бар.

Бириң шекер, бириң бал,
Күлканам сиз деп зарласам,
Күйөрүм Макиш дагы бар.

Будурмак тоонун адырын,
Бугулар оттоп кең кылды.
Булут менен тең башым,
Мунарым өлүп кем кылды.

Тобурчактан тер алган,
Топ жакшыдан шер алган.
Толкуган согуш башталып,
Экөөнү бирдей тең алган.

Айда, жылда мен барсам,
Атымды алып байлаткан,
Алдыма төшөк шайлаткан.
Апам жокту билдирбей,
Камчымды алып төргө илген,
Кадырымды зор билген.

Бала мырза базарым,
Барганда көңүл ачарым.
Көркөм мырза базарым,
Көргөндө көңүл ачарым.

Айда, жылда мен барсам,
Ак бараң мылтык шарк эткен.
Алдымдан чыгып жарк эткен,
Күнчүлүк жерден мен барсам,
Көк бараң мылтык шарк эткен.
Күзарым эжем келди деп,
Күлүп чыгып жарк эткен.

Колун берип көрүшкөн,
Көңүлдө дартын бөлүшкөн.
Айдайым эжем келди деп,
Арбалашып көрүшкөн,
Арманын айтып бөлүшкөн.
Күн көрбөй өттүң күйөрүм,
Күйбөй өлсүн жүрөгүм.

## ИНИСИНЕ КОШУЛГАН КОШОК

Атың Жаныш болорбу,
Санааны башка салаарбы.
Алыстан атаң келгенче,
Армандуу өлүп каларбы.

Жаныш деп жүрүп жалбарып,
Жашынан өткөн апакем.
Күйүткө күйүп чөмүлүп,
Кайгыдан өлгөн апакем.

Жанышым аман бар болсо,
Чабат эле улакты,
Чалат эле кыякты.
Өлбөй аман чоңойбой,
Өз теңдүүнү көргөндө,
Эси бир оойт эжеңдин.

## БҮАЙША ЭЖЕГЕ

*(Сиңдисинин кошогу)*

Күлүп-күлүп кеп баштап,
Күлүк аттай кыйгачтап,
Айтып-айтып кеп баштап,
Аргымак аттай кыйгачтап.

Кыядан нарын чөктүргөн,
Кырмызы көйнөк, кыйгач каш,
Кыздарын сулуу өстүргөн.
Капталдан нарын чөктүргөн,
Кара пальто, кара өтүк,
Кадырман уул өстүргөн.

Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйлөөргө сөздөн эринген.
Күндө чачын тараган,
Күзгүдөн өзүн караган.
Айда чачын тараган,
Айнектен өзүн караган.

Кериле басып жөтөлүп,
Кептердей мойнун көтөрүп.
Суйсала басып жөтөлүп,
Суксурдай мойнун көтөрүп.

Атлес кийсе жарашкан,
Алыпта менен жанашкан.
Чекме-чек кийсе жарашкан,
Чеберлер менен жанашкан.

Атлес кийсе кең келген,
Алыптага тең келген.
Чекме чек кийсе кең келген,
Чеберлерге тең келген.

Балдарыңдын мингени,
Айкашканын түлөгү.
Келин-кызың кийгени,
Анжияндын пуласы.

Балдарыңдын мингени,
Көк кашканын түлөгү.
Келин-кызың кийгени,
Кең Кокондун жибеги.

Оймок салса жойбогон,
Ойлогон ишин койбогон.
Шакек салса жойбогон,
Самаган ишин койбогон.

Кара манат эндеген,
Калкымда чебер мен деген.
Кызыл манат эндеген,
Кыргызда чебер мен деген.

Кара манат жүргүсү,
Кашкарга кеткен үлгүсү.
Кызыл манат жүргүсү,
Кытайга кеткен үлгүсү.

Долоно булак конушуң,
Томсортуп таштап калганын,

Топурак бейит болушуң.
Алчалуу булак конушун,
Арманга коюп балдарың,
А дүйнөлүк болушуң.

Долонолуу булакка,
Төө байлаган эжем жан.
Дөңгө тигип өргөсүн,
Жай жайлаган  эжем жан.

Бетегелүү конушка,
Бээ байлаган эжем жан.
Белеске тигип өргөсүн,
Жай жайлаган эжемжан.

Ботолуу төө жетелеп,
Бодур таш барып конбосок.
Карача каймал жетелеп,
Кашка суу барып конбосок.
Кадимден калган санат жок,
Кайрылып кайта келишке,
Канчалык ыйлап бозорсок.

Кекилик учат көл жакка,
Кербеним эжем өлдү деп,
Кейидим ыйлап көп капа.
Өрдөк бир учат көл жакка,
Өбөгүм эжем өлдү деп,
Өксүп ыйлап мен капа.

Алыстан келген мейманга,
Ак чай куюп демдеген.
Алыстан келген меймандар,
Ак чайын ичип тердеген.

Көргөнү келген мейманга,
Көк чайын куюп демдеген,
Көркөм жубан мен деген.
Көргөнү келген меймандар,
Көк чайын ичип тердеген.

Ак чайнекте чай элең,
Айылга барсам киерге,
Ак кирпишин шай элең.
Көк чайнекте чай элең,
Тойго барсам киерге,
Төп кирпишин шай элең.

Жабык башын кынаган,
Жандай басып сынаган.
Төтөгөсүн кынаган,
Дөңгө чыгып сынаган.

Килем жыйган жүгүнө,
Киреше кирген үйүнө.
Пашайы жыйган жүгүнө,
Береке кирген үйүнө.

Керегесин кынаган,
Келин-кызын сынаган.
Ууктарын кынаган,
Уулдарын сынаган.

Көчкөндө көчү илкиген,
Көрпө ичигин силкиген.
Адырда көчү илкиген,
Арсы ичигин силкиген.

Көрпө ичикке бөлөнгөн,
Көк сарай үйгө жөлөнгөн.
Арсы ичикке бөлөнгөн,
Ак сарай үйгө жөлөнгөн.

Суркашка күлүк байлаган,
Суусамыр чыгып жайлаган.
Кергашка күлүк байлаган,
Керейге чыгып жайлаган.

Кирпишин кийсе кирдебес,
Кишини көрсө сен дебес.
Ак шайы кийсе кирдебес,
Адамды көрсө сен дебес.

Арманым такыр арылбайт,
Арманымдын көптүгү,
Агын суудай шарылдайт.
А дүйнө кеткен эжем жан,
Айтсам дагы табылбайт.

Күйүтүм такыр арылбайт,
Күйүтүндүн көптүгү,
Кирген суудай шарылдайт.
О дүйнө кеткен эжем жан,
Күйсөм дагы табылбайт.

Каттамасын кат кылган,
Катындын ишин бат кылган.
Жупка жасап кат кылган,
Жубандын ишин бат кылган.

Оң колуна кайчы алган,
Сол колуна барча алган.
Кайчың калды текчеде,
Барчаң калды бокчодо.

Кишмиш салып аш кылган,
Кишинин көөнүн куш кылган.
Алмадай камыр аш кылган,
Адамдын көөнүн куш кылган.

Кызды туут бөлөдүң,
Кызматын көрбөй жөнөдүң.
Уулду туут бөлөдүң,
Убайын көрбөй жөнөдүң.

Кызды туут зар кылдың,
Кызматын кимге кар кылдың.
Уулду туут зар кылдың,
Урматын кимге кар кылдың.

Калаалуу коргон ичинде,
Каныш болгон эжем жан.
Калпалардын кызына,
Тааныш болгон эжем жан.

Каалгалуу коргондой,
Карындашка калганда,
Хан көтөрүп койгондой.
Туулгалуу коргондой,
Туугандарга калганда,
Туу көтөрүп койгондой.

Элимдин башы эки суу,
Эрибей жатып муздасын.
Элимен кеткен ынагым,
Эрикпей барып уктасын.

Кайыңдын башы кара суу,
Калкыбай барып муздасын.
Калкынан кеткен эжем жан,
Кайрылбай барып уктасын.

Күн мунарып баткан жер,
Мен бардым деп кайгырба.
Ай мунарып баткан жер,
Мен бардым деп кайгырба,
Аблиялар жаткан жер.

Күмүштөн болсун көшөгөң,
Гүл бейиш болсун төшөгүң.
Алтындан болсун көшөгөң,
Ак бейиш болсун төшөгүң.

Күсөп барган жайларың,
Гүзер болсун бир жагың.
Самап барган жайларың,
Самавар болсун бир жагың.

Ай тие турган жагыңа,
Алтындан терек орносун,
Азаптан кудай колдосун.
Күн тие турган жагыңа,
Күмүштөн терек орносун,
Күнөөдөн кудай колдосун.

Укурук сындуу мойнуна,
Учма шуру такпаган,

Уулун ардак сактаган.
Кыргыек сындуу мойнуна,
Кыркма шуру такпаган,

Кыздарын кымбат сактаган.
Кекилик сындуу мойнуна,
Керексиз шуру такпаган,
Келинди ардак сактаган.

Карайган калың эл турат,
Каниги боюң кулпурат.
Керилесиң турбайсың,
Катарда башың жок турат.

Сандаган калың эл турат,
Сардал боюң кулпурат.
Зарланып айтсам турбайсың,
Санатта башың жок турат.

## ИНИСИ КАЗА БОЛГОНДО

Оң ийнимде манатым,
Оңдон бир учар канатым.
Сол ийнимде манатым,
Солдон бир учар канатым.

Уялашым, бир уядан он элек,
Онун бирдей койгон жок,
Мени эмине кудай урган жок.

Кадамалуу камчымды,
Кара ат басып сындырды.
Кайрылар менин жалгызым,
Жалаңкыч алып тындырды.

Томоголуу камчымды,
Тору ат басып сындырды.
Толгоноор менин жалгызым,
Жалаңкыч алып тындырды.

Будурмак тоонун ар жагын,
Бугулар оттоп жээр бекен?
Муңканып ыйлап отурсам,
Муңдуу бир эжем дээр бекен?

## МАМАТ УСТАГА АРНАЛГАН КОШОК

*(Улуу эжеси Салиянын кошогу)*

Аргымакка ат кошкон,
Ар жакшыга баш кошкон.
Аргымактан аты озгон,
Ар жакшыдан башы озгон.

Айтылуу байдын баласы,
Саар бир туруп «үв» деген,
«Тааратима суу» деген.
Эрте бир туруп «үв» деген,
Мис чөөгүнгө «суу» деген.

Аптада атын токуган,
Бала кезден бер жакка,
Калпалар менен отурган.
Эшикте атын токуган,
Бала күндөн бер жакка,
Эшендер менен отурган.

Төргө бир килем таштаган,
Төрөдөй уул баштаган.
Эшикке килем таштаган,
Эшендей уул баштаган.

Күбүдү гүлдүн баркинан,
Күйүктүм өлгөн дардинан.
Кайырды гүлдүн баркинан,
Кайгырдым өлгөн дардинан.

Ай чыгардын боз салкын
Аргымак мойнун тондурар.
Айдай бир болгон жүзүңдү,
Ак топурак оңдурар.

Күн чыгардын боз салкын,
Күлүктүн мойнун тоңдурар.
Күндөй болгон жүзүңдү,
Кагылайын теңизим,
Күл топурак оңдурар.

Саар бир турсам шамал жок,
Санаамда турат амал жок.
Эрте бир турсам шамал жок,
Эсимде турат амал жок.

Алтындан сенин бармагың,
Ай көрүнгүс чарбагың.
Чарбагыңан чакырсам,
Келер бекен арбагың?

Күмүштөн сенин бармагың,
Күн көрүнгүс чарбагың.
Чарбагыңдан чакырсам,
Келер бекен арбагың?

Кагылайын теңизим,
Казанак оозун ойбодуң.
Кагылайын теңизим,
Алып бир гөргө койбодуң.

Көрүмүн оозун ойбодуң,
Кагылайын теңизим,
Көтөрүп гөргө койбодуң,
Анан бир ойрон болбодуң.

Сүйлөгөндө таңдайым,
Караганда маңдайым.
Кармаганда оң колум,
Менин самап келген болжолум.

Жазгы бир койдой чубактап,
Жай келет элең убактап.
Күзгү бир койдой чубактап,
Күз келер элең убактап.

Желкеме салган дүрүйөм,
Жети айланып келсем да,
Жеп түгөнгүс дүнүйөм,
Аркама салган дүрүйөм.
Алты айланып келсем да,
Ада болгус дүнүйөм.
Дүрүйөмдү сел алды,
Дүнүйөмдү жер алды.

Теңиримен кат келди,
Теңтуштарың ичинен,
Сага бир ажал бат келди.
Кудайымдан кат келди,
Курдаштарың ичинен,
Сага бир ажал бат келди.

Сур жорго минген сулуу деп,
Сур ичик кийген жылуу деп.
Сур жорго оозу тыйылды,
Сур ичик жүккө жыйылды.

Кер жорго минген сулуу деп,
Кер ичик кийген жылуу деп.
Кер жорго оозу тыйылды,
Кер ичик жүккө жыйылды.

Алтынды таштай коюндап,
Аргымак минген моюндап.
Күмүштү таштай коюндап,
Күлүктү минген моюндап.

Букардан келген буурул ат,
Таманы ташка туурулат.
Курдаштарың көргөндө,
Заманам жаман куурулат.

Кашкардан келген карала ат,
Таманы ташка туурулат.
Теңтуштарың көргөндө,
Заманам жаман куурулат.

Алтындан камар байланган,
Айлында катуу иш болсо,
Мен турам деп шайланган,
Күмүштөн камар байланган.

Алтындан камар курчанган,
Айдай бетин нур чалган.
Күмүштөн камар курчанган,
Күндөй бетин нур чалган.

Карайган калың дарактын,
Гүлү элең теңизим.
Калың элдин ичинде,
Бийи элең теңизим.

Бедери элең кумгандын,
Бели элең туугандын.
Бедери кетти кумгандын,
Бели кетти туугандын.

Калайы элең кумгандын,
Кайраты элең туугандын.
Кагылайын теңизим,
Калайы кетти кумгандын,
Кайраты кетти туугандын.

Туш-тушуңдан карасам,
Турумтай сының бар эле.
Туйгун бир жаның өттү эле,
Турумтай сының жоголуп,
Туюк дөбө болдуңбу?

Жан-жаныңан карасам,
Жагалмай сының бар эле.
Кайран бир жаның өттү эле,
Жагалмай сының жоголуп,
Жалпак дөбө болдуңбу?

Көрөлү деп биз барсак,
Көрсөтпөгөн элде экен.
Көмүркөйдөй жерде экен.

Сурайын деп мен барсам,
Суратпаган элде экен,
Сурайылдай жерде экен.
Шыкааларга тешик жок,
Ачып кирер эшик жок.

Карагайдан камчымды,
Кара ат басып сындырды,
Карчыгадай теңизим,
Кара жер алып тындырды.

Долонодон камчымды,
Тору ат басып сындырды.
Томогодой теңизим,
Топурак алып тындырды.

Чылбырың учун ат басты,
Чынардай боюң дат басты.
Камчыңдын учун ат басты,
Кабилет боюң дат басты.

Алты алыштан суу ичкен,
Жериң калды теңизим.
Жети алыштан суу ичкен,
Элиң калды теңизим.

Арс ичиктин жеңиндей,
Анжияндын бегиндей.
Түлкү ичиктин жеңиндей,
Түркстандын бегиндей.

Анжиян барып не алган?
Ат башындай кант алган.
Кант алды деп сүйүнсөм,
Кутулбас катуу дарт алган.

Кең Кокон барып не алган,
Кой башындай кант алган.
Кант алды деп сүйүнсөм,
Кутулбас катуу дарт алган.

Алты өрүктүн данегин,
Майиз кылам дединби?
Алты атаң барган гүл бейиш,
Сайил кылам дединби?

Жети өрүктүн данегин,
Майиз кылам дединби?
Жети атаң барган гүл бейиш,
Сайил кылам дединби?

Карайып келген жаанга,
Капшытым тартпай суу болдум.
Кадалып келген ажалга,
Сенден мурун мен барып,
Жатып албай не болдум.

Түнөрүп келген жаанга,
Түндүгүм тартпай суу болдум.
Туюнтпай келген ажалга,
Сенден мурун мен барып,
Түнөп албай не болдум.

Калпагына зар койгон,
Кандай жигит болду деп,
Караган адам тан койгон.
Тебетейге зар койгон,
Кандай бир улан болду деп
Тиктеген адам тан койгон.

Кыймалуу калпак төбөсү,
Кырк жигиттин төрөсү.
Саймалуу калпак төбөсү,
Сан жигиттин төрөсү.

Куюшканың куйма зар,
Курчалдырып карасам,
Курдаштарың баары бар.
Темилгенин тепме зар,
Тегеретип карасам,
Теңтуштарың баары бар.

Чапсам чыкпас майданым,
Чакырсам келбес мейманым.
Эксе бир чыкпас майданым,
Кагылайын бир боорум,
Эңсесе келбес мейманым.

Шырбазын союп гөш кылган,
Сыпайы тандап дос кылган.
Жабагы союп гөш кылган,
Жакшыдан тандап дос кылган.
Кайран бир жаның өттү эле,
Жабагы гөшү как болду,
Жакшы достор жат болду.

Катарлап тиккен талдарың,
Кайран жаның өттү эле,
Кайгырып ыйлайт балдарың.
Тегиздеп тиккен талдарың,
Кайран жаның өттү эле,
Муңканып ыйлайт балдарың.

Түндүгүнөн ай өткөн,
Түп атасы бай өткөн.
Жабыгынан ай өткөн,
Жети атасы бай өткөн.

Долоно найза ыргаган,
Тобунан бери жыргаган.
Карагай найза ыргаган,
Жети атасы жыргаган.

Чырагым, айтылуу байдын баласы,
Мен көрбөсөм эл көргөн.
Сендей  давлет ким көргөн?
Байыркысын биз айтсак,
Мактагандай көрүнөт.

Булгаары кийсең өз бутуң,
Бурулуп келсең өз журтуң.
Аккари кийсең өз бутуң,
Айланып келсең өз журтуң.

Сур жорго миндик тайынан,
Сумсайдык өлүм айынан.
Кер жорго миндик тайынан,
Кейидик өлүм айынан.

Капталга бүткөн тал белең,
Кагылайын бир боорум,
Капыстан бүткөн жан белең?
Айрылышта тал белең,
Айланайын бир боорум,
Арманга бүткөн жан белең?

Калемпир салдың ашыма,
Карып бир калган чагымда,
Кайгыны салдың башыма.
Калемпир салсаң жөтөлөм,
Жетимиш жашка барганда,
Кайгыңды кантип көтөрөм?

Күчала салдың ашыма,
Күйүттү салдың башыма.
Күчала салсаң жөтөлөм,
Жетимиш жаштан ашканда,
Күйүтүң кантип көтөрөм?

Булкунбай буудан ат болбойт,
Муңкантпай өлүм жоктолбойт.
Керилбей буудан ат болбойт,
Кейитпей өлүм жоктолбойт.

Бул өлгөндүн айынан,
Узун боюм пас болду,
Кызыл өңүм саз болду.

## МАМАТ УСТАГА

*(кичи эжеси Калчанын кошогу)*

Жоктоп бир жоктоп коеюн,
Бул үкам, жоголгондой болбосун.

Айтып бир айтып коеюн,
Бул үкам, адашкандай болбосун.

Жазгы бир шамал керимсел,
Жаңшантасың өлүм сен.
Күзгү бир шамал керимсел,
Күйдүрөсүң өлүм сен.

Алтынды заргар бурбайбы,
Азаптуу өлүм турбайбы.
Күмүштү заргар бурбайбы,
Күйүттүү өлүм турбайбы.

Кандар бир келет кармашып,
Калайлуу жүгөн жарашып.
Кан уулундай бул үкам,
Кайларга кетти адашып?

Бектер бир келет бел ашып,
Бедерлүү жүгөн жарашып.
Бек уулундай бул үкам,
Бейпайга кетти адашып.

Кайрыдым шакты баркинан,
Кайгырдым өлүм дартинан.
Сындырдым шакты баркинан,
Сумсайдым өлүм дартинан.

Өксүткөн өлүм болбосо,
Өксүбөйт элем мен мынча.
Күйдүргөн өлүм болбосо,
Күйбөйт элем мен мынча.

Тепчип бир койсом ийнем жок,
Теңизим үкам үйдө жок.
Сайып бир койсом ийнем жок,
Сагынсам үкам үйдө жок.

Ай асмандын боору экен,
Айдай бир жаркып жүргөнүм,
Айдыңым үкам доору экен.

Күн асмандын боору экен,
Күндөй жаркып жүргөнүм,
Күмүшүм үкам доору экен.

Кереге түлкү илгеним,
Менин кейигеним билгеним.
Карыга түлкү илгеним,
Менин кайгырганым билгеним.

Эңкейиште чайканам,
Менин эңсеп келер жайканам.
Бурулушта чайканам,
Менин бурулуп келер жайканам.

Беш колунун салаасы,
Алтындан каухар жапкандай.
Үкамин салган үйлөрү,
Күмүштөн чеге каккандай.

Асманда учкан алты каз,
Айтылуу мерген ата албайт.
Алты атаң барган гүл бейиш,
Барган адам кайта албайт.

Ээрчишип учкан жети каз,
Жеткилең мерген ата албайт.
Жети атаң барган гүл бейиш,
Жеткен адам кайта албайт.

Жети атаң барган гүл бейиш,
Сейил кылам дедиңби?
Барган адам келбеген,
Базары кызык жер бекен?
Жеткен жерден келбеген,
Кеңеши кызык эл бекен?

Алайын деп мен келсем,
Алынбай турган жайда экен,
Алалбадым кол салып.
Көрөйүн деп мен келсем,
Көрүнбөй турган жайда экен,
Көрө албадым көз салып.

Сай боюнда тал калды,
Саамайын сылап кыз калды.
Көл боюнда тал калды,
Көкүлүн сылап кыз калды.

Сай боюнда талдарың,
Сагынып ыйлайт балдарың.
Көл боюнда талдарың,
Көрсөм деп ыйлайт балдарың.

Сай боюнда кумгандыр,
Кумганда суулар тунгандыр.
Жаш балдарым калды деп,
Зорго эле көзүн жумгандыр.

Ак болоттой шыңк этип,
Сынаарыңды билбедик.
Ак шумкардай зып этип,
Учаарыңды билбедик.

Көк болоттой шыңк этип,
Сынаарыңды билбедик.
Көк шумкардай зып этип,
Учаарыңды билбедик.

Үкамдин алтыны кетти тишинде,
Арманы кетти ичинде.
Күмүшү кетти тишинде,
Күйүтү кетти ичинде.

## МАМАТ УСТАГА

*(Карындашы Айчүрөктүн кошогу)*

Түнүндө жатып түш көрсөм,
Түнөргөн көлдөр көрүнөт.
Түнөргөн көлдүн үстүндө,
Түнөргөн өрдөк бөлүнөт.
Түнөргөн көлдөр көз жашым,

Бир боорум,
Түнөргөн өрдөк өз башым.

Капилет жатып түш көрсөм,
Карайган көлдөр көрүнөт.
Карайган көлдүн үстүндө,
Карайган өрдөк бөлүнөт.
Карайган көлдөр көз жашым,
Бир боорум,
Карайган өрдөк өз башым.

Булбулдар сайраар багыңда,
Балдарың ыйлаар сагына.
Куштар бир сайраар багыңда,
Бир боорум,
Кыздарың ыйлаар сагына.

Алаканың кере жат,
Артыңда калган балдарга,
Ак батаңды бере жат.
Көкүрөгүң кере жат,
Өкүттө калган тууганга,
Көп батаңды бере жат.

Жаткан жайың кут болсун,
Жаннаттан сизге төр берсин.
Барган жериң кут болсун,
Бейиштен сизге төр берсин.

## ЭЖЕСИНЕ КОШУЛГАН КОШОК

Кыргыек конгон терекке,
Кымызын куйган челекке.
Көк сандыгын аңтарып,
Кымкабын алган керекке.

Ак шумкар конгон терекке,
Айранын куйган челекке.
Ак сандыгын аңтарып,
Атилес алган керекке.

Ак кагаздан чай алып,
Ашканадан май алып,
Асыл жандан айрылып,
Ал бейиштен жай алып.

Көк кагаздан чай алып,
Көмүркөйдөн май алып,
Көркөм жандан айрылып,
Гүлбейиштен жай алып.

Үзүгүнө боо тагып,
Үпчүлөгөн кербеним.
Туурдугуна боо тагып,
Топчулаган кербеним.
Кейисем кана келгениң.

Төрдөн төмөн түшпөгөн,
Төрө пейил кербеним.
Сунган бутун тартпаган,
Султан пейил кербеним.

Кишинин көөнүн оорутпас,
Кичи пейил кербеним.
Адамдын көөнүн оорутпас,
Андашалуу кербеним.

Баланын көөнүн оорутпас,
Парасаттуу кербеним.
Келиндин көөнүн оорутпас,
Келешелүү кербеним.

Эгиздеп жыйган жүгүнө,
Эшендер кирген үйүнө.
Катарлап жыйган жүгүнө,
Калпалар кирген үйүнө.

Эшилмеден суу алган,
Эшендерден дуба алган.
Кайырмадан суу алган,
Калпалардан дуба алган.

Босого болот чийине,
Болуштар кирген үйүнө.
Калча болот чийине,
Казылар кирген үйүнө.

## СУЛАЙКАГА АРНАЛГАН КОШОК

*(Агасынын кошогу)*

Көлөкөлүү саябан,
Мунарым элең Сулайка.
Көк сарай үйдүн жарыгы,
Чырагым элең Сулайка.

Алты канат ак үйүң,
Аркасынан капшырдың.
Алты жашар Апасты,
Аны кимге тапшырдың?

Жети канат ак үйдү,
Желкесинен капшырдың.
Жети жашар Гүлсара,
Аны кимге тапшырдың?

Уулду багып зор кылдың,
Урматын эми көрөрдө,
Уу жуткузуп энеңе,
Убайын кимге кор кылдың?
Кызды багып зор кылдың,
Кызыгын эми көрөрдө,
Кызматын кимге кор кылдың?

Кийилбей кымкап тон калды,
Ичилбей памил чай калды.
Күтүлбөй салган жай калды,
Токулбай тору тай калды.

Агын дайра, көл калды,
Агайын-тууган эл калды.
Эне-синди тең калды,
Эңгиреп ыйлап мен калдым.

Ушак-айың билбеген,
Момун элең гүл боорум.
Өзгө жатка барабар,
Майин элең гүл боорум.

Ойронум чыккан турбайбы,
Оң канатым Сулайка,
О дүйнө кеткен турбайбы.
Ноктолуу башка бир өлүм,
Өлбөй турган жан барбы.

Айла канча баш ийдим,
Кара жер казып көр кылып,
Турпакка сени көмүүгө.
Кагылайын каралдым,
Аганда деги ал барбы?

Капыстан өлдүң Сулайка,
Отуз жети жашында.
Кайгырбайт элем мынчалык,
Алтымыш ашып барганда.

Жакаңды жыттап күнүгө,
Карыган энең ошого,
Канимет кылып күн көрөр,
Кайгы-зар менен күн кечер.

Мингениң бурак ат болсун,
Мүрзөңдөн кызыл гүл өнсүн.
Көңүлүң куунак шат болсун,
Кыл торко болсун кийгениң,
Кызыл сур болсун мингениң.
Бейитиңе гүл өнүп,
Бейиши болгун гүл боорум.

## ЭЖЕГЕ КОШУЛГАН КОШОК

*(Сиңдисинин кошогу)*

Көк-Секи чыга жайлаган,
Керилтип бээни байлаган.
Келин-кыз келсе конокко,
Кымызы менен сыйлаган.

Ак-Жалдын үйрүн байлаган,
Ак-Сайга чыга жайлаган.
Ага-ини, тууганын,
Эжекем ак майын берип  сыйлаган.

Акжалдын үйрү басаган,
Аласасы келгенде,
Албай койбойт жасаган.
Көкжалдын үйрү басаган,
Кыябы келсе моминтип,
Кылчайтпай коет жасаган.

Маасыны кийдиң чыраштап,
Баланы бактың ырастап.
Баланын сыйын көрөрдө,
Кете бердиң ыраактап.

Келеңкер чачпак бош таштап,
Келинге бердиң жол баштап.
Оромол жоолук бош таштап,
Уулуңа бердиң жол баштап.

## КҮЙГҮЗҮП КЕТТИҢ ТҮБӨЛҮК

*(Эжесинин кошогу)*

Күмүштөн кылган үбөлүк,
Күйгүзүп кеттиң түбөлүк.
Алтындан кылган үбөлүк,
Күйөрүм,айттырып кеттиң түбөлүк.

Алтындан кылган сом балкам,
Айчылык келсем чоң аркам.

Күмүштөн кылган сом балкам,
Күйөрүм, күнчүлүк келсем чоң аркам.

Күмүштү зергер эритет,
Күйүттүү өлүм кемитет.
Алтынды зергер эритет,
Азаптуу өлүм кемитет.

Карчыга куштун далбасы,
Кайран бир жанды жашырган,
Кара бир жердин далдасы.

## СОГУШТА КУРМАН БОЛГОНДОРГО АРНАЛГАН КОШОКТОР

### АГАМ ЖОК

*(Карындашынын кошогу)*

Агарып аткан таңды айтам,
Ак мейкин болгон түздү айтам.
Ашкере боюң жашырып,
Алыста калган сизди айтам.

Көгөрүп аткан таңды айтам,
Көк мейкин болгон музду айтам.
Көркөмдүү боюн жашырып,
Көрүнбөй калган сизди айтам.

Күмүштөн кемер белде жок,
Күйөөрүм агам элде жок.
Алтындан кемер белде жок,
Айлансам агам элде жок.

Жанында болуп агамдын,
Жоого бирге барбадым.
Жоболондуу Гитлердин,
Жүрөгүн жарып албадым.

Күмүштөн кемер бел көркүм,
Күйөөрүм агам эл көркүм.
Алтындан кемер бел көркүм,
Айлансам агам эл көркүм.

Канжыгаӊ узун тилладан,
Кадырлуу элеӊ кыйладан.
Үзөнгүӊ узун тилладан,
Урматтуу элеӊ кыйладан.

Канжыгаӊ тилла бөлүнбөйт,
Калыӊ элдин ичинде,
Кадырлуу агам көрүнбөйт.
Үзөнгүӊ тилла бөлүнбөйт,
Уруулуу элдин ичинде,
Урматтуу агам көрүнбөйт.

Текеден чылбыр сүйрөткөн,
Телгүрөӊ минип үйрөткөн.
Бугудан чылбыр сүйрөткөн,
Буурулду минип үйрөткөн.

Жоргосу жолду талашкан,
Жоругу элге жарашкан.
Күлүгү жолду талашкан,
Кылыгы элге жарашкан.

Тоорулушта мен болсом,
Торко тонум кирдетпей,
Тоорулуп түшөр сен болсоӊ.
Кайрылышта мен болсом,
Карала тонум кирдетпей,
Кайрылып түшөр сен болсоӊ.

Күн асмандын боору экен,
Күндө жаркып жүргөнүм,
Күйөөрүм агам доору экен.
Ай асмандын боору экен,
Асылды кийип жаркылдап,
Айда жаркып жүргөнүм,
Айдыӊым агам доору экен.

Көк темир эле билегим,
Калтылдак болду жүрөгүм.
Сом темир эле билегим,
Солкулдак болду жүрөгүм.

Каттаганда кан жолум,
Кармаганда оң колум.
Оң колум сынса жеңим бар,
Эми сиздей кимим бар?

Көрүндүн оозун ким ойду,
Көтөрүп жерге ким койду?
Жайыңдын оозун ким ойду,
Жайлап жерге ким койду?

Түнөрүңкү көрүнгөн,
Турган жериң караңгы.
Эркелетип өтпөдүң,
Эрмегиң жалгыз баланды.

Карайып чыккан өрттөйүм,
Кара кулак лөктөйүм.
Кызарып чыккан өрттөйүм,
Кызыл кулак лөктөйүм.

Башыма сайган тарагым,
Ар убак чачым тарадым.
Келеби деген ой менен,
Кеткен жолуң карадым.

Буруксуп турган көп гүлдү,
Буралып басып жулбасмын.
Кетсе да муң ичимден,
Мурункудай болбосмун.

Арылат десе арманым,
Үстү-үстүнө ашынат.
Арманым кетип алыстап,
Качан көзүм ачылат.

Көмүркөй толгон көп алтын,
Көл жакалай чачайын.

Көкүрөк толгон көп дарттын,
Кайсы бирин айтайын.

Сандык толгон сары алтын,
Сай жакалай чачайын.
Санаам толгон көп дарттын,
Кайсы бирин айтайын.

## ЗАРЫПБЕКОВ КОЗУБАЙГА

*(Эжесинин кошкону)*

Калем кармап кат чийип,
Каты чыккан мырза үкам.
Бала күндөн быякка,
Аты чыккан мырза үкам.

Көк шумкар учат жол салып,
Күсөгөндө көрө албайм,
Көр алдына кол салып.
Ак шумкар учат жол салып,
Кара жердин алдынан,
Ала албадык кол салып.

## ТОКТОСУНОВ СЫРГАГА

*(Кызынын кошогу)*

Ай тегерек сабы жок,
Армандуу өлүм даба жок.
Күн тегерек сабы жок,
Күйүттүү өлүм даба жок.

Булбулдун үнү муңайым,
Мундуу кылды кудайым.
Күкүктүн үнү муңайым,
Күйүтүү кылды кудайым.

Алтындан беле билегим,
Атакем сизден айрылып,

Азадан беле тилегим.
Күмүштөн беле билегим,
Кагылсам атам ырысым,
Күйүттөн беле тилегим.

Саратан айлар жылышты,
Салдаттан мындай болот деп,
Санабайт элем бул ишти.

Орозо айлар жылышты,
Согушта курман болот деп,
Ойлобойт элем бул ишти.
Кагылсам атам шейитим,
Кай жерде калды бейитиң.

Улуу бир тоонун боорунда,
Улар бир болуп сайрасам,
Улуган ботом үнү деп,
Угар беле датка атам.

Кара бир тоонун боорунан,
Карчыга болуп сайрасам,
Какшаган ботом үнү деп,
Кайрылар беле жан атам.

Кагылсам атам кыраанын,
Канатын алган учкандын,
Кайратын алган душмандын.
Жүгүн алган учкандын,
Жүрөгүн алган душмандын.

Бешөө бир элең жылдыздын,
Бедери элең кыргыздын.
Төртөө элең жылдыздын,
Төрөсү элең кыргыздын.

Калайы болот кумгандын,
Камчысы элең туугандын.
Бедери болот кумгандын,
Белдери элең туугандын.

Ак болотуң майышат,
Атыңды уккан кайышат.
Көк болотуң майышат,
Көзүңдү көргөн кайышат.

Саадактары шалдырап,
Сайда жүргөн мурза атам.
Сан жигитке баш болуп,
Жоого кирген мурза атам.

Кылычтары шыңгырап,
Кырда жүргөн бай атам.
Кырк жигитке баш болуп,
Жоого кирген жан атам.

Чар – чар терек, чар терек,
Чар бутагы датка атам.
Чар жыйындын ичинде,
Шам чырагы датка атам.

Салкының сайга жыйганым,
Салкыныңдын алдында,
Сен элең оокат кылганым.
Көлөкөң көлгө жыйганым,
Көлөкөңдүн алдында
Көп элең оокат кылганым.

Айлансам атам ырысым,
Армандуу болду мен кызың.
Атактуу күнү туулду деп,
Атымды Съезд койгонум,
Атакем сизден айрылып,
Армандуу жетим болгонмун.

Арманым менин арылбас,
Арадан чыгып кан согуш,
Атакем эми табылбас.

Чапсам  чыкпас майданым,
Чакырсам келбес мейманым.
Эриксем чыкпас майданым,
Эстесем келгис мейманым.

Алтындан бычак кылоолоп,
Аргымак минген жылоолоп.
Күмүштөн бычак кылоолоп,
Күлүктү минген жылоолоп.

Жылжыма жорго мине өскөн,
Жыртылгыс торко кие ескөн.
Айдама жорго мине өскөн,
Айрылгыс торко кие өскөн.

Ат ойноткон жерлери,
Ак дөбөнүн кайкысы.
Ал улакка кийгени,
Ак сүлөөсүн тайкысы.

Көкбөрү тарткан жерлери,
Көк дөбөнүн кайкысы.
Көп көзүнө кийгени,
Көк сүлөөсүн тайкысы.

Алты пакса дубалдан,
Ашырып улак таштаган.
Жети пакса дубалдан,
Жеткирип улак таштаган.

Улуу журтка баш болуп,
Улакчылар жүр деген.
Улакчы атың мин деген,
Урумга тонуң кий деген.

Чабандестер жүр деген,
Чокон тонуң кий деген,
Чабандес атың мин деген.

Улакчы атын мингенде,
Урумча тонун кийгенде
Кош алакан жез камчы,
Оң колуна жарашкан.
Солкулдаган тизгини,
Сол колуна жарашкан.

Кагылсам атам даанышман,
Душмандан намыс талашкан.
Түптү калың терегим,
Түмөн журтка керегим.

Жайылган калың терегим,
Жети журтка керегим.
Үзөңгүдө бут калды,
Жоону жеңип келет деп,
Үмүт кылган журт калды.

## АБЫТКА

*(Агасынын кошогу)*

Жашында окуп орусча,
Аттандың алыс согушка.
Айла барбы кантейин,
Ажалдан алып калышка.

Жалындай жаш кезинде,
Жолуктуң ажал кесирге.
Жолукпас сапар кетсең да,
Жүрөсүң менин эсимде.

Кайышкан кандуу жылдарда,
Кайрылбас сапар жол кеттиң,
Карегим Абыт өткөн соң,
Кайгырган менен келбейсиң.

Саябан жыргал дүйнөдөн,
Сапарым бүттү дедиңби,
Салпылдап үргөн немистен,
Совет эл алды кегиңди.

Айыгышкан согушта,
Атыңды душман өчүрдү.
Артыңдан барып мен дагы,
Аябай алдым өчүңдү.

Кандуу согуш башталып,
Карыны коюп жаш барып,
Карегинен ажырап,
Канча адам калды какшанып.

Көркоо согуш башталып,
Фашисттер кирди ат салып,
Күйөрүнөн ажырап,
Көп адам калды какшанып.

Автомат мылтык асынган,
Андышкан душман басынган,
Айыгышкан немисти,
Ак жолборстой качырган.
Ажалдын тийген огунан,
Айрылдым сендей асылдан.

Андагы кылган эрдигиң,
Ак кагазга жазылган.
Беш атарын асынган,
Беттешкен душман басынган.

Беш миңдеген жоо келсе,
Бардыгын өзү качырган.
Фашисттин тийген огуңан,
Бөлүндүк сендей асылдан.

Береним кылган эрдигиң,
Белгиленип жазылган.
Автомат алып чалкалап,.
Айлыңды жоодон калкалап,
Айлыңа кайра келбедиң,
Аңдыган жоону талкалап.

Беш атар алып чалкалап,
Пейпайдан элин калкалап,
Береним кайра келбедиң,
Беттешкен жоону талкалап.

Ата Мекен жериңе,
Ар кылдыңбы келүүгө?

Ак шумкардай айланып,
Аман келсең эмине?

Сүйүктүү орден тагынып,
Сүрөтүң келди жаңырып.
Карегим эсен экен деп,
Сүрөтүңө жалынып.

От алган гүлдөй соолудуң,
Он сегизде кырдаалың.
О дүнүйө кетерде,
Башыңды жөлөп турбадым.

Карегим сенден ажырап,
Карачы белдин сынганын.
Жаштыктын бербей жыргалын,
Жараткан ал эмине кылганың?

Жалында гүлдөй соолудуң,
Жыйырмада кырдаалың.
Жумулуп көзүң өтөрдө,
Жаныңда ыйлап турбадым.
Күйөрүм сенден ажырап,
Көрдүңбү белдин сынганын.

Күн өтсө көрүп турарга,
Көлөкөң калса дегенмин.
Көлөкөң мага калтырып,
Кудурет көрбөйбү анан керегин.

Арзысам көрүп тураарга,
Артында калбай белегиң.
Белегиң мага калтырып,
Жараткан албайбы анан керегин.

Күйөрүм эсен экен деп,
Жүрө бердим көөнүм ток.
Сүйүнгөндөй болбостон,
Сүрөтүң турат өзүң жок.

Ак кагаз алдым алыстан,
Айрылдың деген Абыттан.

Өлсөмбү мен да кошо деп,
Өрттөнүп ичим кайышкан.

Кайгыртып ичим муң кылды,
Карегим өлдү деген сөз.
Кантер айла табалбай,
Караңгы болду эки көз.

Оюндун көрбөй жыргалын,
Ал эмине кылганың?
Үзүлгөн гүлдөй соолудуң.
Он сегиз жашта кырдаалың.

Өксөтүп коюп агаңды,
Өмүрүң кыска болдуң жаш,
Түгөйүм алып какшатып,
Жараткан кандай бооруң таш.

Ар убак Абыт ойлосом,
Арманды кайта койгон соң,
Айланып келбейт окшойсуң,
Кайрылбас сапар кеткен соң.

Кайрылып кайдан көрөмүн,
Кайгыртып кеттиң агаңды,
Кагылсам Абыт жөлөгүм.
Акыркы сапар жол кеттиң,
Айланып кайдан көрөмүн.

Ал-күчүн алдың агаңдын,
Айлансам Абыт өбөгүм.
Абытым сенден ажырап,
Арманда жүргөн убагым.
Жалынсам келбейт окшойсуң,
Жаннатта болсун турагың.

Кайрылып бакка конбогон,
Карчыга болдуң боосу бош.
Кайрылбас сапар жол кеттиң,
Карегим Абыт кайыр кош.

Тууруна кайра конбогон,
Турумтай болдуң боосу бош,
Түбөлүк сапар жол кеттиң,
Түгөйүм Абыт кайыр кош.

## МАМАСЕЙИТОВ ААЛЫГА

*(Аялы Сырганын кошкону)*

Көгерип аккан көк көлгө,
Көп айланат бөктөргө.
Көрине кеткен алтыным,
Көп эле мени ойлобо.

Агарып аккан ак көлгө,
Аз айланат бөктерге.
Акылдаш сейрек алтыным,
Арман бир мени ойлобо.

Почта бир жолун көп карап,
Кат салган күнүң болгандыр.
Урыштын камын сен ойлап,
Ач калган күнүң болгандыр.
Алты атар мылтык асынып,
Алты бир белес кыр ашып,
Качырган күнүң болгандыр.

Карарган дарак башыга,
Торгой конуп сайрасын.
Кайта бир үйге келбеген,
Кабылым алтын кайдасың.

Буралып чыккан даракка
Булбул конуп сайрасын.
Бурулуп үйге келбеген,
Муңдуу бир алтын кайдасың?

Будурмак зоонун этеги,
Бугулар чыкпас чыйыр кум.
Алтыным үйгө келбесең,
Алганыңа кыйын күн.

Адырмак тоонун этеги,
Алты аркар баспас чыйыр кум,
Алтыным үйгө келбесең,
Бир балаңа кыйын күн.

Кара тоо башы зымырап,
Тумар бир болду алтыным.
Кайра бир сени көрүшкө,
Гүман бир болдум алтыным.

Эгиз тоо башы зымырап,
Туман бир болду алтыным.
Энди бир сени көрүүгө
Гүман бир болду алтыным.

*(Ушул эле жоктоонун аягы)*

Алтын саат колго алып,
Бурай келчи алтыным.
Айчылык калган жесирди,
Сурай келчи алтыным.
Күнчүлүк калган уулуңду,
Сурай келчи алтыным.

Шакка конуп сайраган,
Булбулумсуң алтыным.
Санаган жерге жеткирген,
Дулдул миндиң алтыным.

Эрте менен сайраган,
Булбулумсуң алтыным!
Эстеген жерге жеткирген,
Дулдул миндиң алтыным.

Турумтай түшөт тузакка,
Алтыным кеткен узакка.
Карчыга түшөт тузакка,
Алтыным кеткен узакка.

Ак кагазга жаздырган,
Сөзүм бир жетпейт алтыным.

Көк кагазга жаздырган,
Катым бир жетпейт алтыным.

Кара жорго атымдын,
Кашкасынан тааныймын.
Кара бир баркыт тонумду,
Жакасынан тааныймын.

Көк жорго күлүк атымды,
Такасынан тааныймын.
Көбелеген тонумды,
Жакасынан тааныймын.

Алтыным жүргөн жерлери
Алма аралаш бак экен,
Алтын суугa так экен.
Аскерлик милдет бүткезип,
Алышып ойнор чак экен.

Жеркенден келген жети каз,
Жети айланып конарбы?
Алыска кеткен алтыным,
Аскерлик ишин бүтүрүп,
Элиге келер боларбы?

Аркардан келген алты каз,
Алты айланып конарбы?
Аскерге кеткен алтыным,
Айланып үйгe келеби?

Гүлү бир болот жалбыздын,
Алыска кеткен алтыным,
Күйүтү күчтүү жалгызым.
Бууну болот жалбыздын,
Муңу бир күчтүү жалгыздын.

Күңгөйдин гүлүн оттогон,
Күлтору миндиң алтыным.
Күнчүлик жерге сен кетип,
Күйгүздиң мени алтыным.

Тескейдин гүлүн оттогон,
Телтору миндиң алтыным.
Жетпес бир жерге сен кетип,
Желбиреп күйдим алтыным.

Алтын бир саптуу камчынын
Зымбырачы алтыным.
Айчылык калган жесир деп,
Сыр сурачы алтыным.

Күмүш бир саптуу камчынын
Зымбырачы алтыным.
Күнчүлик калган жесир деп,
Сөз сурачы алтыным,
Ак кагаз бетин толтурган,
Сырымды айтам алтыным.

## ЖЭЭНБЕКОВ АРПИДИН

*(Аялынын кошогу)*

Алтындан тактан тайдыңбы?
Айдай бир бактан калдыңбы?
Алтындан бекен билегиң,
Азадан бекен тилегиң.

Күмүштөн бекен билегиң,
Күйүттөн бекен тилегиң.
Кайрылып калды эшигиң,
Карарып калды жесириң.
Түрүлип калды эшигиң,
Түнерип калды жесириң.

Алты арыктан суу агат,
Аркасыдан кум агат.
Алтыга кирген Абдиллаң,
Өзиңдей кылып ким багат?

Жети арыктан суу агат,
Желкесиден кум агат.

Жетиге келген Кыдырың,
Өзиңдей кылып ким багат?

Товырчак атың бар беле,
Томугудан шал беле?
Бир тоорулуп келгиче,
Балдарыңды көргиче,
Тополоң ишиң бар беле?

Буудай көк атың бар беле,
Ашыгыдан шал беле?
Бир айланып келгиче,
Балдарыңды көргиче,
Ашыгыш ишиң бар беле?

Сельсеветтен кат келди,
Бейвакыт өлүм бат келди.
Районнан кара кат келди,
Какшатып өлим бат келди.

Кара манат кештелеп,
Токунганың жок эле.
Жаш жолдашым өлөт деп
Ойланганым жок эле.

Ак шайы менен баш бууган,
Акдөле минип жоо кууган.
Көк шайы менен баш бууган,
Көкделе минип жоо кууган.

Бедеруу пычак кайраган,
Бек уулундай сайраган.
Калайлуу пычак кайраган,
Кан уулундай сайраган.

Көк тувар калды желбиреп,
Көк үйүң калды эңгиреп.
Көргениң калды каңгиреп.
Ак тувар калды желбиреп,
Ак үйүң калды эңгиреп.

Каран калган буудан көк,
Минбей койсаң болбойбу?
Карарып турган урушка,
Кирбей койсаң болбойбу?

Алайдын бийик тоолары,
Жайында да ак болсун.
Бул кутурган Германың
Эртеңгисин жок болсун.

Чоң Алайдын тоолары,
Жайында да муз болсун.
Сырдашым аткан Германың,
Катюшага туш болсун.

## АТАНЫ КОКУЙ ТААЛАЙЫМ

*(Аялынын кошогу)*

Алты түрдүү тапанча,
Асынганың жок беле?
Ал атканда сен атпай,
Колуңда мылтык жок беле?
Өлчөлүү жерге тийгидей,
Снаряд деген ок беле?

Жети түрдүү тапанча,
Асынганың жок беле?
Ал атканда сен атпай,
Жаныңда мылтык жок беле?
Казып койгон окопко
Немисти жапшырганың жок беле?

Күмүш жаак комузум
Күү келтирип кагайын!
Күйөөсүнөн айрылган,
Атаны кокуй таалайым!

Алтын жаак комузду,
Ар келтирип кагайын.

Алганынан айрылган,
Атаны кокуй таалайым.

Тоодон кийик ууладың,
Тобурчак минип дууладың.
Толгонуп бир жыл мен жүрбөй,
Тозогуң тарткан убагым.
Таалайыма жазганбы,
Германга жетсин убалым.

Адырдан аркар ууладың,
Аргымак минип дууладың.
Айланып бир жыл мен жүрбөй,
Азабың тарткан убагым.
Маңдайыма жазганбы,
Фашистке жетсин убалым.

Көк чарык жип челдедим,
Көк барчын элең эрмегим.
Көк түтүндөй душманга,
Көп өлүм салдың келбедиң.

Ак чарык жип челдедим,
Ак барчын элең эрмегим.
Ажалды берип душманга,
Айлыңа эсен келбедиң.

Алты дайра суу келсе,
Ашык бир кечем дедиңби.
Алты миң Герман бир келсе,
Алышам жалгыз дедиңби.

Жети дайра суу келсе,
Желип бир кечем дединби.
Жети миң Герман бир келсе,
Жеңемин өзүм дедиңби.

Ак жибек алып созгонум,
Арманым үчүн боздодум.
Өлкөң үчүн жан бердиң,
Өлдү деп капа болбоюн.

Көк жибек алып созгонум,
Көңүлдөш үчүн боздодум.
Көп үчүн өлгөн өзүңө,
Көбүнчө капа болбоюн.

Жабылып келген душманды,
Жагалмайдай качырдың.
Жергелүү элим байкаса,
Жесири менмин баатырдын.

Каршы келген душманды,
Кан жөткүртүп качырдың,
Калкыбыз тегиз байкаса,
Калганы менмин баатырдын.

## АЙТБАЕВ ЫСАК

*(Аялынын кошкону)*

Автоматың колго алып,
Оборондо турганың.
Алганың бейбак мен мында,
Арманың айтып турамын.

Пулеметуң колго алып,
Берлинде турганың.
Көргөнүң шордуу мен бейбак,
Күйүтүң айтып турамын.

Калайлуу жүгөн жарашат,
Карагер аттын мойнуна,
Канкор герман аткан бейм,
Кайрыла турган жагына.

Бедерлүү жүгөн жарашат,
Буурул аттын мойнуна.
Бетбак герман аткан бейм,
Бурула турган жагына.

Ойнодуң аскер маршында,
Ойгонсом жоксуң кашымда.

Эсен болсоң келерсиң,
Төгүлгөн кандар басылса.

Белине огун орогон,
Бет алып герман чыкканда,
Минометуң колго алып,
Белсенип жоону торогон.

Айлантып огун орогон,
Алышып герман чыкканда,
Автоматын колго алып,
Айтышып жолун торогон.

Ак боз атың биерде,
Ак саптуу камчың ээрде.
Аскерге кетип келбедиң,
Алтын башың каерде?

Кер жорго минип бел ашкан,
Гранат такса жарашкан.
Сур жорго миндиң көк кашка,
Сумкандын боосу көк тасма.
Чогулушта сүйлөсөң,
Сымбатың элден бир башка.

Кер жорго миндиң көк кашка,
Гранат боосу көк тасма.
Кеңеште туруп сүйлөсөң,
Келбетиң элден бир башка.

Үзөңгүсү калайдан,
Үзүлүп чыккан далайдан.
Ат жабдыгы калайдан,
Атың чыккан далайдан.

Каршы чыккан душманга,
Капысынан кол салган.
Көркөмү ашык келишкен,
Көргөн адам жалтанган.

Ак кайың гүлүң кар баскан,
Айтылуу элде чоңоюп,
Ага-ини менен бир баскан.

Кара-бара тебетей,
Кийгенинде жарашкан.
Кара жорго жылжытып,
Мингенинде жарашкан.
Колхозчуну башкарып,
Кара калем ручка
Чийгениңе жарашкан.

Кызыл пара тебетей,
Кийгениңе жарашкан.
Кызыл тору жоргону
Мингенинде жарашкан.
Көпчүлүк элди башкарып,
Кызыл калем ручка
Чийгенинде жарашкан.

Жашыл кыжым тукаба
Жая бычып олтурам.
Жаш алгандан ажырап,
Жабырын тартып олтурам.

Кызыл кыжым тукаба,
Кыя бычып олтурам,
Кыз алгандан ажырап,
Кыйноосун тартып олтурам.

Кызыл-ала гулмантым,
Кыз алганым урматым.
Жашыл-ала гулмантым,
Жаш алганым урматым.

Эңиз тоодан качырдым,
Эмил кашка коенду,
Эл кыдырсам таппасмын,
Эми сиздей ноенду.

Кара тоодан качырдым,
Кара кашка коенду,
Калк кыдырсам таппасмын,
Кайраным сиздей ноенду.

Каңтарып күлүк чабылат,
Кайран жаның өтүптүр,
Калганың ыйлап какшаса,
Кайраным кайдан табылат?

Суутуп күлүк чабылат,
Султан жаның өтүптүр,
Сумсайып күндө ыйласак,
Сүйгөнүм кайдан табылат?

Ак зоонун башы кылаңгыр,
Аргымак кайдан жүгүрсүн?
А дүйнө кеткен жоомартым,
Айтсам кайдан табылсын.

Көк зоонун башы кылаңгыр,
Күлүктөр кайдан жүгүрсүн.
Күлүстөн жаның өткөн соң,
Жоомартым кайдан табылсын.

Ак ылаачын асманда,
Алкынат күлүк басканда,
Ажалы жеткен пендеси,
Ага-иниден бөлүнөт,
А дүйнө көздөй кайтканда.

Көк ылаачын асманда,
Көбүктөйт күлүк басканда,
Күнү бүткөн пендеси,
Көп тууgандан бөлүнөт,
Күнү бир бүтүп кайтканда.

Арс ичиктин жакасы,
Ай кашканын такасы.
Көрпө ичиктин жакасы,
Көк кашканын такасы.

Алтын туяк ай кашка,
Азынап түшөт кыядан.
Асил менин жоомартым
Акылман элең уядан.

Күмүш көкүл айкашка
Көбүктеп түшөт кыядан,
Асыл менин жоомартым,
Көп зирек элең уядан.

Курорт бир болгон жерлерде,
Көп жайлар бүтөт сыр менен.
Жоомартымды келбейт деп,
Көңүлүм чөктү муң менен.

Обкомдор турган жерлерде
Ак жайлар бүтөт сыр менен.
Жоомартымды келбейт деп
Акылым чөктү муң менен.

Артылып камчы чаппастан,
Артык көргөн жоомартым.
Эңилип камчы чаппастан,
Эрке өстүргөн жоомартым.

Булгарыңды төшөнүп,
Муңайбай өтөм дечү элем.
Булгарың учу дат экен,
Муңаймалык бат экен.

Кешенеңди төшөнүп,
Кейибей өтөм дечү элем.
Кешенең учу дат экен,
Кейимелик бат экен.

Ай дайра суум майрам дээр,
Атыңды уккан кайран дээр,
Көк дайра суум майрам дээр,
Көзүңдү көргөн кайран дээр.

Тегиздигиң мен айтсам,
Анжияндын жолундай.
Тездигиңди мен айтсам,
Автоматтын огундай.

Аркаңа аскан автомат,
Алтымыш эки огу бар,

Ата журтту коргогон,
Азамат эрдин багы бар.

Желкеңе аскан автомат,
Жетимиш эки огу бар.
Эли-журтун коргогон,
Эр жигиттин багы бар.

Баса-баса камчылап,
Байбача өскөн жоомартым.
Сылай-сылай камчылап,
Сыпайы өскөн жоомартым.

Жабуулап минген жакшы атты,
Жашынан көргөн максатты.
Токуп минген жакшы атты,
Тобунан көргөн максатты.

Темир көк минип үйрөткөн,
Текеден чылбыр сүйрөткөн.
Абалынан акырга
Жоргодон бутун тартпаган,
Жортоко бутун артпаган.
Абалынан акырга,
Күлүктөн бутун тартпаган,
Күйпүлгө бутун артпаган.

Карайган менин боюма,
Кара турпак оюлса
Какшап ыйлап жүргөнчө,
Как жанына коюлсам.

Бозоргон менин боюма,
Боз топурак оюлса,
Боздоп ыйлап жүргөнчө,
Босоголош коюлсам.

Карчыга конот кадага,
Кайран баатыр жоомартым,
Кара башым садага.
Турумтай конот кадага,

Туйгунум баатыр жоомартым,
Турган боюм садага.

Жоомартым минген атына,
Сарала шалча жап деген,
Салкын жайга бак деген.
Кайраным минген атыма,
Көкала шалча жап деген,
Көлөкө жерге бак деген.

Сүт булактан суу алган,
Сүрөтүн күлүп чыгарган.
Шар булактан суу алган,
Жандатып күлүк чыгарган.

Адырың тулаң чөп эле,
Ага-иниң көп эле.
Өрүшүң тулаң чөп эле,
Өз тууганың көп эле.

## ЗАРЫПБЕКОВ КОЗУБАЙГА

Ак китебин көтөрүп,
Ак мектеп көздөй басканым.
Айтылып калды дастаның.
Көк китебин көтөрүп,
Көк мектеп көздөй басканым,
Көрүнүп турат дастаның.

Аккери өтүк мистака,
Кийгениңе жарашкан.
Алтын калам колго алсаң,
Чийгениңе жарашкан.

Жандамада булактан,
Жандап атын сугарган.
Жакшы маалим болду деп,
Балдар атын чыгарган.

Ак шумкар учкан түз менен,
Облуска чакырса,

Масилат бүткөн сиз менен.
Көк шумкар учкан түз менен,
Районго чакыртса
Масилат бүткөн сиз менен.

## АСЫЛ МЫРЗА МАНАБЫМ

*(Жесирдин кошогу)*

Алтын ооз жескен ай,
Айга карай тарттырган.
Асыл мырза манабым,
Ашемин элден арттырган.

Күмүш ооз жескен ай,
Күнгө карай тарттырган.
Күлмырза жигит манабым,
Күлпетин элден арттырган.

Жандап минген жамгыр боз,
Жандашкандын баары дос.
Коштоп минген коен боз,
Коштошкондун баары дос.

Башында топу илме дос,
Байбача жигит меймандос.
Чыракданың биликтей,
Чын устукан жиликтей.

Тоодо кийик текедей,
Базардагы жекедей.
Ашыктуу жилик жотодой,
Нар баласы ботодой.

Карчыга келбес кашыма,
Күлканам сизден айрылып
Карыптык түштү башыма,
Туйгун конбос башыма,
Тул мырзам сизден айрылып,
Тулчулдук түштү башыма.

Ак кагаз чыгып пул болду,
Ардактап баккан мен бейбак,
Азариң тартып тул болду.
Көк кагаз чыгып пул болду,
Каныш болгон мен бейбак,
Карып болуп тул болду.

Булактын башын муз алды,
Гүлмырзам сизден биз калып,
Муунумду муң алды.
Карчыга башын кар алды,
Кайраным сизден биз калып,
Кабыргамды кайгы алды.

Чымын конбос этиме,
Чилтеним жалгыз өттү деп
Чын тырмак салдым бетиме.
Паша конбос этиме,
Байбачам жалгыз өттү деп,
Беш тырмак салдым бетиме.

Аргымак көзүн тоңдурдуң,
Айнектей бетим ойдурдуң.
Күлүктүн көзүн тоңдурдуң,
Күзгүдөй бетим ойдурдуң.

Арпадан жемин чайнабай,
Аргымак аза тутуптур,
Турбайсыңбы жан бегим.
Ата мекен согушта
Алыста жүрүп жан бердиң,
Арзилаган кебимди
Укпайсыңбы жан бегим.

Күрүчтөн жемин күрмөбөй,
Күлүгүң аза тутуптур,
Турбайсыңбы жан бегим.
Күнчүлүк алыс жүргөндө,
Кыргында жүрүп жан бердиң,
Күлүмсүрөп кебимди,
Укпайсыңбы жан бегим.

Кара манат көшөгө,
Тартып калсын дединби?
Кайраным мырзам өттү деп,
Айтып калсын дединби?

Кызыл манат көшөгө,
Тартып калсын дединби?
Кыргында мырзам өттү деп,
Айтып калсын дединби?

Кара манат көшөгө,
Тартарга эбим бар беле,
Кайраным жалгыз өлдү деп,
Карып болгон кара бет
Айтарга эбим бар беле?

Кызыл манат көшөгө
Тартарга эбим бар беле?
Кымбатың билбес кара бет,
Кыргындан жалгыз өлдү деп,
Айтарга эбим бар беле?

Аргымак атың бар туруп,
Азоого атың шайладың.
Армандуу дүйнө кантейин,
Алтымыш жашка чыга элек,
Өлүмгө башың байладың.

Жетекте атың бар туруп,
Жейренге атың шайладың.
Жетимиш жашка чыга элек,
Өлүмгө башың байладың.

Көлөкөң көлгө тийгенде,
Көлөкөңдүн алдында.
Көл элиң жыргап жүргөндө,
Салкының сайга түшкөндө.
Салкыныңдын алдында,
Сан элиң жыргап жүргөндө,
Самабарга кайнаткан,
Чайың калды жалгызым.

Эртеден кечке сүйлөшкөн,
Жарың калды жалгызым.

Кайкалаган асыл жар,
Калкыман аскер кетти деп,
Кандай заман болот деп
Кайгылуу болду биздин эл.

Тектирден теке качпайбы?
Текени мерген атпайбы?
Теңтушу менен бир жүрүп,
Теңелип жыргап жатканда
Тебелеп герман каптады.

Курбудан кулжа качпайбы?
Кулжаны мерген атпайбы?
Курдашы менен бир жүрүп,
Куунап жыргап жатканда
Кууратып герман каптады.

Сагызган конбос колотко,
Сандаган элин коргойм деп,
Сан жигит кетти фронтко.
Көгүчкөн конбос колотко,
Көпчүлүк элин коргойм деп,
Көп жигит кеткен фронтко.

Эми айткан кебимди,
Эми таппай жаңылдым,
Эл үчүн кеткен аскерге,
Эрмегимди сагындым.

Жанакы айткан кебимди,
Жана айтпай жаңылдым,
Жагып кеткен фронтко,
Жан курбумду сагындым.

Басып жүрөм сенделип,
Башыма түшүп пенделик.
Арылбады арманым,
Асил мырза жалгызым,
Арнаган тилек бир келип.

Жашагым келбейт жалганга,
Жалынсыз күйдүм арманга.
Жараткандан тиледим,
Жаныңды аман койгонго.
Жараткан бербей уруксат,
Жаныңа сенин барганга.

Ак шишеде арагың,
Артыңдан издеп бара албайм,
Эркек эмес аялмын.
Көк шишеде арагың,
Көрүнөө ээрчип барышка,
Эркек эмес аялмын.

Сиз алыста жүргөндө,
Учуп чыксам маңдайдан,
Торгой чымчык болсомчу,
Сиз фронтто жүргөндө,
Доктур өзүм болсомчу.

Сарала чымчык болсомчу,
Сап-сап учуп консомчу.
Сиз фронтто жүргөндө,
Санитар өзүм болсомчу.
Чыгат эле арманым,
Кирет эле дарманым.

Ак жоолук менен баш бууган,
Асыл мырза жалгызым,
Артынан издеп жоо кууган.
Көк жоолук менен баш бууган,
Көркөм мырза баатырым,
Артынан издеп жоо кууган.

Алтымыш октуу автомат,
Окопто казып жаткан беймм,
Ата Мекен согушта
Артынан кууган душмандар,
Баатырды карай аткан бейм.

Жетимиш октуу автомат,
Жерди казып жаткан бейм.

Жерибиз үчүн согушта,
Жете албай жүргөн душмандар,
Баатырды карай аткан бейм.

Аргымак аттын куйругун,
Ашыкка ченеп түйгөн бейм.
Бала мырза баатырым,
Кыжырына чыдабай
Ата Мекен согушта
Алдына чаап кирген бейм,
Аңдып турган душмандан,
Ок жаңылып тийген бейм.

Тобурчак аттын куйругун,
Томукка ченеп түйген бейм.
Толкуган мырза баатырым,
Токтонуп анда туралбай,
Topолоң болгон согушта
Эң алдыга кирген бейм.
Байкап турган душмандан,
Ок жаңылып тийген бейм.

Кечпей сууну толкуткан,
Кекетпей жоону коркуткан.
Түшпөй сууну толкуткан,
Түнөрбөй жоону коркуткан.

Ардактап баккан карабет,
Арманым айтып кейидим,
Алыста калды бейитиң.
Күлпеттеп баккан карабет,
Күйүтүң тартып кейидим.
Күнчүлүк калды бейитиң.

Кайран мырза жалгызым,
Кайсы арманым айтайын,
Өбөгү болот жалбыздын,
Өксүгү болот жалгыздын.

Мууну болот жалбыздын,
Муңу болот жалгыздын.

Артынганың туз болду,
Арттырганың кыз болду.
Чылапчынын мис болду,
Чыракданын кыз болду.

Алтындуу бакан жез ыргай,
Ачасыз бакан болбой кал.
Ардактап баккан Турсункан,
Атасыз жетим болбой кал.

Күмүштүү бакан жез ыргай,
Ачасыз бакан болбой кал,
Күлпөттөп баккан жалгыз кыз,
Күйөрсүз жетим болбой кал.

Желедеги жээрден
Жер таанытсаң не болот?
Жергендеги Турсунду
Эл таанытсаң не болот?

Бешик бою Турсунуң,
Бек кызындай болгуча
Эл таанытсаң не болот?

Ак дайра болуп бөлөп жат,
Арканда калган жалгызды
Арбагың менен жөлөп жат.
Көк дайра болуп бөлөп жат,
Артында калган жалгызды,
Кез көрүнө жөлөп жат.

Келеңгер чачпак соорумда,
Келберсийт элем доорунда.
Келеңгер чачпак нурады,
Кеңешпей көзүң өткөн соң,
Келишкен багым куурады.

Чаян чачбак соорумда,
Чайпалат элем доорунда.
Чаян чачпак нурады,
Баатырым көзүң өткөн соң,
Чайпалган багым куурады.

Балапан мырза жалгызым,
Атамжанды көрсөм деп,
Кайгырып ыйлайт бир кызың.
Асыл мырза жалгызым,
Атамжанды көрөм деп,
Арман кылат бир кызың.

Ай асмандын соору экен,
Ардактап баккан жалгыз кыз,
Айдай жаркып жүргөнү
Атасынын доору экен.
Күн асмандын доору экен,
Күлгүндү кийип күлүңдөп,
Күндө жаркып жүргөнү,
Күйөрүнүн доору экен.

Асыл мырза күлканам,
Бир көрүшкө муңканам.
Күлканамдын барында,
Күлгүн көйнөк кийчү элем,
Күлкү менен жүрчү элем.
Бала баатыр барында,
Шайы көйнөк кийчү элем,
Шаани менен жүрчү элем.

Күлканамдын барында
Оозум толгон күлкү эле,
Күлканам көзү өттү эле,
Күлкүм гүлдөй чачылды,
Уйкум чайттай ачылды.

Көйнөгүм көккө малдырдым,
Көңүлүм мунга алдырдым.
Жакамды көккө малдырдым,
Жанымды мунга алдырдым.

Кашкардан келген кат болдун,
Кайгырсам келбес жат болдуң.
Букардан келген кат болдун,
Муңкансам келбес жат болдуң.

Букардан келген матаны,
Булу кымбат кие албайм,
Мырзамды жалгыз өткөрүп,
Мен мурункумдай жүрө албайм.

Кашкардан келген матаны,
Карызы кымбат кие албайм,
Кайраным жалгыз өткөрүп,
Мен кадимкидей жүрө албайм.

Букардан келген каймалдын,
Булунун жүнү тарткысыз.
Мырза жигит жалгызым,
Муңду салдың айткысыз.

Алтынды жезге бурармын,
Армандуу жалгыз өттү дсп,
Ажалым жетип өлгүчө
Арманым айтып куурармын.

Күмүштү жезге бурармын,
Күйөрүм жалгыз өттү деп,
Күнүм бүтүп өлгүчө,
Күйүтүң тартып куурармын.

Бурама кийген билегим,
Мырза жигит өттү деп,
Муңга күйдү жүрөгүм,
Атлес кийген билегим,
Ажалым жетип өлө албай,
Араңдан басып жүрөмүн.

Бурама менин көйнөгүм,
Бура тартчы мойнуңа,
Бул азабың тарттырбай,
Бура тартчы койнуңа.

Атлес менин көйнөгүм,
Алып салчы мойнума.
Арманыңды тарттырбай,
Ала жатчы койнуңа.

## ТАТЫЙДЫН КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОНУ

Чай менен башым жуучу элем,
Чалкалап бейбак турчу элем.
Эми чай гана турмак чама жок,
Чалкаларга дама жок.

Булум бир кийдим белсенип,
Булактап жүрдүм теңселип.
Булум бир чапан чечилди,
Менин мурунку демим кесилди.

Баркыт бир кийдим теңселип,
Басып жүрдүм белсенип.
Баркыт бир чапан чечилди,
Менин баштагы демим кесилди.

Сур жорго минген сен элең,
Субалай чачпак мен элем,
Сур жорго оозу жыйылды,
Субалай чачпак кыйылды.

Кер жорго минген сен элең,
Келенгер чачпак мен элем.
Кер жорго оозу тыйылды,
Келенгер чачпак кыйылды.

Күн тийген тескей боз болот,
Күмүштү соксо нус болот.
Күнү бүткөн кырсыкка,
Биздей бир шордуу туш болот.

Ай тийген тескей түс болот,
Алтынды чапса нус болот.
Ойдогу жок кырсыкка
Мендей шордуу туш болот.

Олтурган жерим шор болду,
Ойлонсо бейбак кор болду.
Жаткан бир жерим шор болду,
Эми санаса бейбак кор болду.

Кырдын бир ташы сен элең,
Кыйма элечек мен элем.
Кырдын бир ташы нурады,
Кыйма элечек куурады.

Сайдын бир ташы сен элең,
Сайма элечек мен элем.
Сайдын ташы нурады,
Сайма элечек куурады.

Тескейдин башы карагат,
Темгили менен кошо кат.
Темтейтип жесир койгуча,
Телмиртпей мени ала жат.

Күңгөйдүн башы карагат,
Гүлү менен кошо кат.
Күйпөйтүп жесир койгуча,
Гүлүстөн курбум ала жат.

## АЙТАЙЫН ИЧКИ ЗАРЫМДЫ

*(Жесирдин кошогу)*

Айры өркөчтүү атан төө,
Атан төөгө жез аштоо.
Калың элдин ичинде,
Кыйын экен сөз баштоо.

Согуш деген курусун,
Каран түн салды башыма.
Тең курбумдан ажырап,
Кайгылуу болдум жашымда.

Айтайын ички зарымды,
Көкүрүктө барымды,
Кошпой кантип коеюн,
Акыреттик жарымды.

Шурум элең мойнумда,
Шумкарым элең койнумда.

Шурум сынды мойнумдан,
Шум германдын айынан,
Шумкарым кетти койнумдан.

Берметим элең мойнумда,
Береним элең койнумда.
Берметим сынды мойнумдан,
Бетпак герман айынан,
Береним кетти койнумдан.

Кызылды кийген мен элем,
Кыя баскан сен элең.
Кызылды кийген куурады,
Кыз алган жарым сулады.

Жашылды кийген мен элем,
Жандай баскан сен элең.
Жашылды кийген куурады,
Жаш алган жарым сулады.

## ДАБАСЫН ТАБАР БАР БЕКЕН?

*(Жесирдин кошогу)*

Алты ай жаткан оорунун,
Дарысын табар бар бекен?
Алыс менен жакындын,
Арасын табар бар бекен?

Алыс менен жакындын,
Арасын табат ченчилер.
Алты ай жаткан оорунун,
Дарысын табат кара жер.

Бурулушта токойдон,
Булбулдун үнү муңайым.
Муңкантып минтип койгуча,
Жаратпай койсо кудайым.

Кайрылышта токойдон,
Карчыга үнү муңайым.

Кайгыртып минтип койгуча,
Жаратпай койсо кудайым.

Артында эки балаңа,
Каниет кылып турайын.
Дүйнөлүк улуу согушта,
Немецтин огу саа тийди.
Алып кетип шум ажал,
Муң-кайгысы маа тийди.
Медер кылып жашармын,
Белекке калган бир кызды.

Адырда жылкың алабаш,
Ардактап сени коюуга,
Артында калган балаң жаш.
Кудүрдө жылкың алабаш,
Күлүк буудан аралаш.
Күлүстөн кеткен момундун,
Күйүттө калды уулу жаш.

Актан кылган кийимге,
Алтындан топчу кадармын.
Артында жалгыз уулуңду,
Атасызга теңетпей,
Ардактап жүрүп багармын.

Көктөн кылган кийимге,
Күмүштөн топчу кадармын.
Күйүттүү калган кызыңды,
Жетимдин ашын ичирбей,
Кылдаттап жүрүп багармын.

Алмалуу булак алаша,
Адамга өлүм каргаша.
Каргаша өлүм болбосо,
Айкалышып бир басып,
Алганым жүрбөйт беле жанаша.

# ЭРДИ-КАТЫН, ЖЕК-ЖААТТАРГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

## ГҮЛЖАРЫМ

*(Күйөөсүнүн кошогу)*

Түндө бир жатып түш көрдүм,
Түшүмдө мүшкүл иш көрдүм.
Казаным сынып калыптыр,
Казанымдын сыныгын,
Караңгы түнгө жорудум.
Канышым Гүлжар корудум.

Казаны сынган пенденин,
Катыны өлөт дечү эле.
Өйдө-төмөн чаптырып,
Өрдөктүн өтүн таптырып,
Бакпайт белем Гүлжарды.

Кыр кырдан коен ууладым,
Кызыл ат минип дууладым.
Канышым Гүлжар өткөн соң,
Кыздуу бир үйгө кире албай,
Кыйынын тартып кууралым.

Адырдан коен ууладым,
Аргымак минип дууладым.
Алганым Гүлжар өткөн соң,
Аялдуу үйгө кире албай
Атала ичип кууралым.

Алайдын тову бурулуш,
Айланып учат улуу куш.
Алганым Гүлжар өткөн соң,
Азамат эрге кыйын иш.

Кеземдин тову бурулуш,
Керилип учат улуу куш.

Келинчек Гүлжар өткөн соң,
Кермурут эрге кыйын иш.

Жармазар баргам кой кошуп,
Гүлжарым бейтап болду деп,
Калкыман бирөө айтты эле.
Чыгып бир кетти жүрөгүм,
Сынып бир кетти билегим.
Жүрөгүм чыкса салынар,
Билегим чыкса таңылар.
Опа, Гүлжарым кайдан табылар.

Эки кесек башыңа
Үйүп бир келдим Гүлжарым.
Эстеп ырдап дартыңды,
Күйүп бир келдим Гүлжарым.

Боз топурак башыңа
Үйүп келдим Гүлжарым.
Боздоп ыйлап дартыңа,
Күйүп келдим Гүлжарым.

Алганым Гүлжар өткөн соң,
Абийрим кайдан жабылат.
Зергерим үйдө болбосо,
Сарамжал кайдан табылат.

Алдым эле Гүлжарды,
Алты тогуз мал менен,
Атамдын кыпчак жайынан
Тору аргымак байынан.
Алдым эле Гүлжарды,
Толгон кыпчак жайынан.

Ашкана калап, чий калап,
Адамдын ичин куйкалап.
Ашканаң кетти алыска
Жыйганым менен тергеним,
Чыгып кетти калыска.

Туурдук калап, чий калап,
Туугандын ичин куйкалап.
Жыйганым менен тергеним,
Чыгып кетти калыска.

## ТУЯНА

*(Күйөөсүнүн кошогу)*

Кара тоодой буратам,
Кара тору Туянам.
Катынча кошуп ыйларга,
Калкымдан жаман уялам.
Кызыл тоодой буратам,
Кызыл тору Туянам,
Кызча кошуп ыйларга,
Кыйрымдан жаман уялам.

Торайгыр, найман, кыпчак деп,
Толгонордон уялам.
Туянаны кошом деп,
Топтон жаман уялам.

Кара айгыр, найман, кыпчак деп,
Кайтарардан уялам.
Катынын кошуп ыйлайт деп,
Калктан жаман уялам.

Жаз кийгениң Туяна,
Букардын буулум кулпусу,
Кыш кийгениң Туяна,
Боз адырдын түлкүсү.

Жай мингениң Туяна,
Алтын куйрук айгашка,
Кыш мингениң Туяна,
Күмүш куйрук чалкашка,
Жайлаганың Туяна,
Алай, Саркол талаасы.

Аркар менен кулжадай,
Айкалышып жатпадым,
Бугу менен маралдай,
Моюн алышып жатпадым.

Эркелешип эрте-кеч
Эзилишип жүрбөдүм.
Эр ортону болгончо,
Биригишип күлбөдүм.

Торко элечек чалынып,
Тойдун көркү Туяна.
Тоту кушун тагынып,
Тойдун көркү Туяна.

Каз элечек чалынып,
Катын көркү Туяна.
Каркырасын тагынып,
Калктын көркү Туяна.
Калы килем жаптырып,
Шурудан буйла тактырып,
Көч баштаган Туяна.

Сейилдикке мингениң,
Буудан чалыш көк жорго,
Эл көчкөндө кийгениң
Букардын буулум кыл торко.
Туянадан айрылган,
Тумшугу жок мен шордуу.

Башыңызда Туяна,
Каркыралуу шөкүлө.
Он жетиде айрылып,
Күнүм бүттү өкүнө.
Бир жыл оюн сүрбөстөн,
Мен жүрөмүн өкүнө.

Телкисинен айрылган,
Кулан болдум, Туяна.
Улуу тоонун боорунда,
Улар болдум, Туяна.

Улутунуп үшкүрүп,
Кумар болдум, Туяна.
Күкүк менен Зейнектей,
Убал болдум, Туяна.

Баскан изиң мага зар,
Туман болду, Туяна.
Жубайымдан айрылып,
Сыңар болдум, Туяна.
Жар боорунда жалгыз тал,
Сыңар болдум, Туяна.

Бадана көйнөк, шумкар көз,
Кан тамчылап жаагыңдан,
Толгон айдай толукшуп,
Кар түшкөндөй агыңдан,
Чолпондой жүзү жаркырап,
Туянам учту жаныман.

Өрттөнүп барат ич күйүп,
Кызыл чок болуп жалындан.
Армандуу чиркин дүнүйө!
Алганынан айрылган,
Азаптуу мендей болобу?

Боюң терек чынардан,
Өзүң таза тумардан,
Моюн алышып жатышып,
Чыга албадым кумардан.

Үнүң муңдуу улардан,
Сының артык суналган.
Өзүң булбул карача,
Жытың жыпар балача.

Өңдү берген кудайым,
Акылыңа жараша.
Асман түшөт үстүмө,
Ар кыялың санасам.
Ач койнуңду, Туяна,
Бир жаталы жанаша.

Асмандагы периште,
Кылсын бизге тамаша.
Бир жаталык, өбүшүп,
Кетсин жүрөк жарасы.
Бир күнү келер жан алгыч,
Таба албасмын арача.

Жаркыраган керме каш,
Жазы мандай колоң чач,
Күйүтүңө чыдабай,
Көөнүм айнып болом мас.
Айрып кетти боору таш,
Жаны бирге Туянам,
Бир жаталы койнуңду ач.

Көнөктөй болуп төгүлөт,
Кан аралаш көздөн жаш.
Күйүтүңдүн дартынан,
Кызыл жүзүм болду саз.

## КҮЛЖАРЫМ

*(Күйөөсүнүн кошогу)*

Күлжарым чаңдуу чачпак салынган,
Жаккан оттой камынган,
Күлжарым, курдашына жагынган.
Күмүштүү чачпак тагынган,
Күйгөн оттой камынган,
Курдашына жагынган.

Каз элечек тартынып,
Калк баштаган Күлжарым.
Торко элечек тартынып
Той баштаган Күлжарым.

Күлжарым тоодо жүргөн түлкү элең,
Топ жигитке күлкү элең.
Күлжарым адырда жүргөн түлкү элең,
Сан жигитке күлкү элең.

Кашымда карап турганда,
Жыргал элең, Күлжарым.
Камчыдагы салымдай,
Ыргай элең, Күлжарым.

Күлжарым көзү барында,
Ак кайың түбү булакпыз,
Ар жакшы менен ынакпыз.
Күлжарым, ак кайың түбү кат болду,
Ар жакшы бизден жат болду.

Күлжарым көзү барында,
Көк кайың түбү булакпыз,
Көп жакшы менен ынакпыз.
Күлжарым, көк кайың түбү кат болду,
Күлжарым көзүң өткөндө,
Көп киши бизден жат болду.

Күлжарым кулжачар жатат ойдунда,
Кудай сүйгөн пенденин,
Курдашы жатат койнунда.
Кудай сүйбөс мен бакыр,
Курушуп жатам ордумда.

Күлжарым текечер жатат ойдунда
Тел мүйүзү мойнунда,
Теңирим сүйгөн пенденин,
Теңтушу жатат койнунда,
Теңирим сүйбөс мен бакыр,
Курушуп жатам ордумда.

Ашыгы менен Күлжарым,
Адамдан ашык мен жарым.
Күлпөтү менен Күлжарым,
Күлкүсү жакшы мен жарым.

## ӨЗ ЖАРЫМДАН АЙРЫЛЫП

*(Күйөөсүнүн кошкону)*

Дабыр-дубур күн жааса,
Муздагандан айтамын.
Өз жарымдан айрылып
Сыздагандан айтамын.

Базар үйүм бузулуп,
Баш кеткенден айтамын.
Келинчектей Күлжарым,
Укурук бойлуу узун чач,
Күлжаным уланында кеттиң жаш.

Кереге бойлуу керме каш,
Келининде кеттиң жаш.
Уланында кетерби,
Урматтуу жашы өчөрбү?
Келининде кетерби
Келин аты өчөрбү?

Сапарга барган кеп досум,
Сапар тилеп кайткан жок,
Жан жолдошуң оору деп,
Бирде бирөө айткан жок.

Кошунга барган көп кошун,
Жолу болуп кайткан жок.
Жолдошуң Күлжар оору деп,
Бирде бири айткан жок.

Жан жолдошум келсин деп,
Ак жүзүмдү көрсүн деп,
Күлжарым каттоочудан айтсачы,
Анан акырет жайга кайтсачы.

Алты канат ак үйүң,
Аркасынан капшырдың,
Алды каткан эки кыз,
Аны кимге тапшырдың?

Жети канат ак үйүң,
Желкесинен капшырдың,
Жетим калган эки кыз
Жетимди кимге таштадың?

Томогодой ак ордо
Үйүң калды Күлжарым.
Чымын канат чырмаган,
Чийиң калды Күлжарым.

Ак өргөөндү чечип кет,
Ак мээриңден кечип кет,
Күлжарым анан кийин көчүп кет.
Ала канат ашкана,
Ак жагынан жыйып кет,
Алды каткан эки кыз
Көзүнүн жашын тыйып кет.

Кийген тону шоодурайт.
Энекем качан келет деп,
Эки көзү жоодурайт.
Маана, Напай эки кыз,
Балдарың ыйлап чыркырайт.
Балдардын үнүн укканда,
Сай-сөөгүм зыркырайт.

Алыска сапар барганда,
Айрылып калдым жарымдан.
Арманым айтып өтөрмүн,
Күлжарым сенин зарыңдан.

Ургаачыдан башкача
Урматтуу элен Күлжарым.
Сыпатың башка адамдан,
Зыйнаттуу элең Күлжарым.

Күлжарым сендей жар болбос,
Күйгөнүмдө ар болбос.
Күйүтүң тартып боздогон,
Мендей мундуу жан болбос.

## САНААДАН КЕТПЕЙТ АМАЛ ЖОК

*(Күйөөсүнүн кошогу)*

Өгүздү миндим бел аштым,
Өпкөнү каргыш дебесмин.
Өлгөнчө кылган шертим бар,
Өлгөнчө жубан дебесмин.

Качырды миндим бел аштым,
Каргышты май дебесмин.
Өзгөчө кылган шертим бар,
Карганча жубан дебесмин.

Керидеги кекилик,
Эки жашар бу балам
Койнумда калды секирип,
Сагызган учуп жеталгыс,
Сар ойго түшүп кетипсиз.
Сары ойдо чаңдак шамал жок,
Санаадан кетпейт амал жок.

Көгүчкөн учуп жеталгыс,
Көк ойго түшүп кетипсиз,
Көк ойдо чаңдак шамал жок,
Көөнүмдөн кетпейт амал жок.

## ГҮЛЖАРЫМ

*(Күйөөсүнүн кошкону)*

Кыз алганым гүлжарым,
Кыйышпас жолдош дилбарым.
Жаш алганым гүлжарым,
Жанымда жолдош дилбарым.

Жалдырап калган балдарым,
Жан жолдошум алганым.
Муңайып ыйлайт балдарым,
Мурунтан тандап алганым.

Келгиче болбой саламат,
Шул жериде арманым.
Уулумду сылап бакканым,
Урматың менен жакканым.

Кызымды сылап бакканым,
Кызматы мага жакканым.
Орозгердин доорун,
Ойлонуп жүрүп тапканым.

Кештени тиккен чеберим,
Көңүлүн ишке берерим.
Капалык түшсө башыма,
Кейитпей көөнүм сурарым,
Кайда экен менин бурагым?

Буралып атым байларым,
Үй кызматын жайларым.
Үзүлбөй чайы кайнарым,
Теңтуштарым келгенде,
Кубанып турчу жайдарым.

Камчымды төргө илерим,
Кадырымды билерим.
Бары-жокту билгизбей,
Жамандык сөзүн тийгизбей,
Жаңырган айдай жүрөрүм,
Жаркырап ойноп күлөрүм,
Жаныма жаккан өнөрүң.
Эсил менин гүлжарым,
Эне-атам кошкон дилбарым.

Балдарымдын жабдыгы,
Ак үйүмдүн сандыгы.
Сындап салган сарайым,
Эгесиз каптыр аңгырап,
Ташполот менен Анаргүл,
Апасыз каптыр жалдырап.

Аскердик милдет өткөрүп,
Балдарымды багат деп,

Ишенип жүрдүм өзүңө,
Гүлжарым көзүң өтүптүр,
Кан уюду көзүмө.

Аскерде жүрүп түш көрсөм,
Сынган экен казаның,
Айнектей тунук гүлжарым,
Жеткен экен ажалың.
Апасы жок жалдырап,
Калган экен балдарың.

Өлгөнүңдү билбестен,
Мен жүрүпмүн алганың.
Келсем үйдө сен жоксуң,
Үшкүрсөм бошойт дарманым.

Апа деп ыйлайт Ташполот,
Армандуу көзгө жаш толот.
Гүлжарым сени эстесем,
Ачылбай көөнүм гаш болот.

Кызыл жибек саймалуу,
Түрүң каптыр жыйылып.
Кызгалдактай жасалуу,
Үйүң каптыр жыйылып.

Кызың ыйлайт Анаргүл,
Кылгырып жашы куюлуп,
Кыяматтык гүлжарым,
Кылчайып келбейт бурулуп.

Ташполот ыйлайт чыңырып,
Тамчылап жашы куюлуп.
Дагыңды тартат балдарың,
Гүлжарым келбейт бурулуп.

Кадырлашым гүлжарым,
Кабарыңды укпадым.
Мен аскерден келгенде,
Кашкайып күлүп чыкпадың.

Каныш айым гүлжарым,
Керээз сөзүң укпадым.

Алыстан аскер мен келсем,
Алдымдан тосуп барбадың.
Алты ооз сүйлөп сөздөшүп,
Кумардан чыгып калбадым.

Мен келгиче гүлжарым,
Балдарга башчы болбодуң.
Кербендей үйдө кеңешип,
Дидарыңа тойбодум.

Аскерден жөнөп кайтканда,
Көрсөм деп кылдым тилегим.
Көркөм менин гүлжарым,
Көңүлү жумшак зирегим.

Ташкенден поезд өткөндө,
Опколжуду жүрөгүм.
Жүрөгүм ойноп турбады,
Өткөн экен гүлжарым.

Чын ажалдын ираси,
Жеткен экен гүлжарым.
Жаткан жериң белгисиз,
Бекем бекен гүлжарым.
Бизге окшогон армандуу,
Нечен экен гүлжарым.

Көрөмүн деп ойлодум,
Үмүтүмдө гүлжарым.
Көрүнөө ыйлап мен тарттым,
Күйүтүңдү гүлжарым.

Жаткан жерим төшөксүз,
Жердей болду гүлжарым.
Аккан жашым токтобой,
Селдей болду гүлжарым.

Кармаганым колумда,
Полот калам гүлжарым.
Апам дешип ыйлашат,
Эки балаң гүлжарым.

Балдарды көрсөм башымда,
Акыр заман гүлжарым.
Жерге кылкан болгондур,
Кара чачиң гүлжарым.

Жыдып көчүп түшкөндүр,
Калем кашың гүлжарым.
Бул дүйнөдөн өчүптүр,
Сенин атың гүлжарым.

Кандай жерде калды экен,
Сенин колуң гүлжарым.
Топуракка бөлөнүп,
Гозо боюң гүлжарым.

Бешенеме жазылган,
Күйгөн шорум гүлжарым.
Өзүң артык жан элең,
Таза порум гүлжарым.

Жанагы деп сүйлөгөн,
Ширин сөзүң гүлжарым.
Дүнүйөдө түгөнбөс,
Малым элең гүлжарым.

Түпкүлүгүң өмүрлөш,
Жарым элең гүлжарым.
Көңүлүмө жактырган,
Айым элең гүлжарым.

Ак үйүмдү чайпалтпас,
Кутум элең гүлжарым.
Кадырлашып тең өскөн,
Кишим элең гүлжарым.

Жайдары койдун жүнүнөн,
Килем кылган гүлжарым,
Жайын-кышын үйүмдү,
Шилен кылган гүлжарым.

Булгарыдан терлигим,
Мурун пычкан гүлжарым.

Буралып үйдөн мен келсем,
Мурун чыккан гүлжарым.

Көк кийизден терлигим,
Мурун пычкан гүлжарым,
Көйкөлүп үйдөн мен келсем,
Мурун чыккан гүлжарым.

Төшөгүмдү төрт бүктөп,
Төргө салган гүлжарым,
Ачуулансам сүйлөшүп,
Жанга салган гүлжарым.

Жансарыны саймалап,
Манат кылган гүлжарым.
Иче турган чайимди,
Нават кылган гүлжарым.

Кие турган тонумду,
Кабат кылган гүлжарым.
Туткан үйүн кызытып,
Ават кылган гүлжарым.

Калпагымдын четини,
Чыраз кылган гүлжарым.
Чепкен бычса далима,
Ирас кылган гүлжарым.

Ичигимдин чекесин,
Бара кылган гүлжарым.
Мейман келсе үйүгө,
Чайы таяр гүлжарым.

Дасторкондо жасалуу,
Наны таяр гүлжарым.
Камдиги жок мейманга,
Баари таяр гүлжарым.

Тең курбум эсен келсе деп,
Тилек кылган гүлжарым.
Катар жүгүн төрүдө,
Паймант кылган гүлжарым.

Мен аскерге кеткенде,
Кайрат кылган гүлжарым.
Кош паныздуу чырагын,
Таза жаккан гүлжарым.

Ташполотту жетилтип,
Таза баккан гүлжарым.
Анаргүлдүн чачыга,
Тумар таккан гүлжарым.

Басканында өөн жок,
Жерге жаккан гүлжарым.
Мейман үчүн астайдил,
Элге жаккан гүлжарым.

Ынтымакка киргизген,
Тууганымды гүлжарым.
Курсант кылган үйдөгү,
Мейманымды гүлжарым.

Мейман үчүн сарп кылган,
Жыйганымды гүлжарым.
Жаркыратып төргө илген,
Айнегимди гүлжарым.

Кирдетпестен кармаган,
Чайнегимди гүлжарым.
Өзүн менен өткөрдүм,
Жаштыгымды гүлжарым.

Эркелетип тараткан,
Мастыгымды гүлжарым.
Эми айтамын зар какшап,
Кимге датым гүлжарым.

Аскерде жүрүп жетпеди,
Сага катым гүлжарым.
Өлүм чиркин зор экен,
Алып кеткен гүлжарым.
Бул күйүттү курбуңа,
Салып кеткен гүлжарым.

Он сегизде турмушуң,
Бирге болду гүлжарым.
Береке менен касиет,
Үйдө болду гүлжарым.

Аскерге барып эл үчүн,
Мен бөлүндүм гүлжарым.
Мен келгиче пурсат жок,
Сен бөлүндүң гүлжарым.

Балдарды көрүп көзүмдөн,
Жаш төгүлдү гүлжарым.
Көргөнү келсе туугандар,
Билинбейсиң гүлжарым.

Жактыгыны башыдай,
Тарткан экен гүлжарым.
Мен келгиче турпакка,
Жаткан экен гүлжарым.

Укуругу өлүмдүн,
Шашкан экен гүлжарым.
Ажалиң жетип сен кеттиң,
Мен башында болбодум.
Мейманыңа саңа атап,
Кол менен койду сойбодум.

Жан барында келбедим,
Тогуз катар кийимди,
Жуучуңа бербедим.
Кыйаматтык жубайым,
Сага тийсин дебедим.

Көзүң тирик чагында,
Ташполотко той кылып,
Киргизбедим келинди.
Келген экен кадалып,
Тосо албадым өлүмдү,
Күйгөнүмдөн ырдадым,
Гүлжарым сенин жөнүңдү.

Аскерге кеттим коштошуп,
Көрбөдүм тирик өзүндү.
Эсенбисиң курбум деп,
Кармабадым колуңду.
Балдарың жетим сен өлүп,
Куруттуң менин шорумду.

Жер тагидан көрбөймүн,
Суналган таза боюңду.
Гүлжарым сенден айрылдым,
Каргаша кылдың жолумду.

Сабыламын таппаймын,
Сардалым сенин өзүндү.
Заркырап балдар көп ыйлап,
Самсытты жашка көзүмдү.

Жан жолдошум Гүлайым,
Жанашып өскөн жубайым.
Жанымдай көргөн Ташполот,
Уулумду кубат кылайын.

Кыйамат бир жарым Гүлайым,
Кыйналсам кандай турайын.
Өзүндөн калган бир белек,
Акылы артык Анаргүл,
Кызымды кубат кылайын.

Чыракты үйдө жагармын,
Балдарды эптеп багармын.
Ташполот жүрүп эр жетер,
Көңүлдөн шондо кир кетер,
Ыйлай берсем бул бекер.
Жаратылган кишиге,
Өлүм чиркин бир жетер.

Кызың ыйлар сызылып,
Кылчайып көөнү бузулуп.
Анаргүл жүрүп бой жетер,
Армандуу ичтен ой кетер.
Кыз эненин ынагы,
Эсимден кетер бу дагы.

# КҮЙӨӨСҮ ӨЛГӨН АЯЛДАРДЫН КОШОГУ

## БЕК УУЛУНДАЙ КАЙРАН БЕК

*(Жесиринин кошогу)*

Күмүштөн каргы илдирип,
Күлүктүгүн билдирип,
Күлүк тайган ит баккан,
Ал тайганың нени алган,
Берметтүү аппак түлкү алган.

Ал түлкүнү алам деп,
Бектер келген үйүнө,
Бектерден каалап тенге алган,
Бек уулундай кайран бек,
Кайсы өнөрдөн кем калган.

Алтындан каргы илдирип,
Артыктыгын билдирип,
Алгыр тайган ит баккан,
Ал тайганы нени алган?
Берметтүү аппак түлкү алган.

Босого ташты айланган,
Боз бучкак түлкү байланган.
Боз бучкагын кердирген,
Батикесин тердирген.
Боз ала жорго ат минип,
Кимдин уулу дедирген.

## АЙТСА АРМАН КОЗГОЛОТ

*(Жесиринин кошогу)*

Бысмылда сөздүн алысы,
Топурак адам денеси.
Алдадан буйрук келген соң,
Мойнун бир бурбайт пендеси.

А кудуреттин барманы,
Кулпу жулуп алгалы.
Кудурет балбан болбосо,
Боору бүтүн башы эсен,
Канакей журтта калганы?

Теңиримдин барманы,
Терезе жулуп алгалы.
Теңирим балбан болбосо,
Боору бүтүн башы эсен,
Канакей журтта калганы?

Ал ошондой экен жалганы,
Пайгамбар башка салганы.
Байгамбардын Батма кыз,
Бу да бир ыйлап калганы.

Колодон куйган кор кумган,
Даарат алып бет жууган.
Алдадан буйрук келген соң,
Кылчайбастан көз жумган.

Жезден куйган мис кумган,
Даарат алып бет жууган,
Жебирейилден буйрук келген соң,
Ал акырет көздөй көз жумган.

Айдын бети боз болот,
Айтса арман козголот.
Күндүн бети боз болот,
Күйсө күйүт козголот.

Карадан кылган тор кежим,
Кара бир нарга жабылбайт.
Карадан макмал жеңи тар,
Бу да жүккө жабылбайт.
Кайрылбас жакка кеткен соң,
Кайрылып бизге табылбайт.

Кызылдан кылган тор кежим,
Кызыл бир нарга жабылбайт.

Кызылдан макмал жеңи тар,
Бу да бир жүккө жабылбайт.
Кымбат жаның кеткен соң,
Кылчайып кайра табылбайт.

Күмүштөн кылган абайым,
Күлүк атка жабайын.
Күл бейиш кеткен кайранды,
Kууп кайдан табайын.

Алтындан кылган абайым,
Аргымак атка жабайын.
Акырет кеткен кайранды,
Издесем кайдан табайын.

Күмүштөн чака тыйынга,
Күйгүзүп бизди кеттиңиз,
Күл бейиште жыйынга.
Кайрылып кайта келбейсиз,
Калгандарга кыйын да.

Алтындан чака тыйын да,
Акырет алып кетиптир,
Алаамат жайы жыйынга.
Ошол жайдан келбейсиз,
Калгандарга кыйын да.

## ЖАШ МЫРЗАМ

*(Жесиринин кошогу)*

Жаш мырзам,
Алтындан кемер курчанган,
Айдай бетин нур чалган.
Алдадан буйрук иш экен,
Жаш мырзам,
Акырет кетип тынч алган.

Жаш мырзам,
Күмүштөн кемер курчанган,

Күндөй бетин нур чалган.
Кудайдан буйрук иш экен,
Жаш мырзам,
Күн тийбес жерден тынч алган.

Карайган тоонун кырчасы,
Жаш мырзам,
Калың журттун мырзасы.
Кызыл тоонун кырчасы,
Жаш мырзам,
Кыл муруттун мырзасы.

Алтындан эле бармагың,
Ай тийбес болду чарбагың.
Чарбагыңдан чакырып,
Жаш мырзам,
Кошуп бир алсын арбагың.

Күмүштөн эле бармагың,
Күн тийбес болду чарбагың.
Чарбагыңдан чакырып,
Жаш мырзам,
Кошуп бир алсын арбагың.

Жетим деген не болот,
Балдарың жергесинен кем болот.
Мойну кулач жез болот,
Балдарыңдын жаш мырзам,
Өңү сары жез болот.

Карып бир деген не болот,
Катарынан кем болот.
Балдарың качан эр жетет,
Эр жеткенче эс кетет.
Мен карабет бейбактын,
Этеги толо жаш кетет.

Жаш мырзам,
Түнөргөн көрдө сен жалгыз.
Түмөндүү бүлө мен жалгыз.
Караңгы көрдө сен жалгыз,

Жаш мырзам,
Капшыттуу үйдө мен жалгыз.

Кызыл бир куйрук кызыл нар,
Кыбланы карай тез кетти.
Кыз алган мендей бейбакты,
Жаш мырзам,
Кыямат жайдан издетти.

Кара куйрук кара нар,
Кыбланы көздөй тез кетти,
Кыз алган мендей бейбакты,
Жаш мырзам,
Караңгы жайдан издетти.

Кара бир чапан бойлошум,
Караңгы жайлык жолдошум.
Кызыл чапан бойлошум,
Жаш мырзам,
Кыяматтык жолдошум.

Бедедеги көрүнгөн,
Кекилик куштун жөжөсү,
Жаш мырзам,
Кер муруттун төрөсү.

Кыядагы көрүнгөн,
Кыргыек куштун жөжөсү.
Жаш мырзам,
Кыл муруттун төрөсү.

Алтындан кылган үбөлүк,
Атакем кошкон түбөлүк.
Түбөлүк сенден ажырап,
Бейбагың калды түнөрүп.

Күмүштөн кылган үбөлүк,
Атакем кошкон түбөлүк.
Түбөлүк сенден ажырап,
Кара бет калды түнөрүп.

Кырчын терек новдалап,
Жаш мырзам,
Кытайга барган соодалап.
Кытайга барып не алдың,
Кыз алган бейбак кийсин деп,
Кызылдан макмал тон алдың.
Кызыл бир макмал желбегей,
Кыз алган жарың мен калдым,
Кытайга түшкөн пендедей.

Карадан терек новдалап,
Жаш мырзам,
Казакка барган соодалап,
Казакка барып не алды
Кара бет бейбак кийсин деп,
Карадан макмал тон алдың.
Кара бир макмал желбегей,
Карабет бейбак мен калдым,
Казакка түшкөн пендедей.

Учуп да учуп кутулбас,
Учаган түштү баймака
Үч уктасам түштө жок,
Жаш мырзам,
Убайым түштү бейбакка.

Кача да кача кутулбас,
Качаган түштү баймакка.
Катуу уктасам түштө жок,
Жаш мырзам,
Кайгы түштү бейбакка.

## АЙ АРАСЫ БУЛУТТАП

*(Жесиринин кошогу)*

Буурулду минсең бели бош,
Бурулбай кеттиң кайыр кош.
Караны минсең бели бош,
Кайрылбай кеттиң кайыр кош.

Ай арасы булуттап,
Азабың турат килектеп.
Күн арасы булуттап,
Күйүтүң турат күлүттөп.

Кытайдын жолу кырк күндүк,
Жакшы аттууга бир күндүк.
Кылыгың өтөр миң күндүк.

Саймалуу калпак, сары шым,
Санаалаш сизден ажырап,
Саргайып үйдө калышым.
Булгары калпак, сары шым,
Мустайып сизден ажырап,
Муңканып үйдө калышым.

Буулум бир эле төшөгүң,
Букары эле эшигиң.
Буулум бир төшөк жыйылды,
Букары эшик жыйылды.

Ай тийбес кара кыланга,
Ак кептер эргип кончу эле.
Алтындан кылган тагына,
Акимдер келип кончу эле.

Сенин бир көзүң өткөн соң,
Ак кептер турсун жел келбейт,
Акимдер турсун эл келбейт.
Артында калган карабет,
Адамга сөзү тең келбейт.

Күн тийбес кара багына,
Күкүктөр эргип кончу эле.
Күмүштөн кылган тагына,
Күүнадыр келип кончу эле.

Сенин бир көзүң өткөн соң,
Күн тийбес кара багына,
Күкүктөр турсун жел келбейт.
Күүнадыр турсун эл келбейт.
Артында калган карабет,
Күндөргө сөзү тең келбейт.

## КОЙЧУНУН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Топчу бир кулак тору атың,
Толгой токуп минчү элең.
Топ жыйылып келгенде,
Торгойдой сүйлөп берчү элең.

Кайчы бир кулак кара атты,
Кайра токуп минчү элең.
Арсар калган мен бейбак,
Ай көрүнгүс бак алдым,
Тагың таштан кулады,
Багың бир күндөн куурады.

Жазгы бир конгон жериңе,
Жаралуу марал оттосун.
Кайран бир байлар кана деп,
Жайылган малын жоктосун.

Күзгү бир конгон жериңде,
Күрдөөлдү марал оттосун.
Кайран бир байлар кана деп,
Күрпөңдөрүң жоктосун.

Коктуга мыя бүтөрбү,
Кой кайтарган жериңде,
Кокустан ажал жеттиби.
Кара тоо башын күн чалды,
Капталдай басып келгенде,
Кадырлуумду көчкү алды.

Чокунун башын күн чалды,
Кыялай басып келгенде,
Куюндуу малды багам деп,
Кымбаттуумду көчкү алды.
Баарынан айрылып,
Арсарың бейбак тул калды.

Айылың чети түз болгон,
Айдаган малың жүз болгон.
Ааламда сиздей ким болгон.

Короондун чети кык болгон,
Короого койлор жык толгон.

Узун бир кайыш бир тизгин,
Улап бир тилем дейт элең.
Ушул жердин жайытын,
Өзүм билем дейт элең.

Эми бир өтөт кадырың,
Карарып калды адырың.
Калкыман кеткен ардагым,
Эми кара бетке өтөт кадырың.

## БЕРЕНИМ САПАР СЫЗГАНБЫ?

*(Жесирдин кошогу)*

Томуктуу жилик мүлжүттүң,
Токсонго чыккан атаңды,
Токту койдой мүргүттүң.
Ашыктуу жилик мүлжүттүң,
Арканда калган энеңди,
Арык койдой мүргүттүң.

Таалайымдын тайкысы,
Тумшугумдун кайкысы.
Бактым бактан учканбы,
Береним сапар сызганбы.

Куюшкан салып ат минген,
Курдаштын сырын бүт билген.
Тердик салып ат минген,
Теңтуштун жайын бат билген.

Асылым менин айтканым,
Жүккө килем жайганым.
Билгендер куран окусун,
Мына менин айтканым.

Асмандан учкан боз торгой,
Акырек жүнү бош болгой.

Акырет кеткен беренім,
Ур баласы дос болгой.

Көкөлөп учкан боз торгой,
Көкүрөк жүнү бош болгой.
Көз ачык кеткен асылым,
Ур баласы дос болгой.

Кызыл көйнөк кырмызы,
Кызматкер болсун ур кызы.
Жашыл көйнөк кырмызы,
Жанында жүрсүн ур кызы.

Эшиктин алды чиедир,
Чиеге колум тиедир.
Беренимди санасам,
Жүрөгүм оттой күйөдүр.

Сунган бутум тарталбай,
Айкүнөө сөзүм айталбай,
Жаратат экен кудурет,
Адамдын акын кайтарбай.

## САЛЫНДЫ АЯЛДЫН КОШОГУ

Койнумдан шуру төгүлдү,
Кошоюн берен өзүндү.
Калайык угуп тындачы,
Армандуу менин сөзүмдү.

Койнумдан бермет чачылды,
Жайдым түйдөк чачымды.
Жалооруп кара салынам,
Бүгүн арманым менин ашынды.

Айтпай кантип коёюн,
Акырет кеткен асылды.
Көрөр күнүм жокко деп,
Илбирстей ичим ачынды.

Асылын көрбөй жыргалды,
Мендей шордуу кысталды.
Атасын таап бералбай,
Ары жок чунак кыздарды.

Аксуунун башы музду айтам,
Асырап мени сактабай,
Арманда кеткен сизди айтам.
Көксуунун башы музду айтам,
Көрүнө мени зарланткан,
Күйгүзүп кеткен сизди айтам.

Аксуунун башын бууганбы,
Акка моюн сунганбы.
Көксуунун башын бууганбы,
Көрбөй жаным арманда,
Күлөйрон көзүн жумганды.

## КҮЙКӨНҮН КОШОГУ

*(Жесиринин кошогу)*

Коко куурай колотум,
Кош эле миздүү болотум.
Болотумдан айырып,
Алданын несин короттум.

Куурайлуу менин колотум,
Курч эле миздүү болотум.
Курдашымдан айырып,
Кудайдын несин короттум.

Кайрак таштын бүлөсү,
Асылым кан Шапактын күйөөсү.
А дүйнө кеткен момунум,
Көтөрүлдү душман сүбөсү.

Бек Шапактан кыз алган,
Бейбаш болуп чуу салган.
Ажалындан өлгөндө,
Болбойт эле менде арман.

Манаптардан кайынын,
Маскара болду зайыбын..
Кытайга качкан оңбосун,
Жакшы укпадым дайынын.

Буудай чыгат сабактап,
Сабагынан дан бөлөк,
Артында калган энекең
Өлөйүн десе жан бөлөк.

Күрүч чыгат күрмөлөп,
Күрүчүнөн дан башка.
Аркандагы атакең,
Өлөйүн десе жан башка.

Арпа чыгат кылкандуу,
Асылым акка моюн сунганбы.
Табасы каnып душманын,
Санаасы эми тынганбы.

## КАКЕШТИН КОШОГУ

Маңдайдагы бадалга,
Балта тийип жоюлду.
Манабым менин асылым,
Кандай жайга коюлду.

Керидеги бадалга,
Керки тийип жоюлду,
Керилген менин манабым,
Кандай жайга коюлду.

Суу боюнда суу марал,
Суусаганын суу билет.
Артындагы бейбактын,
Сумсайганын ким билет.

Керүүдөгү маралдын,
Кепшегенин чөп билет.
Артындагы бейбактын,
Кейигенин ким билет.

Асылымдан бала жок,
Кыздан мага пана жок.
Кагылайын калайык,
Кабыргама тийди ок.

Шазабек уулу айылы,
Айтылуу Шапак кайыны,
Асылым кетти шашылыш,
Угулбады дайыны.
Күн арасы ачылыш,
Күлүстөн кетти шашылыш.

Самооруң алтын жез беле,
Сапарга кетер кез беле,
Аптаваң алтын жез беле,
Акырет кетер кез беле.

## ТОЛГОНОРУМ АСЫЛЫМ

*(Жесиринин кошогу)*

Таруу жебей таш чайнап,
Талкаланды тишибиз.
Таалайым тайкы биз шордуу,
Кандай болот ишибиз.

Күрүч жебей таш чайнап,
Күбүлүп калды тишибиз.
Күнөкөр болуп жалганда,
Кандай болот ишибиз.

Буудай жебей таш чайнап,
Бузулду биздин тишибиз.
Буркурап ыйлайм кудайга,
Муңканам кандай ишибиз.

Толгомолуу камчымды,
Тору ат басып сындырды.
Толгонорум асылым,
Жалаңкыч алып тындырды.

Кадамалуу камчымды,
Кара ат басып сындырды.
Кайрыларым асылым,
Ажал тооруп тындырды.

Борой-борой күн жааса,
Боз жорго келбейт жем үчүн.
Боздоп-какшап ыйласам,
Боз туйгун келбейт мен үчүн.

Кардап-кардап күн жааса,
Кара атың келбейт жем үчүн.
Какшап-боздоп ыйласам,
Берениm келбейт мен үчүн.

Өчүрүп жалын арманды,
Мен ыраазы боломун,
Бир көрүп өлсөм жарымды.

## АЙ АСМАНДЫН БООРУ ЭКЕН

*(Жесиринин кошогу)*

Ай асмандын боору экен,
Айдай жаркып жүргөнүм,
Гүлпайымдын доору экен.
Күн асмандын боору экен,
Күндөй жаркып жүргөнүм,
Гүлпайымдын доору экен.

Гүлпайымдын барында,
Чайнаганым май эле,
Чайпаганым чай эле.
Гүлпайым көзү өткөн сон,
Чайнаганым уу болоор,
Чайкаганым суу болоор.

## КЫДЫР УДАЙЧИГЕ

*(Аялынын кошогу)*

Кылымдан тандап бирди алган,
Кыргыздан тандап бизди алган.
Биз карабет тул калып,
Улиттан тандап бизди алган,
Оштан тандап сизди алган,
Сиз кара бет тул калган.

Удайчидан үч уул,
Датка акемден беш уул,
Эсен болсо эр жетер,
Эр жеткиче эс кетер.

Чарайна деген савилди,
Чарчи бойга тартканиң.
Буулга деген савилди,
Тулку бойга тартканың.
Белдемчи деген савилди,
Бекеси бойга тартканың.

Басып жүргөн жеринен,
Базарлуу шаар көринет.
Олтурип жүргөн жеринен,
Ордолуу шаар көринет.
Токсон баштуу ак үйдөн,
Тобирчак миндиң жөнедиң,
Тозокко башиң бөледиң.
Алтымыш баштуу ак үйдөн,
Аргымак миндиң жөнедиң.
Азапка башиң бөледиң.

Барарда атың камчылап,
Келерде каның тамчылап,
Барарда атың жоргалап,
Келерде каның шоргалап.

Кылычың алган эрендер,
Кыйша болот дегендер.

Бөктерге алган эрендер,
Бөтөнчө олжа дегендир.

Чакмагың алган эрендер,
Чакатай баатыр дегендир.
Өтигиң кийген жигиттер,
Өткүр жигит дегендир.

Атың минген эрендер,
Арзыкул жигит дегендир.
Саймалуу калпак төбеси,
Сан жигиттин төреси.

Кештелүү калпак төбеси,
Эр мурииттин төреси.
Оймалуу калпак төбеси,
Он жигиттин төреси.

## КӨТӨРБӨСКӨ АЙЛАМ ЖОК

*(Жесиринин кошогу)*

Карарган тоодон күн чыкты,
Кайгырган бейбак үн чыкты.
Кайгырсам айтам арманды,
Казыркы дүйнө жалганды.
Көтөрбөскө айлам жок,
Башыма кудай салганды.

Берген кудай өзү алды,
Мен бейбак ыйлап тул калды.
Тагдырым сизди жараткан,
Жасаган эгем өзү алды.

Жатындаш болгон тууган жок,
Жалдырап ыйлап мен калдым.
Берген кудай өзү алды,
Мен бейбак ыйлап тул калды.

Эшикте малың ээлерге,
Энелеш тууган ким калды?

Эсиңен чыкпай эл калды.
Ээрчишкен жарың тул калды.

Артында малың ээлерге,
Аталаш тууган ким калды?
Акылдан чыкпай ыйлаган,
Арканда бейбак тул калды.

Калайлуу сенин чайдоосуң,
Кан уруу сенин жан досуң.
Медерлүү сенин чайдоосуң,
Бек уруу сенин жан досуң.

Медерлүү чайдоос дат болду,
Бек уулу сенден жат болду.
Калайлуу чайдоос дат болду,
Кан уулу сенден жат болду.

Саймалуу калпак сары шым,
Саяктан келет таанышың,
Ал таанышың келгенде,
Жаңшап ыйлайт канышың.

Кыйма калпак, кызыл шым,
Кытайдан келет таанышың.
Ал таанышың келгенде,
Кыйналып ыйлайт канышың.

Сур жорго минип жылжыткан,
Суудан суксур алып ыргыткан,
Кер жорго минип жылжыткан,
Кериден кекилик алып ыргыткан.

Калпагын зерге толтурган,
Кан алдында олтурган.
Белбагын зерге толтурган,
Бек алдында олтурган.

Эчкиси эркеч ийриген,
Эркегин базар кийриген.
Базардын жолун чаң кылган,

Кандай байдын кою деп,
Базарда сарттар даң кылган.

Койлорун кочкор ийриген,
Кочкорун базар кийриген.
Базардын жолун чаң кылган,
Кандай байдын кою деп,
Кокондо сарттар даң кылган.

Аргымак минген моюндап,
Алтынды каткан коюндап.
Күлүктү минген моюндап,
Күмүштү каткан коюндап.

Аргымак минген сабактап,
Алтынды чачкан табактап.
Күлүктү минген сабактап,
Күмүштү чачкан табактап.

Кулуну сайда сулаган,
Кулдары байдай дуулаган.
Жабагы сайда сулаган,
Жалчысы байдай дуулаган.

Тобуна күлүк бактырган,
Табы кайтып кетет деп,
Долоно мончок тактырган.
Айлына күлүк бактырган,
Табы кайтып кетет деп,
Аюунун жүнүн тактырган.

Короосунун четине,
Кошоктоп көгөөн кердирген.
Короодогу кулуна,
Койдон союш бердирген.

Эшигинин астына,
Эшилтип көгөөн кердирген.
Эшиктеги кулуна,
Эчкиден союш бердирген.

Алты арыктан суу ичкен,
Элиң калды күл жигнт,
Алты ыстарчын кең Алай,
Жериң калды күл жигит.
Жети ыстарчын кең Алай,
Жериң калды күл жигит.

Үй үстүнө жоо келсе,
Түбөктүү башка доо келсе,
Жүргүлө балдар дээр элең,
Ага, инига бел элең.

Алтындан жүгөн калайлуу,
Күйөөсү менен тең өскөн,
Кандай пенде таалайлуу.

Өлөңдүн сазы мен элем,
Турнанын казы сен элең.
Туландын сазын өрт чалды,
Турнанын казын куш алды.

## МЕРГЕНДИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Аттиң бир менин мергеним,
Тоо текесин тергеним.
Ырас экен өлгөнүң.
Канакей кайтып келгениң.

Улар бир гөшүн сүйгүн деп,
Улуу тоо барып жатканым.
Улардан тогуз атканым.
Кекилик гөшүн сүйгүн деп,
Гериге чыгып атканым,
Келбестен тоого жатканым.

Кабаттап аткан уларың,
Кардарга саткан суусарың,
Түгөнгөн бекен сууларың.
Киседе калды таштарың,
Кайырга бүткөн аштарың.
Катардан кеткен баштарың.

Күмүштөн кисе байланып,
Күйлү тоону айланып,
Күн тийбеген зоолорго,
Күнүндө чыгып уулаган,
Көк жорго минип дуулаган.

Алтындан кисе байланып,
Ала-Тоону айланып,
Ай тийбеген зоолорго,
Азанда чыгып уулаган,
Ак жорго минип дуулаган.

Товардан кисе байланып,
Томуктай ташка жайланып.
Тоолорго теке камаган,
Токсонду атып санаган,
Аттең бир менин мергеним.

Кекилик аткан отуздан,
Уларды аткан тогуздан.
Өрдөктү кууп көлдө аткан,
Кулжаны кууп чөлдө аткан.

Текени кууп төрдө аткан,
Түзөң бир жерден түлкү аткан,
Бөксө жерден бөрү аткан,
Семирсе кийик күздө аткан.
Азиз менин мергеним,
Эки жыл болбой жүздү аткан.

Эңкейсе кийик эки аткан,
Эчкиден тандап теке аткан.
Өйдөгө качкан текенин,
Өпкөсүнү үзө аткан.

Сүмбөсүнү жөн кылган,
Сайыны көвлап саз кылган,
Дарисин өлчөп аз кылган.
Ак пилтесин төртөөдөн,
Өрип койгон мылтыгын,

Ичини жоолап аптада,
Көрүп койгон мылтыгын.

Акталсын жерде жаткандар,
Ак түвак жайлоо чыккандар,
Мен ада кылып айткыча,
Айран болсун уккандар.

## АТАҢ АДИС МЕРГЕНИМ

*(Жесиринин кошогу)*

Каламдай кара кашынаң,
Мергеним өттү жашынан.
Балачылык чагында,
Баста бараң үйрөнгөн.
Жигитчилик чагында,
Жийде бараң үйрөнгөн.

Шүндөй кызыл табылгы,
Мынтыгыңдын сүбөсү.
Атаң адис мергеним,
12 жаштан быякка,
Үйрөндүң мынтык сабилди.

Алты аркар өтөт кыядан,
Алтоо бир беле уядан.
Жети аркар өтөт кыядан,
Жетөө бир беле уядан.
Бар белең да жок белең,
Жоктоого кирер кеп белең.

Алтынымдын күкүмү,
Атаң адис мергеним,
Асил да мерген тукуму.
Мүнүшкөрдүн күкүмү,
Атаң адис мергеним.

Ак билтең күйүп чок болду,
Атаң адис мергеним,

Аӊдабай басып жок болду.
Көк билтеӊ күйүп чок болду,
Атаӊ адис мергеним,
Көрбөй басып жок болду.

Ак зоонун башы жайык деп,
Аӊдабай басып тайгылдыӊ.
Асыл да жандан айрылдыӊ.
Көк зоонун башы жайык деп,
Көрбөй да басып тайгылдыӊ.
Атаӊ адис мергеним,
Көрөзөн жандан айрылдыӊ.

Аяктай ташка жашынган,
Ак бараӊ мылтык асынган.
Көнөктөй ташка жашынган,
Көк бараӊ мылтык асынган.

Ак зоодон түтүн булаткан,
Ак аркар атып сулаткан.
Атаӊ адис мергеним,
Айлын бир гөшкө жыргаткан.
Көк зоодон түтүн булаткан,
Көк аркар атып сулаткан.

Атаӊ адис мергеним,
Эчкисин атсам эгиз деп,
Улагын атсам убал деп,
Атаӊ адис мергеним,
Эчкиден тандап серке аткан,
Эликтен тандап телки аткан.
Алкымдуудан түлкү аткан.

Атаӊ адис мергеним,
Токойдон чыккан доӊузду,
Токмок жилик үзө аткан.
Качырып келген каманын,
Как маӊдайын жара аткан.
Баатырсынган жолборсту,
Балбылдаган көзгө аткан.
Кабыланын дагы аткан.

Мылтыгым кооз болсун деп,
Ак талдан кундак жондурган,
Ичин терең ойдурган.

Өзүм башым дегенде,
Өрдөк атып бергеним.
Өзгөчө кыраан мергеним,
Атасы башым дегенде,
Аркар атып бергеним.

Айдын көзүн торгогон,
Булут болот турбайбы,
Адисимдин өлгөнү,
Унут болот турбайбы.

Күндүн көзүн торгогон,
Булут болот турбайбы,
Адисимдин өлгөнү,
Унут болот турбайбы.

## КАН АЖЫГА ТОКОЛУНУН КОШОГУ

Кашкардан ар ким келтирген,
Калыбынча берметти.
Колуңа кудай туш кылды,
Кан ажым,
Козголбос калың дөөлөттү.

Кокондон ар ким келтирген,
Корголдон катта берметти.
Колуңа кудай туш кылды,
Кан ажым,
Козголбос калың дөөлөттү.

Күлүккө тумар таккансың,
Күрдөөлүү журтка жаккансың.
Пиядага ат берип,
Бир далайга жаккансың.
Аргымакты баккансың,

Ач арыкка мал берип,
Ар убакта баккансың.

Абдылданы бий кылдың.
Ак сарайдан үй кылдың.
Кудайым сүйүп баш берген,
Ага иниңди жыйнадың.
Ата арбагын сыйладың.

Асманда булут созулду,
Ак ниеттүү кан Дербиш
Асмандагы үрлөргө
Аралашып кошулду.

Бетте булут созулду,
Ак нээттүү кан Дервиш
Мекедеги үрлөргө
Аралашып кошулду.

Жамыйкатын чогултуп,
Кураткангa жарарсың.
Жакыныңдын күнөйүн,
Кан Ажым,
Сурагангa жарарсың.

## КЕЛДИКЕГЕ АЯЛЫ БУРУЛДУН КОШОГУ

Асылбаш эле кайныңыз,
Ардактап алган зайбыңыз.
Акыры төрөм өткөн соң,
Азапка түштү зайбыңыз.

Жазылуу калды жазганың,
Жазууда кудай кылганын.
Жаман атты кылыптыр,
Кочкордогу тууганың.

Жасаган ишиң туурадыр,
Кайгынын башын кайгы жээр,

Кантип айтты ошону,
Кайрылчу тууган чиркиндер.

Ушактап кара санаган,
Ырбатты кайра жараны.
Жарынууга жан таттуу,
Кирейин десем жер катуу.

## СЫРГАНЫН КОШОГУ

Бысмылда сөздөн баштайын,
Төрөмө баштабай кантип таштайын.
Төрөгелди ойронум, төгөрөктү соргонум.
Төрөм аялга такыр тойгон жок,
Төрөмдү азирейил койгон жок.

Сарбагыштан мени алдың,
Солтодон тандап муну алдың.
Солкулдап ыйлап кошпосо,
Союлдай кылып неге алдың?

Мамайдан тандап дагы алдың,
Баркымды билет деп алдың.
Мал коротуп неге алдың?
Абдан сулуу деп алдың,
Алты ооз кошок билбесе,
Аргымак атты тартуулап,
Айбандай нени неге алдың?

Саяктан тандап бирди алдың,
Сайраган булбул деп алдың.
Беш ооз кошок таппаса;
Бет тытарды неге алдың?

Бугудан тандап бирди алдың,
Бир ооз кошок билбесе
Бул коротуп неге алдың?
Чериктен тандап дагы алдың,
Чебер ишмер деп алдың.
Чеберлиги билинбейт,
Бир туш кийиз илинбейт.

Өлүмүш болуп жатпагын,
Тамашага батпагын.
Тамагыңды коротпой,
Алды-алдынан тараткын.

Кыз алганың өтөт ко,
Өлүгүңдү күтөт ко,
Өлгөнгө болбойт көп кейиш,
Ал жайдан берсин кең бейиш.

## САМАГАНДЫН АЯЛЫ СЕЙИЛДИН КОШОГУ

Көк талдан союл кыркам деп,
Жаздым болдуң дүйнөдөн.
Көк талдан кырккан союлуң,
Үзүлүп кетти моюнуң.

Ичигиң турат илинип,
Элиңде жогуң билинип.
Калпагың турат илинип,
Калкыңда жогуң билинип.

Малыңды союп эл бийлейт,
Баркыңды элден ким билет.
Элүүгө жашың жетсечи,
Элиңде болуп кетсеңчи.

## МУРСАЛЫ КАЗА БОЛГОНДО АЯЛЫНЫН КОШКОН КОШОГУ

Каалабай сөздүн бекерин,
Калкыман чыккан чеченим.
Караманча билбепмин,
Калкынан жылып кетерин.

Сүйлөбөй сөздүн бекерин,
Сөзмөрдөн чыккан чеченим

Түшүнбөпмүн мен кургур,
Сүйлөшпөй өтүп кетерин.

Ойлобой сөздүн бекерин,
Ойроттон чыккан чеченим.
Ойлобопмун мен кургур,
Ордунан жылып кетерин.

Чеченим көзү барында,
Жайлоолоп жүргөн экемин.
Жайлоолоп жүрүп билбепмин,
Жалгандан өтүп кетерин.

## МЕДЕРБЕКТИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Областтык кызматта,
Иштедиң эле Нарында.
Дос, тамырың көп эле,
Иштеп турган чагыңда.

Ага-тууган, сөөк-тамыр,
Жүрчү эле ээрчип жаныңда.
Сыйлачу эле бардыгы,
Бара калсак айылга.

Бардык дүйнөм түп-түгөл,
Анда Медербек жүрчү жанымда.
Медербек өлүп, биз калып,
Азыр учурап турам жалынга.

Дем алалбай турамын,
Сынгандай бир топ кабырга.
Айласыздан амал жок,
Баш ийип турам агымга.

Айрылдым сенден Медербек,
Ал дагы менин багым да.
Билбедим мындай болорду,
Бактылуу жүргөн чагымда.

Кайрылып келип Медербек,
Өчүрсөң боло жалынды!
Папалашып ыйлашып,
Балдарың сени сагынды.

Каралуу болуп кайгырып,
Азыр көрбөй жүрөм айылды.
Кадырлашкан өзүң жок,
Кимге айтамын зарымды.

Капаланып кайгырсам,
Эч ким билбейт алымды.
Балдарды багып чоңойтуу,
Мага милдет болуп тагылды.

Бактым жок экен жоготтум,
Өзүңдөй асыл жарымды.
Балдарыңды багармын,
Тындырбай иштеп жанымды.

Арт жагыңа калтырдың,
Сегиз бала керээзди.
Чоңураагын окутуп,
Ашырбадың белести.

Эң улуусун үйлөнтүп,
Куда болуп барбадың.
Убайын көрбөй балдардын,
Ичинде кетти арманың.

Капа болуп кайгырып,
Зарлап ыйлайт балдарың.
Кыйын иш болду сен өлүп,
Мен кайгырып калганым.

Жубайымды алдың деп,
Шум ажалды каргадым.
Баягы, жыргалымдын бири жок,
Меи кайгырып ыйлап зарладым.

Алып кетти өзүңдү,
Ажалдын оору илдети.

Кантейин мага калды го,
Балдардын бардык милдети.

Кайгылуу, муңдуу күнүмдүн,
Кабарын угуп билсечи.
Кан жутуп кейип жүрөт деп,
Кадырлап кат чийсечи.

Кайгырбай кайрат кылгын деп,
Кабар кылып ийсечи.
Атайлап кылган кабары,
Кайрылып мага тийсечи.

Өлүм деген адамга,
Өзөккө тийген ок экен.
Калгандарды жалынга,
Күйгүзө турган чок экен.

Ажал-азап, жамандык,
Кудайдын кылган иши дейт.
Шарият айтып молдолор,
Ушул иштин бардыгы,
Бир кудайдын күчү дейт.

Мусапыр болуп жалынсаң,
Болбойт экен жараткан.
Керектеген адамын,
Койбойт экен жараткан.

Тилдеп жатса өчөшүп,
Сойбойт экен жараткан.
Казанасы өлүмгө,
Толбойт экен жараткан.

## ОРОЗОЙ УУЛУ АРПАБАЙГА

*(Жаңы эле үйлөнгөн экен, келинчегинин кошогу)*

Күн алдынан жел болот,
Күйөөсүн жутуп алды деп,

Күбүр кылган эл болот.
Ай алдынан жел болот,
Алганын жутуп алды деп,
Айың кылган эл болот.

Күн чыгып дале түш болот,
Күнү бүткөн бендеге,
Күйүттүү бейбак туш болот.
Ай чыгып дале түш болот,
Ажалы жеткен бендеге,
Азаптуу бейбак туш болот.

Бүлдүркөн ала көйнөгүм,
Бүгүшүнөн сөгүлөт,
Жаш мурзам көзү өткөн соң,
Көз жашым дале төгүлөт.

Калдыркан ала көйнөгүм,
Капшытынан сөгүлөт.
Асылым көзү өткөн соң,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.

Көк суунун башы тараша,
Көк алма чыгат жанаша.
Көк алма жеген мен мында,
Көрөргө барар күн кайда.

Ак суунун башы тараша,
Ак алма чыгат жанаша,
Ак алма жеген мен мында,
Артынан барар күн кайда.

Үйүндүн асты ак беткей,
Ак ала жылкы жеп кетти.
Акем менен атамды,
Эптүү болсун деп кетти.

Булбул сайрап таң атты,
Мундуу бейбак не жатты.
Күкүк сайрап таң атты,
Күйүттүү бейбак не жатты.

Таң атар алды таттуу уйку,
Тамаша менен ойгонбой,
Тарткылык менен ойгондум.

Кереген түбү кескен тал,
Кейигеним кимге таң.
Босогоң түбү борпоң тал,
Боздогонум кимге таң.

Алтындан табак кадармын,
Айтып жүрүп жадармын.
Күмүштөн табак кадармын,
Күйүп жүрүп жадармын.

Алтындан кылган бүчүм ай,
Азабым калды ичимде ай!
Алтымыш кой терисин,
Алматы көздөй жүргүздүң,
Алтымышта эненди,
Арык койдой мүргүттүң.

Токсон койдун терисин,
Токмокту көздөй жүргүздүң.
Токсондогу атанды,
Токту койдой мүргүттүң.

Чаппай атың чаалыкты,
Чакырбай үнүм кардыкты.
Кара там калды калдырап,
Кара бет калды жалдырап.

Күн төбөдөн салынат,
Күйүттүү атаң сагынат.
Ай төбөдөн салынат,
Азаптуу энең сагынат.

Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен жаш ойроп,
Кыз алганым калды деп,
Кейиште бекен жаш ойрон.

Жашыл жоолук колго алып,
Бурайт бекен жаш ойрон.
Жаш алганым калды деп,
Сурайт бекен жаш ойрон.

Кызыл жоолук колго алып,
Бурайт бекен жаш ойрон.
Кыз алганым калды деп,
Сурайт бекен жаш ойрон.

Кырды кырдай жүгүргөн,
Кызыл кийик баласы.
Кыз келип дале тул калган,
Ай задам бек баласы.

Жарды жардай жүгүргөн,
Жашыл кийик баласы,
Жаш келип дале тул калган,
Ай задам бек баласы.

Алты кийик терисин,
Ийлешпедиң жаш ойрон,
Алты жылы бир жүрүп,
Сүйлөшпөдүң жаш ойрон.

Жети кийик терисин,
Ийлешпедиң жаш ойрон,
Жети жылы бир жүрүп,
Сүйлөшпөдүң жаш ойрон.

Дүрүйө менин көйнөгүм,
Тартса жетпейт мойнума,
Түртө жатчы койнуңа.
Дарыя менин көйнөгүм,
Тартса жетпейт мойнума,
Тарта жатчы койнуңа.

Бүргөн-бүргөн бүргөндүр,
Бүргөндө түлкү жүргөндүр.
Жаш ойрон өлдү дегенде,

Кас санаган тууганың,
Жакасын кармап күлгөндүр.

Жаш ойрон өлдү дегенде,
Ар бир тууган курдаштар,
Ичинен сызып күйгөндүр.

## САРДАЛИ БЕГИМ ЖОКТОЮН

*(Жесиринин кошогу)*

Саадакка салган октоюм,
Сардали бегим жоктоюн.
Кумдакка салган октоюм,
Кутманым бегим жоктоюн.

Ак төбөнү айланып,
Ак жолборс качты тосоюн.
Ак жолборстой чабынып,
Ак шумкар куштай кагынып,
Көйгашкам өттү кошоюн.

Көк төбөнү айланып,
Көк жолборс качты тосоюн.
Көк жолборстой чабынып,
Көк шумкар куштай кагынып,
Көйгашкам өттү кошоюн.

Кошкун-кошкун көмөкөй,
Кошо албасаң көмөкөй
Кошокчуга кат берип
Коштурайын жөнөкөй.

Айткын-айткын кемөкөй,
Айта албасаң көмөкөй
Айтуучуга ат берип,
Айттырайын жөнөкөй.

Айтпагыдай эр беле,
Ким-киминден кем эле,

Телегейи тең эле,
Төрт түлүгү шай эле.

Ар деме десем эп эле,
Карагер атын шарт түйгөн,
Казактан мындай ким жүргөн.
Кыл куйрук атын шарт түйгөн,
Кыргыздан мындай ким жүрген.

Ак килем салып ат минген,
Асемди сиздей ким сүргөн.
Тор килем салып ат минген,
Довранды сиздей ким сүргөн.

Кылыч кының кылайган,
Кыргызга нуска чыгарган.
Саадагы санга салынган,
Санаты журтка жайылган.

Санатың кеткен сайылып,
Самаркан ылдый жайылып,
Кеңешиң кеткен керилип,
Кең Кокон ылдый терилип.

Кериге тартып кең конгон,
Керишиңе эр тойгон.
Кеңешиң кимден кем болгон.
Чубай тартып кең конгон,
Сымбатыңа эр тойгон,
Сымбатың кимден кем болгон.

Саймалуу саадак сары шым,
Алиярга чалышым.
Булгары саадак сары шым,
Мустапага чалышым.

Букарга кеткен дабышың,
Жапырмак жазы терегим,
Жалпы журтка керегим.
Жалпы журтуң нетейин,
Үч кызыма керегим.

Кыздары кызыл чыт кийген,
Кызматың элге көп тийген.
Балдарың параң чыт кийген,
Байдаңыз журтка көп тийген.

Өрүгү бышкан багында,
Өзүнүн тирүү чагында,
Өз тууган кылган кошомат.
Пайкели бышкан багында
Бари эле кылган кошомат.
Соносу бышкан багында,
Көйгашкам тири чагында
Соодагер кылган кошомат.

Ак төбөгө мал салган,
Ак үңкүргө зар салган,
Ак сандыкка пул салган,
Санап өткөн көйгашкам.
Ашкан кытай ичинен
Манап өткөн көйгашкам.
Көк чатырдын танабы,
Корошон кытай манабы.

Адырын ала кой баскан,
Алтын аяк жууратың
Ач арыгын тойгузган.
Күнгөйүң ала кой баскан,
Күмүш аяк жууратың
Ач арыгың тойгузган.

Аңкаганга аш болгон,
Суусаганга суу болгон.
Казаны каймак пал болгон.
Дасторкону тоо болгон.

Баканынан май аккан,
Кавугунан пал тамган,
Баканы майга ийилген,
Майлыгы майга чириген.

Жол боюна конгонум,
Жоловчу жолун тосконум.

Жолго казан асканым,
Ачыкташ чыгып жайлаган,
Агала бие байлаган.

Байталы шибер жайлаган,
Балдары кымыз чайкаган.
Көлгө чыгып жайлаган,
Көгала бие байлаган.
Кызматкер кымыз чайкаган.

Кунан бие курч кымыз,
Кубулдата быштырган.
Кырма аякка куйдурган,
Кыркасы менен сундурган.

Шилбеден шилги кыйдырган,
Чилдеде кымыз жыйдырган.
Чилдеде жыйган кымызың,
Жилик майы татыган.

Долоно ширге кыйдырган,
Токсондо кымыз жыйдырган.
Токсондо жыйган кымызың,
Томук майы татыган.

Кара тоо башы кендирден,
Карадан жорго желдирген.
Каралалуу жылкы айдап,
Кандай панде дедирген.
Кызыл тоо башы кендирден
Кызыл ала жылкы айдап,
Кандай панде дедирген.

Сувайын сувга бөлдүргөн,
Жоргосун жолго салдырган.
Карагай казык актырган,
Кашкасын байлап чаптырган.
Кашкасынын үстүнө
Кашкадан жабуу жаптырган.

Долоно казык кактырган,
Торусун байлап чаптырган.

Торусунун үстүнө
Торкодон жабуу жаптырган.

Тушуна тулпар байлаткан,
Капшытка жаван орноткон,
Карчыганын канаты,
Ындыстандын манаты.
Айта берсем арылбайт,
Менин арстанымдын санаты.

## КӨҢҮЛДӨ КӨП КЕП БАР ЭЛЕ

*(Жесиринин кошогу)*

Кызылды кийсем оңбоду,
Сенден калган балдарын
Бир уул, бир кыз болбоду.

Көмүркөй алтын зар эле,
Көңүлдө көп кеп бар эле.
Ортодо тилеп жүргөнүм,
Ортодо жалгыз бала эле.

Сандыгын алтын зар эле,
Санаада көп кеп бар эле.
Саргайып тилеп жүргөнүм,
Ортодо жалгыз бала эле.

Керектүү таштын оору жок,
Бу санаага жеткирбей,
Жараткандын боору жок.

Канжарынан кан тамган,
Караган киши жалтанган.
Тизгининен кан тамган,
Тиктеген адам жалтанган.

Кер жорго оозун идерген,
Кер мурутун имерген.
Кең жыйындын ичинде,
Кеңешин жазбай чиренген.

Сар жорго оозун идерген,
Сар мурутун имерген.
Сан жыйындын ичинде,
Санатын жазбай чиренген.

Кара киш бөркүң ыргарда,
Кайран жаның жыргарда,
Кара киш бөркүң суу болор,
Кайран жаның өттү эле,
Кара жерге кор болор.

Суусар киш бөркүң ыргарда,
Султан жаның жыргарда,
Суусар киш бөркүң суу болор,
Султан жаның өттү эле,
Суулуу жерге кор болор.

Коштоп кийип суусар бөрк,
Ыргап турган чагыңда,
Кошо билип колхозду,
Жыргап турган чагыңда,
Ажалың жетип күн бүтүп,
Калдыңго жердин тагинда.

Турумтай учса пар таштайт,
Туюк жердин алдында,
Туйгун боюң тан таштайт.

Ак көкүрөк акылдуу,
Ак көкүрөк сөгүлөр.
Акылың жерге төгүлөр.
Кең көкүрөк кеңемтүү,
Кең көкүрөк сөгүлөр,
Кеңешиң жерге төгүлөр.

Чечен эле көкүрөк,
Эми чегип коет топурак.
Акыл эле көкүрөк,
Эми алып коет топурак.

## ЧЫЛБЫРЫҢ УЧУН ДАТ БАСТЫ

*(Жесиринин кошогу)*

Чылбырың учун дат басты,
Чыгып качып кете албай,
Кандай сизди кош басты.
Камчыңдын учун от басты,
Камынып качып кете албай,
Кандай сизди кош басты.

Ай караңгы түн бекен,
Арстаным үйдөн чыкканда,
Ажалы жеткен күн бекен?
Ажалы жеткен күн болсо
Прогул болсоң мейли деп,
Тоспойт белем жолуңдан,
Кармабайт белем колуңдан.
Түшпөйт белем араңа,
Кара башыл мал алып,
Кылбайт белем садага.

Күн караңгы түн бекен,
Гүл мырзам үйдөн чыкканда,
Күнү бүткөн күн бекен?
Кара манат тон бекен,
Качырып көмүр тийгенде,
Кайрылар адам жок бекен?
Кызыл манат тон бекен?
Кычырап көмүр тийгенде,
Кылчаяр пенде жок бекен?

Кычырап көмүр тийгенде,
Элеңдесе эне жок,
Аланддаса ата жок,
Эч нерсе менен иши жок,
Арачы болор киши жок.

Алтындан сөйкөм гүл шакта,
Арзылаган кыздарың,

Алтыныӊ билбейт бул чакта.
Арстаным атам кайда деп,
Арманы болор бир чакта.
Күмүштөн сөйкө гүл чакта,
Күзгүлөп алган кыздарыӊ,
Күйүшүн билбейт бул чакта.

Алты айыӊ кызыл түлкү элеӊ,
Алланын кошкон мүлкү элеӊ.
Жети айыӊ кызыл түлкү элеӊ,
Жан энем кошкон мүлкү элеӊ.

Керегем башы гүл терек,
Келин алып, кыз берсем
Кеӊешүүгө сиз керек.
Уугумдун башы гүл терек,
Уул үйлөп, кыз берсем,
Урматына сиз керек.

Белестен туруп карасам,
Бедерлүү кошмок нарым жок,
Бек базардан чакыртсам,
Бек – уулундай пайым жок.

Капталдан туруп карасам,
Кадалуу кошмок нарым жок,
Кан базардан чакыртсам,
Кан уулундай пайым жок.

Койлор келет из менен,
Койчулар келет муз менен.
Корунуп минтип жүргөнчө,
Кошулуп жатсам сиз менен.

Жылкылар келет из менен,
Жылкычы келет муз менен.
Жылып минтип жүргүчө,
Бирге жатсам сиз менен.

Покчодогу товардай,
Болотко жапкан жабардай.

Кымбат баа товардай,
Кылычка жапкан жабардай.

Ак ноодан түшкөн тамчыдай,
Аласа моюн камчыдай.
Көк зоодон түшкөн тамчыдай,
Көлөкө моюн камчыдай.

Сай боюнда муз калды,
Саамайын чайпап кыз калды.
Көл боюнда муз калды,
Көкүлүн чайпап кыз калды.

Ардактап баккан ак Батмаң,
Адамды көрсө «ата» дейт.
Жийдени көрсө кака дейт,
Жигитти көрсө ата дейт.

Абал баар болгондо,
Алмалар гүлдөп бак болду.
Айт, арапа күндөрдө,
Адамдар курсан чак болду,
Алганым кандай жок болду.

Амал көктөм болгондо,
Жийделер гүлдөп бак болду.
Той-тамаша күндөрдө,
Жигиттер курсан чак болду,
Гүлмырзам кандай жок болду.

Кара кырдын аркасын,
Каргалар жайлайт чубактап,
Калганым кандай болду деп,
Кайтып келгин убактап.

Узун кырдын аркасын,
Уларлар келет чубактап,
Кыздарым кандай болду деп,
Кайтып келгин убактап.

Орустун жолу он күндүк,
Оңтойлуу атка бир күндүк.

Он күндү болжоп келбесең,
Ошондо сизден түңүлдүк.

Кытайдын жолу кырк күндүк,
Кыйноолу атка бир күндүк.
Кырк күндү болжоп келбесең,
Ошондо сизден түңүлдүк.

Кызылды кийсем кымчадыр,
Толгонуп күйүт тарткыча,
Тозоктун оту шунчадыр.

Буйлалаган лөк бозоң,
Буркурап ыйлап жүргүчө,
Бул дүйнөдөн жок болсом.
Жетелеген лөк бозоң,
Жер өбөктөп жүргүчө,
Жер үстүнөн жок болсом.

Ашканам оозу тор эле,
Ашкере атым зор эле.
Очогум оозу тор эле.
Орозгерим зор эле.

Көк чай салып демдеген,
Чайың калды куюлбай.
Орозгерин зор кылган,
Жайың калды буюрбай.

Ак чай салып демдеген,
Чайың калды куюлбай.
Ашкере атын зор кылган,
Жайың калды буюрбай.

Бүйрөсү эле ашымдын,
Урматы эле башымдын.
Кыймасы эле ашымдын,
Кырдары эле башымдын.

Бүйрөсү кетти ашымдын,
Урматы кетти башымдын.

Күл мырзам өтүп кетти эле,
Кыймасы кетти ашымдын.

Оң колумда чайдоосум,
Оокатыма он жемиш,
Ак көйнөгүм чадыры,
Үзүм менен кадыры.

Гүл мырзамдын барында,
Гүлдөрүмдү туюктап,
Түн уйкумду тынч уктап,
Түйшүктү кайдан билчү элем.

Калкамандын барында,
Кан жыйынды туюктап,
Кайгыны кайдан билчү элем,
Капкак уруп күлчү элем.

Гүлмырзам өтүп кетти эле,
Тулаңдуу жерлер жошулду,
Тулдарга башым кошулду.
Өлөңдүү жерлер жошулду,
Өлгөнгө башың кошулду.

## КӨРҮНБӨЙ КЕТТИҢ

*(Жесирдин кошогу)*

Жаз мингениң жайдак боз,
Жакшылар сизге жана дос.
Жана дос берген ак кагаз,
Амиянда койнунда.

Аргымак минсең арымдаш,
Ар жакшы менен карындаш
Товурчак минсең арымдаш,
Топ жакшы сизге карындаш.

Карагыр Шамей кандай жер,
Көч шывагы белден жер,

Көрүнбөй геттиң кайран эр.
Кызылкыр шамей кандай жер?
Ак шывагы белден жер,
Арманда геттиң кайран эр.

Жазгы бир конгон журтуна,
Жавагы жайлар ойносун.
Жаз ойлогон оюңду,
Эми жарабастар ойлосун.
Күзгү бир конгон журтуңа,
Кунан бир жайың ойносун.
Күз ойлогон оюңду,
Болумсуз бийлер ойлосун.

## ЗАРДАЛИ БЕГИМ ЖОКТОЮН

*(Жесирдин кошогу)*

Саадакка салган октоюм,
Зардали бегим жоктоюн.
Жоктобой кантип токтоюн,
Жоктобосом түгөлдөй,
Байбачамды мен айтсам,
Жолоочу кетип жүргөндөй.

Кумдакка салган октоюм,
Куп жакшы бегим жоктоюн.
Аман десем түгөлдөй,
Байбачамды мен айтсам,
Айлымда басып жүргөндөй.
Байбачамды мен айтсам,
Элимде басып жүргөндөй.

Кыяда жүгү ообаган,
Кызыл атан лөктөйүм.
Капталда жүгү ообаган,
Кара бир атан лөктөйүм.

Карайып чыккан өрттөйүм,
Усталарга табылбас,
Кара болот курчтайым.
Мүнүшкөргө табылбас,
Бозум түлөк куштайым.

Байбачамын барында,
Жарык эле маңдайым,
Чучук эле таңдайым.
Байбачам өтүп кетти эле,
Салык болду маңдайым,
Заар болду таңдайым.

Устадан калган желек жок,
Байбачаман белек жок.
Сооттон калган кыяк жок,
Байбачаман туяк жок.

Байбачамын барында,
Токулуу тору ат минбепмин,
Толгонтуп бала сүйбөпмүн.
Байбачамын барында,
Кыналуу боз ат минбепмин,
Кылыктап бала сүйбөпмүн.

Ак кайыңдын учу элең,
Ак болоттун курчу элең.
Ак кайың сынды учунан,
Ак болот сынды курчунан.
Байбачамы мен айтсам,
Ашкере Меке кетиптир,
Калың бир кутчу журтунан.

Көк кайыңдын учу элең,
Көк болоттун курчу элең.
Көк кайың сынды учунан,
Көк болот сынды курчунан.
Байбачамы мен айтсам,
Көрүнөө Меке кетиптир,
Көңкө бир кутчу журтунан.

Кабагым салсам караган,
Кадыр-алым сураган.
Э байбача өтүп кетти эле,
Эми кадыр-алым ким сурайт.

Жылкы айдадың жылдыздан,
Кыз тандадың мундуздан.
Айдаган жылкың аз болду,
Тандаган жарың албастан,
Таалайың неге пас болду.

## АТАРГА МЕРГЕН ЖОК КАЛДЫ

*(Жесирдин кошогу)*

Аркайган зоонун нары алды,
Аркар кулжа көп калды.
Арпадай төккөн ок калды,
Аркага мылтык көтөрүп,
Атарга мерген жок калды.

Будурмак тоонун нары жагы,
Бугу-марал көп калды.
Дуниядан көзү өткөн соң,
Буудайдай төккөн ок калды.
Муңканып ыйлап олтурам,
Артында мерген жок калды.

Жалпак ташты бек баскан,
Жапырак мүйүз теке аткан.
Эгизин коюп жалкы аткан,
Экини коюп бирди аткан,
Энесин коюп теке аткан.

Булгары кисе байланган,
Бурулуш тоону айланган,
Бурулуп кайра кайтканча,
Муңканбайбы алганың,
Муңайбайбы балдарың.

Саймалуу кисе байланган,
Самаркан тоосун айланган,

Самаркан тоодон келгенче,
Саргайбайбы алганың,
Сагынбайбы балдарың.

Көтөрбөгөн жан барбы,
Кудуреттин салганын.
Кара кийип кан жутуп,
Капалуу жесир калганын.

Текечер жатат ойдунда,
Тел мүйүзү мойнунда.
Теңирим сүйгөн пенденин,
Теңтушу жатат койнунда.

Кулжачар жатат ойдунда,
Куу мүйүзү мойнунда.
Кудайым сүйгөн бенденин,
Курдашы жатат койнунда.
Кудурети күчтүү кудайым,
Кууратып жесир койдубу.

Кардан изиң адашпай,
Чалып кеткен шекилди.
Кайып эрен кырк чилтен,
Алып кеткен шекилди.

Тоодан изиң жаңылбай,
Чалып кеткен шекилди.
Топ олуя биригип,
Алып кеткен шекилди.
Тозогуна бейбакты,
Салып кеткен шекилди.

## КӨК ЖАЛЫМЫН КАЗАЛЫ

*(Жесирдин кошогу)*

Базар-Коргон, Маргалаң,
Малга кызык базары.
Бари элим кулак сал,

Көк жалымын казалы.
Казалынан биз баштап,
Калк кумарын жазалы.

Жагалмай учпас кыядан,
Жакшы чыккан уядан.
Эликтер өтпөс кыядан,
Эркин болгон уядан.

Какырда кызыл гүл эле,
Калкынан чыккан эр эле.
Эгиз кызыл гүл эле,
Элинен чыккан эр эле.

Карагандуу колоттой,
Кайрап койгон болоттой.
Бүлдүркөндүү колоттой,
Бүлөп койгон болоттой.

Усталарга табылгыс,
Кара болот муштайым.
Мүнүшкөргө табылгыс
Бозум түлөк куштайым.
Каргалуу кара тоодайым,
Каз айлангыс зоодайым.
Курбулуу бийик белдейим,
Куш айлангыс зоодайым.

Самавар алтын жыш эле,
Сайдан өрдөк учурбас,
Сарала туйгун куш эле.
Көмүркөй алтын жыш эле,
Көлдөн өрдөк учурбас,
Көк ала туйгун куш эле.

Башайы бийик кашка суу,
Баштап коном дечи эле.
Өз теңтуштун ичинде,
Башкача болом дечи эле.

Өзөндүү булак кашка суу,
Өрдөп коном дечи эле.

Өз теңтуштун ичинде,
Өзгөчө болом дечи эле.

Босоголуу боз үйдөн,
Бой талаша киргеним.
Бото көздүү жакшыдан,
Бой талаша жүргөнүм.

Керегелүү кең үйдөн,
Бой талаша киргеним.
Кенеши жакшы мыктыдан,
Ой талаша жүргөнүм.

Ак чатыр тиккен белеске,
Айтылуу болгон кеңешке.
Алтындан казык кактырган,
Алтын мөөр ак кагаз,
Аземди жигит кайранды,
Кеңештер сизди жактырган.
Күмүштөн казык кактырган,
Күмүш мөөр көк кагаз,
Өкүмөт сизди жактырган.

Калам алып кат жазган,
Каламым сындуу болсун деп,
Кайтара күмүш чаптаткан.
Кайран жигит көк жалды,
Кайрадан кеңеш жактырган.

Ойдо кулан бакырган,
Облус чоңу чакырган.
Кырда кулан бакырган,
Кыргыздын чоңу чакырган.

Аттанып чыккан чоң үйгө,
Атагың чыккан борборго,
Акылы менен сөз айтып,
Агасын салган оң жолго.

Бастыра чыккан чоң жолго,
Мартабаң кеткен борборго,

Мастати менен сөз айтып,
Баласын салган оң жолго.

Жапыра жазы терегим,
Жалпы элге керегим.
Түктүү түмөн терегим,
Түгөл элге керегим.
Түгел элиң кантейин,
Баласына керегим.

Жыйырма тово кырк аркар,
Жылкы жайлап талаасын.
Кай арманым айтайын,
Жыйынга кошпой баласын.

Токсон това кырк аркар,
Токту жайлап талаасын.
Ойрон жигит арманда,
Топко кошпой баласын.

Өрүп чыккан койлоруң,
Өмүрү кыска ойронум.
Жайылып кетти койлоруң,
Жашабай кеткен ойронум.

Кайран жигит кадырман,
Катарынан адашкан.
Бейпайда өлүм шум ажал,
Бербей кетти талашсам.

Ажал жетип, күн бүтүп,
Акырет кеттиң турбастан.
Айрылып калдык арманда,
Асил жигит кымбаттан.

Ажалдуу пенде калабы
Дагдырда жазган каламдан.
Калың кыргыз көп элим,
Кайраным кеткен арандан.

Эр жүрүшү намыска,
Башынан бери ойлогон,

Акырет сапар барышка.
Кабыл болду сапарың,
Өкүмөт эле башыңыз,
Калың элиң көп ыйлап,
Кургабады жашыбыз.

Ак боз атың аянчыл,
Ак шумкар кушуң коенчул.
Алыңды сурап эл келди,
Азыраак уктап ойгончу.

Көк боз атың аянчыл,
Көк шумкар кушуң коенчул.
Көңүлүң сурап эл келди,
Көп уктабай ойгончу.

Саадагың турат сабы жок,
Санатың турат өзүң жок.
Кылычың турат кыны жок,
Кылычың турат өзүң жок.

Бедерлүү болду кылычың,
Бекерлер болду бул ишиң.
Калайлуу болду кылычың,
Калайлар болду бул ишиң.

Кызылман ат койкоңум,
Кыйын болду шойконуң.
Караман ат койкоңум,
Кандай болду шойконуң.

Айтканың чыкпайт оюмдан,
Алемиң чыкпайт ичимден.
Күлгөнүм чыкпайт оюмдан,
Күйүтүң чыкпайт ичимен.

Капшыттуу үйдө мен капа,
Караңгы гөрдө сиз капа.
Түндүктүү үйдө мен капа,
Түнөргөн гөрдө сиз капа.

Чын жаратса кудайым,
Не салды башка убайым.
Ак көлдү Чүрөк бойлогон,
Ар сөздү өзүм ойлоном.
Аз убалым кудайга,
Алганым менен койбогон.

Көк көлдү чүрөк бойлогон,
Көп сөздү өзүм ойлоном.
Көп убалым кудайга,
Көргөнүм менен койбогон.

Ооздук салбас ор кызыл,
Ойноп турат короодо.
Ойронуман ажырап,
Ойлонуп калдым далада.

Суулук салбас сур кызыл,
Сууп турат короодо.
Жаш алгандан айрылып,
Сумсайып калдым далада.

Жакшым өтүп жалгандан,
Жазуу ушул алладан.
Кайраным кетип калкыман,
Калың кыргыз жалпынан.

Какшасам көкжал келеби,
Кайрат кылам баламды,
Кайранымдын белеги.
Боздосом кырчын келеби,
Кайрат кылам баламды
Бул көкжалымдын белеги.

Эмилдин башы элкин жол,
Эрикпей жүрчү эр элең.
Жалайдын башы жалгыз жол,
Жалыкпай жүрчү эр элең.

Бачайы менен бел бууган,
Тамаша менен жол жүргөн.

Дарайың белден чечилди,
Тамашаң жерге чачылды.

Карагер минсе ойноткон,
Камчысын таштап ойношкон.
Бедевдү минсе ойноткон,
Бөлөвүн таштап ойношкон.

Кара тоо башы мөндүргөн,
Карадан жорго желдирген.
Кара бир каштуу киш мурут,
Кимдин бир уулу дедирген.

Кызыл тоо башы мөндүргөн,
Кызылдан жорго желдирген.
Кызыл чийкил киш мурут,
Кимдин уулу дедирген.

Адыр-адыр жүгүртүп,
Ай текедей бүгүлтүп.
Аргымак тандап ат минген,
Ак куржун салбай салт минген,
Аземди сиздей ким сүргөн?

Добур-добур жүгүртүп,
Тоо текедей бүгүлтүп,
Тобурчак тандап ат минген,
Торкону тандап тон кийген,
Доорду сиздей ким сүргөн?

Басмайылы коргошун,
Багып миңген жоргосун.
Үзеңгиси коргошун,
Үзбөй минген жоргосун.

Кылычын атка теңдеген,
Кытайдан кошуп чендеген.
Саадагын атка теңдеген,
Сарувдан кошун чендеген,
Сардалы жигит мен деген.

Үйүң конгон кең сазга,
Үртүк салган жакшы атка.
Айлың конгон кең сазга,
Жабдык салган жакшы атка.

Күкүктөр конуп сайраган,
Күн көрүнгүс багыңа.
Жакшылар келип түнөгөн,
Күмүштөн кылган тагыңа.

Аземдүү жаның өттү эле,
Ак кептер түгүл жел да жок,
Ай көрүнгүс багыңда.
Жакшылар түгүл эл да жок,
Алтындан кылган тагыңда.

Кулжа моюн тор атты,
Кудайым бутун сыя атты.
Курдаштарың ичинде,
Кудайым сизге көз атты.

Теке моюн тор атты,
Теңирим бутун сыя атты.
Теңтуштарың ичинде
Теңирим сизге көз атты.

Жабдык салса жарашкан,
Жардай тору ат көкүлү.
Жакшым өтүп жалгандан,
Жасагандын өкүмү.

Үртүк салса жарашкан,
Үйдөй тору ат көкүлү.
Кайраным кетип калкынан
Бу кудайдын өкүмү.

Башкинаңа кийгениң,
Бала суусар териси.
Барып кырчын жатканың,
Коргон-Төбө кериси.

Кызыл көрпө тебетей,
Кыйгаштай кийдиң чекеңе.
Кырчын жигит арманда,
Кылчайбай кеттиң Мекеге.

Кара көрпө тебетей,
Каңтара кийдиң чекеңе.
Кайран жигит арманда,
Кайрылбай кеттиң Мекеге.

Кадактап алган чайыңыз,
Кадимки Меке жайыңыз.
Тенгелеп алган чайыңыз,
Тегинен Меке жайыңыз.
Ошол бир жайга барыңыз,
Жаннаты болуп алыңыз.

## БАЙГОЗУЕВ СУЛТАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Кара бакмал бокчолоп,
Жүк оодарган мен элем.
Кара куйрук нар айдап,
Капталдай баскан сен элең.

Кызыл бакмал бокчолоп,
Жүк оодарган мен элем.
Кызыл куйрук нар айдап,
Кыялай баскан сен элең.

Карача каймал жетелеп,
Көч баштаган мен элем.
Кара куйрук нар айдап,
Жол баштаган сен элең.

Кызыл каймал жетелеп,
Көч баштаган мен элем.
Кызыл куйрук нар айдап,
Жол баштаган сен элең.

Карача каймал пул болду,
Кайгырып бейбак тул болду.
Кызыл каймал пул болду,
Кыйналып бейбак тул болду.

Улуу тоонун боорунан,
Улар болуп сайрасам,
Улуган бейбак үнү деп,
Угар бекен арстаным.

Кара тоонун боорунан,.
Карчыга болуп чакырсам,
Какшаган бейбак үнү деп,
Угар бекен арстаным.

Ай айлангыс багыңа,
Ак шумкар эргип кончу эле.
Асыл жаның барында,
Ар жакшылар келчү эле.

Айдыңда шамал жел келбей,
Асыл жаның өтүптур,
Ар жакшылар бир келбейт.
Күн тийбес калың багыңа,
Көк шумкар эргип кончу эле.

Күлүстөн жаның барында,
Көп жакшылар келчү эле.
Күүгүмдө шамал жел келбейт,
Күлүстөн жаның өтүптүр,
Көп жакшылар бир келбейт.

## КЫЯМАТТЫК ЖОЛДОШУМ

*(Жесиринин кошогу)*

Торгой атың парман көк,
Туяксыз өттүң арман гөп.
Кызыл манат бойлошум,
Кыяматтык жолдошум.

Жолдоштукка жарабай,
Жолдо калды шум башым.
Кызыл ала өрүгүм,
Кыз алган өмүр шеригим.

Жашыл ала өрүгүм,
Жаш алган өмүр шеригим.
Кыз алганың мен бейбак,
Кыябың тартып олтурам.

Жашыл манат кетечең,
Жаш алганың мен бейбак,
Жабырың тартып олтурам.
Көрпө ичик кылсам кие жат,
Көзүңдүн кырын сала жат.

## КҮЛӨСАЛДЫН КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОНУ

Асмандап учкан каздайым,
Ак жайык жаткан саздайым.
Акирет кеткен бегимди,
Айтуусуз кантип таштайын.

Көкөлөп учкан каздайым,
Көк жайык жаткан саздайым.
Көмүскө кеткен бегимди,
Көздөөсүз кантип таштайын.

Таразага тарттырсам,
Таалайым шордон аз деди.
Таалай багың аз деди.
Ырымчыга ачтырсам,
Ырыскың шордон аз деди,
Ыраатты багың пас деди.

Он колумдун салаасы,
Омкорот менин белимди,
Бегимдин ордунда жаш баласы.
Беш колумдун салаасы,
Бөктөрөт менин белимди,
Бегимдин калды баласы.

## АЛИМАНДЫН КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОНУ

Байгамбар салган мечитти,
Барган бир адам кечикти.
Баргандарга саламат,
Бул дүйнө бизге аманат.

Бузулбаган сай барбы,
Муңканбаган жан барбы,
Кетилбеген сай барбы,
Кейибеген жан барбы.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Алып бир калар ал барбы.

Карарган чөлдүн жакасы,
Какшатат өлүм жапасы.
Карарган чөлгө көз жетпейт,
Какшаган менен үн жетпейт.

Бозоргон чөлдүн шамалы,
Боздоткон өлүм амалы.
Бозоргон чөлгө көз жетпейт,
Боздогон менен үн жетпейт.

Базардан алган бачайы,
Бактасыз кайдан кабылат.
Байгамбар өткөн дүйнөдөн,
Биз бакырсак кайдан табылат.

Ичкерден алган бачайы,
Ийнесиз кайдан кабылсын.
Искендер өткөн дүйнөдөн,
Издесең кайдан табылсын.

Карарып көзүң тунарып,
Акырет кеткен сиз карып,
Асыл бир жаның кеткен соң,
Арманда болуп биз карып.

## КҮМҮШҮҢ ЖЕРДЕ ДАТ АЛДЫ

*(Жесиринин кошогу)*

Күн кыядан батарбы,
Күмүшүң жерде дат алды.
Күмүш сөөк жыргалым,
Күн тийбес жерге жатарбы.

Ай кыядан батарбы,
Алтының жерде дат алды.
Алтын сөөк жыргалым,
Ай тийбес жерде жатарбы.

Камыштуу үйдө мен жалгыз.
Караңгы жерде сен жалгыз.
Кантейин перзент көрбөстөн
Армандуу өттүң сен жалгыз.

Түнөргөн үйдө мен куурап,
Түн түшкөн жерде сен куурап,
Түндүгүң тартар балаң жок,
Түбөлүк жарың мен байкуш,
Боздоп ыйлайм буркурап.

'Гүнөрүп келген жаанга,
Түндүгү бар үй жакшы,
Түйшүктүү менин башыма,
Жыргалым бары эң жакшы.

Карарып келген жаанга,
Капшырып тиккен үй жакшы,
Какшаган мендей бейбакка,
Жыргалым бары эң жакшы.

Аргымак атка жүн барбы,
Азаптуу мендей бейбакка
Азапты бирге тартууга,
Айланып жетээр күн барбы.

Тобурчак атта жүн барбы,
Тозоктуу мендей бейбагың,

Тозокту бирге тартууга,
Толгонуп жетээр күн барбы.

Күмүштөн менин ийигим,
Күн тийген тоодой бийигим.
Жыргалым сенсиз убай көп,
Оо, бирок өлбөй тирүүмүн.

Алтындан менин ийигим,
Ай тийген тоодой бийигим.
Өзүң бардай күн кайда,
Өлбөгөн көптүн биримин.

Базардан алган кез жоолук,
Керенесиз жез жоолук.
Кейип, кепчип не пайда,
Калганга берсин ден-соолук.

Өйдө бассам өбөгүм,
Ылдый бассам жөлөгүм,
Жыргалым көзү өткөн соң,
Кандай күндү көрөмүн.

Күмүштөн сенин бураман,
Күйгөн бир менин убарам.
Күйдүрбөй мени жыргалым,
Кошуп ал деп суранам.

Алтындан сенин бураман,
Айткан бир менин убарам.
Азаптуу кылбай жыргалым,
Алың жетсе таштабай,
Ала кет деп суранам.

Сур жорго минип бут чойгон,
Сымбатыңа көз тойгон.
Кер жорго минип бут чойгон,
Келбетиңе көз тойгон.

Күнгөйдөн аккан шор булак,
Күйгүзүп өлүм кор кылат.

Тескейден аккан шор булак,
Телмиртип өлүм кор кылат.

Кер чалыш сенин кунаның,
Кебезден менин тумарым.
Жыргалым кетип мен жалгыз,
Кейип бир ыйлап турамын.

Сур чалыш сенин кунаның,
Башайыдан тумарым.
Жыргалым баштап мен өлбөй,
Кудайга жетсин убалым.

Алты атар мылтык далыңда,
Азирейил жаныңда.
Суусаган кезде суу берип,
Жүрбөдүм сенин жаныңда.

Кызыл кыр ылдый көч келет,
Кыргыйың шаңшып ач келет.
Кыргыйыңа жем берчи,
Кызыңа кубат дем берчи.

Оймокко чаян түйчү элем,
Оюм менен жүрчү элем.
Оймогумду дат алды,
Көңүлүмдү дарт чалды.

Чачпакка чаян түйчү элем,
Жайынча басып жүрчү элем.
Чачпагымды дат алды,
Акылымды дарт чалды.

Чайга бир башым жуучу элем,
Чалкалай басып жүрчү элем.
Жыргалым көзү өткөн соң,
Чай эле тургай чама жок,
Чалкаларга дама жок.

Куу кымкап кийдим этиме,
Куу тырмак тийди бетиме.

Жыргалым алып шум ажал,
Эч нерсе кирбейт эсиме.

Жабуулап күлүк ат минген,
Жал куйругун шарт түйгөн.
Азамат адам элең сен,
Жөн жайын айтып барк билген.

Кара тоо башы кендирген,
Кадыры менен эл билген.
Кара тору жылкы айдап,
Бул кимдин уулу дедирген.

Аркасы жибек башайы,
Пактасыз кайдан кабылсын.
Бактысыз мендей бейбакка,
Жыргалым кайдан табылсын.

Эриши жибек башайы,
Ийнесиз кайдан кабылсын.
Какшаган мендей шордуута,
Жыргалым кайдан табылсын.

Күрпүлдөп кузгун куу келет,
Куру эле сайга суу келет,
Жыргалым көзү өткөн соң,
Кууpаган үйгө ким келет.

Каркылдап каздар куу келет,
Кара бир сайга суу келет.
Жыргалым көзү өткөн соң,
Каран калган бул үйгө,
Кайрылып басып ким келет.

Өрдөктүн жүнү сайда бар,
Өзөлөнүп көп ыйлап,
Өлгөнүн тапкан кайда бар.
Кекилик жүнү сайда бар,
Керелеңип көп ыйлап,
Кеткенин тапкан кайда бар.

Көктөгү булут пас болот,
Жыргалым кеттиң кылчайбай,
Көп ойлонуп санасам,
Көңүлүм жаман козголот.

Туурумдун жогунан,
Туйгунум кетти колумдан.
Учураса кармай көр.
Киминдин чыкса жолундан.

Конушумдун жогунан,
Жыргалым кетти колумдан.
Алып калар күн болсо,
Атайлап карап жолунан.

Жүрүчү элең кенебей,
Жыргалым, көп адамга теңебей.
Жүрөгүм сыздап чыдатпайт,
Үзүлүп кетчү немедей.

Ар кыялың мен санап,
Айланып башым нес болду.
Жыргалым сени көп ойлоп,
Саргарып өңүм жез болду.

Көмөлдүрүк куюшкан,
Көк жоргоңо жарашкан.
Көңүлдөш өскөн жыргалым,
Акырет кетип адашкан.

Сагалдырык куюшкан,
Сар жоргоңо жарашкан,
Санаалаш менин жыргалым,
А дүйнө кетип адашкан.

Көк зоонун башы теренден,
Көк шумкар туулат беренден.
Өзүндөн калса бир перзент,
Көп арман кылбайт элем мен.

Ак зоонун башы теренден,
Ак шумкар туулат беренден.

Артында калса бир туяк,
Арманым айтпайт элем мен.

Ак кайың ээр куткунсуз,
Армандуу өттүң тукумсуз.
Көк кайың ээр куткунсуз,
Көзү ачык кеттиң тукумсуз.
Адамдан жүкчүл күлүк жок,
Артында улан, кыз калбай,
Армандуу сендей өлүм жок.

## КАЙНАТАСЫ МЕНЕН КҮЙӨӨСҮ ТЕҢ ӨЛГӨН АЯЛДЫН КОШОГУ

Талаалай конгон коңшуңа,
«Тайдын эти жетпеген.
Эшигиңдин астынан,
Талапкерлер кетпеген.

Короолой конгон коңшуңа,
Койдун бир эти жетпеген.
Эшигиңдин астынан,
Атаке, кол кайырчы кетпеген.

Алты жүз коюн айдаткан,
Атакем, Анжиян жолун чаңдаткан.
Жети жүз коюн айдаткан,
Атакем, Жээрендин жолун чаңдаткан.
Жеткилең манап экен деп,
Жээрендин элин таңдаткан.

Карадан болгон майлыгың,
Казактан чыккан байлыгың.
Кызылдан болгон майлыгың,
Кытайдан чыккан байлыгың.

Атакемди таштайын,
Жаш ойрондон баштайын.
Ай менен күндөр тоголош.
Атакем менен жаш ойрон,
Экөөнүн күнү болжолдош.

Кашка бир жилик арам эт,
Кайгыга бүттү кара бет.
Жото бир жилик арам эт,
Тозокко бүткөн кара бет.

Ак шумкар учкан туурунан,
Абалдан кудай буюрган.
Ата-энем кошкон жубайым,
Ажыратты кудайым.
Алданын кылган буйругу,
Сабыр да кылып турайын.

Бейиштен болсун булагың,
Бериште жаксын чырагың.
Макшардан берсин кудайым,
Иче бир турган булагың.

Суу боюнда сур жорго,
Суусаганын ким билет.
Тумшугун жеген аялдын,
Сумсайганын ким билет.

Керүүдөгү кер жорго,
Кепшегенин ким билет.
Кешигин жеген аялдын,
Кейигенин ким билет.

Кыштан бир салган сарайга,
Кылчайып атын байлаган.
Кыйла бир калкы чогулуп,
Калыстыкка шайлаган.

Карасын бир минген кунандын,
Калысы элең тууганды.
Калыстык менен сөз сүйлөп,
Канчасын билген дубандын.

Көлөкөң көлгө түшчү эле,
Көлөкөңө жамынып,
Көп тууганың жүрчү эле.
Салкының сайга түшчү эле,

Салкыныңа жамынып,
Сан тууганың жүрчү эле.

Торусун минген кунандын,
Толугу элең тууганды н.
Карасын миңген кунандын,
Калысы элең туугандын.

## КАЛЫЙЧАНЫН КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОНУ

Алда таалам кош көрбөй,
Бөлгөнүн айтып отурам.
Алганымдын арманда,
Өлгөнүн айтып отурам.

Кайыңды менен Кеңжештен,
Кайгылуу болдум жетпестен.
Көк жайык менен Кеңжештен,
Көрбөй калдым жетпестен.

Бир эле менин арманым,
Өлө электе барбадым.
Кол кармашып коштошуп,
Ыраазычылык албадым.

Алты канат үй тигип,
Алты кертим жүк жыйып,
Жөлөнөөрүм дечү элем,
Алганымдын барында,
Алтын менен күмүшкө
Бөлөнөөрмүн дечү элем.

Бөлөнмөк түгүл бөлүнгөм,
Көздөн аккан кара жаш,
Көкүрөккө төгүлгөн.
Атаганат арман күн,
Ушинтип, көңүлүм калган өлүмдөн.

Агала буудан минбеген,
Арманда өттүң дүйнөдөн.

Ага-тууган элине
Астыртан сылык сүйлөгөн.
Кайбир адам сыяктуу
Аксымдыкты билбеген.

Көгала буудан минбеген,
Көз ачык өттүң дүйнөдөн.
Көп эле адам сыяктуу
Көпкөлөң тартып жүрбөгөн.

Күңгөйдөгү бадалды,
Кандай бадал дечү элем.
Күйөөсү өлгөн адамды
Кандай адам дечү элем.
Күңгөйдөгү бадалдын,
Гүлү түштү ашыма.
Күйөөсү өлгөн адамдын,
Муңу түштү башыма.

Тескейдеги бадалды,
Кандай бадал дечү элем,
Теңтушу өлгөн адамды,
Кандай адам дечү элем.
Тескейдеги бадалдын,
Гүлү түштү ашыма,
Теңтушу өлгөн адамдын,
Муңу түштү башыма.

## БАЗАРКУЛГА АЯЛЫНЫН КОШКОНУ

Ак өзөн, Аксай жерди айтам,
Ак үйлүү черик элди айтам.
Алла сүйгөн Базаркул,
Акырет кеткен эрди айтам.

Көк өзөн, Аксай жерди айтам,
Көчмөндүү черик элди айтам.
Кудай сүйгөн Базаркул,
Кыямат кеткен эрди айтам.

Жабуусу элең буудандын,
Кайраты элең туугандын.
Түркүгү элең буудандын,
Медери элең туугандын.

Сандыгың толгон нак күмүш,
Сан Майлыбаш журтуңа,
Салып кеттиң кыйын иш.

Сары алтындан беделиң,
Салынганың чен эле,
Санаганда душмандын
Жүрөгүндө чер элең.

Мамыда калды бууданың,
Майлыбаш калды тууганың.
Кермеде калды бууданың,
Кейип бир калды тууганың.

Тууганың жүрдү аркалап,
Душмандан журтуң калкалап.
Дубандын тобу толгондо,
Туруучу элең чалкалап.

Падышага кат салып,
Кылганыңдын баарысы
Книгеге катталып.
Кеңсаларды билгениң
Аркада калган иниңе,
Иниңе мөөрүң тапшырдың.

Аттанып кеттиң кайран эр,
Акыреттин үйүнө.
Ашыңыз болсо күз болор,
Ат байгеси аз болсо,
Ак жамбыдан жүз болор.

Атаандашып аш берсе,
Атабек менен Такырбаш,
Ажырап малдан түз болор.
Теңгеден эки миң болор,

Теңелген кыргыз ким болор.
Теңелем деп аш берсе,
Ысанын уулу Ырыскул,
Тентип кетип тим болор.

Жакшында кылдың суракты,
Дооронуңа байладык,
Жетимиш асый кур атты.

Ак калпактуу кыргыздан,
Адамдан сиздей ашкан жок,
Көк жалым көзү өткөндө,
Эсенгулдан Чоко ыйлап,
Касымаалы, Казы ыйлап,
Калдарбек менен Калпа ыйлап,
Кадырың өткөн калк ыйлап.

Көп жайлап өттүк көп малды,
Айтпай кантип коебуз,
Акырет кеткен көк жалды.

А дүйнөгө барганда,
Өз астыма минем деп,
Токутуп кеттиң буракты,
Артыма тукум болсун деп,
Таштап кеттиң кайран эр,
Тагай, Болот чыракты.

Кеңсалар үйүң бош калды,
Керезиң журтка жаш калды.
Жаткан жериң топурак,
Жаныңа күйсүн шам чырак.
Жаткан жериң жай болсун,
Алды-кийниң май болсун.

Бисмилда сөздүн башы экен,
Эки уулу эрдин жаш экен.
Ак пайгамбар Мустапа,
Теңири менен дос экен.
Бендеге салба кайгыны,
Көзү кандуу жаш экен.

Бисмилда сөздөн баштайын,
Шарыяттан тышкары,
Жаман айтып кошпоюн,
Ашыгып айтып шашпайын.

Дүнүйөнүн жүзүнө
Адам уулу таралган,
Ажал жетип күн бүтсө,
Өтүп кетер жалгандан.
Азирейил периште,
Эринбес жанды алгандан,
Бендеси танбас баргандан.

Бир пайгамбар Ыдырыс,
Башыма түштү кыйын иш.
Башыма кудай салган соң,
Колумдан шумкар учуптур,
Колумдан учкан шумкарым.
Караңгы жерге түшүптүр.

## МАМАТ УСТАГА

*(Аялы Ибадаттын кошогу)*

Карайып турган дарактын
Ачылып турган гүлү эле.
Калың бир чогуу эл болсо
Акыл бир айтчу жан эле.
Бозоруп турган дарактын
Ачылып турган гүлү эле,
Акыл айтчу бий эле.

Бетегеси белде өскөн
Бек уулундай теңизим.
Кымыздыгы кырда өскөн
Кан уулундай теңизим.

Босогого шам койгон,
Теңизим салган үйлөрү,
Болуштар келип тан койгон.

Эшигине шам койгон
Теңизим салган үйлөрүн
Эшендер келип тан койгон.

Бурулушта сейдана
Бурулуп алдым бир даана.
Кайран жигит болгонум,
Туугандан болду бегана.
Эңилиште сейдана
Эсил жигит болгонум
Элимден болду бегана.

Карадан сенин көрпөчөң,
Кайра салып бөктөрдүм.
Кайран жигит болгонум
Кадырын билбей өткөрдүм.

Кызылдан сенин көрпөчөң,
Кыя салып бөктөрдүм.
Кайран жигит болгонум,
Кыялың билбей өткөрдүм.

Шыбагы белден кара жер
Сыпайы жигит кайран эр.
Үйүңдүн үстү үйдөй таш,
Үйүңдө калды балдар жаш.
Эшигиң алды эндей таш,
Эшикте калды балдар жаш.

Ай асмандын боору эле,
Айда бир жаркып жүргөнүм,
Теңизимдин доору экен.
Күн асмандын боору экен
Күндө жаркып жүргөнүм,
Теңизимдин доору экен.

Алтындан сөйкө гүл бакта,
Арзилаар эле бир чакта.
Алтындан сөйкөм сөгүлдү,
Арзим бир жерге төгүлдү.

Шайы көйнөк кийчи элем,
Шаани менен жүрчү элем.
Шайы көйнөк сөгүлдү,
Шааним жерге төгүлдү.

Бозоргон тоонун боорунан
Боз улар болуп чакырсам
Боздогон бейбак үнү деп
Бурулаар беле теңизим?

Карайган тоонун боорунан
Каркыра болуп чакырсам
Какшаган бейбак доошу деп
Караар беле теңизим?

Бозоргон тоонун боорунан
Муз эрибей суу кайда,
Теңизим көзү өттү эле
Мурункудай күн кайда.

Карайган тоонун боорунан
Кар эрибей суу кайда.
Теңизим көзү өттү эле
Кадимкидей күн кайда.

Ай тиреген баканга,
Алтындан чайнек илейин.
Теңизим көзү өткөн соң
Артында калган балдардын,
Айда өмүрүн тилейин.

Күн тиреген баканга
Күмүштөн чайнек илейин.
Теңизим көзү өткөн соң
Артыңда калган балдарды
Күндө өмүрүн тилейин.

Азыраак айтып ыйлайын,
Теңизим көзү өткөн соң
Ажалым жетип өлгүчө,
Арбагыңды сыйлайын.

Күнү-түнү жүгүргөн
Түлкүнүн колу сөгүлсүн.
Түндөсү болсо кайтып кел
Түңүлгөн балдар сүйүнсүн.

Карангыда жүгүргөн
Карышкыр колу сөгүлсүн.
Карангы болсо кайтып кел
Кайгырган балдар сүйүнсүн.

Айнегим түштү көлдөргө,
Ажалым жетпейт өлөргө.
Ажалым жетсе өлөргө,
Сенин айнектей жүзүң көрөргө.

Күзгүм бир түштү көлдөргө,
Күнүм бир бүтпөйт өлөргө.
Күнүм бир бүтсө өлөргө,
Сенин күзгүдөй жүзүң көрөргө.

Жылкычы келет түз менен,
Жылкылар келет из менен,
Жылмаңдап мында жүргүчө
Жылуу жатсам сиз менен.

Койчуман келет түз менен,
Койлор да келет из менен.
Койкондоп мында жүргүчө,
Кошо жүрсөм сиз менен.

Ай төбөдөн түз болот,
Акылмандын көзү өттү.
Келин алып, кыз берсем,
Арманы менде күч болот.

Күн төбөдөн түш болот,
Күйөөрүмдүн көзү өттү.
Ата десе балдары,
Күйүтү менде күч болот.

Караны мага кийгиздиң,
Кайран жигит түгөйүм,

Бир мүчөмдү кем кылып,
Калтаартып неге күйгүздүн,

Аттиң жигит, түгөйүм,
Аста эле сүйлөп муңайып,
Адамдын көөнүн оорутпас.
Жоргону минсе жоорутпас,
Жоготкон менин түгөйүм,
Жылмая күлүп муңайып,
Кишинин көөнүн оорутпас.

Эшикке атын токуган,
Кайран жигит түгөйүм,
Эшендер менен отурган.
Белеске атын токуган,
Бектер бир менен отурган.
Кайран жигит, түгөйүм,
Беш убак намаз окуган.

Алмалуу бакты чалгым жок,
Алмасын үзүп алгым жок,
Алганы өлгөн жерлерге,
Асти эле басып баргым жок.

Жийделүү бакты чалгым жок,
Жийдесин үзүп алгым жок,
Теңпайы өлгөн жерлерге,
Теги эле басып баргым жок.

Күңгөйдөгү бадамдын,
Гүлү кандай дейт элем.
Күйөөсү өлгөн бенденин
Күнү кандай дейт элем.

Күңгөйдөгү бадамдын,
Гүлү бир түштү ашыма,
Күйөөсү өлгөн бенденин
Күнү бир түштү башыма.

Алтын эшик дарбаза
Чегесинен айрылды.

Аттиң жигит, түгөйүм,
Арзылап баккан балдарың,
Кеңешинен айрылды.

Күмүш эшик дарбаза,
Чегесинен айрылды.
Теңизим көзү өткөн соң,
Талпынтып баккан балдарың,
Канатынан айрылды.

Боз топурак ылайка,
Жубайым көзү өткөн соң,
Менин боздогонум кудайга.
Сар топурак ылайка,
Жубайым көзү өткөн соң,
Менин саргайганым кудайга.

Сандык толгон сары алтын,
Сай жакалап чачайын.
Жубайым көзү өткөн соң,
Кайсы да бирин айтайын.

Будурмак тоонун нары алды,
Бугулар оттойт эл жокто.
Теңизим көзү өткөн сон,
Ата десе балдарым,
Муңканып ыйлайм сен жоктон.

Карайган тоонун нары алды,
Каркыра оттойт эл жокто.
Кайран жигит болгонум,
Кайгырып ыйлайм сен жоктон.

Келин алып, кыз берсем,
Кайран жигит, түгөйүм,
Атадай давлат кайда бар?
Күмүштүн кени кайда бар?
Күркүрөп аккан сайда бар.
Күйөөгө кызды узатсам
Сендей давлат кайда бар?

Жамынганың сурп болсун,
Кайран жигит, түгөйүм,
Жаңыдан бейиш кут болсун.
Жаткан бир жериң эңкейиш,
Түгөйүм көзү өткөн соң,
Жайындан берсин гүл бейиш.

Күйүп бир күйбөй пайда жок,
Бул күйүттүү өлүм кайда жок.
Айтып бир айтпай пайда жок,
Бул армандуу өлүм кайда жок.

## БЕКБАЧА, КӨБӨН

*(Аялынын кошогу)*

Бисмилла деп баштайын,
Башка кудай салган соң,
Акылымдан шашпайын.
Жазык ээк, жалпак тил,
Жаңылбасам айтайын.
Асылым молдо шейитим,
Жаңылып кетсе кантейин.

Байгамбар уулу Осмондур,
Көзүмдүн жашы козголду,
Акырет кеткен жаш молдо,
Бейиштин жолун тосконбу?

Бай терегиң сыныптыр,
Асылды алган жаланкыч,
Ач бөйрөктөн кысыптыр.
Байлоодогу тулпарым,
Колумдан учкан шумкарым,
Акырет кеткен султаным.

Топ-топ учкан таранчы,
Тобунду бузбай тарачы.
Топ жигиттин ичинде
Жаш молдом барбы карачы?

Жарылган терек сайда бар,
Жаш экенде тул калган,
Мендей шордуу кайда бар?

Тескейден булак шыркырайт,
Текенин жүнү бырпырайт.
Теңтуштарың көргөндө,
Сай сөөгүм зыркырайт.

Күңгөйдөн булак шыркырайт,
Кулжанын жүнү бырпырайт,
Курдаштарың мен көрсөм,
Сай сөөгүм бырпырайт.

Тең-тең арык, тең арык,
Тең арыкты аттаган,
Текенин изи турбайбы.
Теңтушунан айрылган,
Теңирдин иши турбайбы.

Кош-кош арык, кош арык,
Кош арыкты аттаган,
Кулжанын изи турбайбы,
Курдашынан айрылган,
Жаш молдом,
Кудайдын иши турбайбы.

Эңкее бүткөн тал белем,
Эмгекке трууган шум белем.
Кайкая бүткөн тал белем,
Мен шордуу,
Кайгыга бүткөн шум белем.

Ак кагаздын жээси,
Карабет ак сарай үйдүн ээси.
Көк кагаздын жээси,
Карабет көк сарай үйдүн ээси.

Алмалуу булак алаша,
Адамга өлүм каргаша.
Каргаша өлүм тил алса,

Жаш молдом коюп мени алса,
Чыкпайт белем бейишке,
Жаш молдом калбайт беле кейиште.

Жийделүү булак алаша,
Жигитке өлүм каргаша.
Каргаша өлүм тил алса,
Жаш молдом коюп мени алса,
Чыкпайт белем бейишке,
Жаш молдом калбайт беле кейиште.

Сен жорго миндиң сулуу деп,
Кер ичик кийдиң жылуу деп,
Кер жоргоң оозу тыйылды,
Кер бучкак жүккө жыйылды.

Кыянын ташы сен элең,
Кыйма элечек мен элем,
Кыянын ташы кулады,
Кыйма элечек куурады.
Кара сууну бойлой жат,
Артында калган мен бейбак,
Не болорун ойлой жат.

Алмалуу булак көрүнөт,
Алмасы жерге төгүлөт.
Асылым сени санасам,
Арманым ичтен бөлүнөт.

Жийделүү булак көрүнөт,
Жийдеси жерге төгүлөт.
Ойронум сени санасам,
Күйүтүм ичтен бөлүнөт.

Аптиек башы куранды,
Атка белиң буралды.
Арманым ичтен арылбайт,
Таппадым сендей жыргалды.

Бисмилладан сөз айтсам,
Жалганы жок түз айтсам,

Сөз баштайын абалдан,
Абал менен кылымдан,
Дин мусулман баласы,
Баары тамам жыйылган.

Бисмилла сөздүн башы экен,
Асылым тууган жаш молдом,
Эки эле элдин жашы экен.
Ак байгамбар мустапа,
Теңирим менен дос экен.
Асылга берген өмүрү,
Жыйырма беште жашы экен.

Омуроодо ак кагаз,
Жайылуу эле жайнамаз.
Жайнамазын жайдырган,
Жанына китеп койдурган,
Жаңылбастан окуган.

Самоордо болсун чайларың,
Жаннатта болсун жайларың.
Самоорго койгон чайнектей,
Кош терезең айнектей,
Бозоргон жерлер суу болду,
Боздотуп молдом не болду?

Кер жорго минип жол жүргөн,
Кериней тартып кол жүргөн.
Сур жорго минип жол жүргөн,
Сурнай тартып кол жүргөн.
Самоордо чайың аш болду,
Санжыргалуу акеңдин
Сакалы ылдый жаш болду.

Чайнекте чайың аш болду,
Өзүнден калган көп журтка,
Арсыз тууган баш болду.
Кашкардын башы кара кент,
Кайраным молдом ала кет,
Турпандын башы туура кент,
Туйгунум молдом ала кет.

Асылым молдо теңдешим,
Үйдө жүрсө курдашым,
Тышка чыкса сырлашым,
Өтүп кетти дүйнөдөн,
Атаны кокуй муңдашым.

Белеске атың бек байла,
Бейиштин төрүн кең жайла.
Адырга атың бек байла,
Акырет төрүн кең жайла.
Кыраңга атың бек байла,
Асылым кыямат төрүн кең жайла.

Белестеги беш арча,
Берендин аты саялайт.
Берен тууган жаш молдом,
Качан элин аралайт.

Кылычың учу кыймалуу,
Кырк жигит калды байдалуу.
Саадагың учу саймалуу,
Сан жигит калды байдалуу.

Саадагын сайга жөлөгөн,
Санаасын сан жигитке теңеген.
Кылычын кырга жөлөгөн,
Кылыгын кырк жигитке теңеген.

Кылычы калды кыңгырап,
Кырк жигит калды жалдырап.
Саадагың калды шалдырап,
Сан жигит калды жалдырап.

Эгиз козу эндешим,
Асылым туйгун теңдешим.
Белеске чыга жайлаган,
Белсенип күлүк байлаган,
Белсенген күлүк закымбы,
Бейишиң бизден жакынбы?

Адырга чыга жайлаган,
Алкынтып күлүк байлаган,

Алкынган күлүк закымбы?
Акырет бизден жакынбы?

Ак сандык болгон ок калды,
Ак баранды атарга,
Артында туяк жок калды.
Көк сандык толгон ок калды,
Көк баранды атарга
Көрүнгөн туяк жок калды.

Карчыга куштун баласы,
Кайындан болот уясы,
Кайындын башын сел алса,
Кайгылуу болот анасы.

Ителги куштун баласы,
Эмилден болот уясы.
Эмилдин башын суу алса,
Эңгире болот анасы.

Ичер чайым бал болгон,
Артында калган карабет,
Бир көрөргө зар болгон.

Ат ичинде карала ат,
Асылым берен ала жат.
Жылкы ичинде карала ат,
Жыргалым берен ала жат.
Калк ичинде карала ат,
Кайраным берен ала жат.

Ак тобурчак үйрөткөн,
Ак сарайдай үйүнө,
Алтындан бакан тиреткен,
Көк тобурчак үйрөткөн,
Көк сарайдай үйүнө
Күмүштөн бакан тиреткен.

Ак аргымак каңтарган,
Касташкан калың душманды
Айлы менен жапырган.

Тору аргымак каңтарган,
Топтошуп аткан душманды,
Токойдон бетер жапырган.

Ат ичинде буурул ат,
Арпа, саман боо салса,
Бубак, бубак чайнасын,
Муңканганда карабет,
Жаңы өлгөндөй ыйласын.

Жылкы ичинде буурул ат,
Буудай саман боо болсо,
Бубак, бубак чайнасын.
Кейигенде кара бет,
Бүгүн өлгөндөй ыйласын.

Ташты буздуң талкалап,
Ташкенди билдиң чалкалап,
Музду буздуң талкалап,
Букарды билдиң чалкалап.

Чай кайнаттык кумганга,
Чабаган кетти тууганга,
Чабаганчы келгенче
Күл ойрон түшүп кеттиң зынданга.

Ат байладың акырга,
Бал кайнаттым бакырга,
А балымдан таткан жок,
Күл ойрон,
Кайрылып керээз айткан жок.

Бармактай болгон кекилик,
Башка болжоп көз аткан,
Күл ойрон,
Ашыга чыгып бат жаткан.

Кара тоонун чиеси,
Кадырман жердин күйөөсү,
Качан келет ээси,
Чайнаганың жутканың,

Чагырмак бугу жаясы,
Ойногонуң, күлгөнүн,
Кан Тынымыш баласы.

Алма чыгат талаша,
Жемиш чыгат жанаша.
Азаптуу өлүм тил алса,
Асылым коюп мени алса.

Алыстан келген меймандын,
Басып атын алгыла,
Астына боз килем салгыла,
Аптиек ачкан молдолор,
Асылга аныктап дуба кылгыла.

Карчыга конот сагага,
Карабет кара боюм садага.
Турумтай конот сагага,
Дурустап дуба кылгыла,
Карабет тулга боюм садага.

Булгаары кийдим бутума,
Мурунку конгон конушум,
Зарлап түштүм журтума,
Кебишти кийдим бутума,
Илгерки конгон конушум,
Ыйлап түштүм журтума.

Булгаары саадак байланган,
Букардын тоосун айланган,
Букар тоодон келгенче,
Бурулуп калды мурутуң,
Муңканып калды көп журтуң.

Саймалуу саадак байланган,
Сапардын тоосун айланган,
Күн тийбес тоону айланган,
Күн тийбес тоодон келгенче,
Күбүлүп калды мурутуң,
Сагынып калды көп журтуң.

Тескейдеги бадалдан,
Күл ойрон,
Теңиз элең адамдан,
Күңгөйдөгү бадалдан,
Күл ойрон,
Күлүгү элең адамдан.

Ай менен чолпон тогошкон,
Асылым туйгун жаш молдом,
Ажалың бу жыл болжошкон.
Күн менен күнүң тогошкон,
Күлүсүм туйгун жаш молдом,
Күнүң бу жыл болжошкон.

Үйүңдүн алды ак талдуу,
Ак талды жакса чок болот,
Артында калган аз тууган,
Анда бир жогуң жоктолот.

Үйүңдүн арты көк талдуу,
Көк талды жакса чок болот,
Артында калган аз тууган,
Ошондо жогуң жоктолот.

Кереге менен уук ыйлайт,
Кейишим жыргал өткөн соң,
Катыгүн,
Келин, кыздын баары ыйлайт.

Уук эле кайдан ыйласын,
Сиездеги бий ыйлайт.
Суу боюнда жар ыйлайт,
Жар эле кайдан ыйласын,
Жаш молдом,
Жалпы эле журттун баары ыйлайт.

Аргымакка ат кошкон,
Жаш ойрон,
Ар жакшыга баш кошкон.
Тобурчакка ат кошкон,
Жаш молдом,
Топ жакшыга баш кошкон.

Эгиз козу кучактап,
Жаш молдом,
Кой аралап калбадым.
Эркек балам ээрчитип,
Жаш молдом,
Той аралап калбадым.

Жар жыгылса суу бөгөйт,
Жалгызым өлсө ким жөлөйт.
Суу жыгылса жар бөгөйт,
Султаным өлсө ким жөлөйт?

Кара тоо башы желдейди,
Казак, кыргыз топ кылса,
Жаш молдом,
Калкымдан таппайм сендейди.

Кызыл тоо башы желдейди,
Кытай, орус топ кылса,
Жаш молдом,
Кыргыздан таппайм сендейди.

Менин атым Айганым,
Айтып кой элге жайганым.
Өлгөнгө ыйлаган менен пайда жок,
Билгениң куран окуп кой,
Акелер, мынакей менин койгонум.

## МИНГЕН АТЫҢ КЕР ЖОРГО

*(Жесиринин кошогу)*

Минген атың кер жорго,
Кыямат кеттиң кең жолго.
Кең жолду кайдан баштадың,
Кейитип жалгыз таштадың.
Кер жоргоңду чаппадың,
Кең жолдон кайра тартпадың.

Минген атың сур жорго,
Сулпукор кеттиң шум жолго,

Шум жолду кайдан баштадың,
Сумсайтып жалгыз таштадың.
Сур жоргоңду чаппадың,
Шум жолдон кайра тартпадың.

Алтындан жүгөн калайлуу,
Алганы менен тең жүргөн,
Кандай бир адам таалайлуу.
Күмүштөн жүгөн калайлуу,
Күйөөсү менен бир жүргөн,
Кандай бир адам таалайлуу.

Жети токум бир атка,
Келгеним жети ай боло элек,
Элиңе салдың уятка.
Алты токум бир атка
Келгеним алты ай боло элек,
Айылга салдың уятка.

Карага салган көрпөчөң,
Кадыркеч мырзам өзгөчөм,
Кызылга салган көрпөчөң,
Кызыктуу мырзам өзгөчөм.

Кошулуп аккан суудайым,
Кош көрбөдү кудайым.
Теңелип аккан суудайым,
Тең көрбөдү кудайым.

Кер жорго миндим тайынан,
Кейидим өлүм айынан.
Сур жорго миндим тайынан,
Сумсайдым өлүм айынан.

Кара кырды жол чалган,
Казактан барып жылкы алган.
Жылкысын берип мени алган.
Жылкы берип алганы,
Жыргалын жаңы көрөрдө,
Кыз алган бейбак тул калган.

Кызыл кыр ылдый жол чалган,
Кытайдан барып жылкы алган.
Жылкы берип мени алган,
Жылкы берип алганы,
Жыргалын жаңы көрөрдө,
Кыз алган бейбак тул калган.

Сай жакалай от калды,
Сарала атың бош калды.
Сарала атың минерге,
Бир перзентиң жок калды.

Түпкү атасы бай өткөн,
Өз атасы бек өткөн,
Бектен туутан жаш төрөм,
Бир перзенти жок өткөн.

Орустан келген он ийне,
Он тигүүгө келген жок,
Мыкты төрөм барында
Он жылы доорон сүргөм жок.

Кытайдан келген кырк ийне,
Кырк тигүүгө келген жок,
Кылыктуу төрөм барында,
Кырк жыл доорон сүргөм жок.

## ЗУУРАКАНДЫН КҮЙӨӨСҮНӨ КОШКОНУ

Бысмылда сөздөн баштайын,
Кудай акы шашпайын.
Байгамбар өткөн башында,
Жаштык өттү жашында.

Эки бирдей чаңкайбас,
Башынды тартпай чылбыр соз.
Башка кудай салган соң,
Амал барбы, үнүң соз.

Эки бирдей боз кара,
Минген атың боз бала.

Жаш убакта сиңишип,
Жаныңа жыйган жаш бала.

Түндүктүү үйдө мен жалгыз,
Кара көрдө сен жалгыз.
Капшыттуу үйдө мен жалгыз,
Караңгы көрдө сен жалгыз.

Кызыл-ала тердигиң,
'Токунсаңчы аңтара.
Кудай берген чоң бата,
Чоң бата болду пайдасыз,
Асылым өттү баласыз.

Жашылдан кылган тердигиң,
Токунсаңчы аңтара.
Элдин аа, берген чоң бата,
Чоң бата болду пайдасыз,
Менин асылым өттү баласыз.

Атаны арман дүнүйө,
Таң атардын белгиси,
Саратан жылдыз жаркырайт.
Эл көчөрдүн белгиси,
Атан төөсү баркырайт.
Муңдуу байкуш бейбактын,
Таң атпай үнү чыркырайт.

Кызылдын кылган желегиң,
Кызыл ташка жөлөдүң.
Асылым аман бар болсоң,
Тийбейт беле керегиң.

Карадан кылган желегиң,
Кара ташка жөлөдүң.
Асылым тирүү бар болсоң,
Колхозго тийбейт беле керегиң.

Аскага аркар токтосун,
Атуучу мерген октосун.
Асылым,
Артыңдан Зуураканың жоктосун.

Тескейге теке токтосун,
Терүүчү мерген октосун.
Кубатым менин асылым,
Курдашың Зууракапың жоктосун.

Бир пайгамбар Жусуптур,
Колумдан шумкар учуптур.
Колумдан учкан шумкарым,
Караңгы көргө түшүптүр.

Бир байгамбар Ыдырыс,
Башыма түштү кыйын иш.
Башыма кудай салган соң,
Артында болду күйүнүш.

Бир байгамбар ууктур,
Атадан эчен тууптур.
Айрылбайм деген жаш калкам,
Жакшылар жолун кууптур.

Жети сарай учмак бар,
Эшик ачсаң шамалдар,
Шамал түгүл салкын жок,
Зар ыйласам мага жок.

Карадан кылган кестигиң,
Казакка барып кындаттың.
Кара тору жигитти,
Как тушумдан тыңдаттың.

Кызылдан кылган кестигиң,
Кытайга барып кындаттың.
Кызыл тору келинди,
Как тушумдан тыңдаттың.

Адырмак тоонун ар жагы,
Аркар, теке, кулжасы.
Артында калган Зууракан,
Алда бир кимдин олжосу.

Будурмак тоонун ар жагы,
Бугу бир теке, кулжасы.

Артында калган мен шордуу,
Алда кимдин олжосу.

Буурул атка буудай сал,
Бурдап-бурдап чайнасын,
Муңдуу пенде ыйласын.
Сарала атка саман сал,
Сабак-сабак чайнасын,
Саналуу пенде ыйласын.

Тушуңду түрүп карасам,
Турумтай сындуу асылым,
Турумтай сының кеткенби?
Бир көрүнчү көзүмө,
Ыраазы болчу сөзүмө.

Капшытың кайрып карасам,
Кайберен сындуу асылым.
Кайберен сының кетиптир,
Жалпак бейит болупсуң.

Жалпак бейит өзүңө,
Бир көрүнчү көзүмө,
Көрүнбөсөң көзүмө,
Ыраазы болгун сөзүмө.

Жаткан жериң жай болсун,
Артың сүттүү май болсун.
Мингениң бир ак ат болсун,
Жакканың чырак шам болсун.

Ай тие турган жагыңа,
Алтындан терек орносун.
Кырк периште, кырк чилтен,
Бейишти көздөй жүр десин,
Азирейил жалаңгыч,
Сенден сурак албай сүрдөсүн.

## КАЙГЫРГАН БЕЙБАК УНЧУКТУ

*(Жесирдин кошогу)*

Карарган тоодон күн чыкты,
Кайгырган бейбак унчукту.
Кайгырсам айтам арманды,
Казыркы дүйнө жалганды.
Көтөрбөскө айла жок,
Башыма кудай салганды.

Берген кудай өзү алды,
Мен бейбак ыйлап тул калды.
Тагдырым сизди жараткан,
Жасаган эгем өзү алды.
Жатындаш болгон тууган жок,
Жашырып ыйлап мен калдым.

Берген кудай өзү алды,
Мен бейбак ыйлап тим калды.
Эшикте малың ээлерге,
Энелеш тууган жаш калды.
Эсиңен чыкпай эл калды,
Ээрчишкен жарың тул калды.

Артындан малың ээлерге,
Аталаш тууган ким калды?
Акылдан чыкпай ыйлаган,
Аркаңда бейбак тул калды.

Калайлуу сенин чайдоосуң,
Кан уулу сенин жан досуң.
Медерлүү сенин чайдоосуң,
Бек уулу сенин жан досуң.
Медерлүү чайдоос дат болду,
Бек уулу сенден жат болду.

Калайлуу чайдоос дат болду,
Кан уулу сенден жат болду.
Саймалуу калпак, сары шым,
Саяктан келет таанышың,

Ал таанышың келгенде,
Жаңшап ыйлайт канышың.

Кыйма калпак, кызыл шым,
Кытайдан келет таанышың,
Ал таанышың келгенде,
Кыйналып ыйлайт канышың.

Сур жорго минип жылжыткан,
Суудан суксур алып ыргыткан,
Кер жорго минип жылжыткан,
Кериден кекилик алып ыргыткан.

Калпагын зарга толтурган,
Кан алдында олтурган.
Белбагын зарга толтурган,
Бек алдында олтурган.

Эчкиси эркеч ийриген,
Эркегин базар кийриген.
Базардын жолун чаң кылган,
Кандай байдын кою деп,
Базарда сарттар даң кылган.

Койлорун кочкор ийриген,
Кочкорун базар кийриген,
Базардын жолун чаң кылган,
Кандай байдын кою деп,
Кокондо сарттар даң кылган.

Аргымак минген моюндап,
Алтынды каткан коюндап,
Күлүктү минген моюндап,
Күмүштү каткан коюндап.

Аргымак минген сабактап,
Алтынды чачкан табактап.
Күлүктү минген табактап,
Күмүштү чачкан табактап.

Кулуну сайда сулаган,
Кулдары байдай дуулаган.

Жабагы сайда сулаган,
Жалчысы байдай дуулаган.

Тобуна күлүк бактырган,
Табы кайтып кетет деп,
Долоно мончок тактырган.
Айлына күлүк бактырган,
Табы кайтып кетет деп,
Аюунун жүнүн тактырган.

Короосунун четине,
Кошоктоп көгөн кердирген,
Короодогу кулуна,
Койдон союш бердирген.

Алты арыктан суу ичкен,
Элиң калды Гүлжигит.
Алты ыстарчын Тянь-Шань,
Жериң калды Гүлжигит.

Жети арыктан суу ичкен,
Элиң калды Гүлжигит.
Жети ыстарчын Тянь-Шань,
Жериң калды Гүлжигит.

Үй үстүнө жоо келсе,
Түпөктүү башка доо келсе,
Жүргүлө балдар дээр элең,
Ага-иниге бел элең.

Өлөңдүн сазы мен элем,
Өрдөктүн казы сен элең.
Өлөңдүн сазын өрт алды,
Өрдөктүн казын куш алды.

Тулаңдын сазы мен элем,
Турнанын казы сен элең.
Тулаңдын сазын өрт алды,
Турнанын казын куш алды.
Караны салып башыма,
Бу жигит кайгыны үйдү башыма.

## ЖАСАБАЙ КАЛСЫН ЖАЛГЫЗДЫ

*(Жесирдин кошогу)*

Жар боорунда жалбызды.
Жасабай калсын жалгызды.
Кайнаган булак сен белең?
Какшаган шордуу мен белем.

Жалгызым,
Өзөндүү булак сен белең?
Жалгызым,
Өзөксүз жалгыз сен белең,
Өксөгөн шордуу мен белем.

Карарган жерди кыртыш деп,
Кантип казам арман күн.
Калкыңда калган белгиң жок,
Карарып калган мен бейбак,
Калың элди аралап,
Кантип бир басам арман күн.

Тумтуйган жерди кыртыш деп,
Кантип бир казам арман күн,
Жалгызым,
Тобуңда калган белгиң жок,
Толгон бир элди аралап,
Тозокко түшкөн мен бейбак,
Кантип бир басам арман күн.

Жалгыздын салган сарайын,
Сарайда калган белгиң жок,
Арман күн,
Кандай бир айла кылайын.

Боз торгой түшсө боз жерге,
Боору жок жалгыз арман күн,
Боздобой жатсам түз жерге.

Камчы бою белгиң жок,
Кайран бир сендей өтөрбү?

Жалгызым,
Артында калган белгиң жок.

Өксөгөн мендей өтөрбү,
Артында калган агаң жок,
Армандуу сендей бар бекен,
Жалгызым,
Өзүңдөн тууган балаң жок,
Өксөймүн жалгыз амал жок.

## КҮЛОЙРОН

*(Жесири Чынынын кошогу)*

Асылым Арпа күлойрон,
Кандай жорук баштадың.
Катын менен балаңды,
Каран түнгө таштадың.

Жашында өлгөн оңорбу,
Жаш кезинде тул калган,
Мендей бейбак болорбу,
Кара бет атка конорбу?

Кызылды кийген оңорбу,
Кыш чилдеде тоңорбу.
Келининде кесилип,
Карабет атка конорбу?

Бир төшөктө эки баш,
Үч балаң калды жетим жаш.
Эки башты айрыган,
Эгем таала боору таш.

Арпа ичинде бир буудай,
Такта буудай дечү элем.
Эл ичинде Арпамды,
Сакта кудай дечү элем.

Жайкалып чыккан буудайды,
Такта буудай дечү элем.

Жаш күлойрон Арпамды,
Сакта кудай дечү элем.

Ыргалып чыккан буудайым,
Ырайым кылбай кудайым.
Асылым Арпа күлойрон,
Айрылдым сенден жубайым.

Жайкалып чыккан буудайым,
Жардам кылбай кудайым.
Жаш кезинде айрылдым,
Асылым Арпа жубайым.

Ээр таштын ача бел,
Эңкейте жылды кууганым.
Эсил Арпа бууданым,
Тай экенден тагашым,
Козу экенден эндешим.
Кокуй ойрон күлүстөн,
Комутта калдым теңдешим.

Эшигимдин алдына,
Эмилден кишен салдырдым.
Эли-журтум ичинде,
Арпа ойронум алдырдым.

Босогомдун алдына,
Болоттон кишен салдырдым.
Жайдарым Арпа күлойрон,
Жалаңкычка алдырдым.

Асылым Арпа ойронум,
Айлым болот коргонум.
Жылас болуп күлойрон,
Жыйырма беш жашта союлдуң.

Кайран Арпа ойронду,
Какшасам кудай берген жок,
Кытайдан Арпа келген жок,
Кылчайып үйүн көргөн жок.

Тилегеним Арпа эле,
Тилекти кудай берген жок.
Желеде калды тайларың,
Жетим калды балдарың.

Ширгеде калды тайларың,
Чыркырап калды балдарың.
Аз атанын уулунан,
Азып туулган жан элең,
Асылым менин өзүмө,
Алтындай баркың бар эле.

Асылым Арпа күлойрон,
Аз эле урук дөөлөстөн,
Кейиш тартып кор болуп,
Кемибеген дөөлөттөн.

Асылым Арпа күлойрон,
Алкынтып миндиң бууландан.
Аз атанын уулу деп,
Азар тарткан туугандан.

Арпа берип жем бербей,
Арык болду бууданым.
Аз болгонуң атадан,
Анжыянда көп экен,
Жалпы дөөлөс тууганың.

Буудай берип жем бербей,
Муунсуз болду бууданың.
Букара болуп жүргөнүң,
Анжыянда бар экен,
Жалпы дөөлөс тууганың.

Тууганыңа кете албай,
Туз таткан жерден өтө албай,
Басынып жүрүп жок болдуң,
Баралыңа жете албай.

Алтындан топчу бүчүмдө,
Аян көрбөй түшүмдө.

Асылым Арпа күлойрон,
Арманың кетти ичинде.

Күмүштөн топчу бүчүмдө,
Көрбөй калдым түшүмдө.
Күлойрон сенден айрылып,
Күйүтүм калды ичимде.

Асылым Арпа күлойрон,
Кара чачым жайдырдың,
Калдайтып кара салдырдың.
Калк ичинде мен шордуу,
Кайран Арпа оенду,
Кабыланга чалдырдым.

Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен күлойрон.
Жаш алган жарым калды деп,
Кейиште бекен күлойрон.

Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен күлойрон.
Кыз алган жарым калды деп,
Кейиште бекен күлойрон.

Жеркенден келген жети каз,
Жетөөнү коюп бирөөнү ат.
Жети атаң өткөн кыямат,
Эшигин ачып төрүн бас.

Аркадан келген алты каз,
Алтоону коюп бирөөнү ат.
Алты атаң өткөн кыямат,
Ага барып салам айт.
Алты эшиктүү бейиштин,
Күлойрон эшигин ачып төрүн бас.

Күлүстөн мырза күлойрон,
Күлүп кетти бейишке.
Күйүтүң тартып мен бейбак,
Күйүп калдым кейишке.

Асылым Арпа күлойрон,
Аттанып кеттиң бейишке.
Арбагың тартып зар ыйлап,
Арканда калдым кейишке.

Күл ойрон кушун илгир баккандан,
Күлүп кетти бейишке,
Кудайга иши жаккандан.
Күл бейиштен жай алды,
Күлжигит акыл тапкандан.
Арканда калып кор болдум,
Азабым аштай каткандан.

Күлүгүңдү күз чаппай,
Күлкүңүздү биз таппай.
Аргымагың жаз чаппай,
Акылыңды мен таппай.

Күлойрон сулууча келген кой көзүм,
Сымбаттуу келген сен өзүң.
Айтымың калган ак сөзүң,
Акырет кеткен сен өзүң,
Арманда калган мен өзүм.

Бугунун мыктылары Муратаалы, Боромбай Арпанын аялы Чынынын кошогун угуш үчүн ээрчип, көчкө жол беришпейт. Ошондо Чыны:

Бурмалуу саадак бугу шым,
Күлойрон, бугунун уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүң.
Саймалуу сары саадак шым,
Күлойрон, сарбагыш уулу болбодуң,
Зыйнатында олтуруп,
Сыпатың айтып көрбөдүм.

Муратаалы, Боромбай,
Бугудан чыккан оену.
Бул жорукту коелу,
Журтка барып коnолу.

Тоспоңор менин жолуман,
Кармабагын колуман.
Күлойрондун өлгөнү,
Адагы менин шорумдан.

Кошок уксаң конуп ук,
Конгон жерде келип ук.
Айылың жакын жайлап ук,
Көчкөндө төөм айдап ук.
Өрүүдө бээм байлап ук,
Арманың калбай шайлап ук! –

деп кошуптур.

Ошол көч үстүндө бирөө «Муратаалы, Боромбайга күйөөңдү мактап кош» – деп шыбырайт. Анда Чыны:

Кызыл макмал топтоймун,
Кымбатым Арпа ойрондун,
Кылыгын айтып жоктоймун.
Кара макмал топтоймун,
Казанат Арпа ойрондун,
Кадырын айтып жоктоймун.

Киш ичикти кийбеймин,
Киши айткан тилге кирбеймин.
Оруну жок сөз айтып,
Мактаганды билбеймин.

Үй үстүнө жоо келсе,
Үйдөн алыс аттанып,
Жорткон эмес күлойрон.
Ашкан алыс сапарга,
Барган эмес күлойрон.

Аттанып чыгып алыстан,
Чалган эмес күлойрон.
Айдап жылкы алдына,
Салган эмес күлойрон.
Көп аттанса катардан,
Калган эмес күлойрон.

Айтып-айтпай пайда жок,
Кеткен жан кайтып келеби,

Кемиткен кудай береби.
Өлгөн жан кайтып келеби,
Өксүткөн кудай береби.

Аман болсун балдары,
Артында туяк калганы.
Билбей калган жан барбы.
Дүнүйөнүн жалганы.

## БИРӨӨ КОЛДУУ БОЛГОНДОРГО КОШКОН КОШОКТОР

### ЭҢКЕЙИШТЕ ЭР САЙГАН

*(Жесиринин кошогу)*

Эңкейиште эр сайган,
Экини катар бир сайган.
Элинен чыгып башынан,
Эрен болуп байге алган.

Эчкирип күндө ыйладым,
Эчкимде болбос бул арман.
Эринен минтип айрылып,
Мен эмеспи үн салган.

Тоңкоюшта эр сайып,
Тогузду катар бир сайган.
Тобунан чыгып аталып,
Алакан жайып бата алган.

Алтын зээри учуруп,
Өпкө боору кысылып,
Демитип кирген найзасы,
Денесин сайды учуруп,
Тула бойдон кызыл кан,
Агып турду сызылып.

Айтканда менде дарман жок,
Көрүп калсам арман жок.
Аттанган бойдон бир келбей,
Кабар – атар алган жок.

Жаздыктан өлгөн жаманат,
Жоодон өлгөн салтанат.
Деп айтышты молдолор,
Кээси жан талашып карганат.
Бирөө кой деп айтпастан,
Карап турган жарданат.

Алтын эмес темир жок,
Көөрүккө басар көмүр жок.
Мактап туруп жоготту,
Беренимде өмүр жок.

Түбүнө жетпей куурадык,
Атаны кокуй дүйнө бок.
Кармап берген ажалга,
Жамбашың тилсин жалаң ок.

## ӨЛТҮРҮЛГӨН КЕМУНИСТЕР

*(Аялдарынын кошогу)*

Айтайын муңдуу өлүмдү,
Арманда өткөн беренди.
Өлтүргөнүн ким билди
Бир караңгы түн билди.
Арманда өткөн асылды,
Ошондой айтсак ылайык.

Кое бергин колумду,
Ача бергин жолумду!
Кардына бычак салалы,
Кас санаган душмандын
Канынан ууртап алалы!

Ой дүйнө,
Кайрандан кантип калалы.

Алмалуу булак сары жон.
Алмасы бышпас жерби эле_
Жардынын гүлү эки асыл
Айтпай койчу эр беле?

Жийделүү булак сары жон,
Жийдеси бышпас жер беле?
Жалчынын гүлү эки асыл,
Айтпай койчу эр беле?

Азыраак айтып бат басыл,
Арманда өткөн эки асыл
Көбүрөөк айтып бат басыл,
Дүйнөдөн кемунус өткөн эки асыл.

Жардыны тоодой көтөргөн,
Манапты койдой бөктөргөн.
Жардыны ашуу бел кылган,
Манапты кара жер кылган.

Кичүүнү бактың инилеп,
Сизге кишилер жетпейт күнүлөп.
Улууну бактың агалап,
Жарды, жалчы көп журтуң,
Келчү эле сага сагалап.

Аргымактан азоо туул,
Дулдул элең эки асыл.
Адамзаттан чечен туул,
Булбул элең эки асыл.

Кара чаян күрмөдөн,
Кайрандар өткөн дүйнөдөн.
Кайрандар өтсө дүйнөдөн,
Жалчылар болсун туягы,
Кас санаган канкордун,
Сабитке тийсин сурагы.

Жылкы ичинде кара кер,
Кара ашына союлсун.
Сизди өлтүргөн манаптар
Маңдай да тескей коюлсун.

Манап манаптыгын кылыптыр,
Манапка кошо теңелип,
Жардынын аты арыптыр.
Манап урган оңолот,
Сабет урган жоголот.

Көпчүлүктүн өкүмөтү
Жарды жалчы сабети,
Кас санаган манаптын,
Канткенде иши оңолот?

Арманда өткөн эки асыл,
Байлалуу кетти бармагың
Ичиңде кетти арманың.
Өлтүрдү манап душманың,
Кубар бекен кунуңду,
Артыңда калган көп журтуң,
Кемунусчул партияң.

Манап менен жардыны,
Билип өткөн эки асыл.
Аяңдап байлар кеп айтса,
Ылачындай имерип,
Тийип өткөн эки асыл.

Сабеттер берген кара тон,
Кат-катынан бүктөгөн,
Катуураак манап кеп айтса,
Эки асыл
«Калжырабай шүк» деген.
Көкөлөп жалын өрт күйдү,
Эки асыл
Көк саңсаңдан бөрк кийди.
Бөркүн шамал учурду,
Атын манап канкорлор
Бу дүйнөдөн учурду.

Эсенгул, Шабдан, Колдошту,
Касманбет, Бектен жол тосту.
Союп алды жолборсту,
Алып салды арстанды.

Арстанды канкор аларбы?
Арстанды канкор алган соң,
Азапка журтун саларбы?
Жолборсту канкор аларбы?
Жолборсту канкор алган соң,
Тозокту жарды саларбы?

Калайы элең кумгандын,
Казыгы элең жардынын,
Чоргосу элең кумгандын,
Тулгасы элең жардынын.
Бөйрөк булак жонунда,
Бейит болду эки асыл.
Ажал жетип күн бүтүп,
Курман болду эки асыл.

Азыраак айтып койгонум.
Акылдуу болсоң ойлогун.
Жарды жалчы эске ал!
Мынакей менин койгонум.

## ЧОҢ ОРМОН ӨЛГӨНДӨГҮ КОШОК

*(Ормон киши колдуу болуп өлгөн)*

Ак терек башы бойлуу,
Акимден чыккан ойлуу.
Көк терек башы бойлуу,
Көркөмдөн чыккан ойлуу.

Ак нooту кийдиң жеңи жок,
Акимден сиздин кемиң жок.
Көк нooту кийдиң жеңи жок,
Көркөмдө сиздин кемиң жок.

Караны кийдиң кайкалап,
Калмакты жеңдиң талкалап.
Кызылды кийдиң кайкалап,
Кыргызды жеңдиң талкалап.

Суу боюнда жалбызым,
Султанаалы жалгызым.
Күдүргө чыга жайладың,
Күлбүртүп күлүк байладың.
Күлбүрткөн күлүк закымбы,
Кыямат бизден жакынбы?

Тескейге чыга жайладың,
Телбиртип күлүк байладың,
Телбирткен күлүк закымбы,
Кыямат бизден жакынбы?

Курманалы куу кулак,
Камчыны илди билекке.
Ысманалы куу кесек,
Канжарды салды жүрөккө.

Канжарын канга бөлөдү,
Түн ортосу болгондо
Аргымак оозун чойдуруп,
Ормонду гүл дөбөгө сойдуруп.

Айраның сүттөй ирисин,
Жетөөнүн тең жамбашың,
Жерде жатып чирисин.

Шоролунун оозунда,
Согум болуп союлдуң.
Талды-Булак мазарга
Шейиттей болуп коюлдуң.

Калың жыйын ичинде,
Калка болот дедиңби?
Аалыбектей маңканды,
Арка болот дедиңби?

Кечүүүсү бийик ала бел,
Кеңешмен Ормон кайран эр.
Ашуусу бийик ала бел,
Арстаным Ормон кайран эр.

Көк ойго тиккен чатырым,
Көркөмдүү Ормон баатырым.
Ак ойго тиккен чатырым,
Асили Ормон баатырым.

## БАРПЫ АКЫНДЫН КЫЗЫ УМСУНДУН АБАСЫН КОШКОНУ

Жарым көңүл атамдын,
Темирдей кубат бели элең.
Адалат менен Умсунга,
Ала-Тоодой дем элең.
Ариетке калганда,
Ак жолборстой шер элең.

Жолборсум атам сен барда,
Бата албайт душман дээр элем.
Кызматыңды кылышка,
Иниңдин кызы мен элем.

Мизиң бир өткүр курч элең,
Жөлөнүп сизге турчу элем.
Узак жашап өмүрдү,
Жыргайбыз деп жүрчү элем.
Өлбөй жүрсө атамды,
Сыйлайбыз деп жүрчү элем.

Жаман менен жакшыны,
Ажыратып билчи элең.
Айнектей жүзүң жаркырап,
Даанышман атам сынчы элең.

Инимдин жалгыз кызы деп,
Мээрбан ата күйчү элең.
Эшиктин оозун бекиткен,
Полот калит кулп элең.

Иниңе бирөө сүйлөсө,
Каттык силкип турчу элең.

Иниңе кара бөрк элең,
Уюшкан элдин көркү элең.

Молдо Жусуп ууруга,
Мурунтан кандай өч элең?
Аралап кирди чегиге,
Душманың жетти кегиге.

Адалат менен Умсунду,
Күйгүздү жалын отуга.
Өлтүрдүк деп Полотту,
Уурулар кетти кошуга.
Жамандык кылды аттанып,
Тең иштешкен досуга.

Атемирдей атамдын,
Арманы калды ичинде.
Ажал жетсе ар киши,
Дүйнөдөн өтөт бир күндө.

## ЖЕК-ЖААТТАР АРКЫЛУУ АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

### САМСАЛИЕВКЕ АРНАЛГАН КОШОК

Ак боз атка жарашкан,
Алтын саптуу камчыны,
Айыпкерлер келгенде
Аныктап койгон санкцыны.

Көк бөз атка жарашкан,
Күмүш саптуу камчыны.
Күнөкөрлөр келгенде,
Күнүгө койгон санкцыны.

Элиң эле Чоң-Кемин,
Ээсиз жаның өтүптүр,
Эл бийлешет кимдериң?
Айлың эле Чоң-Кемин,

Асыл жаның өтүптүр,
Актоочу болот кимдериң?

Кемсинтпеген бирөөнү,
Күнөкөрлөр келгенде,
Кеңешип койгон күнөөнү,
Арыз айткан кишиге,
Акыл айтып үйрөткөн.
Алтын барак аңтарып,
Акыйкат жолун сүйлөткөн.

Ак торко кийсе жарашкан,
Акыйкат кылып арызды,
Калк мүдөөсүн талашкан.
Ууруну кармап сот кылган,
Ушакчыны жок кылган.
Уруулуу элди тынчытып,
Убайымы жок кылган.

Тууганына туу болгон,
Душманына уу болгон.
Ууру менен качкынчы,
Кабарын укса чуу болгон.

Өкүмдү жазган тууралап,
Кылмышкерди көргөндө,
Артынан түшкөн кубалап.
Жыргап өткөн дүйнөдөн,
Жаман пейил кишини,
Кармап алып жоготкон,
Көз көрбөс жерге жөнөткөн.

Аргымак минип дуулаган,
Айыптуулар келгенде,
Акыйкат кылып сураган.
Күлүктү минип дуулаган,
Күнөөлүүлөр келгенде,
Кылдаттык менен сураган.

Кырга тиккен өргөөсүн,
Кылмышкердин алдына,

Кылдат бүткөн тергөөсүн.
Ар бир ишке келгенде,
Акыйкат кылып сураган.
Амалкөй менен жегичтер,
Амалын таппай куураган.

Кылмышкерди жок кылып,
Законду туура кармаган.
Советтин ишин чыңалтып,
Кайратынан тайбаган.

Адырга тиккен өргөсүн,
Айыпкердин алдына
Акыйкат кылган тергөөсүн.
Алтын китеп аңтарып,
Эл камы үчүн ойлонгон.

Кылмышын коюп мойнуна,
Күнөкөрдү бозорткон.
Күнөөсү жок кишини,
Куткарып жолдон бошоткон.

Караөзгөй жаман адамды,
Караңгы жайга жөнөткөн.
Карапайым кишини,
Кара жолдон бошоткон.

Таза кармап законду,
Дааналап жазган өкүмдү.
Кылдаттык менен текшерген,
Чындыгы менен төгүндү.

Алыска сапар жол жүрсө,
Аргымак атын токуган.
Аңтарып тарых барагын,
Алыс жерден окуган.

Күнүгө алыс жол жүрсө,
Күлүк атын токуган.
Көтөрүп закон томдорун,
Көп жерге барып окуган.

Кериге атын байлаган,
Кез келген бузук душманды,
Көз көрбөс жакка айдаган.
Капталга атын байлаган,
Кас санаган душманды,
Камынтпай кармап жайлаган.

Тагындың болот пистолет,
Таалимиң алган улан кыз,
Дайыма сени эскерет.

## ТОКТОГУЛОВ МАНАПБАЙГА

Касиет кетпей башыңан,
Талантың курчуп ташыган.
Кара жаак жез таңдай,
Күкүк элең жашыңдан.

Бакыт сыймык кетпеген,
Бактылуу болдуң башынан.
Алтын жаак жез таңдай,
Чечен элең жашыңан.

Сагалдырык куюшкан,
Сар жорго атка жарашкан.
Санжыргалуу жигит деп,
Сакалды эли талашкан.
Көмөлдүрүк куюшкан,
Көркөм атка жарашкан.
Көркөм жигит экен деп,
Көпчүлүк эл талашкан.

Ак боз атын токуган,
Аңтарып Ленин томдорун,
Андижанда окуган.
Ажырадык биз сенден,
Амал айла жогунан.

Көк боз атын токуган,
Көтөрүп Маркс томдорун,

Кең Маскөөдөн окуган.
Кылчайбай кетип барасың,
Кыпындай айла жогунан.

Тонун илген сарайга,
Сан жыйын курган Алайга.
Сан жыйында сүйлөсө,
Санаты кеткен далайга.

Чепкенин чечкен сарайга,
Чогулуш курган Алайга,
Чогулушта сүйлөсө,
Сөзү кеткен далайга.

Алтындан самоор жыш элең,
Алса илберсин куткарбас,
Агала туйгун куш элең.
Күмүштөн самоор жыш элең.
Күүлөнсө илберсин куткарбас,
Көкала туйгун куш элең.

Тактап сөзүн сүйлөгөн,
Тескери жакка жүрбөгөн.
Адал иштеп эл үчүн,
Жамандык ишке күлбөгөн.
Обкомго башы жанашкан,
Адил жигит экен деп,
Ар жерде муну талашкан.

Ак алма эгип ыргаган,
Алты атасы жыргаган.
Капталга эгин көгөрткөн,
Калың эл менен бир жүрүп,
Кадимки жаштан көгөргөн.

Кара манат эндейди,
Калкымда туубайт сендейди.
Кызыл манат эндейди,
Кыргызда туубайт сендейди.

Элирсе чуркап жоргосу,
Элинде болгон жолдошу.

Кыйын кыйын иш болсо,
Ташкентте болчу колдоосу.

Теминсе чуркап жоргосу,
Тегин эмес жолдошу.
Тебише келген иш болсо,
Партия болгон колдоосу.

## КУСАРОВА САЙКАЛГА

Адырда шамал ыкты эле,
Атактуу кутчу элинен,
Алышса намыс бербеген,
Аялдан Сайкал чыкты эле.

Белесте шамал ыкты эле,
Белгилүү кутчу элинен
Беттешсе намыс бербеген,
Белгилүү Сайкал чыкты эле.

Ак көйнөк кемсел дүрия,
Айылга кийсе келишкен.
Алтындан орден тагындың,
Ак эмгек жыргал жеңиштен.

Байлыгын ачтың жериңдин,
Бактысын ачтың элиңдин.
Осуятын үйрөттүң,
Көсөм ата Лениндин.

Күлүгүн күндө таптаган,
Күлпөттүү кыргыз элине,
Түшүм жыйган пахтадан.
Жаман сөз элге айтпаган,
Күүлөнтүп күлүк байлаган.
Кулпунтуп жаздык айдаган,
Кырманын күздө көтөрүп,
Буудайдан канча пайда алган.

Түшүм жыйган пахтадан,
Эл ишенимин актаган.

Алдыңкы бригад болчу деп,
Атагы чыгып даңк алган.

Күкүк элең сайраган,
Күүлөнтүп тилин таптаган.
Күнөстүү кыргыз элинде,
Күмүштөй пахта жыйнаган.

Ар күнү элин жыйнаган,
Азандан туруп тынбаган.
Алыска даңкы угулуп,
Жеткен эмес кыйла адам.

Пештелүү кетмен бештеткен,
Күлгүндү кийип кирдеткен.
Келин-кызын чогултуп,
Жакшы айтып иштеткен.

Жашылды кийип кирдеткен,
Жасатып кетмен пештеткен.
Жайпалтып гозо гүлдөтүп,
Жакшы айтып элин иштеткен.
Урмат менен тагындың,
Орденин улуу Лениндин.

Булбул элең сайраган,
Жорго элең жолдо айдаган.
Эмгек кылып жашыңдан.
Гүлдөтүп жердин аймагын,
Калкыңа тийген жардамың.

Депутат болуп шайландың,
Гүлдөтүп жерин айдаган,
Эгинден күздө пайда алган.

Күлпөттүү кыргыз элинде,
Күкүк элең сайраган.
Эмгек десе жатпаган,
Элине жаман айтпаган.
Эл ичинде даңкталып,
Атагы чыккан пахтадан.

Жоргосун жолдо байлаган,
Уул-кыздарын чогултуп,
Жыйын куруп сайраган,
Күздүгүн эрте айдаган.

Булкунтуп буудан байлаган,
Буудайын күздө айдаган,
Букара элдин ичинде
Булбул элең сайраган.

Ак сарай үйдүн куту элең,
Ак сандыктын буту элең.
Элиң өскөн кутчу эле,
Жарышта мөрөй утчу эле.

Жоргосун жолдо байлаган,
Гүлдөтүп жерин айдаган.
Күрдөөлдүү кыргыз элинде,
Күн элең чыккан жайнаган.

Сүлөөсүн кийип жамынган,
Сүйлөөргө сөзүн камынган.
Эмгек кылып элине,
Экиден орден тагынган.

Кундуз бөрк кийип кирдеткен,
Куйма кетмен пештеткен,
Жакшы сөз айтып баарына,
Келин-кызын иштеткен.

Колхоз мүлкүн сактаган,
Ак ниеттүү болуучу,
Ар-намысын сатпаган.
Депутат болуп шайланып,
Эмгегинен даңкталган.

Ак ниет элең тынбаган,
Ардактап элиң сыйлаган.
Эмгек кылып тынбастан,
Пахтадан түшүм жыйнаган.

Кадырлап сүйдүң элиңди,
Гүл бакчага айланттың,
Какырап жаткан жериңди.

Камкорун көрдүң Лениндин
Калк укту айткан кебиңди,
Кадырлап сүйдүң элиңди.
Гүлдөтүп пахта өстүрдүң,
Какыр талаа жериңди.

Баатыры болуп эмгектен,
Ар убак байге бербеген.
Тереӊ акыл кеӊ мүнөз
Айтылуу Сайкал сен элеӊ.

## ДАҢКАНАЙ

Ой, кайраным бастырып чыккан кашаттан,
Бардык элди куткарган
Кайран эр басмачы салган азаптан.
Көрүнө гана чыккан  кашаттан,
Көпчүлүк элди куткарган
Кайран эр каӊкорлор салган азаптан.

Белсенип  гана чыккан кашаттан,
Бечара элди куткарган
Кайран эр  көк бөрү салган азаптан.
Ой кайраным басмачыны башка аткан,
Жана далайын  карды жазданткан.

Ой, кабактан гана келген Аманды,
Жана кабагы карыш балбанды
Караӊгыда үркүтүп,
Кайран эр каӊтара кууган аларды.

# КЕЛИНГЕ АРНАЛГАН КОШОКТОР

## САӘДАТКА КАЙНЕЖЕСИНИН КОШОГУ

Жоктоп бир, жоктоп коеюн,
Жоктобой кантип токтоюн.
Кайран бир Саадат айымым,
Кайдан бир сенден айрылдым.

Кекилик болуп желчи элем,
Кейигенде келчи элем.
Курусун сенин гөр апаң,
Кыргоол болуп желчи элем,
Капа бир болсом келчи элем.

Капшытка түлкү илгеним,
Кайгырганым билгеним.
Эшикке түлкү илгеним,
Элеңдеп кирсем билгеним.

Чачпагың менен чачың тең,
Чачыңын теңи жер болду.
Босого менен боюң тең,
Айымым, боюңун теңи жер болду.

Арка эле чачың билектей,
Саадатым, алты өрүмдүү жибектей,
Желке чачың билектей,
Саадатым, жети өрүмдүү жибектей.

Арка чачың кумайдай,
Айымым, айылда жүргөн субайдай.
Желке чачың кумайдай,
Айымым, железе жүргөн субайдай.

Ак макмалдай кураксыз,
Айымым калып туяксыз.
Уул балаң болгондо да
Уйпалбайт эле эшигиң.

Кара макмал кураксыз,
Уул бала туяксыз.
Уул бала болгондо да,
Саадатим, уйпалбайт эле эшигиң.

Күңгейдеги кулунчак,
Саадат тай байладың жолуң чак.
Уул balaң жок экен,
Гүйбөй калды шам чырак.

Тескейдеги кулунчак,
Ат байладың жолуң чак.
Эки эле кызың бар экен,
Уул балаң жок экен,
Гүйбөй калды шам чырак.

Белестеги беш арча,
Саадат, каксаң кыяк болгон жок.
Кайран Саадат урматым,
Уул туяк болгон жок.

Капталдагы кара арча,
Каксаң кыяк болгон жок,
Кайран Саадат айымым,
Уул туяк болгон жок.

Кудайдан буйрук келгенде,
Саадатим, акактай көзүң тунарды.
Кудай-таала кудурет,
Шишедей көзүң тунартты,
Жибектей чачың буралтты.

Кайран Саадат арманым,
Алар-албас ооруга
Алмадай башың не сундуң?
Болор-болбос ооруга
Ботодой боюң не сундуң?

Бир төшөктө эки баш,
Экөө тең калемкаш.
Калемкашка күйбөгөн,
Кудай таала боору таш.

Саадатым, моюнуна сыр таккан,
Айымым, ортогуна сын таккан.
Чачпагына сыр таккан,
Теңтушуна сын таккан.

Кайран Саадат арманым,
Кандай бир сенден айрылдым,
Канатыман кайрылдым.

Эшикке чыксам бойлошкон,
Үйгө кирсем ойношкон.
Эшикке чыксам теңешкен,
Кайран Саадат айымым,
Үйгө кирсем кеңешкен,
Андай-мындай кеп айтсам,
Кеби менен кечирген.

Айымым Саадат дилгирим.
Өтүп кетти өмүрүң.
Өксүдү менин көңүлүм.
Кетип бир калды өмүрүң,
Кейиди менин көңүлүм.

Бала кылып баккамын,
Саадат, башыңа тумар таккамын.
Он экинде мен алып,
Ойнотуп жүрүп баккамын.

Беренжи тону белсенген,
Бек кызындай теңселген.
Камка тону белсенген,
Кан кызындай теңселген.

Камка бир тону жеңи жок,
Кан кызынан кеми жок.
Беренжи тону жеңи жок,
Кайран Саадат айымым,
Бек кызынан кеми жок.

Чарбагына чарбагым,
А Саадат чакырсам келбейт арбагың.
Кандай күндө калгамын,

Оо, күндө ыйлуу отурам,
Кайгымды ичке толтурам.

Тегеренип мен жүрөм,
Теңселип ыйлап мен күйөм.
Кайраным Саадат арманда
Гүлсө тиши кашкайган,
Гүлдесте жыпар жыттанган.
Айымым Саадат дилгирим,
Кандай бир сенден айрылдым.

Айткан бир менен айла жок,
Курандан башка пайда жок.
Баш бармагың керип жат,
Калганга батаң берип жат.
Ортоңку колуң керип жат,
Калганга батаң берип жат.

## КЕЛИНИНЕ КАЙНЕНЕСИНИН КОШОГУ

Элиртип күлүк байлаган,
Эзилтип куйрук чайнаган.
Калбага чыга жайлаган,
Карайтып жылкы айдаган.

Калдайтып казы чайнаган.
Беш ташка чыга жайлаган,
Чууртуп жылкы айдаган,
Чубултуп казы чайнаган.

Суусамыр чыга жайлаган,
Казанын жууп мис кылган,
Табагын жууп жез кылган,
Каттама жайып шай кылган,
Жупканы жууруп жуп кылган,
Меймандын көөнүн куш кылган.

Түндө келген меймандар,
Күндүзгүдөй узаган.
Суу кайнатып чай кылган,
Сүт кайнатып май кылган,
Меймандын көөнүн шай кылган.

# ТУЛ КАЛГАН КЫЗДАРДЫН КОШОГУ

## САЛТАНАТ

*(Күйөөлөп келген жигитин жолборс чалып өлтүрөт, ошондо Салтанаттын кошкон кошогу)*

Ак жолборс алар сен белең,
Атакемдин төрүндө,
Азабың тартар мен белем.
Көк жолборс алар сен белең,
Атакемдин төрүндө,
Күйүтүң тартар мен белем.

Ак жолборс алган сен болдуң,
Атакемдин төрүндө,
Азабың тарткан мен болдум.
Көк жолборс алган сен болдуң,
Атакемин төрүндө,
Күйүтүң тарткан мен болдум.

Кое бер жеңе, өлөйүн,
Беренди кийсем бул болду,
Быжылдап ичим муң болду,
Беш көкүл чагым тул болду.

Кызылды кийсем бул болду,
Кыз чагымда тул болдум,
Кыйкырып ичим муң болдум,
Кое бер жеңе, өлөйүн!

Кескен терек сайда бар,
Кете электе тул калган,
Керексиз бейбак кайда бар?

Кызыл ала кетечи,
Кыя бычып койдумбу?
Кыз экенде кудурет,
Ачууңа тийип койдумбу?

Жашыл ала кетечи,
Жая бычып ойдумбу?
Жаш экенде жасаган,
Жаза сүйлөп койдумбу?

Кое бер менин колумду,
Кокуй күн менин шорумбу?
Толмоч кызыл ак бетти,
Чокойдой кылып жыртайын.
О дүйнө кеткен арстанга,
Аякташып уктайын.

Толтолуу кара жүрөккө,
Чаар бычак муштайын.
Акырет кеткен арстанга,
Аякташып уктайын.
Кое бер жеңе, өлөйүн,
Бу көрөкчө мен бейбак,
Булбулдун жүзүн көрөйүн.

## КҮЙӨӨЛӨГӨН ЖИГИТИНЕ

*(Атасынын төрүндө отурган кыздын кошогу)*

Кырды кырдай оттогон,
Кызыл мурун нар бекен?
Кыз экенде тул калган,
Мендей шордуу бар бекен?

Ойду ойдой кыдырган,
Орок мурун нар бекен?
Он төртүндө тул калган,
Элде мендей бар бекен?

Дүкөн чирик бул жаман,
Сатып алган кул жаман.
Атасынын төрүндө,
Энесинин үйүндө,
Такыячан тул жаман.

Асмандан учкан алты каз,
Атып алды дээр бекен?
Атасынын төрүндө,
Энесинин үйүндө,
Тиелек жатып күйөөсүн,
Жутуп алды дээр бекен?

## ЭПОСТУК БААТЫРЛАРГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

### КУРМАНБЕКТИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Адырга түлкү жойлотпос,
Алтын жаак капканым.
Айтылуу маңгыт ичинде,
Издеп келип тапканым.

Азапка салдың арстаным.
Күңгейгө түлкү жойлотпос,
Күмүш жаак капканым.
Күрдөөлүү маңгыт ичинде,
Издеп келип тапканым.

Күйүткө салдың арстаным.
Арка чачым түйөйүн,
Алты жылы күйөйүн.
Ат бербеген какбаштын,
Аузуна сийейин.

Желке чачым түйөйүн,
Жети жылы күйөйүн.
Ат аяган какбаштын,
Желкесине сийейин.

Ымыганда жарасын,
Карга-кузгун таласын.

Бербей койгон Телтору ат,
Малайларга жарасын.

Кудай аткан куу какбаш,
Эшигинен жем таппай,
Бирөөнүн көзүн карасын.

## КОЖОЖАШКА АРНАЛГАН КОШОК

Саймалуу саадак байланган,
Чанаркан тоосун айланган.
Булгаары саадак байланган,
Букардын тоосун айланган.

Ылдамдыгын мен айтсам,
Эрте бир чыгат кийикке,
Күн тийбей чыгат бийикке.
Белестен чыгып бешти атты,
Кайкыдан чыгып карс атты.

Төбөдөн чыгып төрттү атты,
Үстүнөн чыгып үчтү атты,
Кырандан чыгып кыркты атты,
Ойдундан чыгып онду атты.

Шылдыратпай таш басты,
Шылкылдак мүйүз теке атты.
Кылдыратпай таш басты,
Кылкылдак мүйүз теке атты.

Курдашым куру кетет деп,
Кулжачарын кошо атты.
Теңтушум куру кетет деп,
Текечерин кошо атты.

Аксайдан түтүн булатты,
Ак марал бугу сулатты.
Жалбырактын түбүндө,
Жамынып жатып жана атты,
Бетегенин түбүндө,
Бекинип жатып бешти атты.

Алдына түшүп алты атты,
Тизеси жерге бүгүлдү,
Алтымыш улак кырк чебич,
Чымындай жандан түңүлдү.

Алтымыш султан кырк чилтен,
Даванды жылкы малабаш,
Тобурчагы, аралаш,
Тобурчак минип ойноткон,
Даванга тайган жойлоткон.

Адырда жылкы малабаш,
Аргымагы аралаш,
Аргымак минип ойноткон,
Адырга тайган жойлоткон.

Тайганы таштан түлкү алган,
Бүркүтү шаңшып бөрү алган.
Ак сайдын башы ак шилтең,
Ак жибек өргөн ак милтең.
Ак милтең күйүп чок болду,
Асыл мерген жок болду.

Көк сайдын башы көк шилтең,
Көк жибек өргөн ак милтең.
Көк милтең күйүп чок болду,
Көрөрмөн мерген жок болду.

Асылым менин мергеним,
Тоодон теке тергеним,
Шыралга деген кишиге,
Жаясын кесип бергеним.

Кайрылышың кара таш»
Бурулушуң буруу таш.
Асты жагың аска таш,
Үстү жагың үсмөн таш.

Кыл мурундун кызыл таш,
Кытайлардын Кожомжаш.
Тамана ташка тайгылбас,
Таза күлүк Кожомжаш.

## КАРАГУЛ БОТОМ

Райым деген мергенчи болгон экен. Анын беш уулу болгон. Байыркул, Мырзакул, Эгекул, Дүйшөгул, Карагул деген. Зыйнагүл деген кызы бар экен. Райым мерген бир токойдо жалгыз жашап, кийгени кийиктин териси, жегени кийиктин эти болуп, малды багып жүрө бериптир. Дүйшөгул деген уулу атышып жатып жоодо өлөт, Эгекул, Мырзагул деген эки уулу Айчыбек дегендин кунун кууп жүрүп зоодо өлөт. Күндөрдүн бир күнүндө мерген Кунан-Тоонун башында, Кең-Тоонун кашында: «Тоого барайын, ары койсо алтыны атайын, бери койсо бешти атайын, куру калсам бирди атайын» – деп жүрүп кетти. Ары басты чал кыдырып, бери басты чал кыдырып, бешимге чейин эчтеке таппады. Курсагы ачты, көзүн убайым басты, чалдын шаймааны кетти. «Кудай менин төрт дарманым алган экен, эми жолум болбоду, Карагулума кетейин» – деп үйүн көздөй жөнөдү.

Ойноп отурган Карагул ийиктин башын көрбөй басып алды. Ийик ийрип отурган энеси жыгылып кетип, ийиктин башы менен бетин жара койду. Жаны чыгып энеси: «Өлүк тиригинди көрөйүн, сени эмес, төртөөнү бербеген кудай, сенден бермек беле» – деп урушту. Бала эшикке чыгып ыйлап туруп, атасы тарапка чуркаган бойдон кетти да калды. Бала айласын таппай, курсагы ачып, кара тер басып, сары куурайдын түбүндө олтуруп уктап калды. Ошондо эки жагын элеңдеп карап келаткан чал көрө койду. Атын арчага байлай салып, мылтыгынын шыйрагын жерге сайып, «тарс» коюп жибергенде бала чалкасынан кетти. Кубанып «атып алдым» – деп чуркап келсе, баласы Карагулдун өзү. Ошондо Карагулун кучактап олтуруп, же таштап кетерин билбей, «таштасам бөрү кузгун жеп

кетет, долу кемпирим өзүн жара тартып жибереби» – деп айласы кетип, чолок боз тонун чечип алып, баласын ороп алды. Чалдын жонунун тер агып, боорунан кан агып, мылтыгынын өзүн таштай кылып сүйрөп кетип баратып, Карагулун козгоп ырдагандагы жери болду:

Уа-уа-уа-оой Карагул ботом,
Ээ, айланайын карагым, ботом.
Билбедим сенин келериң, ботом,
Артымда калган береним, ботом,
Ува-ува-ува-оой, Карагул ботом,
Мергенчилик аа өнөрүм, ботом.

Тектирге чыкпай, сен жаттың, ботом,
Текече ойлоп, мен аттым, ботом,
Теке бир болбой турбапсың, ботом,
Темселеп калган, мен атаң, ботом,
Тентегим сени жыга аттым, ботом.
Ува-ува, Карагул тентегим, ботом.

Каркылдатып каз аттым, ботом,
Кече, кайберен-эчки жаза аттым, ботом.
Кайберен качкан шум ажал окшойт,
Каралдым сени жыга аттым, ботом.
Ува-ува-Карагул, уа-уа, Карагул.

Каралдым ботом...
Куркулда туруп куу аттым, ботом,
Куйкалап этин тууратттым, ботом.
Куруп гана калган куу атаң, ботом,
Кулжыгач жыгып куураттым, ботом.
Кудурет аткан шум ажал окшойт,
Кулунум сени жыга аттым, ботом,
Ува-ува Карагул, каралдым ботом.

Үйгө жакындап калды. «Кемпир укса алыстан уксун» деп чал баласын угуза кошо баштайт:

Баштады бекен байыры, ботом,
Башыма кара түн салдың, ботом,

Этеги кеткен эрелим ботом,
Эми сен салдың кара түн ботом.

Түбөлүк кеткен Дүйшөнкул ботом,
Түйшүккө салдың Карагул ботом.
Ува-ува Карагул, каралдым ботом.

Эликтей атып жүрүпсүң, ботом.
Элик бир тонду кийипсиң, ботом.
Аркар атып келипсиң, ботом,
Аңтара тонду кийипсиң, ботом.
Андаган өлүм шум ажал окшойт,
Алты жаштагы мүрүсүң, ботом.

– «Ий, өлүгүңдү көрөйүн куу чал» – деп кемпир секирип барып, босогого отуруп кошкон кошогу:

Тетиги текейрен уча качкан го,
Текейден ары качкан го.
Теңшерип о-ов карды ачкан го
Темселеп шордуу келатып,
Катыгүн, тентегимди аткан го.

Кулжалар ары качкан го,
Курсагы чалдын ачкан го.
Купшуңдап куу чал келатып,
Кулунумду аткан го.

Ажалдуу түтүн булатып,
Ак-Суудан теке сулатып,
Ак-Суудан аткан текеңди,
Жүрчү элең, ак жарды көздөй кулатып.
Алтымыш жашка келгенде,
Куу чал уулуңду жыга атып.

Көк-Жардан түтүн булатып,
Көк-Суудан теке сулатып,
Көк суудан аткан көп теке,
Көк шагыл ылдый кулатып,
Көрүнөө кара баскансып,
Көлөкөңдү жыга атып.

Айтчы элең мени туубас деп,
Тууганымды таштадың.
Эми, сени тууганың айтар куу баш деп.
Убактың өтүп кеткенде,
Куу чал жемелей көрбө туубайт деп –

десе, – Атаңдын башы, атаңдын оозун урайын, убалы кызыңда, кызың эликтин баласы кылып коюптур – дейт. Ошондо 11 жаштагы Зыйнагүл чуркап келип,– Карагулду бооруна кысып алып, кошкон кошогу:

Туйгунум кайран бир боорум,
Тунуккан суудай болгонум,
Тозокко дуушар болгонум.
Каяктан издеп табамын,
Куйрук улаш бир боорум.

Кайберен жалгыз бир боорум,
Карыңдан сындуу болгонум.
Карыдан колум сындырып,
Кайгылуу ата оңбогун.

Каяктан издеп мен табам,
Карагул, кагылайын бир боорум.
Канатым сенден айрылып,
Таалайы жок маңдайым.

Келээринде кийсин деп,
Сары жаргак шым сайдым,
Сары жибектен түр салдым,
Жалгызым кийсин деп салдым.

Жалгызым иши бүткөн соң,
Санаа бир тартып сумсайдым.
Ойногондо кийсин деп,
Боз жаргактан шым сайдым.

Карга тырмак, куш тамак,
Болжур бекем түр салдым.

Боз ала чанда да жүрсүн деп,
Чамдата ойгон жаргак шым,
Ушунум жалгыз кийсин деп.

Таалайга жазган экен деп,
Ырысы жок Зыйнагүлдү күйсүн деп,
Тору атың минип сен турсаң,
Толгонушуп мен турсам.

Торсука баштык байланып,
Толгонуп издеп барарым.
Тогузунда сен кеттиң,
Тозогуң тартып каламын.

Кара атың минип сен турсаң,
Кайрылып жерде мен турсам.
Канжыга баштык байланып,
Кайрылып издеп барарым.

Канатым сенден айрылдым,
Кайгыңды тартып калармын.
Э-ээй, акылды бирге акылдаш,
А дүйнө бирге макулдаш,
Ажырап калдым мен сенден,
Айланайын жатындаш.

Эми айтайын арманым,
Айланайын атаке,
Күчөдү арман салганың.
Көтөрбөскө аргабы,
Жүрөккө толду арманым.

Төрт түлүк мол малың бар,
Жайы-кышы эл көрбөй,
Жалгыз үй кондуң салаага.
Минтип бир кордук көргүчө,
Токойдо тентип куу малың,
Айланайын, атаке ай,
Чиркин,
Болсочу чочко талаага.

Ажалың жетип сен өлсөң,
Ким тайып көмөт кебинди.
Бешөөнөн бирдей айрылдың,
Ыйман айтар киши жок,
Ээн талаа, эрме чөл,
Туруптур бир жалгыз үй.

Алданын койгон ишине,
Зыйнагүл, амалың барбы көндүңбү?
Айланайын атаке ай,
Айтпай бир кантип чыдайын,
Кудуреттин кылганын.

Тукуму тубай эл эле,
Көк Калматайды энчилеп,
Каргыма салма сол жүлүн,
Көк булгаары, көк жердик,
Карагулга арынап
Былтыртан бери кылды элем.

Жетелеп барып турду элем,
Токойго, тоого минди эле,
Жалгыз иним Карагул,
Топ ичинде жүрдү эле.

Айланайын атаке ай,
Агарган түтүн булатып,
Аксайдан теке сулатып,
Ак шагыл ылдый кулатып,
Алтымышка келгенде,
Ардагым жалгыз сулатып.

Көк жардан түтүн булатып,
Көк зоодон теке сулатып,
Көк зоодон аткан көп теке,
Көк шагыл ылдый кулатып,
Көзүң көрбөй калганда,
Көмөкөй жалгыз сулатып.

Мурунку кеткен төрт агаң,
Төртөө бирдей шер эле.

Айланайын атаке ай,
Ичинде чериң жазылсын,
Көңүлдө моокуң ачылсын.

Улар бир тууган эл эле,
Жылуу-Суу турган жер эле.
Бурананын жээгинде,
Атыңды барып айдап кел.
Ат-жүгөнүн байлап кел,
Ошентип, үйдү бүгөлү,
Кетели бирге жүктөйлү.
Эл четине баралы,
Карагулдай жалгызды,
Мингизип атка таңалы.

Соо кишидей мингизип,
Жетелеп кошо баралы.
Айылга чыгып алганда,
Ата, айкырып азан салалы.

## ОЛЖОБАЙ

*(Кишимжандын кошогу)*

Атаңдын көрү ач кул,
Аланды ала качтыкпы?
Ак теңге пулуң чачтыкпы?

Куланды кууй качтыкпы,
Куу теңгенди чачтыкпы?
Ак куржун толгон пул элең,
Алдамдын иши бар болсо,
Артымда ээрчип жүрчү кул элең,
Көк куржун толгон пул элең,
Көтүмдө агам бар болсо,
Шуулдап ээрчип жүрчү кул элең.

Ой, Олжобай оюлду достум,
Оң чекеге коюлду достум.
Күзгү келген жамгырды,

Күлүк ат минип куудумбу?
Күйүттү тарткан мен шордуу,
Сенин ажалыңа туудумбу?

Жазгы келген жамгырды,
Жамынчы алып куудумбу?
Азаптуу тууган мен шордуу,
Сенин ажалыңа туудумбу?

Жийденин бүрү мен элем,
Жигиттин гүлү сен элең.
Жийденин бүрү куурады,
Жигиттин гүлү сулады.

Алманын бүрү мен элем,
Адамдын гүлү сен элең.
Алманын бүрү куурады,
Адамдын гүлү сулады.

Кыргыйың качты көрдүңбү,
Кызыл тасма боосу бар,
Кыялай түшүп илип ал,
Кудаке кулду билип ал.

Акыретке барганда,
Ак эшек кылып минип ал.
Жагалмай качты көрдүңбү,
Кызыл тасма боосу бар,

Жандай түшүп илип ал,
Кудаке кулду билип ал,
Акыретке барганда,
Көк эшек кылып минип ал.

## ОЛЖОБАЙ

*(Чачыкейдин кошогу)*

Тоонун бир түбү торала,
Тозгондор кайдан жошулсун.
Тоодой чымды көтөрүп,
Өлгөндөр кайдан кошулсун.

Таштын түбү карала,
Казгандар кайдан жошулсун.
Казандай чымды көтөрүп,
Өлгөндөр кайдан кошулсун.

Чымырат кийген чымган жок,
Чын дүйнө кеткен келген жок,
Алганын алдам берген жок.

Булбул сайрайт токойдо,
Булбулду кайдан куш кылдың,
Муңду берип башыма,
Жалгызга кандай туш кылдың?

Күкүк сайрайт токойдо,
Күкүктү кайдан куш кылдың?
Күйүттүү бейбак башыма,
Жалгызды кайдан туш кылдың?

Күйгөн токой бул жакта,
Күйгөн менен келеби,
Ойронум кетти ыраакка,
Өлгөндү ээрчип өлчү эмес,
Тирүүсүн жерге көмчү эмес.

# АКЫНДАР АРКЫЛУУ АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

## УЛАКЧЫ КЫДЫРГА ЖЕҢИЖОКТУН КОШКОНУ

Бедердүү кашка дулдулуң,
Белеске жетпей буулду.
Бер тийгендей Кыдыр жан,
Бет алдынан жыгылды.

Торкашка минген дулдулуң,
Төбөгө жетпей буулду.
Төр тийгендей Кыдыржан,
Төбөсүнөн жыгылды.

## ЖЕҢИЖОК КАЗА БОЛГОНДО ТОКТОГУЛДУН ЖОКТОГОНУ

Ак тулпар элең желеде,
Ак шумкар элең чегеде,
Ак тулпар кетти желеден,
Ак шумкар учту чегеден,
Эми туулбайт сендей пендеден!

Көк тулпар элең желеде,
Көк шумкар элең чегеде,
Көк тулпар кетти желеден,
Көк шумкар учту чегеден,
Эми жаралбайт сендей энеден!

Бедеси белден кара жер,
Медерим эле кайран эр,
Тулаңы белден кара жер,
Туйгунум эле кайран эр!

Асылым Өтө өткөн соң,
Ай тийген тоолор кылайып,
Армандуу турам муңайып.
Күн тийген тоолор кылайып,
Күлүстөн Өтө кеткен соң,
Күйүттүү турам муңайып.

Күмүштөн сомум бар эле,
Күйгөнүмчө бар эле,
Алтындан сомум бар эле,
Айтканымча бар эле!

Тобурчак аттын дулдулу,
Топ жыйындын булбулу,
Аргымак аттын дулдулу,
Ак калпак элдин булбулу!

Долононун учунан,
Толгонуп чыккан уюлу,
Түптүү кыргыз журтунан
Таңшып чыккан булбулу.

Карагайдын учунан
Кайрылып чыккан уюлу,
Калың кыргыз калкынан
Какшап чыккан булбулу.

Телегейи тегизим,
Теңтушумдай эгизим,
Атка минсе тизгиндеш,
Аттан түшсө-тизелеш,
Көп сүйлөсө-сабакташ,
Табак тартса-табакташ.

Акындар менен бир жүргөн,
Акындар туруп не деген?
Ак таңдай акын сиз деген!
Чечендер менен бир жүргөн,
Чечендер туруп не деген?
Белгилүү чечен сиз деген!

Карчыга кушту качырдым,
Кара бир белди ашырдым,
Кадырман Өтө досумду
Кара бир жерге жашырдым.

Турумтай кушту качырдым,
Туура бир белди ашырдым,
Туйгунум Өтө досумду
Топуракка жашырдым.

Орошон акын Өтө эле,
Оң менен солго тең эле.
Арыстан акын Өтө эле,
Агылган ырдын кени эле!
Айтканымча бар эле,
Алтын, дилде, зар эле!

Алтыным күйсө күйсөчү,
Асылым Өтө жүрсөчү,
Күмүшүм күйсө күйсөчү,
Күкүгүм Өтө жүрсөчү!

Аргымакка жем берген,
Ар акынга дем берген.
Тобурчакка жем берген,
Топ акынга дем берген.

Кашкардын тоосун күн чалды,
Кайберен чыгып үн салды,
Кайрылгыс кетип Жеңижок,
Кайманалуу күн калды.

Букардын тоосун күн чалды,
Буудайык чыгып үн салды,
Бурулгус кетип Жеңижок,
Муңга толгон күн калды!

Толгонуш тоону айланып
Тоо жаркырап күн чыгат.
Туйгунум, Өтө, жан досум,
Топ элден сендей ким чыгат?

Айланыш тоону айланып
Ай батканда күн чыгат.
Асылым, Өтө, жан досум,
Эми аймактан сендей ким чыгат?

Калкка барса кадырлуу,
Капшытка төшөк салынуу.
Элге келсе кадырлуу,
Энчилеп төшөк салынуу.

Караны минсе дабыштуу,
Калкка кеби жагыштуу.
Эликсур минсе дабыштуу,
Элине кеби жагыштуу.

Сараалалуу сан жылкы
Сайга айдаса, келиш жок.
Сардалым Өтө өтүптүр,
Сан какшасам, келиш жок.

Көк алалуу көп жылкы
Көлгө айдаса, келиш жок.

Көкжалым Өтө өлүптүр,
Көп какшасам, келиш жок.

Аргымак минип бел ашкан,
Ар акынга сын айткан,
Тобурчак минип бел ашкан,
Топ акынга сын айткан!

Карайган тоонун боорунан
Карчыга учат бой салып,
Жашырылган жерине
Баралбаймын жол салып,
Кара жердин алдынан,
Жан досум, алалбаймын кол салып!

Керегелүү кең үйдү,
Кең чалдыбар дедиңби?
Керегесиз кара жер,
Кең сарай үйүм дедиңби?

Босоголуу боз үйдү
Боз чалдыбар дедиңби?
Босогосуз кара жер
Боз сарай үйүм дедиңби?

Карарган тоонун арасын
Кулжалар оттоп жол кылган.
Калк акыны Өтөнү
Кайгылуу өлүм жок кылган.

Агарган тоонун арасын
Аркарлар оттоп жол кылган.
Асылым акын Өтөнү
Армандуу өлүм жок кылган.

Кер жорго миндиң сулуу деп,
Кер ичик кийдиң жылуу деп,
Кайран жаның өткөн соң
Кер жоргоң оозу тыйылды,
Кер ичик жүккө жыйылды.

Сур жорго миндиң сулуу деп,
Сур ичик кийдиң жылуу деп,
Асыл жаның өткөн соң
Сур жорго оозу тыйылды,
Сур ичик жүккө жыйылды.

Эми кер ичик калды кийилбей,
Кер жорго калды минилбей,
Кейишке салып кетти деп
Көпчүлүк калды түңүлбөй.

Сур ичик калды кийилбей,
Сур жорго калды минилбей,
Сумсайтып бизди кетти деп
Көксулуу калды түңүлбөй.

Чаппай атым чаалыгат,
Чакырбай доошум карыгаг,
Арманым айтып болгуча
Келген мейман зарыгат.
Куш келиптир мейманың,
Жан досум, кушубак болсун арбагың!

Ат куйругу кыл экен,
Акыры пенде шул экен.
Туу куйругу кыл экен,
Түбөлүк пенде шул экен!

## ТОПЧУБАЙДЫН КОШОГУ

*(Улуу акын Токтогул Сатылганов сүргүндөн келгенче, жалгыз уулу Топчубай каза болуп калыптыр. Ошондо Током зээни кейип баласын жоктогон жери экен)*

Жамгыр тийбей көчкүдөй,
Ак топурак жар беле?
Атасы келсе Сибирден,
Амандашып көрүшпөс,
Топчубай, азапка туулган жан беле?

Тамырына суу тийбес,
Боорго тиккен тал беле?
Өтүп кеткен дүйнөдөн,
Топчубай, өлүмгө бүткөн жан беле?
Жабырга мынча салгыдай,
Менде кудайдын өчү бар беле?

Туура-туура басканда,
Турумтай сыны бар эле.
Туурга эсен жеткирсе,
Дубанга чуркаар жан эле.

Кайра-кайра басканда,
Карчыга сыны бар эле.
Каруу күчкө толгондо,
Калк үчүн чуркаар жан эле.

Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылаачын чөл сактайт.
Карып калган атакең,
Кай жакка барып жан сактайт.

Куркулдап куулар көл сактайт,
Куу ылаачын чөл сактайт.
Куурап калган атакең
Куюгуп кайда жан сактайт.

Түнүндө жарык панарым,
Туурумда калган карааным.
Түрмөдөн жаңы келгенде,
Күйүтүн тарттым баланын.
Түн уйкумду үч бөлсөм...
Түйшөлүп чыкпайт кабарың.

Кармаган жарык панарым,
Кайрылар жалгыз карааным.
Камоодон кайтып келгенде
Кайгысын тарттым баланын.
Кайгырып ыйлап турсам да,
Кайрылып чыкпайт карааның.

Булбулум учуп бурулду,
Чыгарбай ичтен муңумду.
Кантейин тирүү көрбөдүм,
Каргадай жалгыз уулумду.
Кайгысын тартып күн-түнү,
Картайып шорум куруду.

Күкүгүм учту элимден,
Күлпөтүм кетти жеримден.
Көзүмдөн аккан кара жаш,
Мөлтүрөп жерге төгүлгөн.
Көрбөдүм көзүн баланын,
Көңүлүм калды өлүмдөн.

Жамгыр тийбей куланган,
Ак топурак жар белең?
Аксы, Анжиян, Таласта,
Акындыгым бар белең?
Аркамда жалгыз Топчубай,
Ажалга туулган жан белең?

Бүчүрү түшүп кууураган,
Тамырын кырккан тал белең?
Кубанчым сени көрбөдүм,
Кууратар мени жан белең?

Алтын айдай нур жүзүң,
Көрөр бекем дегемин.
Абактан колум бошонуп,
Келер бекем дегемин.

Айнегим чыкса алдымдан,
Өбөр бекем дегемин.
Арман кылбай дүйнөгө,
Өлөр бекем дегемин.

Күлдү кыргыз журтумду,
Көрөр бекем дегемин.
Күкүгүм чуркап алдымдан,
Келер бекен дегемин.
Күйүттүн муңун чыгарып,
Өлөр бекем дегемин.

Мууну болот жалбыздын,
Муңу болот жалгыздын.
Топчубай, келээр бекен дарманың?

Айнегим Топчу, эрмегим,
Аманын атаң көрбөдүң.
Арманың ичтен чыгарып,
Анан кийин өлбөдүң.

Караны миндим жел үчүн,
Кайрылып келдим эл үчүн.
Калкымды көрдүм, каниет,
Колдон келер иш эмес,
Топчубай козголбос эми мен үчүн!

## ТОКТОГУЛ АКЫН ЖЕҢИЖОККО БАТАГА КЕЛГЕНДЕ ЖОКТОГОНУ

Алыстан келдим сагынып,
Эки көздөн аккан жаш,
Акырек ылдый агылып.
Турсаң боло, жан досум,
Көңүлүңдү мен үчүн,
Бурсаң боло, жан досум?

Зарланып айткан сөзүмдү,
Уксаң боло, жан досум.
Бир көрүнүп койгонго,
Караңгы көрдүн ичинен,
Чыксаң боло, жан досум?
Мөгдөгөн мында элинди,
Көрсөң боло, жан досум?

Байлантып мында тургузбай,
Боздогон үнүм угузбай,
Келсең боло, жан досум?
Кулагым тунуп чуулдайт,
Түгөнбөс ырдын кени элең,
Эми, пендеден сендей туулбайт.

Жоргонун элең чыгааны,
Шумкардын элең кырааны.
Жылкынын элең дулдулу,
Акындын элең булбулу.
Жан досунан айрылып,
Канаты сынып кайрылып,
Эми, торгоюң Токоң куруду.

## ТОКТОГУЛ ДҮЙНӨДӨН ӨТКӨНДӨ КОРГОЛДУН ЖОКТОГОНУ

Кара жаак кайкы тил,
Кайран устат бууданым.
Карысаң да бел элең,
Катарымда турбадың.
Калкың ыр, күүсүз калды деп,
Каңырык түтөп ыйладым.

Каңгырап бопбош калгандай,
Кетмен-Төбө жергебиз.
Кары жашың баары ыйлайт,
Калкыңды таштап өлбөңүз.
Касты ажал жетсе арга жок,
Биз деле бир күн өлөбүз.
Касиети артык жан элең,
Кандай биз жерге көмөбүз.

Артыңда калың эл ыйлайт,
Ала-Бел, Жаргарт бел ыйлайт,
Акынынан айрылып,
Арым, Суусамыр төр ыйлайт.

Аралап өзүң ырдаган,
Ала-Тооң сага көп ыйлайт.
Ала кетпей унут таштаган,
Артыңда Коргол көр ыйлайт.

Ажалың айтпас шок экен,
Армансыз дүйнө жок экен.

Алды артына каратпас,
Ажалдын көөнү ток экен.
Асылды алып кеткидей,
Ажалда уят жок экен.

Күкүктөй тилиң бар эле,
Күрмөлбөй калды Токтогул.
Күмүшкө бергис сөздөрүң,
Иргелбей калды Токтогул.

Мурда эле майып жан элем,
Жөн көрбөй калдым Токтогул.
Кошулуп бирге баралбай,
Артыңда калдым мен сокур.

Өтө досуң эрте өттү,
Ак жылан чагып заарынан,
Эшмамбет кетти ээрчишип,
Сүйлөшкөндөй мурдатан.

Өзүң кетип кубалап,
Досторуңдун артынан.
Оң көзүм майып көрө албай,
Чыгалбай калдым журтумдан.

Кени жок бопбоз жер калдың,
Керектүүнү деги алдың.
Каарлуу кудай бар болсоң,
Корголду неге албадың.

Көзү өттү эле Токомдун,
Кыйкырып ыйлайт балдарың.
Кутмандар кетип мен калдым.
Ушулбу кудай жардамың.

Түбүнөн майып Корголду
Колдосо пирлер арбагың.
Өзөгүм эле Өтө акын,
Эзелден болгон мен жакын.
Токтогул тоодой бел эле,
Тозоктуу өлүм муңайттың.

Алганың Сейдимкан чыркырап,
Гүлсара кызың зыркырап,
Аксыдан тапкан Бабажан,
Ата деп ыйлайт буркурап.

Ажалга айла жок экен,
Ага-ини жашын ким тыят?
Артында жалгыз калдым деп,
Акшыйган Коргол шылкыят.

Айтайын ичте муңумду,
Ачайын болгон сырымды.
Анчалык неге шаштыңар,
Жашабай толук кылымды.

Элинен кеткен булбулду,
Эскерип Коргол какшады.
Эчкирип ыйлап Сейдимкан,
Эки көзүн жаштады.

Гүлсара менен Бабажан
Кургабайт окшойт жаштары.
Куураган турмуш ушу экен,
Кеткендер кайра кайтпады.
Кенен дүйнө бар болсо,
Келгин деп неге айтпады.

Келин-кесек, чал ыйлап,
Кемпир, кыздар баары ыйлап,
Кейиген үнүн баспады.
Кош болгун Токо келбесең,
Корголуң кошуп айтканы.

## БАРПЫ АКЫНДЫН АГАСЫ БОЛОТТУ ЖОКТОГОНУ

Тапкан экен уурулар,
Туйгунумдун пайитин.
Дүйнөдөн кеттиң бей арман,
Туйгун жолборс шайитим.

Колтугуңдан аккан кан,
Жер бетинде жошодой.
Каракчынын колудан
Арманда кеттиң бошобой.

Кабарың угуп бир мүнөт,
Катуулап жүрдүм токтобой.
Канатың өлдү дегенде,
Турамын кантип жоктобой.

Алдымдан чыкты бир караан,
Кайып болуп жоголду.
Тумшугу жок Барпынын,
Каерде иши оңолду.

Айдама жорго тор атым,
Тор атым эмес канатым.
Шундай да кылып соебу,
Мусурмандын баласын.

Сындырыптыр Парпинин,
Уча турган канатын.
Айтып турам белгилеп,
Жолборсумдун санатын.

Белимди душман сындырды,
Айланайын давлатим.
Кабарың билбей жүргөндүр,
Анармамат парзантиң.

Тоо көчкөндөй жоголду.
Ак жолборстой савлатиң.
Ашык эле туйгунум,
Адамзаттан кайратың.

Элесиң кайдан көрүндү,
Эзилип каның төгүлдү.
Эмчектешим бир боордош,
Оң кабыргам сөгүлдү.

Жамгырдай жашым төгүлдү,
Жанымда кайдан көрүндү.

Жатындашым бир боорум,
Жан кабыргам сөгүлдү.

Карында бирге өсөрбү,
Какшатып таштап кетерби?
Курсакта бирге өсөрбү,
Кууратып таштап кетерби?

Кутурган иттер колунда,
Күн өтпөй ажал жетерби?
Күлүстөнүм бир боорум,
Күйгүзүп таштап кетерби?

Аңдыган иттер колудан,
Ажалың туура жетерби?
Айланайын бир боорум,
Арманда таштап кетерби?
Жан аябас бир боорум,
Жалганга таштап кетерби?

Куралы элең элимдин,
Кубаты элең белимдин.
Уулуңду үйлөп той кылып,
Үзүрүн көрбөй келиндин,
Кенендик менен аттанып,
Огуга калдың өлүмдүн.

Кырдалдуу жерден кыз алып,
Кызматын көрбөй келиндин.
Душмандар кыйып жаныңды,
Кыйынын көрдүң өлүмдүн.

Кыйраганын байкадым,
Кырк кабырга белимдин.
Отун тарттым өлүмдүн,
Оморгонун байкадым,
Он омуртка белимдин.

Беш баласы жалдырап,
Жаш калганга бир күйөм.
Үй ээси Болот жок,
Бош калганга бир күйөм.

Өмүр шерик сүйгөнү,
Тул калганга бир күйөм.
Балдары ыйлап ата деп,
Мунканга бир күйөм.

Көңүлүмдөн кеткисиз,
Кир калганга бир күйөм.
Жүрөгүмдөн чыккысыз,
Зил калганга бир күйөм.

Үзөңгүдөн бут тайып,
Кыйшайганга бир күйөм.
Балдар ыйлап үшкүрүп,
Сумсайганга бир күйөм.

Жолборсумду жоо алып,
Калганыма бир күйөм.
Колум менен суу бербей,
Арманыма бир күйөм.

Кокус өлдүң душмандан,
Дарманима бир күйөм.
Жан барында жетпеген,
Арманыма бир күйөм.

Жан күйөр жок талаада,
Калганыңа бир күйөм.
Кыйынчылык башыма,
Салганыңа бир күйөм.

Кылчаяр тууган бирге жок,
Калганыңа бир күйөм.
Суудай каның шорголоп
Акканыңа бир күйөм.

Сураган адам тапкысыз
Сулап жерде кулачтап,
Жатканыңа бир күйөм.
Сын туташып бой муздап,
Катканыңа бир күйөм.

Кызыл канга бөлөнүп,
Батканыңа бир күйөм.
Кылчаярым барбы деп,
Айтканыңа бир күйөм.

Каракчынын колудан,
Өлгөнүңө бир күйөм.
Калың элден сен жалгыз,
Бөлгөнүгө бир күйөм.
Кара жүздүү душмандар,
Көргөнүгө бир күйөм.

Кыл чылбыр салып колуңду,
Бууганыга бир күйөм.
Кызыл кан менен боюңду,
Жууганыга бир күйөм.
Кырка тартып уурулар,
Турганыга бир күйөм.

Жаныга киши жолотпой,
Кууганыга бир күйөм.
Жапшыра тээп колуңду,
Бууганыга бир күйөм.
Каракчылар жарданып,
Турганыга бир күйөм.

Кыя кылыч душмандар,
Чапканыга бир күйөм.
Кыңкая түшүп жөлөгүм,
Жатканыга бир күйөм.

Кызыталак уурулар,
Кылычтын канын жалашып,
Кайтканыга бир күйөм.
Кыямат кеттиң Болот деп,
Айтканыга бир күйөм.

Кылчылдашып чабышып,
Өлбөгөнгө бир күйөм.
Өз элиңден бир киши,
Көрбөгөнгө бир күйөм.

Кызыл чоктун ичиден,
Бөлбөгөнгө бир күйөм.

Жолборсум сенден айрылдым,
Энди кантип мен жүрөм.
Атаң тирик келет деп,
Балдарыңды көндүрөм.

Бир туушкан экенсиң,
Жүрөгүмдү күйгүзөм,
Жүрөгүм күйсө чок болом,
Сен деп жүрүп жок болом.

Дүйнөдөн өттүң бей арман,
Шул жериге күйөмүн.
Айла жоктон дабдырап,
Араң басып жүрөмүн.

Туушкан сенден калгыча,
Өлгөнүмдү сүйөмүн.
Кыяматта жүзүңдү,
Көргөнүмдү сүйөмүн.

Артыңда калган төрт уулуң,
Кубат кылып жүрөмүн.
Жолборсум сенден айрылып,
Каран түн түштү өзүмө,
Изиңди тапсам бир жерден,
Сүрткүм келет көзүмө.

Жан күйөрүм жөлөгүм,
Мен садага өзүңө.
Тарттың жандын кыйынын,
Таверик кылсам көзүмө,
Кан аралаш кийимиң.

Дарманы куруп түгөндү,
Мага окшогон иниңдин.
Уурулар келди бурулуп,
Учурап калдың урунуп,
Узабай каның куюлуп,
Урматтуу жүзүң кубулуп.

Каракчы келди бурулуп,
Качалбай жолуң куурулуп,
Кармалып калдың урунуп,
Кан качып беттен кубулуп.

Калкың үчүн мээрбан,
Кайраттуу болдуң туулуп.
Кайратыңдын бардыгы,
Калың элге угулуп.

Каракчылар келгенде,
Кайратыңдын барыдан,
Айбатың артык баaридан,
Качканың жок чыгынып.

Кахраман Полот өлдү деп,
Калкыңа кабар угулуп.
Канатым жаттың буувулуп,
Кан аралаш жуувулуп.

## БАРПЫ АКЫНДЫН ЖАЛГЫЗ УУЛУ КЕРЕЗДИ ЖОКТОГОНУ

Буунумду бошотуп,
Булбулум кеттиң колумдан.
Булбулдай болуп сайраган,
Туйгунум кетти колумдан.

Капталдым кара түтүнгө
Карчыгам качты колумдан.
Какшатып мени өрттөдүң
Канатым кетпей оюмдан.

Эриккенде көтөргөн,
Эрмегим түштү колумдан.
Эзилип ичим өрттөдүң
Эч кетпейсиң оюмдан.

Ыргап колдо көтөргөн
Ырысым түштү колумдан.

Ыйлатып жашим көлдөтүп,
Эч кетпейсиң оюмдан.

Түндөсү кетпей түшүмдөн,
Кан жүрдү суудай ичимден.
Кашымда күлөр уулум жок,
Өлгөнүм жакшы шул күндөн.

Көтөрүп уул сүйбөсө,
Адамдын келет арлыгы.
Азабыңды тарттырган
Кулунумдун зарлыгы.

Кубанып сүйөр уулум жок,
Өксүктүн жаман карлыгы.
Өрттөнөмүн аныгы
Башканын тийбей жарыгы.

Жарыгы жок түндөмүн,
Бүктөлүп жатсам үйдөмүн,
Табыттай боюм катырдың,
Таалайым талга асылдың.

Дарманым куруйт уулум жок,
Датыңды мага тарттырдың.
Көк түтүн болуп кубулдуң,
Габардай көзүң жумулдуң.

Көп күйгүзүп атаңды
Өмүрүң кыска туулдуң.
Ак түтүн болуп кубулдуң,
Айнектей көзүң жумулдуң,
Армандуу таштап атаңды
Азаптуу не деп туулдуң.

Өзүмө суук көрүнөт,
Үйгө келсем эшигим.
Бош турат төрдө бешигиң,
Сен элең менин кешигим.

Сенделтти мени өксүгүң,
Кимди көрүп көшүдүм.

Көзүмдүн жаши сел болуп,
Дүйнөдөн өтөт шекилдим.

Кан качып өңүм кубарып,
Кейпшиң тарттым буралып.
Арылбайт баштан түтүнүм
Жүрөгүмдү зил алып.
Көзүмдү жашка бөлөймүн,
Көңүлүмдү кир алып.

Габарым жерге көмүлдүң
Жеталбаймын буралып.
Түйүнөмүн толгонуп,
Түн эстеймин ойгонуп.

Туура жатам комдонуп,
Кучагымда уулум жок,
Эркелерге жойлонуп.
Эзилемин ойлонуп,
Эрмегимдин жогунан
Элимде жүрөм корлонуп.

Соолуп гүлүм солорбу,
Шор таалай мендей болорбу?
Көтөрүп сүйөр уулум жок,
Соройтуп жалгыз коербу?
Кашымда уулум солорбу?
Кем таалай мендей болорбу?

Галбага бербей бир уул,
Гаңгиратип коербу?
Муунумдан курутуп,
Шалдыратып коербу?

Булбулга мени зар кылып,
Жалдыратып коербу?
Керезбайдай ботомдон
Кайыштырып атаңды,
Ажыратып коербу?
Кардай жашым төгүлтүп,
Жалдыратып коербу?

## БАРПЫ АКЫНДЫН КЫЗЫ УМСУНДУ ЖОКТОГОНУ

Учар кушта бар канат,
Укканга калсын бир санат.
Үйүмдөн кеттиң Умсунум,
Үшкүрүп болдум кыжалат.

Качар кушта бар канат,
Калганга калсын бир санат.
Кашымдан кеттиң Умсунум,
Кантейин болдум кыжалат.

Айнектен тунук жарыгың,
Бетимден кетпейт, Умсунум.
Ажалым жетип өлгүчө,
Эсимден кетпейт, Умсунум.

Күзгүдөн тунук жарыгың,
Бетимден кетпейт, Умсунум,
Күйүтүңдүн зордугу,
Эсимден кетпейт, Умсунум.
Отуз жыл өтсө ортодо,
Оюмдан кетпейт, Умсунум.

Кырк жыл өтсө арадан,
Кыялдан кетпейт, Умсунум.
Элүү жыл өтсө арадан,
Эсимден кетпейт, Умсунум.

Сексен жыл өтсө арадан,
Санаамдан кетпейт, Умсунум.
Мурдумдун жыты чолпонум,
Сен деп күйөм, Умсунум.

Көзүмдүн жашы токтобой
Селдеп күйөм, Умсунум.
Караанынды көралбай,
Какшап калдым, Умсунум.

Канаты сынган каргадай
Аксап калдым, Умсунум.

Кашымда эркем сен жоксуң,
Дат деп калдым, Умсунум.

Алыстан келсем жол тосуп
Карайт элең, Умсунум.
Бир жөлөгүм сенсиң деп
Самайт элем, Умсунум.

Суксурдай чачиң сыланып
Өрөт элең, Умсунум.
Эшикке чыксам калачим
Ондойт элең, Умсунум.

Жан ата деп жолумду
Торойт элең, Умсунум.
Дидариңди көрбөсөм,
Тойбойт элем, Умсунум.

Кыз да болсо белгим деп,
Ойлойт элем, Умсунум.
Таңкы чыккан бир чолпон
Жылдыз элең, Умсунум.

Таалайыма жаралган
Бир кыз элең, Умсунум.
Ичигимдин четинде,
Кундуз элең, Умсунум.

Ырыскыма жаралган
Бир кыз элең, Умсунум.
Дарбазалуу уйүмдүн,
Дализи элең, Умсунум.

Балдарымдын бари өтүп,
Жалгыз элең, Умсунум.
Караңгы үйүм жаныткан,
Паныз элең, Умсунум.

Казан толо нан жапса,
Күлсөм элең, Умсунум.
Мен жарим жан, сен жалгыз,
Мүчөм элең, Умсунум.

Балдарымдын баридан
Үлкөн элең, Умсунум.
Оң колумдун сардали
Бармагы элең, Умсунум.

Көлөкөлөр атаңдын
Чарбагы элең, Умсунум.
Сүт үстүндө токтогон,
Каймак элең, Умсунум.

Ата-деп, сүйсөм эркелеп –
Тайлак элең, Умсунум.
Бошоп жүргөн атаңдын
Кайраты элең, Умсунум.

Боз үйүмдө отурсаң
Савлат элең, Умсунум.
Картайганда атаңдын
Давлати элең, Умсунум.
Тилеп алган атаңдын
Парзанти элең, Умсунум.

Арка чачиң тизилген
Пайбант элең, Умсунум.
Арзилаган атаңдын,
Парзанти элең, Умсунум.

Беш көкүлүң тизилген
Пайбант элең, Умсунум.
Белге кубат атаңдын
Парзанти элең, Умсунум.

Бармагымдын жанинда
Сөөмөй элең, Умсунум.
Акыл-эсиң артыкча
Бөлөк элең, Умсунум.

Арманы күчтүү атаңдын,
Жөлөгү элең Умсунум.
Беш колумдун кубаты,
Ортон элең, Умсунум.

Жүрөгүмдү токтоткон,
Толтом элең, Умсунум.
Жубармек кеттиң он беште
Чолпон элең, Умсунум.

Ортонго жакын аты жок
Сарасы элең Умсунум.
Тиктегенде көзүмдүн
Карасы элең, Умсунум.

Атаң менен тилектеш
Баласы элең, Умсунум.
Толуп чыккан айга окшоп
Бүтүн элең, Умсунум.

Тогу куштай үйүмдө
Кутум элең, Умсунум.
Сагынганда мурдумдун
Жыты элең, Умсунум.

Кол кенжеми чыпалак
Жүрөктү кеттиң куйкалап.
Четтенип жерге жастандың,
Көралбаймын шыкаалап.

Сындыбы менин билегим,
Сыздады күйүп жүрөгүм.
Жалгыз кыз деп сыздадым
Келбеди кабыл тилегим.

Айрылдым жалгыз кызымдан
Айласы жок жүрөмүн.
Көлөкө жок аркамда
Бул жеримден күйөмүн.

Өчүрмөк болдуң айымды
Эсен жүрсөң жалгызым,
Чыгарбайт белең даңкымды.
Гүлдөгөн кызык заманда
Окубайт белең катымды.

Гүлүндө, кызым, соолудуң,
Кимге айтамын датымды.
Оң көзүмдүн савлати,
Кирпик элең, Умсунум.

Жүрөгүмдү көтөргөн
Түркүк элең, Умсунум.
Жайилип кийсем жарашкан
Ичик элең, Умсунум.

Кыз да болсоң атаңдын
Күчүгү элең, Умсунум.
Эшиктен кирсем төркү үйдө
Сырым элең, Умсунум.

Пиала кармап чай ичсем
Чыным элең, Умсунум.
Артымда жүрсөң ата деп
Кулум элең, Умсунум.

Төрүмдөгү кош калит,
Сандык элең, Умсунум.
Төбөмдөгү сайынган,
Жарлык элең, Умсунум.

Чарчагансып бир жактан,
Келер элем, Умсунум.
Чай кайнатып ата деп,
Берер элең, Умсунум.

Жамбыдан тунук жүзүңдү
Көрөр элем, Умсунум.
Арыгансып алыстан
Келер элем, Умсунум.

Аш бышырып ата деп,
Берер элең, Умсунум.
Айнектен тунук жүзүңдү
Көрөр элем, Умсунум.

Сагынганда ашыгып
Жөнөр элем, Умсунум.

Мүдүрүп кетсем шашилип
Жөлөр элең, Умсунум.

Үйгө кирсем жарашкан
Өлкөм элең, Умсунум.
Көңүл ачып жубанткан,
Эркем элең, Умсунум.

Жалгызым сенден айрылып,
Жаш арыбайт көзүмдөн.
Ойлоп көрсөм кесирлик
Кеткен экен өзүмдөн.

Өткүр жигит жаш чакта
Экөө болгон алганым.
Үйгө келсем чуркурап
От боюнда балдарым.

Эгиз төрөп эки кыз
Элден каалап алганым.
Батма, Зуура эки кыз,
Бирин берип бирөөгө
Кесириге калгамын.

Бешиги менен өңөртүп
Бекер кылган экемин.
Кесирликти жаштыктан
Эчен кылган экемин.

Этегинде Умсунум,
Зар болдум сүйөр балага.
Айланайын Умсунум,
Болбодум сага садага.

Көрмөккө сени Умсунум,
Көлөкөңө зар болдум.
Көп балам өлүп кар болдум,
Савлатиңа зар болдум,
Саргайып атаң кар болдум.

Суксурдай чачиң чубалды,
Арпадай өңүң кубарды.

Алтындай болгон Умсунум,
Алгысыз жерге суналды.

Өрүлгөн чачиң чубалды,
Өпкөдөй бетиң кубарды.
Өрдөктөй болгон Умсунум
Өбөктөп жерге суналды.

Габардай болгон тиштериң
Жер тагида кир алды,
Күйүтүң тартып Умсунум
Жүрөгүмдү зил алды.

Атаңды койдуң «бай-байга»
Аттандың сапар май айда.
Жалгызым сенден айрылып,
Түндү түнгө уладык.

Ажалга бүткөн ок экен,
Аласа мээнет кызамык.
Кызамык чыгып кадалды,
Кызыма макам мадалды.

Кабардан айтсам саламды
Дүнүйөм болду караңгы.
Кызамыктан алдырдым
Чыныдай жалгыз баламды.

Тиригинде Умсунум,
Атанын жеткен паркына.
Ошол жылы келгемин
Төбөйдүн калың калкына.

Сергисин кызым тоодо деп
Жөнөттүм өзүм Ачыга.
Сегиз күндүн ичинде
Кабар келди шумдуктуу.

Ол кабарды эшитип,
Капа болуп буулуктум.
Көңүлүм эки бөлүндү,

Кыштообуздун пасида
Топтогон киши көрүндү.

Токтоно албай мен шордуу
Көзүмдүн жашы төгүлдү.
Ыраа көрбөй жүрчү элем,
Габарим сага өлүмдү.

Эшиктин алдын карасам,
Калдайган калың көп жыйын.
Карыганда атаңа
Умсунум болду зор кыйын.

Жүрөгүм сезди зыркырап,
Эшигимдин алдында
Үн эшиттим чыркырап.
Үйгө кирсем жүгүрүп,
Көшөгө турат тартылып.

Үмүт кылып кызым деп,
Жаныңа бардым чакырып.
Чакырсам укпайт кулагың,
Ыйладым ботом бакырып.

Гөлдөлөң сууну кечпедим,
Көз барында жетпедим.
Жайылган сууну кечпедим,
Жан барында жетпедим.

Жан кетелек жасаттан
Алың барда жетпедим.
Жан ордуна жан берип,
Мен садага кетпедим.

Чыналактай кашыңдын,
Чийилгенин көрбөдүм.
Чыбыктай болгон боюңдун
Ийилгенин көрбөдүм.

Жамбыдай болгон жүзүңдүн
Кубулганын көрбөдүм.

Габардай болгон көзүңдүн,
Жумулганын көрбөдүм.
Көрбөдүм деп калгычам
Мен эмне үчүн өлбөдүм.

Бепарбай атаң келгиче
Бекинөө жерге жөнөдүң.
Олондой кара чачиндин
Сүрүлгөнүн көрбөдүм.

Оймоктой болгон оозундун
Бүрүлгөнүн көрбөдүм.
Савлатка бүткөн кара чач
Сүрүлгөнүн көрбөдүм.

Жаңактай болгон оозундун
Бүрүлгөнүн көрбөдүм.
Жамгырдай болгон жашиндин,
Тизилгенин көрбөдүм.

Жабардай болгон көзүңдүн
Сүзүлгөнүн көрбөдүм.
Сын туташып, бой муздап,
Жан чыкканын көрбөдүм.

Напаздариң буулуп,
Ыктутканың көрбөдүм.
Бул күйүтүң тарткыча
Мен эмне үчүн өлбөдүм.

Атаң, энең келгиче
Пурсаты жок жөнөдүң.
Көрбөгөнүм көп арман,
Көздү жашка бөлөдүм.

Оң колунду көтөрүп,
Суналганын көрбөдүм.
Ок жыландай толгонуп,
Буралганың көрбөдүм.

Омурткаң жерден былк этпей,
Кыналганын көрбөдүм.

Оң көзүңдөн нур кетип,
Тунарганын көрбөдүм.

Оролгон кара чачиңдин,
Чубалганын көрбөдүм.
Сол колуңду көтөрүп,
Суналганың көрбөдүм.

Кабыргаң жерде былк этпей,
Кыналганың көрбөдүм.
Каны качып жүзүңдүн,
Кубарганын көрбөдүм.

Сол көзүңдөн нур кетип,
Тунарганын көрбөдүм.
Оролгон кара чачиңдин
Чубалганын көрбөдүм.

Сол далиңа түшкөн чач
Чубалганын көрбөдүм.
Атамжан качан келет деп,
Сыздаганың көрбөдүм.

Сын туташып, бой катып
Муздаганың көрбөдүм.
Алыс жактан эл келип,
Жыйналганын көрбөдүм.

Атаң үчүн жол карап,
Кыйналганың көрбөдүм.
Көшөгө башта тартылып,
Курулганын көрбөдүм.

Колу-бутуң чиренип,
Суналганың көрбөдүм.
Көрбөдүм деп калгычам
Мен эмне үчүн өлбөдүм.

Саргайып атаң келгиче
Сапарга кызым жөнөдүң.
Кавар элең туптунук,
Көзүмдөн кеттиң, Умсунум.

Көзүндү көрбөй дак калып
Өзүмдөн кеттим, Умсунум.
Алтын элең туптунук
Көзүмдөн кеттиң, Умсунум.

Арманым ичтен арылбай
Өзүмдөн кеттиң, Умсунум.
Шурум элең тизилген,
Төрүмдөн кеттиң, Умсунум.

Сызылдым жалгыз кызым деп
Өңүмдөн кеттим, Умсунум.
Кундуз элең кулпунган
Үйүмдөн кеттиң, Умсунум.

Убайым тарттым сени деп
Түрүмдөн кеттим, Умсунум.
Эшиктен кирсем үйүм тар,
Баталбаймын, Умсунум.

Көөнүмдө жалгыз кызым сен,
Жаталбаймын, Умсунум.
Бул дардимди бирөөгө
Айталбаймын, Умсунум.

Жүрөгүм күйүп жалындап,
Өрттөй болдум, Умсунум.
Ыраңымдан адашып
Чөптөй болдум, Умсунум.

Көзүмдөн аккан кара жаш
Суу көрүнөт, Умсунум.
Ичкен ашым татыбай
Уу көрүнөт, Умсунум.

Санасам жалгыз кызым деп
Ойгономун, Умсунум.
Кабыргамдан талыкшып
Толгономун, Умсунум.

Каралдым жок артымда
Ойлономун, Умсунум.

Кундуздай чачиң сыланып
Тарайт элең, Умсунум.

Кыз да болсо кубат деп
Санайт элем, Умсунум.
Чынжырдай болгон боюндун
Теңселгенин көрбөдүм.

Жигарим деп ыйлашып,
Эл келгенин көрбөдүм.
Пешенеңден намыгып,
Тер келгенин көрбөдүм.

Танаптарың кыпчылып
Эңсеңгениң көрбөдүм.
Сенден мурун мен атаң
Күнүм бүтүп өлбөдүм.

Кыргыек кырдын башында,
Кыз ботом кеттиң жашында.
Кыйкырсам жооп бербейсиң,
Кырландың жердин астында.

Көгүчкөн көгөй башында,
Көркөмүң кетти жашында.
Көлөкөңдү таппаймын,
Көмүлдүң жердин астында.

Сагызган сайдын башында,
Сардалим кеттиң жашында.
Сагынган менен таппаймын,
Саздалдың жердин астында.

Безбелдек сайдын башында,
Беш көкүл кеттиң жашында.
Безилдесем келбейсиң,
Бекиндиң жердин астында.

Жайлооңдун баши жашылды
Жаш ботом жерге жашынды.
Жарк эткен изиң көралбай,
Жамгырдай жашым чачылды.

Кыштообуң башы жашылды,
Кия бою өсө элек
Кыз ботом жерге жашынды
Кылгырып жашым чачылды.

Кызыгыштуу мектепте
Кыздардын түрү көрүнөт.
Кыялым эки бөлүнөт,
Кылчайсам Умсун сен жоксуң,
Кылгырып жашим төгүлөт.

Кыялыңды эстесем,
Кырк кабыргам сөгүлөт.
Жарашыктуу мектепте
Жаштардын түрү көрүнөт.
Жана көңүл бөлүнөт,
Жалт карасам сен жоксуң,
Жамгырдай жашим төгүлөт.

Кызыл манат жүгүмдү,
Кызыгыштуу үйүмдү,
Толтурганың эсимде.
Кыргыйдай болуп кымсынып
Олтурганың эсимде.

Жарашыктуу үйүмдү,
Жашыл манат жүгүмдү
Толтурганың эсимде.
Жагалмайдай таранып,
Олтурганың эсимде.

Жарашыктуу мектептен
Жаштар менен кошулуп,
Бир келгениң эсимде.
Жашынышып ойношуп,
Гүл тергениң эсимде.

Кызыгыштуу мектептен
Кыздар менен кошулуп,
Бир келгениң эсимде.
Кызыгышып ойношуп,
Гүл тергениң эсимде.

Жаниндай көргөн Бурулду,
Атаң келет, ана – деп,
Алдаганың эсимде.
Ак набат салып чайыма,
Камдаганың эсимде.

Эргешкен сиңдиң Бурулду
Эркиниң атаң келет деп,
Алдаганың эсимде.
Эритип майды дак кылып,
Камдаганың эсимде.

Жолумду тосуп, ата! – деп
Жүгүргөнүң эсимде.
Уул жок ата сизде деп,
Күйдүргөнүң эсимде!

Эшикке чыксам торгодуң,
Калачимди оңдодуң.
Бул кыялың эсимде.
Кагылайын атам деп,
Кашкайып күлүп эркелеп,
Бул кыялың эсимде.

Колуң менен май туурап,
Чайнатканың эсимде.
Чарчап келсем чай даяр,
Кайнатканың эсимде.

Козголуп турсам асамды,
Карматканың эсимде.
Тонумду сылап ата деп,
Кийгизгениң эсимде.

Тор атыма колтуктап,
Мингизгениң эсимде.
Эми, издесем кызым таппаймын,
Арзымды кимге даттаймын.
Кыскача айттым сөзүмдү,
Эми, таппаймын кызым өзүңдү.

## КАЛЫК АКЫНДЫН АШЫРДЫ ЖОКТОГОНУ

Кайран Ашыр өттүң го,
Акырет көздөй кеттиң го.
Түп атаң Солто, Богорстон,
Туу кармаган жогортон.

Арка атаң Солто, Богорстон,
Алайды бузган жогортон.
Насилиң болгон Тагайдан,
Акылың артык далайдан.

Богорстон, Солто болгону,
Акырет кеткен далай жан.
Талкан, Кошой, Жамансарт,
Түлеберди бабаңыз.

Сенин чоң атаң Бошкой, Канайдан,
Алардын дөөлөтү ашкан далайдан.
Ал дөөлөттү күткөнгө,
Көрө албаган далай жан.

Мал издеген соодагер,
Көп Бошкой кайда? -деп келген,
Береги Анжиян менен Алайдан.
Өз атаң Өзбек чоң болгон,
А дагы акылман арстан жол болгон.
Эрегишкен душманы,
Акыры дөөлөтүнө жеңилип,
Алдына түшүп кор болгон.

Ошол Өзбектен сегизди,
Телегейи тегизди,
Сегизинин ичинен,
Артыкча кудай жараткан,
Арстаным асыл теңизди.

Акырет көздөй сиз кетип,
Жазы айтамга Солтого,
Ашыке,

Салып кеттиң кейишти.
Акырет кеткен сиздейге,
Алла-таала кудурет,
Атасын сегиз бейишти.

## ТАКАБАЙ СЫДЫК

*(Аялынын кошогу. Жакшылык ырчы үйрөткөн)*

Күн чыкты менин кашыма,
Күл мырзамдан айрылып,
Күйүтү келди башыма.

Аргымак көзү талганбы?
Түш мезгили болгонбу?
Акылымдан ажырап,
Армандуу болгон мен шумпай,
Айтар маалым болгонбу?
Аргымак жалсыз эр малсыз,
Аттанып кеттиң болжолсуз.

Ат жибердик капканга,
Жолу катуу шумпайга.
Жолоочу салам айтканга,
Жиберген атың жалпы жок,
Келейин десе алы жок.

Көкүрөктө жаны бар,
Желмаян бекен желеби?
Желмогуз анан келеби?

Кан уулундай күлмырзам
Караны кийген түгөйү.
Какшатып кеттиң бейбакты,
Кара жер соргон оңойбу?

Кайратынан ажырап,
Кагылайын калайык,
Какшаган бейбак азабы?
Жалпы журттун ичинен
Жалдыраттың жаш мырзам.

Күркүрөп аткан күздө бар,
Күрдөлүү жемиш байда бар.
Күлдүрүп сүйөр барзант жок,
Күлгүнүндө күбүлткөн
Күйүтүн мага тарттырган,
Күл ойрон сендей кайда бар?

Жаркырап аткан жайда бар,
Жарамдуу жемиш байда бар.
Жалдыраттың шумпайды,
Жалпы журттан карасам,
Жаш чагында жайраган,
Жаш ойрон сендей кайда бар?

Тоого чыккан бадалмын,
Жок жоготкон адаммын.
Жоготкон жогум жашыл гүл,
Сумсайып какшап буркурап,
Суроо салган адаммын.

Жоготкон жогум табылбайт,
Эртеден кечке үч убак,
Ойронум сенден ажырап,
Оймоктой оозум жабылбайт.

Толгонуп аккан кашка суу
Тогуз тобу чаптору,
Тору алалуу жылкыдай,
Таптатып айдап ороттуң,
Толук ойрон күл мырзам,
Артыңдагы шумпайды,
Томсортуп таштап кууратт ың.

Кайрылып аккан кашка суу,
Кара кыяк чаптору,
Кара тору жылкыңды,
Катуу айдап жабуу ороттуң.
Кан уулундай күлмырзам,
Артыңдагы бейбакты,
Кан какшатып кууратт ың.

Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен күлмырзам.
Кыз алганым кантти деп,
Кейиште бекен күлмырзам.

Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен күлмырзам?
Жаш алганым кантти деп,
Кейиште бекен күлмырзам.

Алты карыш ак жөкөр,
Аркарды көздөй сундурдун,
Аркардын бутун сындырдың.
Аркарың кетти жаралуу,
Алтының берип бизди алган,
Алганың калды каралуу.

Жети карыш ак жөкөр,
Жейренди көздөй сундурдуң,
Жейрендин колун сындырдың.
Жейрениң кетти жай байлап,
Жетини берип бизди алган,
Алганың калды бой-бойлоп.

Беренim мурзам өткөндө
Бет алдымдан жыгылдым.
Акылымдан ажырап,
Айланайын калайык,
Алдага үнүм угулду.

Кайраным мурзам өткөндө,
Как алдымдан жыгылдым.
Курдашыман ажырап,
Кудайга үнүм угулду.

Күлүстөн башым дегенде,
Токту сойдук түлөөгө,
Түлөөсү түлөө болгуча,
Сынып кетти шумпайдын,
Кара болот бүлөөсү.
Кан какшатып шордуунун

Жүрүп кетти жалгандан,
Күл ойрондой күйөөсү.

Молдолордон кеп уктум,
Шарияттан сөз уктум.
Кере-кейип кейисе,
Күнөө болот деп уктум.

Мактабаймын байлыкты,
Жорттурбаймын эрдикти.
Асылым көзү өткөндө,
Артындагы мен шордуу
Күнөкөр болбой кудайга,
Жобоп айтам жанында.

Олуту мындай калгыдай
Ал дүйнөдө нелер бар?
Кылыгыңыз калгыдай,
Кыйноонду мында тарткыдай,
Кыяматта нелер бар?

Тердик турат ээриң жок,
Темселеттиң бейбакты,
Тербелип айткан сөзүң жок,
Жылганын башы муз менен,
Жылкы айдады түз менен.
Жардыгыңды тарткыча-ай!
Кошо кетпей сиз менен.

Коктунун башы муз менен,
Кой айдады түз менен.
Кокуюнду тарткыча
Кошо кетпей сиз менен.

Карала жорго минбедим,
Кайрылып бала сүйбөдүм,
Катуу ачууңа тийбедим.
Кан уулундай күл мырзам,
Кайгың тартып күлбөдүм.

Тору ала жорго минбедим,
Торкону тандап кийбедим.

Чоң ачууңа тийбедим.
Томсорттуңбу шумпайды,
Тозогуң тартып күлбөдүм.

Бектер келет бел ашып,
Белдемчи зооту жарашып.
Бейбак кылып шордууңу,
Бек уулундай күлмырзам,
Кагылайын калайык,
Кай жакка кеткен адашып.

Кандар келет карашып,
Катар чети жарашып,
Кан уулундай күлмырзам,
Кан какшатып бейбакты,
Кагылайын калайык,
Кай жакка кеткен адашып.

Алайдан алай-алай бар,
Кан уулундай күлмырзам,
Барган жериң далай бар.
Бейиштин беш эшиги ачылсын,
Оозуңа бейиштин даамы чачылсын.

Ак жыгачка ныл салдың,
Айта элек башка ый салдың.
Как жыгачка ныл салдың,
Көрбөгөн башка ый салдың.

Асылым көзү өткөндө,
Таптатып дооран байладык,
Тулпарымды кармарга,
Таптап киши шайладык.

Доорандан пайда тиеби?
Кайгырбайлык калайык,
Карадан кеште бергенде
Кайраным мурзам киеби?

Асмандан учкан булбулсуң,
Алганыңды бакбадың,

Арманда кеткен кургурсуң.
Көкөлөп учкан булбулсуң,
Кан какшаттың шумпайды,
Көз ачык кеткен кургурсуң.

Алмач өркөч арда бар,
Акылынан ажырап,
Адамда мендей кайда бар.
Кыймач өркөч арда бар,
Кыйноонду жаман көп тарттым,
Кылыгың артык жаш мырзам,
Кылымда мендей кайда бар.

Күлүстөн сенин барында,
Күрүч ичкем ченөөсүз.
Күлүүчү элем элөөсүз,
Күлүстөн көзү өткөндө,
Күрүч ичсем ченөөдө,
Күлсөм, койсом элөөдө.

Арстанымдын барында,
Ак буудай ичкем ченөөсүз,
Арстаным көзү өткөндө,
Айтсам, койсом элөөдө,
Ак буудай ичсем ченөөдө.

О, күл ойрон айканым,
Терме килем жайганым.
Молдого куран окуткун,
Мынакей менин койгонум.

## ТОГОЛОК МОЛДОНУН ЧОЮБЕКТИ ЖОКТОГОНУ

Карынбай менен Молдобай,
Ошону казал кылар деп жүрдүм.
Кылар иши бул эмес,
Ол оңолчу кул эмес.

Кечээ төрөлүк менен иш кармап,
Төрт түлүгү шаа болгон.
Айдама жылкы киргизип,
Күрүчбек менен Тезектин,
Күлүгүн тандап мингизип,
Жигити мындай бай болгон.

Кечээ, жакындан бери кеп уктум,
Жалганы жок деп уктум.
Качыкедей кедейден,
Качып келген Термечик.
Алды артын карабай,
Качып келген Термечик.

Кечээ байлыгы журттан ашты деп,
Эми бир болуш элди басты деп,
Ошо жазымы таркун кеткенде,
Кыпынча кадыр кылбаптыр,
Эми жыл он эки ай токтолуп,
Мунун арбагын сыйлап турбаптыр.

Ошо жигиттин баары шол болсо,
Жигити жүзгө тапшырмак,
Өйдөлөп кетсе башка урмак.
Өпкө жарып эт алып,
Өз элине тапшырмак.

Анча-мынча сот кесип,
Муну набактыга жаткырмак.
Бузуктук кылган жигитке,
Мындан башка эби жок.

Эр Чоюбек асил эр,
Өткөн экен кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан,
Мунун адамга өлчөр теңи жок.

Мен Чородо жүрүп укканмын,
Мен Чоюбекти берен деп,
Бу, ат сураса төө берген,
Бу, Атантайдан кенен деп,

Бу, акылы бизден терең деп,
Ой, кең Жумгалдын улугу,
Бу Качыкенин тунугу,
Дыйканбайдын кулуну.

Кечээ жыйырма-отуз табылды,
Улук баатыр чагында.
Эрлигине чыдабай,
Эми элинден курдуң кошуңду,
Ошондо пейлинден кедей чочуду.
Бала болуш Жантемир,
Мунун көбүнүн каны жошулду.

Эми Жантемирди жайладың,
Кишен салган эмедей,
Буту-колун байладың.
Эми, каршылык кылган кедейди,
Камчыга ченеп айдадың.

Эми, ууру иш кылып талашып,
Эми, үйгө барып жатышып,
Эми, тартынбай сотко керишип,
Таалайга жазган насипти,
Бир алладан билишип,
Кең Пишкектин шаарында,
Эми, жайы-кышы сүрүшүп,
Эми, бар кайраты кеткенде,
Байзагың калды бүрүшүп.

Эми, Байзактан көңүл тынган соң,
Эрегиш кылып Чоюбек,
Эр Шабдандын алдында,
Солто Чолпонкул менен сүрүшүп,
Мына солтого теңдик бербеген.

Эми, Суусамыр чыгып барганда,
Каарынан корккондон,
Казак менен солтодон,
Бу кашына адам келбеген,
Муну касташып адам жеңбеген.

Бу канзаадалар борумдуу,
Калайыктын баарына,
Жоктотоюн жогуңду.
Бу, көрсө көзгө толумдуу,
Бу, сүйлөгөн сөзү орундуу.
Бу, Омбудан жазып алдырган,
Бу, үйүнө жыйган сонунду.
Бу, Алла таалам бак берип,
Ачык кылган жолуңду.

Кечээ жазалоо капыр кетерде,
Райымбек менен Түркменге,
Бу, жайбай кеттиң торунду.
Эми, капырдан кайтып келгенде,
Ошо, кайрылып үйүн көргөндө.
Ошо, кезек болуп келгенде,
Ошо, кең Жумгалды көргөндө,
Ошо, арманын Канатка,
Бу, айткан экен асили.

Ошо, тобоо кылып күнөөдөн,
Кайткан экен асили.
Ошо, «Арманым артык, дартым зор,
Ошо, Алла таалам жайды тор.
Ажал жетсе өлдүм деп,
Алла Таала кудаанын,
Ак жазганын көрдүм деп.

Баатырбек менен Эмилбек,
Айрылып мурун келдим деп,
Бир арманым ушу деп,
Бу, тагдырга жазар дарман жок,
Бу, жалганчы дүйнөдө,
Эч арманым калган жок».

Айткан экен асили.
Бу, тобо кылып дүйнөдөн,
Кайткан экен асили.
Эми, жан чыгардын астында,
Тааратын таза алды деп,
Башына селде чалды деп,

Он эки имам кырк чилтен,
Бу, ыйманы менен барды деп.

Эми, мурунку өткөн пир колдоп,
Бу, Мырзабек конду тууруңа.
Бу, ашыкча арбак бүтүптүр,
Абдылдабек уулуңа.

Бу, Абдылдабек, Мырзабек,
Бу, атайлап сарай салды деп,
Жазууга уста бир сартты,
Төмөн Ташкенден жазып алды деп.

Бу, Ташкенден алган устасы,
Бу, ташка мөөр ойду деп,
Бу, сарайынын четине,
Тик көтөрүп койду деп.

Бу жазуу жазган ташына,
Бу, Баатырбек менен Чоюбек,
Баарын жазды деп уктум.
Бала туйгун Назарбек,
Дагы жазды деп уктум.

Бу, тандап алган Кабадан,
Талашып алган солтодон,
Жарын жазды деп уктум.
Бу, паашалык менен жыйнаган,
Малын жазды деп уктум.

Бу, кара таштан кат окуп,
Бу, кабарына бата окуп,
Абдылдабек, Мырзабек,
Бу, айланма оолу алдырып,
Мунун жанына мечит салдырып,
Кара дарак кош коргон,
Мазар кылды деп уктум.

Ошол айткан кебим чын бекен,
Бу, каза туйгун Мырзабек,
Бу, кайтадан ишин ондоду.

Бу, алганын колдон кутказбас,
Бу, асыл туйгун Чоюбек,
Бу, кармаганын кутказбас,
Калайыкка тууган муз билек.

Кабылан алып токтоткон,
Кабактын карала барчын Баатырбек,
Бу, туурдан туйгун учту деп,
Ошо, ага-иниң баары ыйлап,
Ошондо, аркандан атаң кары ыйлап,
Бу, атасынан айрылып,
Абдылдабек зар ыйлап.

Эми, акем сенден калдым деп,
Эмилбек иниң дагы ыйлап.
Эми, эки туйгун бир учуп,
Тууру куру калган жок.
Сага ат кошчу болгон жигиттер,
Акырет барбай арман жок.

Бу, асыл казат Баатырбек,
Арманың ушул дүйнөдө,
Сенин артыңда перзент калган жок.

## КАЛЫК АКЫНДЫН ИНИСИ БЕКТУРГАНДЫ ЖОКТОГОНУ

Алла Таалам жараткан
Асмандан тийген ай жалгыз.
Сумсайып кайгы тарткандай
Суусуз кургак сай жалгыз.

Күндүзү жарык күн жалгыз
Күүгүмдөн кийин түн жалгыз.
Дүнүйөдө мен өңдүү
Толуп жатат миң жалгыз.

Барды-жокту жараткан
Бадыша Кудай сен жалгыз.
Айланып учар канат жок,
Ар жерден көрдүм эр жалгыз.

Аталаш сенден ажырап
Алсыраган мен жалгыз.
Жалгыз жары бир өзүң
Жараткан Кудай кечиргин
Жаш боорумдун күнөөсүн!

Жалган дүйнө билеби
Жалгыздыктын мүнөзүн.
Адам ата, Ава эне
Топурактан жаралды.
Бардык адам баласы
Ушу эки заттан таралды.

Бир боорум сенден айрылып,
Мен кургур тарттым санааны.
Медер кылам ойлонуп,
Орозбек, Салмоор балаңды.

Белимди туура сындырып,
Бекишим кеттиң караңгы.
Бир туугансыз, жөлөксүз
Таянарга өбөксүз
Мен карып жалгыз каламбы?

Кашкайып катуу күлбөгөн,
Караөзгөй сөзгө жүрбөгөн
Кайып болдуң жан боорум
Капилет жалган дүйнөдөн.

Ачылып катуу күлбөгөн
Алдоо сөзгө жүрбөгөн
Арманда кеттиң бир боорум
Аманат жалган дүйнөдөн.

## ЫСА БОЛУШ

*(Калык Акиевдин жоктогону)*

Арстаным Ыса күлбегим,
Арзып келген мен карып.
Алты жыл бирге жүрбөдүм,

Болушум Ыса күлбегим,
Борумунда жүрбөдүм,
Болуш бойдон эл бийлеп,
Орунунда жүрбөдүң.

Болушум сенден айрылып,
Бозорорум билбедим.
Арстаным Ыса күлбегим,
Арзып келген мен карып,
Азабың тартып өкүрүп,
Кайгырарым билбедим.

Алты атаң саяк кабадан,
Артык элең баладан,
Алты мөөр ызынек,
Алдың эле береним,
Кең Наманган калаадан.
Алдадан ажал жеткен соң,
Алты кадам басалбай,
Алты мүнөт ашалбай,
Аттандың жалгыз баанадан.

Жетик элең баладан,
Жез ызынек алтын мөөр,
Жетишип алдың калаадан.
Жеткен ажал бүткөн күн,
Жети кадам басалбай,
Жети мүнөт ашалбай,
Жетигим өттүң баанадан.

Алты атаңа жан жетпейт,
Алты сан кошун каалаган,
Артык элең баладан,
Качканактын төрт уулу
Арзымат менен кан Асан,
Арстаным Ыса көрүнбөйт,
Араңардан карасам.

Арзып келген ырчы элем,
Артында кимге жарашам,
Арстаным сенден айрылдым,
Аламан болор тамашам.

Көкүмбай менен кан Асан,
Көкжалым Ыса көрүнбөйт,
Көп жыйындан карасам,
Жорукту менен кан Асан,
Жолборсум Ыса көрүнбөйт,
Жоголгон окшойт карасам.

Жогортон келген ырчы элем,
Жоргодой салып турчу элем.
Жолборсум сенден ажырап,
Жорголоп кимге жарашам.

Арзыматтан тараган,
Айыгышкан душманын,
Ак жолборстой мараган.
Садыр, Сейит, Бекболот,
Арстаным Ыса болушум,
Арбагың айтсам эп болот.
Арстанын кошпой калды деп,
Ар кимден ушак кеп болот.

Ушагыңа калганча,
Улугум сенден айрылып,
Убайым тартып кайгырып,
Бурулуп элге барганча,
Арман кылып боздоюн,
Ак үйдөн сөөгүң чыкканча,
Арбагыңды козгоюн.

Ырыскулбек, Шераалы,
Нарботонун баласы,
Ыса болуш дейт эле,
Төрт миң үйдүн баласы,
Кудай амыр кылбаса,
Адамдын ушул чамасы.

Өрт алды арым жеринди,
Өбөктөттүң элинди.
Өйүз-бүйүз баш кошсо,
Ким сүйлөйт айтар кебинди.
Үргүлжү саяк таппадык,
Өлүмдөн калар эбинди.

Чаң басты арым жеринди,
Чакыр саяк баш кошсо,
Ким сүйлөйт айтар кебинди.
Алты арыш саяк таппадык,
Ажалдан калар эбинди.

Ажал чиркин келди эле,
Алтын башың жеңилди.
Жыйырмага чыктың жык толдуң,
Жыйырма бешке киргенде,
Жыландай болуп октолдуң.

Отузга жашың келгенде,
Болуштукка токтолдуң.
Отуз төрткө киргенде,
Ордуң менен жок болдуң.

Кайып болуп кубулдуң,
Кырк жаштын кырын баспадың,
Элүүдөн кадам ашпадың,
Элиңди каран таштадың.

Эч бир кайгы жогунда,
Эки көзүм жаштадың.
Алтымышка чыкпадың,
Акырет көздөй ыктадың.

Алдадан ажал жеткен соң,
Аяктай көргө уктадың.
Төгүлгөн жашы мончоктоп,
Төрөкелди төрө аган,
Төрө Ысам өттү деп ыйлайт.

Төрө Телтай, Бөрү аган,
Дайныңды таппай боздогон,
Дандеке, Көкүм бий таган.
Калың сейит кайының,
Кабыргасы кыйраган.

Айласы кетип өкүрдү,
Абдыгул, Бекмат, Молдо иниң,

Ысырайыл, Мырзабек,
Ырысы жерге төгүлүп,
Ысасынан бөлүнүп,
Ыйлаган эки шордуу иниң.

Ажал жетип күн бүтүп,
Акырет кеттиң жетигим.
Ала тоосу жыгылып,
Алсырады эки иниң.

Атакем деп өкүрүп,
Айласын таппайт жетимиң.
Айланып кайра келгисиз,
Аяктай көргө бекидиң.

Өз колуң менен көмбөдүң,
Өлөр кезде апаңды.
Үргүлжү саяк эл тартты,
Үшкүрүп сенин жапаңды.

Алган жарың Алымкан,
Кагаздай бети жыртылып,
Кайта-кайта тытынып,
Кайран Ыса төрөм деп,
Кайгында жүрүп өлөм деп.

Кара кийип калдайып,
Калың саяк көп элиң,
Каруусу кетти шалдайып.

Калкына тиер керегиң,
Кайран Ыса береним.
Калың саяк өкүрсө,
Кан Ысам чыкпайт дарегиң.

Туура сындың терегим,
Тууганга тиер керегиң.
Туралбай Сейит өкүрөт,
Туйгунум чыкпай дарегиң.

Каршы сындың чынарым,
Капшыттан учтуң тынарым.

Биле албадык кудайдын,
Кайгылуу жетим кыларын.

Каралап келген мен кургур,
Кайран эр сенден айрылып,
Канатым сынып кайрылып,
Кызыл селде чалынып,
Көк таякка жөлөнүп,
Календер болуп турамын.

Туура сындың чынарым,
Туурдан учтуң тынарым.
Биле албадык кудайдын,
Түбөлүк жетим кыларын.

Кече тушунда келген мен карып,
Туйгунум сенден айрылып,
Асаңа селде чалынып,
Ак таякка жөлөнүп,
Дубана болуп турамын.

Алтын боолуу ак туйгун,
Айланып учуп желде жок,
Ак болот кылыч белде жок,
Агала өрдөк көлдө жок,
Азирейил кол салса,
Ажалдан калар бенде жок.

Алты миң үйдү сураган,
Ага, иниси дуулаган,
Арстаным Ыса элде жок.
Арман менен кайгырсак,
Айланып келер ченде жок.

Жети түлөк желде жок,
Желелүү өрдөк көлдө жок,
Жез байнек кылыч белде жок,
Жети сууну сураган,
Жетигим Ыса элде жок.

Бозумпай түлөк желде жок,
Бозала өрдөк көлдө жок,

Болоттон кылыч белде жок,
Боруму менен эл билген,
Болушум Ыса элде жок.

Боортоктоп өбөктөп,
Боздосок келер ченде жок.
Ак ылайлуу акырдан,
Аргымак качтың жем издеп.

Алтын туурдун үстүнөн,
Акшумкар учтуң эңиштеп,
Алты уруу элиң тул таштап,
Акырет кеттиң эл издеп.

Арстаным сенден айрылып,
Уялуу көргө жай кылып,
Ага, иниң таппайт сени издеп.
Арымдан Ыса мыкты деп,
Асылган жоосун жыкты деп,
Алыстан  келдим мен издеп.

Көк ылайлуу адырдан,
Күлүгүм качтың жем издеп,
Күмүш туурдун үстүнөн,
Көк шумкар учтуң эңиштеп,
Күлдү журтуң тул таштап,
Күлүстөн кеттиң эл издеп.

Күйүтүң тартып кайгырып,
Күлбегим сенден айрылып,
Күйөрүң таппайт сени издеп.
Күлбегим сени мыкты деп,
Күрөшкөн жоосун жыкты деп,
Күсөдүм эле мен сиз деп.

Күсөп келген күлбегим,
Күлпөтүндө жүрбөдүм.
Арзып келген күлбегим,
Алты жыл бирге жүрбөдүм.

Атаң бирге аталаш,
Арбагың бирге баталаш,

Ырыскулбектин балдары,
Атакан бийи карганы,
Арстаным деп өбөктөп,
Анын да кетти дарманы.

Асылым сага кайгырып,
Ак сакалдуу кары ыйлайт,
Керимбай болуш, Аалы ыйлайт.
Кереги тийчү эле деп,
Кембагал кедей дагы ыйлайт.

Бир боорум деп өкүрдү,
Бактыяр болуш Мурзакан,
Үнүн баспай боздоду.
Кан Дыйкандын Муктар кан,
Амалсыздан айрылдык,
Арстаным Ыса мурзадан,
Алдан ажал жеткен соң,
Аманат экен курган жан.

Айрыларым мен билсем,
Арзыбайт элем Жумгалдан.
Күрөшүп жыгып шайлоодо,
Күркүрөөнү басып эл алган,
Күрөшкөн жоодон кек алган,
Күлбегим сенден айрылып,
Күйүткө салды шум жалган.

Күйүттүү кайгың болбосо,
Күнөөлүү жайда ким калган.
Күлбегим Ыса мыкты деп,
Күрөшкөнүн жыкты деп,
Күсөдүм эле Жумгалдан.

Багышты басып эл алган,
Басташкан жоодон көк алган,
Бадышам сенден айырды,
Жапасыз дүйнө шум жалган.

Башыма кайгы түшпөсө,
Пайгамбар өткөн ким калган.

Падышам Ысам мыкты деп,
Партиясын жыкты деп,
Пааналап келдим Жумгалдан,
Сарттарды сурап эл алган,
Салышкан жоодон кек алган.

Сардалым сенден айрылып,
Санаадар кылды шум жалган.
Санаалуу кайгың болбосо,
Саабалар өткөн ким калган.

Сардалым Ыса мыкты деп,
Шайлоодо ыраак чыкты деп,
Санадым эле Жумгалдан,
Күркүрөө калды суралбай,
Күлдө журт ыйлайт туралбай.

Туйгунум туурдан учканга,
Душманың кантет кубанбай.
Багышың калды суралбай,
Партияң калды куралбай,
Бадышам сени өткөрүп,
Балдарың ыйлайт туралбай.

Сарттарың калды суралбай,
Сыязың калды куралбай,
Сырттаным сени өткөрүп,
Зыркырадык туралбай.

Бардык элдин ичинде,
Багыштардын балбаны,
Байлоого кеткен төрөнүн,
Аркасында калганы.

Жети атаны желпинтсе,
Жети суунун салмагы.
Жети жылдан бер жакка,
Жетпей жүрөт дарманы.

Жетигим сенден айырган,
Бир кудайдын барманы.

Төрөнүн уулу Добулбек,
Жеткирсең кудай орун деп,
Болуштук мага борум деп,
Алты күнү жатпаган,
Жети күнү батпаган.

Дартынды санап жүрөрбүз,
Келте кесик деген дарт,
Кез келиптир шум ажал,
Кеттиң Ыса биздин март.

Жогорку элдин жолборсу,
Жолборс Ысам жолдошу,
Карыя Медет чоң болуш,
Ак сакалын жайкалтып,
Айнектей жашын чайпалтып,
Бир боорум деп өкүрүп,
Бу да келди өкүнүп.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Ким чыккан сенден өтүнүп,
Мындай жагын айтайын,
Коңур-Өгүз, Ничке-Сай,
Калың Бегат Кутунай,
Баары манап, баары бай,
Базыл уулу Көкүмбай,
Өөдөчекти түнкатар,
Өкүмүн уккан тим жатар.

Өзүбек Сыдык баласы,
Өз тууганым бий Сатар,
Сатар бийге токтобой,
Самап келген жөлөгүм,
Санаасын тартып өкүрдүм,
Сардалым Ыса төрөнүн.

Сардалым сенден айрылып,
Сатарга кантип кетем кайрылып,
Букаранын мыктуусу,
Бир тараптын ыктуусу,
Боркемиктин болгону,
Болоттон салган коргону.

Тай ордуна ар кимге,
Тартынбай берген жоргону.
Карыясы Сарыгул,
Сандыгы алтын, күмүш, бул.
Өөдөчекти молойгон,
Өзөнү менен чоңойгон.

Карамурат Сасыгы,
Калкына жаккан басыгы.
Кармашып жүрөт Каратал,
Алты арыштуу саяктын,
Айлантпа алтын казыгы.

Караталга токтонбой,
Каалап келген жөлөгүм.
Кайгысын тартып өкүрдүм,
Кайран Ыса төрөмүн.

Кайран эр сенден айрылып,
Кара жерге жай кылып,
Калкыма кантип кетем кайрылып.

Басыл журттун балбаны,
Бай Тагайдын балдары.
Кадырбай менен Суранбай,
Качырып кирсе душманды,
Каракашка тынардай.

Каламда кудай жазыптыр,
Кан Ысам кеттиң туралбай.
Суранбайга туралбай,
Сынап жүрүп тапканым.

Сымбатыңа күйөмүн,
Сырттаным Ыса датканын.
Көкүмбайдан боз бала,
Канкелди, Байтик, Дөнөнбай,
Кадырман болбойт Борбудай,
Көкүмбайдын бу күндө
Төрт түлүгү шаймашай.

Бала баатыр Байгазы,
Марттыгы элдин байдасы.
Байгазыдан кесилип,
Бааналап тапкан жөлөгүм,
Кайгысын тартып өкүрдүм,
Бадыша Ыса төрөмүн.

Бадышам сенден айрылып,
Байкадым жерге жай кылып,
Мен байкуш кантип кетемин,
Мандайкы элге кайрылып.

Тууганыма токтонбой,
Тууган болгон мен элем.
Тушумда келген бир бала,
Дуулап жүрсүн дээр элең.

Ата-энеме токтобой,
Ата туткан мен элем.
Ардактап көөнүм өскөртүп,
Ата болгон сен элең.

Арзып келген бир карып,
Алдымда жүрсүн дээр элең.
Эсен-аман барында,
Эл-журтума кетпедим,
Эне-атама жетпедим.

Батаңды алып жаркырап,
Калкыма кайта барбадым.
Бадышам сенин барыңдай,
Баркыма жетпес балдарың.

Күлбегим сенден ажырап,
Күйгүзөт ичти арманың.
Адырга түлкү жойлотпос,
Алтын жаак капканым.

Ак калпактуу кыргыздан
Ар жакшыга токтонбой,
Арзып келип тапканым.

Ата болуп асырап,
Алпештеп жакшы тапканым.

Күңгөйгө түлкү жолотпос,
Күмүш жаак капканым.
Күрөшкө келген душманын,
Көмөлөтө чапканым.
Күлдү кыргыз элимден,
Көп жакшыга токтонбой,
Күсөп келип тапканым.

Күйүтүн тартып өкүрдүм,
Күлүстөн Ыса даткамын.
Жабыгып качып мен келсем,
Жан бооруңдай көрчү элең,
Жамбыңды бузбай берчү элең.
Жалгыз аяк мен тургай,
Жалпы журтка кенч элең.

Азып тозуп мен келсем,
Ардагыңдай көрчү элең.
Адырес тонуң бир башка,
Атыңдан түшүп берчү элең.
Алыстан келген мен тургай,
Арымга чыккан кенч элең.

Орозонун күнүндө,
О дүйнө карай жол тарттың,
Он жетинчи түнүндө.
Жатмак болдуң гүлбегим,
Жабыктай көрдүн түбүндө.

Ыкыбалдуу жан элең,
Ыйманыңдан түңүлбө.
Бейиштин оозун ачканда,
Тозоктун оозун жапканда.

Беш убак намаз, орозо,
Мусулманга парс кылып,
Момундарга карыз кылып,
Ак шарыят чачканда.

Дин мусулман баласын,
Собоп менен бакканда,
Акырет сапар кеттиңиз,
Азапсыз жайга жеттиңиз.

Карагер жорго жабдыктап,
Токучу күнүң бүгүнбү?
Жаназасын жалпы журт,
Окуучу күнүң бүгүнбү?

Алтын башың табыттан,
Көрүнөр күнүң бүгүнбү?
Ага-ининди сыздатып,
Бөлүнөр күнүң бүгүнбү?

Аяктай көрдүн түбүнө,
Көмүлөр күнүң бүгүнбү?
Алтын боолуу туйгунум,
Аяктай көрдүн алдына,
Жайланар күнүң бүгүнбү?

Арканы жок, жиби жок,
Байланар күнүң бүгүнбү?
Карчыга чалыш туйгунум,
Айланар күнүң бүгүнбү?

Каалгадай жердин алдына,
Жайланар күнүң бүгүнбү?
Казыгы жок, жиби жок,
Байланар күнүң бүгүнбү?

Кайран Ыса атыңыз
Кабыл болсо тилегин,
Каанага кирип жатыңыз.
Катарланган бейиштин,
Бирөөнө батыңыз.

Канчалык какшап ыйласак,
Калганга өтпөйт датыбыз.
Капилеттүү дүнүйө,
Жалганга өтпөйт датыбыз.

Беренім Ыса атыңыз,
Берсе кудай тилегиң,
Бейишке кирип жатыңыз.
Бенде экенбиз жаралган,
Өтпөдү биздин датыбыз.

Берсе кудай жайыңды,
Бери кызынан бешти алып,
Бейишке кирип тынч алып,
Бетиңе мендей ырчы алып,
Бейишке жайнап кириңиз.

Бет алдыңдан жандасын,
Берište менен уруңуз.
Бейиштеги ур менен,
Белсенише жүрүңүз.

Ур уулунан кем эмес,
Улугум Ыса түрүңүз.
Учуруп сизди дүйнөдөн,
Убайым тарткан күнүбүз.

Жараткан кудай жай берсе,
Жаннатка басып кириңиз.
Жалтылдасын жанында,
Жаннаттагы уруңуз.

Жаннаттагы ур менен,
Жакындаша жүрүңүз.
Жаннатта урдун уулунан,
Жаман эмес түрүңүз.

Жалгандан сизди өткөрүп,
Жабыркаган күнүбүз.
Кайып болдуң дүйнөдөн,
Кайран Ыса жолборсум.

Артыңда калды каңгырап,
Алмадай башын маң кылып,
Ысырайыл, Мырзабек,
Эки түгөй жолдошуң.

Арбагым айта жүрбөйт деп,
Арманың менде болбосун.
Арзып келген мен карып,
Арбагыңыз колдосун.

## ЭШМАМБЕТ ЫРЧЫ

*(Курман ырчынын жоктогону)*

Алтындай кара сакалың,
Аттанып чыксаң керилген.
Атактуу акын Эшмамбет,
Айрылдым сендей теңимден.

Ажал чиркин токтотпой,
Айдап бир кетти элимден.
Күмүштөй кара сакалың,
Көркөмү сонун керилген.

Күкүгү элең кыргыздын,
Коштоштум сендей теңимден.
Кайрылбай кеттиң кайран эр,
Кетмен-Төбө жериңден.

Булдуратып неченди,
Бендеге салып кеселди,
Бооруна басты кайран жер,
Булбулум сендей нечени.

Бурулбай кеткен булбулдун,
Артынан куусам жетемби?
Айттырбай ар бир чечени,
Адамга салып кеселди,
Алдына басты кара жер,
Акыным сендей нечени.

Аттанып кеткен булбулдун,
Артынан куусам жетемби?
Атактуу акын сен элең,
Ак жоргодой айдаткан,

Аты жүз адам болсо да,
Атагын айтып жайнаткан.

Ар сөзүң нуска кеп эле,
Арашандай кайнаткан.
Боордош элди ырдасаң,
Боз жорго элең айдаткан.

Беш жүз адам ичинде,
Булбулдай тилин сайраткан.
Ырыстуу кыргыз элимдин,
Ырчысы элең кайратман.

Токтогул менен бир жүрүп,
Элге ырдадың Эшмамбет.
Тоосунан байлык кен чыккан,
Кенди ырдадың Эшмамбет.

Күкүгү элең элимдин,
Күнү-түнү талбаган.
Беш күн ырдап отурса,
Бир жаңылып калбаган.

Айтуучу акын сен элең,
Алдына күлүк салбаган.
Кетмен-Төбө, кең Талас,
Жериң калды кайран эр.

Кичинеңден чоңойткон,
Элиң калды кайран эр.
Калык, Жолой, Жаңыбай,
Теңиң калды кайран эр.

Кайраным сенден ажырап,
Каран түн түшүп кайгырдым,
Катарлаш ырдап жүрчү элем,
Күкүгүм сенден айрылдым.

Кудурет таш боор бербейт го,
Калкыңа кайдан кайрылдың.
Күрпүлдөп аккан өзөнүм,
Күкүктөн ашкан көсөлүм.

Курдашым сенден ажырап,
Күйүп бир турат өзөгүм.
Күйүттү салып көп элге,
Кайрылбай кеттиң өбөгүм.

Агыны катуу өзөнүм,
Атагы чыккан көсөлүм.
Акыным сенден ажырап,
Азалуу турат өзөгүм.

Айылга салып кайгыны,
Ажырап кеттиң өбөгүм.
Асмандагы жамгырдай,
Ырдын кени сенде эле,
Ар убакта ырдашып,
Ээрчип жүрдүм мен деле.

Айттырбай келет турбайбы,
Ажалды салса пендеге,
Айла жоктон Эшмамбет,
Сизди таштадым жерге аманат.

Кайрылбай кетсең кантейин,
Калгандар болсун саламат.
Түшүмдөн такыр кетпейсиң,
Түбөлүк кимдер жаралат.

Ырларың уккан адамдар,
Ыраазы болуп кубанар,
Бир сөзүң жерге койбостон,
Билимдүү балдар чыгараар.

## КАЗЫБЕКТИН АТАСЫН ЖОКТОГОНУ

Бисмилла деп баштамак,
Бир кудаанын жарлыгы.
Билгизет адис куранда,
Бизге анын барлыгы.

Ажал жетсе өлүмгө,
Ар кимдин жок арлыгы.

Ар канча көпөс болсо да,
Аралжы болбойт байлыгы.

Атабыз адам байгамбар,
Аларды койбой алдыбы.
Тагдыр жеткен ажалдан,
Кутулуп шолор калдыбы.

Тагдыр жеткен Аалыга,
Акыр заман тардыгы.
Арстаным атам өткөн соң,
Артында арман арбыды.

Сандалып жүргөн мундуулга,
Салып кеттиң кайгыны.
Намысың кетти ар жерге,
Так сым болдуң кай жерге.

Колумдан дөөлөт кеткеним,
Колдогу атам бар жерде,
Өзүмдүн чыкпай колумдан,
Ошондо жүрсөң мейли эле,
Урматым атам бар дээрге.

Кармалып барып жезиттин,
Калаасында кечиктиң.
Кайрылып быйыл келет деп,
Кабарыңды эшиттим.

Каалаган ойго жеткизбей,
Кандай бир дартка кезиктим.
Алал жүрмөк адамга,
Артыгы деп кесиптин,
Айыл-аймак журтуңа,
Адеп берип ээрчиттиң.

Акырет үчүн салдырган,
Аркасы тиер мечиттин.
Тартипсиз кимдер жүрбөгөн,
Тартипке калкын үндөгөн.

Айыл аймак журтуна,
Адеп берип үндөгөн.
Кедери баскан бузуктун,
Кетирип баркын тилдеген.

Калк чогулуп келгенде,
Калыстыгын сүйлөгөн.
Бей-бечара алсызга,
Бекем сөзү тийбеген.

Касиеттүү жан элең,
Кара өзгөй дөөнү сүйбөгөн.
Башыма түшөр саякат,
Бай терек элең бүрдөгөн.

Кесилген соттон кутулуп,
Келген окшойт түрмөдөн.
Толгонуп бизге жеталбай,
Тойдуңбу кокуй дүйнөдөн.

Кабарың угуп көп адам,
Кармансам деп самаган.
Кыянатсыз иш ойлоп,
Кылганың журтка жараган.

Эбин таап арадан,
Эл курадың далайдан.
Жабыке калды тууганың,
Жалгыз сизге караган.

Чапса тулпар жеткисиз,
Чабылып журтуң тараган.
Элсиз калган элиңдин,
Эсебин кайдан табалам.

Жалгыз калды дегенсип,
Жат болоор жаман санаган.
Өйдөтөн келер шер болео,
Өтө албасам камалам.

Өкүнтүп кеткен душмандан,
Өчүндү кантип ала алам.
Эситбегим өткөн соң,
Эңкейип кимди таянам.

Байтерек элең бүрдөгөн,
Башыма түшөр саябан.
Жалгыздыктын эркинде,
Жаратылыш ай аалам.

Жалгыздык башка келген соң,
Жай болорчу саябак,
Сыйнаты менен улуктун,
Түз тарттың ички калаадан.

Айдалып жүрөт көп адам,
Акыйкатсыз жалаадан.
Ал бузуктун белгиси,
Адамга зыян каалаган.

Артында кетти нечен жан,
Арылбай жүрүп жалаадан.
Өзүңүздөй болотко,
Келсе кезек бир адам.

Кейитип жалпы тууганды,
Кетипсиз дүйнө паанадан.
Айылга куруп жыйынды,
Айтканың журтка буюрду.

Ажаат түшүп кысталган,
Алсыздар көрүп сыйынды.
Капшыттан чынар кыйылды,
Чырпыктан кабык сыйрылды.

Сандалып жүргөн мундууга,
Салып кеттиң кыйынды.
Алсыратты бул турмуш,
Артында жалгыз уулуңду.

Кабылан ата өттү деп,
Кабарың бүгүн угулду.

Болк этип жүрөк туюнду,
Бозоруп өңүм кубулду.

Болжолсуз жүргөн чагымда,
Бошоттуң кокуй муунумду.
Кылмыштуууга кылганың,
Кыялдан кеткис дарт болор.

Бейли бузук душманың,
Белсенип бүгүн шат болор.
Жалгыздык башка келгенде,
Жакындарың жат болор.

Бакты-таалай келгенде,
Башыңа сыймык бак конор.
Алгы-берги адамдын,
Арасында бат болор.

Ар кимдин тайса дөөлөтү,
Ашырып малдан сап болор.
Ал турмуш башка келгенде,
Азабың тартар чак болор.

Кыйрыңды көргөн калк болор,
Кызыгып эми тап коер.
Толук сыйлап арбакты,
Толгонуп кимдер жарп болор.

Капкалуу коргон чеп элең,
Карашы сынды терегим,
Кас санаган душманга,
Кара жолборс береним.

Ар жерге тийчү керегиң,
Алсыздарга себебиң.
Алты атаң уулу Акчубак,
Акылын тапчуу сен элең.

Айдалып барган жериңден,
Айланып кайра келерим.
Артыкча ката болгонбу,
Менин аман көрсөм дегеним.

Ак дидарың көрсөмчү,
Калаадан алып буйрукту,
Калкыңа сүйлөп чындыкты,
Касиетиң барынан,
Каалаган кудай сыйлыкты.

Эшитип бүгүн кабарың,
Эт жүрөгүм чыйрыкты.
Урмат кылып куранды,
Куп сыйладың дубанды.

Келгенде кезек дүйнөнүн,
Кош көрбөдүң жыргалын.
Ан үчүн кайгы жок эле,
Ар жерде калды жыйганың.

Түмөн саардан өйдө эле,
Түркүк болуп турганың,
Жалпы нуска кылганың.
Жалтанбай турган чырагым,
Жазалашып кыйнадың.

Жардам бербей бузукту
Жамандыктан тыйганың.
Сөөктөн кетпес так болуп,
Сөзүң менен урганың.

Жүрөгүндө чер болуп,
Жүргөн чыгаар кыйланын.
Билдирет бегим жоктолуп
Бизден бир пейил бурганын.

Ар жакка моюн сунганың
Зарлап бир карап турбадың.
Тура бир түркүк сынганың,
Душмандын көөнү тынганын.

Туйгун бир эле өттү деп
Тушумда ыйлап турганын.
Амирин көрбөй Алланын
Аркасын көрбөй пенденин

Айта берсем түгөнбөйт
Азыркы журттун арманын.

Сапарың болуп кайырлуу
Сак саламат жатпадың.
Алыстан угуп кабарың
Анүчүн мынча зарладым.

Жайыбыз начар кезинде
Жар болсун Кызыр арбагың.
Аргымак аттын асылы
Айбан да болсо жаныбар.

Көркөмдүккө чыгарар,
Көкүл, куйрук, жалы бар.
Ар адамдын оюнда
Айта турган зары бар.

Алыбыз начар себепкер
Жанып турган шамы бар.
Аман болсо алтын баш
Арыган атың чабылар.

Эскирсе көңүл жаңырар,
Эмгектеш шордон арылар.
Өзүндөй болгон бир асыл,
Өткөн соң кайдан табылар.

Чындап жанга күч келбей
Чылбырын тулпар чоербу,
Чыгар бекен тарткылык
Чырмалып журтка оролду.

Азып-тозуп кайран эр
Ар кайсы жерде кор болду.
Тагдыры экен Алланын
Таалайга бүткөн шор болду.

Айыл бузгуч чоң болду.
Эселде бүткөн шор болду.

Жалпы журтка келтирди
Шыдырлык менен бул жолду.

Адам уулун кысууга
Акыр заман болгонбу?
Терек бир сынса шагы бар,
Тең айрылган чагы бар.

Теги бир биздей алсыздар
Теңирге боздоп жалынар.
Сандалтып журтту мынчалык
Саясы жок маани бар.

Өзүңүздөн мурунку
Өткөндөрдүн баары бар.
Саламат койсун иманың,
Самаган жайга барып ал.

Кар түбүнө кыштаган
Каарлашып сыздаган
Канаты сынып учпаган
Карлыгач болду кыз балаң.

Артыңда жалгыз уулуңду
Азыркы турмуш кыстаган.
Кеңешип бир тууган бузбаган,
Алтынчы уулуң Акчубак
Акылыңан чыкпаган.

Орустун түшүп колуна,
Оролдуң темир торуна.
Такывалардын бири элең
Даараты бар боюнда.

Аны көрчү Кудаанын
Алсыздардын мойнунда
Азирейил periште
Аянбай тийсең колуңа.

Жай жүрбөгөн аз болгон
Жар жаамат колунда

Айлыңа калыс ким болот
Акыры сенин ордуңа?
Кайран атам өтүптүр
Кайрылбас сапар жолуна.

## БӨРҮБАЙ АКЫНГА

*(Аялы Анаркүлдүн кошогу)*

Капкалуу шаар тулпарым,
Кан катарлуу шумкарым.
Калай го сизден тул калдым,
Капалык тартып муңкандым.

Бедерлүү шаар тулпарым,
Бек катарлуу шумкарым.
Безилдеп бейбак тул калдым,
Арманым айтып муңкандым.

Короом чети койдой таш,
Койнумда калды балдар жаш.
Сизден калган жаш балдар,
Токулуу атты мине албайт,
Топ жыйынга кире албайт,
Токтонуп сүйлөп туралбайт.

Тозуган малын жыя албайт.
Жайдак бир атка мине албайт,
Сизден калган жаш балдар,
Жарып жыйып кире албайт,
Чартилдап сүйлөп туралбайт,
Жайылган малын жыя албайт.

Эсен болсо эр жетер,
Эр жеткиче эс кетер.
Балдарыңдын жаштыгы,
Буунумдун боштугу.

Азамат акун өткөндө,
Ак куйрук кагаз пул чачпай,

Арман түштү бейбагың.
Көркөм бир акун өткөндө,
Көк сандыктан кулп албай,
Көк куйрук кагаз пул чачпай,
Көп күйөт шорлуу бейбагың.

Күмүш тенге чапканың,
Күйүтүң бейбак тартамын.
Ак жамбы созуп чапканым,
Азарың бейбак тартамын,
Арманыңды айтамын.

Коңгуроолуу корганым,
Күндө базар болганим.
Дарбазалуу корганым,
Дайым базар болганым.

Калайы эди кумгандын,
Камчысы эди туугандын.
Бедери эди кумгандын,
Медери эди балдардын.
Күмүштөн ээр каш калды,
Күзгүдөй балдар жаш калды.
Алтындан ээр каш калды,
Айнектей балдар жаш калды.

Эрте менен кайнаткан,
Чайым эди акунум.
Эртеден кечке сүйлөшкөн,
Пайим эди акунум.

Алтын саптуу пычактын,
Пайнеги эди акунум.
Арзылап алган балдардын,
Айнеги эди акунум.

Күмүш саптуу пычактын,
Пайнеги эди акунум.
Тилеп алган балдардын,
Айнеги эди акунум.

Жазгы бир учкан сонобу,
Жайылып барып конобу?
Жан жигариң бар болсун,
Акунум сиздей болобу?

Күзгү бир учкан сонобу,
Күймөлүп барып конобу?
Күйөрүң иниң бар болсун,
Гүлпайым сиздей болобу?

Карарып учкан сонобу,
Калдайып барып конобу?
Калкы бир журтуң бар болсун,
Кадырдан сиздей болобу?

Ай жака карап чий тутам,
Ай өткөн сайын көз тутам.
Ай өткөн сайын келбесең,
Азарың тартып кан жутам.

Күн жака карап чий тутам,
Күн өткөн сайын көз тутам.
Күн өткөн сайын келбесең,
Күйүтүң тартып кан жутам.

Жабдыктары жайма алтын,
Жакшысы эди бир калктын.
Куюшканы куйма алтын,
Куту эди бир калктын.

Ак сандыкка койдурган,
Кутуңуз калды акунум.
Аз гана айтып сураган,
Журтуңуз калды акунум.

Көк сандыкка койдурган,
Кутуңуз калды акунум.
Көп зар ишке сураган,
Журтуңуз калды акунум.

Бетегеси белде өскөн,
Бедөөнү минип мырза өскөн,

Кымыздык кени кырда өскөн,
Кылжээрен минип мырза өскөн.

Ордодо атын ойноткон,
Супада атын сууткан.
Сур жорго минип силкинткен,
Жазга маал болгондо,
Эл өйдөлөй көчкөндө,
Көпүрүк салбай суу кечкен.

Жабагысы бош кеткен,
Көчкөнүгө кут түшкөн,
Көкала казы жуп түшкөн.
Желесине кут түшкөн,
Жейрен кулун жуп түшкөн.

Азамат акун барында,
Короо эди ашканам,
Кадырлуу эди башканам.
Чырмаян эди ашканам,
Акунум көзү өттү эле,
Капини болду ашканам,
Карыптык тартты башканам.

Алтындан чапкан акданам,
Асылып туруп пор болду.
Акунум көзү өткөндө,
Азиз да башым кор болду.

Күмүштөн чапкан акданам,
Илинип туруп пор болду.
Гүлпайым көзү өткөндө,
Күлкүдө жүргөн бу башым,
Күйүтүң тартып кор болду.

Кузгун конбос куу бутак,
Куш кондурган акунум.
Куштай мойнун көтөрүп,
Теңтушунун ичинде,
Төрөдөй болуп олтурган,
Ыр менен көөнүн толтурган.

Атын токуп мингеним,
Адиса жомок билгеним.
Жомогун айтып олтурса,
Жооптуу сөздөн калганым.

Дүбүрөгөн тойлордо,
Алдынан баштап чакырган.
Боюна өлчөп тон кылган,
Кармабай жеңин кийгеним.
Жакшы-жаман баарыны,
Кадырыны билгеним.

Жылдызы жанган чырактай,
Ичи гаухар акундун,
Минген аты бурактай.
Жүргөн жери дайыным,
Илим бир сөзү майиним.

Олтурган жери супадай,
Сүйлөсө сөзү упадай.
Олтурган жери тактадай,
Сүйлөсө сөзү пактадай.

Мейман келсе каш деген.
Мейманкана бош деген.
Санатың кетти сайылып,
Самарканд ылдый жайылып.
Кеңешиң кетти керилип,
Кең Кокон ылдый жайылып.

Босогоң башы боз манат,
Боз жорго минген санталат,
Болгонуң айтам бир санат.
Керегең башы кер манат,
Көк жорго минген санталат,
Көргөнүң айтам бир санат.

Акунум минген аттары,
Семиргени кулжадай,
Секиргени бүргөдөй.

Башы чайни болот деп,
Бадахшан жүгөн салдырган.

Акунум минген аттары,
Буудайдан лабак чайнаган,
Булутту карап жайнаган.
Акунум минген аттары,
Арпадан лабак чайнаган,
Асманды карап жайнаган.

Текеден чылбыр сүйрөткөн,
Телтору минип үйрөткөн.
Булдап чылбыр сүйрөткөн,
Буудан көк минип үйрөткөн.

Ажалым жетип өлгүчөм,
Айнектей жүзүң көргүчөм,
Арманым айтып жүрөмүн,
Азарың тартып күйөмүн.
Күнүм бүтүп өлгүчө,
Күзгүдөй бетиң көргүчө,
Күйүтүң тартып жүрөмүн.

Таң атканда жер жарыйт,
Таалайы бар пенделер,
Алганы менен тең карыйт.
Күн тийгенде жер жарыйт,
Кудайым берген пенделер,
Күйөөсү менен тең карыйт.
Алтындан жүгөн калайлуу,
Алганы менен бир жүргөн,
Кандай пенде таалайлуу.

# ТАРЫХТА АТЫ КАЛГАН ИНСАНДАРГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

## БАБУР ПАДЫШАГА

*(Келини Акбегимдин кошогу)*

Байыртан бери геп конгон,
Башкарып элди бел болгон.
Түркүгүн кыйып душмандын,
Түрк элине чеп коргон.
Кайнатам Бабур жетеси,
Көптү арылткан шек-шордон.

Сыртыңыздан сыйладым,
Сыйынып кызмат кылбадым.
Жүгүнүп төргө өткөзүп,
Жүгүрүп оокат сунбадым,
Узаткыча үйүмөн,
Урматтап типтик турбадым.

Үйүнүн үстү кош тектир,
Үзүлөрдө «кош» дептир.
«Тергебей тогуз атамы,
Ысымын айтып кош» – дептир.
Аткарбасам керээзин,
Арбагы уруп кететтир.

Айлынын үстү боз тектир,
Арыганда «кош» дептир.
«Ата-тегим тергебей
Аза күтүп кош» – дептир.
Осуятын кылбасам,
Обосу уруп кететтир.
Керээзиң кере сыйлайын,
Келбетиң кошуп ыйлайын.
Баш атадан зор өткөн,
Барлыгын айтып ыйлайын.

Жан атам Бабур арбагы,
Жар болуп жүрсүн илайим.
Ар дайым жаттап сөзүңү,
Ааламдай баалап өзүңү.
Көрбөй калдым кантейин,
Көрөгөч атам көзүңү.

«Сенсиресем сөз таппай»
Кечирип кой өзүмү.
Арсарды доско телидиң,
Аскардай баалап келидиң.
Ак түп оглуң өзүңүн,
Алтын бешик эримин.
Артынан арзып ыйлаган,
Акбегим деген келиниң.

Сахибаларга сыйынган,
Саруудан чыккан кыйын жан.
Пайгамбарга сыйынган,
Барластан чыккан кыйын жан.
Кызырды издеп сыйынган,
Кырк огуздан чыккан кыйын жан.

Беш убак намаз окуган,
Бейдаараттан чочуган.
Бүтүгүн тооп кылышып,
Билегендер окуган.

Башарасин көрктөгөн,
Баркырап жылдыз чокудан.
Орозо тутуп отурган,
Олуязаада озук жан.

Ооганга болгон падыша,
Озо чыгып доочудан.
Орошон акыл кеңешин,
Олуя тоскон оозунан.

Акылы ташкан тоосунан,
Арувдан өлөң токуган.
Арашан акыл кеңешин,
Апсундар тоскон оозунан.

Айлалап калкын кутказган,
Андып келген жоосунан.
Кожо, кызыр кол берген,
Күнкожо өзү жол берген.

Калкынын болуп медери,
Кайыптар менен иргелген.
Кайнатам Бабур пари эле,
Калаасына бир келген.

Ажайып Кызыр кол берген,
Айкожо өзү жол берген.
Адамдын болуп медери,
Алхамдуга иргелген.
Ак бабам Бабур жан эле,
Ай ааламга бир келген.

Түп атасы Кыркгуздан,
Теңирим тувун туткузган.
Берки баба Сарыдан,
Барластан бирге түптүү хан.
Багы-шагы пас болуп,
Басташкандар уткузган.

Мекени арча, карагай,
Чынгызхандын теңтушу,
Чыгаан атам Тарагай.
Самаркентти алганга,
Сабили ишке жарады ай.

Кыйырын айтсам гептер көп,
«Кат ташыйт» – дешет кептер төп
Сахибалар колдоп койдуле,
Самаркентке бектербек.
Санаасин жазып калтырган,
Саңзар, Замин эстер деп.

Таңданып аалам тааныган,
Тараган даңкы тамырдан.
Оургуздар сыйлаган,
Орошон атам Тамерлан,

Самаркентке саркештеп,
Сар тоодой гүмбөз там курган.

Урушканын кулаткан,
Укмуш касты сулаткан.
Ааламдын ыйык амири,
Ай, жылдыз билан сырдашкан.
Амир, Темир улуу атам,
Андан Махмут бир атам.

Жахангир болуп Махмуткан,
Жанчышканды багынткан.
Кашкар, Дели, Кабулга,
Каттап калкын сагынткан.

Асманды окуп Улукбек,
Аалимдерди жаңылткан.
Мактаган дешип Уран шах,
Махмуткандан Миран шах.
Мындан тарап Миркыяз,
Оглу Алишер кара жаак.

Хамсадай билик бүтүптүр,
Жазгычтардан аша чаап.
Миранышахтын зор оглу,
Абусаид бабагам.
Парикана түгүл Кырымга,
Парлаган учуп даңазам.

Андан ары Урумга,
Ашып түшкөн аңазам.
Хандар менен кармашкан,
Кажары катык чоң атам.

Аксыкент коргоп Өмөр шейх,
Кеңирсиген болуп шах.
Барлас, баргы бириккен,
Кыпчак, найман күтүп нарк.

Бабамын ишин улаган,
Баратып аскер кураган.

«Кат байлайм» – деп кептерге,
Кагжырак кептерканадан,
Өкүм атам Өмөр шейх,
Өмүрү түгөп кулаган.

Он эки жашта кайнатам,
Оендун ишин улаган.
Жаш болсо да Бабурбек,
Жанынан аскер кураган.

Менсинген тууган кас болуп,
Мамлекети кулаган.
Бийликке жиндеп элирген,
Бирин-бири кемирген.
Басташкан амирзадалар,
Пастарин чайнап жеп ирген.

Анда Бабур кайнатам,
Аргасыз кеткен жеринен.
Оогандык минтип сураган,
«Ойлонбой келсин улуу адам»
Онон нары Үндүгө,
Ооматтап ишин улаган.

Кабул менен Аграга,
Калкагар тамдар кураган.
Түркмөн, монгол даркери,
Кыпчак, найман саркери.
Кайнатамы каалаган,
Үндү кызы Айпери,
Нике кайып эшендер,
Ниет кылып аперди.

Ооган, багыш ондогон,
Орун кылып ордодон.
Саруу, чийкил баш кошуп,
Салттуу достук орногон.

Билиги «Бабур намеси»
Бирликтин жолун сомдогон.
Атынан айтсам эл билет,
Атагын баары белгилеп.

Ажыдан келип кишилер,
Аза күткөн өңгүрөп.
Айкөптөн келген пашалар,
Акылдашты делбиреп.
Мерчемдеп айтсам белгилеп,
Мединада эл билет.

Мажарыстан, Урумдан,
Маалимдер келди өңгүрөп.
Чынмачын, Жапаныстандан,
Чыгаандар келди делбиреп.

Аграга күмбөз салдырган,
Аксыдан жүзүм алдырган.
Багышты калкка үйрөтүп,
Багбандык ишке кандырган.

Үндүстанды гүлдөтүп,
Үзүрлүү болду санжырган.
Кабулга күмбөз салдырган,
Кесенден анар алдырган.

Күтүшүн калкка үйрөтүп,
Касиет ишке кандырган.
Оогандын жерин гүлдөтүп,
Орошон болду санжырган.

Кайырлуу эле эшигиң,
Карыпка жеткен кешигиң.
Кайыкса кийим сурашкан,
Калкалап жыртык-тешигин.

Калкка камкор элеңиз,
Кайнатам Бабур жетигим.
Бу дүйнө кылган жакшылык,
О дүйнөдө жар болсун.

Берген кайыр-садага,
Башыңызга зер болсун.
Алтын көвсар обустун
Айланасы пар болсун.

Бу дүйнө тиккен багыңыз,
О дүйнөдө көлөкө.
Болуп турсун шагыңыз,
Буйрубай асти бөлөккө.

Жетип алтын тагыңыз,
Нөкөрлөр турсун жөлөккө.
Чыңданып тилди сайратам,
Чыгаан жан эле кайнатам.

Ойлонуп тилди сайратам,
Олуя эле кайнатам.
Бейбагың тилди сайратат,
Бейиши болуң кайнатам.

## АТАКЕ

Меркенин башы мээлүүн,
Даранын жолу сээрүүн,
Эми бу казак келүүн,
Атакемин өлүүн.

Садыр кирди камышка,
Атакем чыкты намыска.
Кызыл чепкен бүркөнүп,
Кыздар менен бу Садыр.
Кара чепкен жамынып,
Катын менен бу Садыр.

Абылай хандын найзасы,
Коло болуп кайышты.
Атакемдин найзасы,
Карагай болуп майышты.

Куур токум Абылай,
Курдашың беле атакем,
Тери тондуу Абылай,
Теңтушуң беле атакем.

Башыңды салды алекке,
Каныңды куйду челекке,

Өтүңдү алды керекке.
Ичип канга тойбоду,
Абылай деген кашайгыр,
Эчакка кегин койбоду.

## БҮРГӨ

Карагайдын как бутак,
Кайрып салган атакем.
Сарбагыштан солтону,
Айрып алган атакем.

Долононун топ бутак,
Толгоп алган атакем,
Сарбагыштан солтону,
Коргоп алган атакем.

## ОРМОН

*(Кызынын кошогу)*

Соолук коюн сойгондо,
Субай коюн бөлгөндө,
Ормонду Бакең сайганда,
Анда Төрөкелди баатырың,
Төмөнкү Пишпек коргондо.

Саадактарын артынып,
Сарапчысын тартынып,
Саган кайдан аттанды,
Кан атамды жазданды.

Ок дарысын коюндап,
Көк чубарын моюндап,
Султанбегин жазданды.
Кабарлап Кашкар камалган,
Кан атакем арбагы,
Калмак журту таң калган.

Кызматын кыпчак окшоткон,
Кан атам өлдү дегенде,

Кылычын казак бошоткон,
Көрбөй душман багынган.

Кан атам көрүп кокондук,
Тартуу берип жагынган.
Ажалың жетти кыргыздан,
Бир Кылжырдын баласы,
Миң десе да тең тууган.

## ШАМЕН

Үчүкө менен Түлкүдөн,
Үлгүлүү туулган Түлкүдөн.
Үшү кеткен душманың,
Үйүндөгү мүлкүндөн.

Маматкулу, Дөөлөттөн,
Басташканын жөөлөткөн.
Башын сала келгенге,
Баашалык мүлкүн ээлеткен.

Болот менен Темирден,
Жардам тилеп теңирден,
Үшү кеткен кедейлер,
Сорпоңузга семирген.

## ТӨРӨГЕЛДИ

*(Аялынын кошогу)*

Бысмылда сөздөн баштайын,
Төрөмө баштабай кантип таштайын.
Төрөгелди ойронум,
Төгөрөктү соргонум.

Төрөм аялга такыр тойгон жок,
Төрөмдү азирейил койгон жок.
Сарбагыштан мени алдың,
Солтодон тандап муну алдың.

Солкулдап ыйлап кошпосо,
Союлдай кылып неге алдың?
Мамайдан тандап дагы алдың,
Баркымды билет деп алдың.

Барк билбеген шордууну,
Мал коротуп неге алдың?
Абдан сулуу деп алдың,
Алты ооз кошок билбесе,
Аргымак атты тартуулап,
Айбандай кылып неге алдың?

Саяктан тандап бирди алдың,
Сайраган булбул деп алдың.
Беш ооз кошок таппаса,
Бет тытарды неге алдың?

Бугудан тандап бирди алдың,
Бир ооз кошок билбесе,
Бул коротуп неге алдың?
Чириктен тандап дагы алдың,
Чевер ишмер деп алдың.
Чеверлиги билинбейт,
Бир тушкийиз илинбейт.

Өлүмүш болуп жатпагын,
Тамашага батпагын,
Тамагыңды коротпой,
Алды-алдынан тараткын.

Кыз алганың өтөтко,
Өлүгүңдү күтөт ко.
Өлгөнгө болбойт көп кейиш,
Ал жайдан берсин кең бейиш.

## ЖАНТАЙ

Жети суудан жем жеген,
Жетелүү Жантай эр деген.
Кошо Канай тең жеген,
Теңдеген баатыр Жантай кан деген.

Түпөктүү найза копшогон,
Түбүнөн бери окшогон.
Карагай найза копшогон,
Калкынан бери окшогон.

Алты уруктун даанасы,
Кан Жантай айтылуу
Карабек баатыр баласы!
Кан Жантайды биз айтсак,
Не жеринде чаласы.

Алакан жайса батасы,
Кан Карабек атасы,
Төмөнкүсү Коконго
Өкүм айтып жатчу экен.

Кан Жантайдын барында
Оруска элчи кирчү экен,
Ой акылды билчи экен.
Кан Жантайдын барында,
Калмакка элчи кирчи экен,
Былдыраган калмактын
Тилин жуда билчү экен.

Кан Жантайдын астында,
Минген аты боз экен,
Калмактын каны Коңтаажы,
Баатыр Коңтаажы менен,
Карабек экөө дос экен.

Каранын каны кан Жантай,
Бейишке ошо кирбейби.
Эмкилери билбесе,
Илгерки өлгөн билбейби.

Бектер беги тушунда,
Белсенип чыккан кан Жантай!
Кушубеги тушунда,
Кутура чыккан кан Жантай!
Аны да булар көрөлү,
Кан Жантай өзү зарелүү.

Кан Жантайды биз айтсак,
Абийирдүү ак жүздүү,
Кыяматта жолу ачык.
Ыйманы кеткен өзүнө,
Ырысы калган айлына.

Минген аты кер болгон,
Көтөргөнү туу болгон,
Тукуму четтен уу болгон.
Ак кыядан түн каткан,
Ак жолборсу үн каткан.

Ак кыянын астынан,
Ак жолборсун тосолук,
Ак жолборстой чамданып,
Ак шумкардай шаңданып,
Кан Жантай өлдү көчөлүк.

Кан болуп Жантай жүргөндө,
Тууганын тоодой көтөргөн,
Душманын кара койдой бөктөргөн!
Кечпей суу толкуткан,
Чаппай жоону коркуткан.

Кан Жантайдын эрдиги,
Сарбагыш, солто илгери,
Кан Жантайды сурасаң,
Селбеден сырга кыдырган,
Челекте кымыз кылдырган.

Сыңсыма көйнөк ак тамак,
Жолдо нике кыйдырган.
Кызыл куйрук нар бекен,
Кыргызда сиздей бар бекен?

Кара куйрук нар бекен,
Казакта сиздей бар бекен?
Кара макмал тердиги,
Казактан чыккан эрдиги.

Кызыл макмал тердиги,
Кыргыздан чыккан эрдиги.

Жантай кан жүргөндө,
Жа дегенде жатпаган,
Мылтыкты киши атпаган.

Жоо дегенде соңунан,
Ат үстүндө кийинген.
Сары жез менен кадаткан,
Уугунун учун учтаткан,
Ак үйүнү бордоткон,
Терени түргө түзөткөн,
Тушуна туйгун түлөткөн.

Бекке барса белгилүү,
Белен килем салынуу,
Бек айлына таанылуу.
Белгилүү Жантай айтылуу,
Бек астына олтурган,
Белбоон зарга толтурган.

Кан астына олтурган,
Калпагын зарга толтурган.
Казгалдак мойнун кайырган,
Кандан жемин айырган.
Безбелдек мойнун кайырган,
Бектен жемин айырган.

Карасакал чайкаган,
Кан Жантай сүйлөп бергенде,
Кандар башын чайкаган.
Ак ала сакал жайкаган,
Кан Жантай сүйлөп бергенде,
Астынан жыйын таркаган.

Кан Жантай өзү өлгөн соң,
Журтка айткан сөзү экен,
Көр алганда не берген,
Жабдык салып ат берген,

Азат кылып кат берген.
Ак болотун кынаган,
Шералы кан сынаган.

Сынаганда не деген,
Баракелде эр деген,
Коргонбек менен тең деген.

Карабек уулу кан Жантай,
Улуктар менен жанашкан,
Журт талабын талашкан.
Айтышып келген душманды,
Заманасын кууруган,
Элин доодон сууруган.

Кан Жантай сен өлгөн соң,
Ак топурак сен болдуң,
Адашкан элиң биз болдук.
Боз топурак сен болдуң,
Боздогон элиң биз болдук.
Карайган сенин күмбөзүң,
Каран калдык биз элиң.

## ТАЙЛАК БААТЫР

Майыстан, Терек жердеген,
Баатыр Тайлак эр деген.
Бала жолборс атанып,
Баңсат келип жеңбеген.

Туткуй, Терек жердеген,
Тургун Тайлак эр деген.
Туулгандан туу кандап,
Душманга намыс бербеген.
Аттанып чыктың жашыңан,
Ат өксүбөй кермеден.

Заяпа майдан талдайым,
Зардалдыгың айтайын,
Көлөкө майдан талдайым,
Көркөмдүгүң айтайын.

Кокондун колун колоттуң,
Коктуга тыгып солоттуң.

Ак талга тууну аштадың,
Арапты сайып таштадың.

Алты уруу саяк элинди,
Армандуу каран таштадың.
Казакты чаап олжо алдың,
Кашкарга барып кол салдың.

Карышкыр кууп түлкү алдың,
Казана толгон мүлк алдың.
Торду жайып куш алдың,
Тогуз жерден кыз алдың,
Ойнуң канып кыз менен,
Оймоктуудан уз алдың.

Карадан төрө чыкты деп,
Кармашкан жоосун жыкты деп,
Кашкардан кара туу келген,
Карышкырга уу берген.

Кайран Тайлак сен өңдүү,
Кыргызда баатыр болбогон.
Кытайдын жолун торгогон,
Какырдан алыш чаптырган,
Жериң калды туйгунум,
Капа болуп кайгырып,
Элиң калды туйгунум.

Асмандагы боз торгой,
Жагалмай учса жорголор,
Кол тийбеген биздин эл,
Кокондук келсе кор болор,
Кынама жорго минбеген,
Кызылды тандап кийбеген,
Кыздардын буту чор болор.

Суксур моюн сонолор,
Кыргыек учса корголор,
Кылдаттагы биздин эл,
Кытай келсе кор болор.

Чачылып суудай каныбыз,
Кылыч бир тийсе шорголор,
Омбудагы орустан,
Белекке канжар келгенде,
Ооматты кудай бергенде,
Отуздагы курагың,
Оогандын элин сурадың.

Сураганга жараша,
Көп жашабай тынарым,
Өттүң Тайлак кыраанымы.
Ууру тийсе урчу элең,
Уруудан чыккан курч элең.

Май кайнатып оозуна,
Коргошун чайкап куйчу элең.
Чоң атакем өлгөн соң,
Чоронун баары кор болор,
Чоң чокой Чомон баш болуп,
Чоюлуп Басыз чоң болор.
Кол тийбеген журтуңа,
Кокондук келип зор болор.

Кат салса канга Кашкардан,
Кара нарга бул келген,
Кадырлаш болгон тууганга,
Казактан алып кул берген,
Кан атам соога миничүү,
Кара буурул ат калды,
Атыңды кармап минүүгө,
Артында Осмон жаш калды.

Каргылуу найзаң бош калды,
Кармарга балаң жаш калды.
Калкыңа тийген керегиң,
Кайран Тайлак береним,
Кыркылды чынар терегиң,
Кыраан Тайлак береним!

Тогуз уулун томсортуп,
Жетим коюп сени алган,
Кудай таала чеберим.
Алты жашар Баракан,
Аман болсун белегиң.

## АЛЫМБЕК ДАТКА

*(Аялы Курманжан датканын кошогу)*

Аргымак жалын беш бөлүп, бегим,
Өргөнү келдим мен мында, бегим.
Алмадай сенин башыңды, бегим,
Көргөнү келдим, мен мында, бегим.

Тобурчак жалын беш бөлүп, бегим,
Өргөнү келдим мен мында, бегим.
Томуктай сенин башыңды, бегим,
Көргөнү келдим мен мында, бегим.

Эзиле тиктеп эсим оойт, бегим,
Эки бир тоонун аралын, бегим.
Эсилим сенден айрылып, бегим,
Элиңе кантип барамын, бегим.

Кара бир тоонун боорунан, бегим,
Карчыгаң болуп учсамчы, бегим.
Калпалардан бир жол сурап, бегим,
Кара бир жанды кыйсамбы, бегим.

Улуу бир тоонун боорунан, бегим,
Уларың болуп учсамбы, бегим,
Уламадан бир жол сурап, бегим,
Уучтай жанды кыйсамбы, бегим.

Каадалап айтсам эп келет, бегим,
Кара бир макмал эңкейди, бегим,
Кара бир кыргыз, казактан, бегим,
Катыны туубайт сендейди, бегим.

Кынаптап айтсам эп келет, бегим,
Кызыл бир макмал эңкейди, бегим,
Кыргыздар менен кыпчактан, бегим,
Кыздары туубайт сендейди, бегим.

Шуулдап издеп туурун, бегим,
Шумкарың учат конбостон, бегим,

Шуу үшкүрүп кары-жаш, бегим,
Бөлүндү сендей жолборстон, бегим.

Кара бир жамгыр аптапта, бегим,
Калпагың калды оңбостон, бегим,
Кадыр бир туткан кыргызың, бегим.

Кырмызы манат чепкенди, бегим,
Кыябын барктап ким киет, бегим?
Кыр-кырда жүргөн кыргызга, бегим,
Кыямат күндө ким күйөт, бегим?

## ДАТКАЙЫМ

*(Олуя Нурмолдонун жоктогону)*

Кулады тоодон ак кайың,
Кусадар калды сан айыл.
Кайрат болуп жүрбөстөн,
Кайгыртып кеттиң даткайым.

Шуудурабай ак кайың,
Шу бойдон калды ак чайың.
Шүйшүттүң далай калкыңы,
Шумкар болуп даткайым.

Орус, чүрчүт, башка айыл,
Оозанган сөзүн ар дайым.
Ооруксанттың бүт элди,
Олуябыз даткайым.

Оронгон асыл пашпайың,
Окшобойт сизге башка айым.
Оен болгон акылы,
Ордонун гүлү даткайым.

Бап келбейт сизге даттайым,
Башкача майес каттайым.
Баарисинин сараси,
Хансарайдын даткайым.

Анжыянда каттайым,
Ак сарайда таттиайым.
Асты бири чендебес,
Алымбектин даткайым.

Орошон дешкен шаттиайым,
Обуз бойлор маттиайым.
Ошолордон артыкча
Он ордонун даткайым.

Кокондогу катта айым,
Көксарайдын аттиайым.
Кейп-коомату өзгөчө,
Курманжан деген даткайым.

Сактаган чекти ар дайым,
Саадат огул дардайыл,
Бек төрөгөн балдарын,
Бек анасы даткайым.

Багып тууган баары айыл,
Бактылуудай сурайыл.
Хан төрөгөн балдарын,
Хан энеси даткайым.

## КУРМАНЖАН ДАТКА

*(Чебересинин кошогу)*

Чыгыштын болгон ардагы,
Чыккандай чолпон таңдагы.
Тегин сурап энемин,
Таңданган аалам кандары.

Батыштын болгон ардагы,
Балбылдап чолпон таңдагы.
Байманалуу анагам,
Баалаган бар жак кандары.

Теңирим сүйгөн балдары,
Түптүү элдин ардагы.

Түп атасын сураган,
Таңданып түндүк кандары.

Түштүктүн сүйүп кандары,
Түбөлүк билип памлади.
Таламдарын талашкан,
Тан берип бар жак кандары.

Анагам айла тапкычым,
Абийрин элдин жапкычым.
Анча калкты кырдырбай,
Аңданып берген оруска,
Анжияндын ачкычын.

Ойлогон элдин бактысын,
Ооматтын түзгөн сакчысын.
Орошон элин кырдырбай,
Чачына дайым байлаган,
Оштун берген ачкычын.

## КУРМАНЖАН ДАТКА

*(Келининин кошогу)*

Барар эдең көч баштап,
Башкаруудан сөз баштап.
Бек, бийлердин ичинде,
Байманалуу топ баштап.

Кашкар менен Үрүмчү,
Куралдарын сөзгө аштап.
Кокон, Анжы, Үргөнчтүн,
Датка энем,
Кылычынан эп баштап.

Өтөр элең геп баштап,
Өкүматтан эп баштап.
Коркокторго пеш болуп,
Кол кураштап топ баштап.

Калк башчысын ээрчитип,
Кайтпас кылып телчитип,

Датка энем,
Келер эдең көч баштап.

Көчүп барган жеринде,
Көк полот сандык кондурган,
Көк полот сандык үстүнө,
Көк дарай көрпө каптаган.

Дарай көрпө ичинде
Кеменгер балдар болсун деп,
Датка энем,
Көк шумкар кылып таптаган.

Артынып барган жеринде,
Акполот сандык кондурган.
Акполот сандык үстүнө,
Ак дарай көрпө каптаган.

Ак дарай көрпө ичинде,
Акылман балдар болсун деп,
Датка энем,
Ак шумкар кылып таптаган.

Көздөгөн душман билинсе,
Көк полот сандык ичинде,
Көкбараң мылтык алдырган.
Көкжал жигит шерлерге,
Көкө сырын кандырган.
Көмүскө келген тыңчыны,
Датка энем,
Көөгөнгө байлап талдырган.

Акмалаар душман билинсе,
Ак полот сандык ичинде,
Акбараң мылтык алдырган,
Акылман жигит шерлерге,
Анын сырын кандырган.
Акырын келген тыңчыны,
Датка энем,
Арканга байлап талдырган.

Белестен атын токуткан,
Беш убак намаз окуткан.
Береке тилеп элине,
Бекерчиден чочуткан.

Беймаал барып калат деп,
Сактаган мерез доочудан.
Кырандан атын токуткан,
Кыраатгап намаз окуткан.

Кырсыкты кууп элинен,
Кырс душманды чочуткан.
Кыйрыңы камап алат деп,
Датка энем,
Кыйратуу жолун окуткан.

## БАЙТИК

*(Найманбай ырчынын жоктогону)*

Тору чаар бээден,
Тоорулга минер ат туубас,
Толгон солто ичинде,
Толугум сиздей эр туубас.

Ордундагы Байсалың,
Ырасымды айтамын.
Ыракматулла улугуң,
Учуна кетти найзаңдын.

Анык баатыр шер элең,
Кайратың мол эр элең.
Айтамга солто элиңе,
Түгөнбөгөн кен элең.

## БАЙТИК

Темирлүү коргон калаанын,
Кулпусун бузуп алганы,
Бу кудаанын шер балбаны.

Бүбү, Батма жуптусу,
Төрт жарынын бирөөбү,
Пайгамбардын күйөөвү,
Аалы өткөн дүйнө ушул.

Жан бүткөндөн тири калбай,
Баары өткөн дүйнө ушул.
Бу дүйнөнүн сардалы,
Мухамбет өткөн дүйнө ушул.

Мухамбетке караган,
Көп үммөт өткөн дүйнө ушул.
Азирети Шиш өткөн,
Кудаа досту Муса өткөн.

Башта койкоң башта өткөн,
Орто койкоң орто өткөн.
Ормон сындуу кан өткөн,
Түлөберди кары өткөн,
Пир туткалуу нар өткөн,
Эшкожо, Канай эрте өткөн.

Айтамганын Байтиги,
Ак калпактуу кыргыздын,
Алтындай болгон түркүгү,
Ошол ажы атам өткөн дүйнө ушул.

Акылман эрдин даанасы,
Апардын жалгыз баласы,
Сулайман өткөн дүйнө ушул.

Баша бетегелүү Кой-Таштын,
Аягы Кызыл-Кыя, Сын-Таштын,
Кара жер жарык жылдыздын,
Казак менен кыргыздын,
Кара туусу жыгылды,
Кайран ажым өткөндө,
Кадимки Самарканга угулду.

Ошондо Кашкардын журту кайгырды,
Букардын журту муңайды.

Басып алган Багылды,
Жаш күнүндө карачы,
Сарттан Рахматилла чабылды.

Салкынына чыдабай,
Сарыкожо таланды.
Байгамбар өткөн багында,
Падыша өткөн тагында,
Ботодой мойнун ийилтип,
Болуштар салам кылчу эле,
Бу ажы атам тирүү чагында.

Байтиктин уулу Байсалбек,
Орун алган орустан,
Ак кандан урук чен кийип,
Жалыйна жеген болуштан.
Битирбордо падышадай,
Бирдигиң калды ажы атам.

Орунбордо бекзаттай,
Олутуң калды ажы атам.
Он жылдан тартып бактырган,
Багың калды ажы атам.

Айнектүү үйдө жактырган,
Шамың калды ажы атам.
Ай төгөрөк саз калды,
Асыранды каз калды.

Тигилип турган бак калды,
Ийилип турган шак калды.
Алтын ооз дарбаза,
Корооң калды ажы атам.

Алтын така, жез мыктуу,
Жоргоң калды токулбай,
Намазың калды окулбай.
Байрагың калды сайылуу,
Алты эшиктүү ак үйдө,
Кайран эр, асылың калды жайылуу.

Жай кийгениң кулпу эле,
Кыш кийгениң түлкү эле.
Отурган жериң карасак,
Ар качантан бир качан,
Шатыра-шатман күлкү эле.

Ал күлкүңүз тыйылды,
Кызматка чыкчу көп жигит,
Чын ырысы кыйылды.
Жазы ай тамга солтого
Ажы акем, ай деген тоодон чоң эле.

Акылыңды карасак,
Дарыя, чалкар көл эле.
Калкыңа кара шер болгон,
Кашаты бийик бел болгон.

Капилет ажал келди эле,
Кан атам, калкыңды таштап жөнөдүң.
Таң каламын өлгөнгө,
Он алтыга бөлгөнгө,
Тынай, солто биригип,
Сизди дуба кылып көмгөнгө.

Жайы кенен болсун деп,
Жүз кишиге каздырып,
Астына ташып келтирип,
Эки жүз чапан төрт түйө,
Көр казганга бердирип.
Жайыңды шунтип жайлаган,
Доораныңа келтирип,
Төрт аргымак байлаган.

## БАЙТИК

Бисмилла сөздүн баяны,
Казак менен кыргыздын,
Түшүнө кирген аяны.
Өтүп кеткен кан атам,
Азыркы журттун жаяны.

Бисмилласыз иш болбойт,
Тил сүйлөбөй иш болбойт,
Алладан буйрук келген соң,
Алып калар күч болбойт.

Инжил түштү Ийсага,
Табират түштү Мусага,
Козгобой кантип коесуң,
Сынган соң алтын босого.

Асмандан тийген айдайым,
Ак адырлуу сайдайым.
Айтышаарга киргенде,
Ак булбулдай сайраган,
Көктөн тийген айдайым,
Көк адырлуу сайдайым.
Көчүндө тууган элинде,
Көк булбулдай сайраган.

Күнтуу менен Канайга
Көгөргөн агын суу элең.

Адам уулу жеткисиз,
Аскар тоонун бели элең.
Кас санаган душманга,
Каптап кетчү сел элең.

Күнгөйдө гүлдөр баткан жок,
Арстандан кудай айткан жок.
Бул арстандын зарлыгы,
Дүнүйөнүн жарлыгы.

Өтүп кетти бул арстан,
Элүү эки жашында,
Бир кудайдын жарлыгы,
Жарлыгы жалган болбогон,
Жан бар бекен өлбөгөн.

Көлөкөлүү терегим,
Көңүлдүү журтка керегим.
Терегим сынды белинен,
Керегим кетти элинен.

Жапырактуу терегим,
Жалпы журтка керегим.
Терегим сынды белинен
Керегим кетти элинен.

Белестеги беш арча,
Бектин аты жайласын.
Белсенип айлын баштаган,
Береним туйгун кайдасың?

Адырдагы алты арча,
Аргымак атың жайласын.
Алкынып айлын баштаган,
Асылым туйгун кайдасың?

Аркар улап адырда,
Жүрчү элең белсенип.
Ар жерде жыйын, топ болсо,
Туручу элең теңселип.

Мерген улап белесте,
Жүрүчү элең белсенип,
Белгилүү жыйын ичинде,
Туручу элең теңселип.

Күрмөгө ченди тактырган,
Күрдөлүү элдин ичинен,
Сени губернатор жактырган.
Төбөгө ченди тактырган,
Төрт ата тууган ичинен,
Сени улук төрө жактырган.

Көк бараң аткан бармагың,
Көгөй таштай салмагың,
Сенин көрүнүп калды салмагың.
Ак бараң аткан бармагың,
Асыл таштай салмагың,
Айтылып калды арбагың.

Алты атаң сенин арыстан,
Ашкере чыккан далайдан.

Жети атаң сенин арыстан,
Жетекчи болгон далайдан.

Түптүү сенин түп атаң,
Тукумуң жолборс сурасам,
Бектер кетти бел ашып,
Белинде белбоо жарашып,
Бек уулундай кайран эр,
Элинен кетти адашып.

Кандар кетти кыр ашып,
Кадам белбоо жарашып.
Кан уулундай кайран эр,
Калкынан кетти адашып.

Самоору алтын жез эле,
Сайдан өрдөк учурган,
Сарала туйгун куш эле.
Көмүркөй алтын, жез эле,
Көлдөн өрдөк учурган,
Көкала туйгун куш эле.

Бул жалганчы дүйнөдө
Күлүктөн минген алаяк,
Күлбейиш барсаң ылайык.
Күмүштөн казык, жез мамы,
Байланбайбы бууданың,
Гүлбейиш издеп кеткенде,
Сагынбайбы тууганың?

Бул жалганчы дүйнөдө,
Аргымак миндиң алаяк.
Ал бейиш барсаң ылайык.
Алтындан казык, жез мамы,
Байланбайбы бууданың.
Ал бейиш издеп кеткенде,
Сагынбайбы балдарың?

Безбелдек деген берен куш,
Белге бир уя бүтөбү,
Бек уулундай кайран эр,
Белгисиз мындай өтөбү?

Карчыга деген кара куш,
Капталга уя бүтөбү?
Кан уулундай кайран эр,
Караансыз мындай өтөбү?

Аргымак аттын бутуна,
Алтындан така урганың.
Айтылуу элдин ичинде,
Айбатың тийип турганың.

Күлүк аттын бутуна,
Күмүштөн така урганың.
Күрдөөлүү тууган элиңе,
Күлпөтүң тийип турганың.

Аргымак аттын бутуна,
Алтындан така кактырган.
Азаптуу оору жолугуп,
Кайран эр насиретке бактырган.

Күлүк аттын бутуна,
Күмүштөн така кактырган,
Күйүттүү оору жолугуп,
Насиретке бактырган.

Белгилүү болсун бала деп,
Алла таала кудурет,
Мандайына мең берген.
Жейрен бир ичик сүлөөсүн,
Кудайым өзү сактасын,
Артында калган бүлөсүн.

Керине эле төшөгүң,
Кеңсалар эле эшигиң.
Керине төшөк жыйылды,
Кеңсалар эшик тыйылды.

Бачайы эле төшөгүң,
Базар эле эшигиң.
Бачайы төшөк жыйылды,
Базар эшик тыйылды.

Чоӊ Бөлтөктүн түбүнө,
Чоӊ дептериӊ жазылды,
Казанак үйүӊ казылды.
Арманда өткөн маркумдун,
Арбагы минтип басылды.

## ШАБДАН

*(Сагымбай Орозбековдун кошогу)*

Эч ким качып кутулбайт,
Эр Сулайман баргандан.
Эшитип журтум кулак сал,
Элети журттун баашасы,
Эр Шабдан көчтү жалгандан!

Барбай адам калабы,
Байгамбарлар баргандан.
Байкап журтум кулак сал,
Баары журттун атасы,
Баатыр көчтү жалгандан.

Түн киргендин жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан.
Түгөл кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан!

Караӊгынын жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан!
Күнөкөргө күн батты,
Күрдөөлдүү кылжыр көп журтун,
Күйгүзүп Шабдан эр жатты.

Богорстон, Койлон, Кылжырды,
Боздотуп Шабдан эр жатты.
Боз үйлүү журтка ай батты!
Салындыӊ богон чениңди,
Зарлантып каран таштадыӊ,
Сарбагыш, бугу элиңди!

Азирет кудай жар болуп,
Атретке баш болуп

Айдап жүрүп караттың
Анжиян менен Алайды,
Атайы каран таштадың,
Адигине, тагайды!

Ардактаган тулпарды,
Адырга чапса тер чыкпас,
Адигине, тагайдан,
Ак калпактуу кыргыздан,
Артылып сендей эр чыкпас!

Кынабы келген тулпарды,
Кыйнап минсе тер чыкпас,
Кылжырдын уулу мактанып,
Кыргызда сенден эр чыкпас!

Эчтеме билбес ырчылар,
Эл мактачу каадасы,
Эшитип уксаң көп журтум,
Эр Шабдан элдин саабасы.

Ондуусунбай кишиге,
Оорутпай көөнүн адамдын,
Олуя эле эр Шабдан,
Ойлосом ушу замандын,
Топ бузган күлүк мингизген,
Кокондон келген калпага.

Эсенгул тынай мас болду,
Эр Шабдан сенин аркаңа!
Баатыр Шабдан аркасы,
Балдары өскөн сөөлөткө,
Байгамбардай сабыры,
Мас болбоду дөөлөткө.

Карабек уулу кан болуп,
Чоро менен черикти,
Темирболот, черикчи,
Ошолордун баарысы,
Сизге берген эрикти!

Кайкалады сөөлөткө,
Касиеттүү бу баатыр,
Качан көптү дөөлөткө!
Кары келсе бата алган,
Казы, карта, жал берип,
Календер келсе чогулуп,
Кабагын ачкан мал берип.

Аксакал келсе бата алган,
Астына төгүп жал берип.
Адашкан келсе чогулуп,
Ажатын ачкан мал берип.

Акылың артык даана элең
Адашкан эрге маана элең!
Кеңешиң артык даана элең,
Кетиген эрге маана элең!

Жедигер менен мундуздан,
Жетимиш уруу кыргыздан,
Кутчу менен саруудан,
Курама журттун баарынан,
Саяк менен бугудан,
Зар ыйлады үч дубан.

Санаасынан чыгарбас,
Сан сарбагыш өз тууган.
Эсенгул менен Тынайдан,
Солтонун мыкты чоңдору,
Эшкожо менен Канайдан
Мөмөлүү жыгач бүгүлдү,
Мөмөлөрү төгүлдү,
Он төрт болуш сарбагыш,
Эми сизден түңүлдү!

Маргаланды майтарган,
Барган жоосун кайтарган,
Баатыр ажы бадыша,
Артык тууган Жантайдан!
Карабагыш, чоңбагыш,
Ак калпактуу кыргыздын,
Ортосунда сиз калыс!

Дөөлөс менен тейиттен,
Аттанып кетип дүйнөдөн
Калкыңды минтип кейиткен.
Сары толто бычактан,
Сандап жаткан кыпчактан,
Тору Айгыр күңгөй саягы,
Күйгөндө сизди табабы?

Баатыр ажы бадыша,
Өтүп кеттиң дүйнөдөн,
Казак, кыргыз тыягы,
Анжиян, Кокон, Наманган,
Быягы орчун чоң Ташкен,
Каратып берип аларды,
Падышадан алдың чен.

Обурагың озгон кылымдан,
Кабарың уккан Индистан,
Өтүп кеттиң бир туйгун,
Эми туударбы сиздей кыргыздан!

## ШАБДАН

*(Ысак Шайбековдун кошогу)*

Катка салган жамагым,
Каргылданба тамагым.
Кай моллалар окусаң.
Калыт койбой карагын.

Кагаз калам ысымын,
Калтырбагын сабагын.
Капа болсо баатырга,
Ачып бергин кабагын.

Мен айтайын билгеним,
Билбегеним бил дебе,
Билбеди деп тилдебе.
Жактырбасаң сөзүмдү,
Жазган молла ким дебе.

Ким десең да мейличи,
Жаман айтып үн дебе.
Баатыр Шабдан казалы,
Баштап сөзүн жазалы.

Байкап туруп сүйлөсөм,
Чыгар сөзү мазалы.
Офат болуп падыша,
Эли болду назалы.

Эптеп кыса чыгарып,
Эл кумарын жазалы.
Жетимиш үчтө көрдүлар,
Азалы тагдыр кыфаны.

Эли кайдан табады,
Баатыр сындуу тазаны.
Эрте өттү баатыр деп,
Эли күттү азаны.

Эстегенде ажыны,
Элдин көөнүн басалы.
Баатыр Шабдан сабазды,
Байкап катка жазалы.

Көбүрөөк кейип баатырга,
Кетирбейлик мазаны.
Он бешинде аттанган,
Ок атканда жазганган.
Оң жолго кылган иштери,
Оң жолуна башталган.

Кыргактуу найза колунда,
Кырк жигити оңунда.
Кыйыр болгон душманы,
Кылчайбаган соңунда.

Уккан адам таң калган,
Баатыр атам чоңуна.
Казак, кыргыз, оң мен сол,
Кирип турган колуна.

Кайрат кылган душманды,
Кыргын кылган жолуна.
Баатыр атам мархумай,
Кылчайбаган жолуна.

Казак, кыргыз, сарбагыш,
Баарысына сиз калыс.
Энди катын тубарбы,
Баатыр сынды бир дааныш.

Кытай менен кыргыздан,
Кырымга кетти сиздин даңк.
Кытай, орус тушунда,
Чыгалбас сиздей чебер жан.
Орустан орноп ар жагы,
Кабарын уккан алыстан.
Өтүп кетти бир туйгун,
Чыгар бекен кыргыздан.

Кыргыз менен казактан,
Кутулткан далай азаптан.
Болор бекен сиз өңдүү,
Казак, кыргыз тараптан.

Угалбадым сиздей чоң,
Азыркы гажым мерабдан.
Ахмадыкан ортобдо,
Кетмен-Төбө саяктан.

Кыргыз, казак, оң, солдон,
Ар ким чыккан ар жактан.
Аңдыган менен ажы ата,
Жеткен сизге каяктан.

Эр өлтүргөн сотунан,
Куткаргансыз набактан.
Жазган муну бир акын,
Чарчабайды жамактан.

Бугубайдын Чыныбай,
Чоң болуптур көл жактан.

Өз алынча зор чыгып,
Өткөн экен көп жактан.

Сиздей жоомарт болгон жок,
Бечараны көп баккан.
Алты дубан топ болсо,
Кыйыгы менен сөз тапкан.

Айткан жерде кутулган,
Алты жылдык ырыстан.
Асти сиздей чыгарбы,
Ушбу казак, кыргыздан.

Жоокерчилик убакты,
Шондо конгон чоң бакты.
Наманган менен Андижан,
Талкалаган Чарбакты.

Жанындагы жолдошу,
Айтып-айтып зар какты.
Алып берип аларды,
Падышага көп жакты.

Карагай найза колго алган,
Калмакты көздөй жол чалган.
Кан сыякты кан атам,
Калмактан барып олжо алган.

Канча сан кол качырса,
Кайрат менен кол салган.
Кырчылдаша келгенин,
Кыйшайбастан мол салган.

Кыргактуу найза колго алган,
Кытайды көздөй жол чалган.
Кызматы менен ажы атам,
Кытайдан барып олжо алган.

Анжиян менен Наманган,
Багындырып алган чын.
Анын төмөн жагында,
Үлкөн шахар чоң Ташкен.

Казак, кыргыз оңу, сол,
Баары болгон сизге жем.
Бирге жүргөн адамга
Бөлүп бердиң жемиңден.

Баяке ажы, Манапбай,
Үлкөн болгон демиңден.
Карагай чөбү калың деп,
Жер алгансыз Кеминден.

Шол убакта манаптар,
Жетебиз деп теминген.
Жетмек тургай ошолор
Күрөндүдө тебилген.

Эрегишкен душманы,
Кара мыктай себилген.
Жардам берсең карыпка,
Кыйын эле демилгең.

Олуя-Ата, Таласты,
Ойрондогон алашты.
Айткан сөзүн атамдын,
Кандай адам талашты.

Казак, кыргыз ар кимдин
Кайсы бири жанашты.
Жетебиз деп канчасы,
Жете албастан адашты.

Таластагы саруулар
Кызын берип жарашты.
Он төрт болуш сарбагыш
Бир атадан тарашты.

Илгерки эл бир башка
Асанкул менен кармашты.
Тамга салып алам деп,
Кер кулунду талашты.

Шер чыккан Асанкул,
Бизге кайдан жанашты.

Теӊ боломун дегенди
Жоодой кылып талашты.

Кушчу менен саруудан,
Курама журттун баарынан.
Баатыр атам падыша,
Башта кыдыр даарыган.

Башта казак, кыргыздар,
Коркуп жүргөн каарынан.
Көп мусулман кутулган,
Набактынын зарынан.

Ашып барган Көк-Артты,
Алсыраткан көп сартты.
Казак, кыргыз оӊ мен сол,
Таппайт атам жоомартты.

Аулие-Ата, Чымгентти,
Ойрон кылып кекетти.
Жоомарттык мен атакем,
Кожого берген зекетти.

Бактысы чоӊ ажы атам,
Жигити элди кекетти.
Шаригаттын жолу мен
Динге элди бекитти.

Адигине, тагайдан,
Артык чыккан далайдан.
Кайрат менен олжо алган,
Кашкар менен Алайдан.

Чоӊ чыгыптыр бактысы,
Эшкожо менен Канайдан.
Эч ким теӊдеш болбогон,
Эсенгул менен тынайдан.

Саруу менен кушчудан
Зар ыйлады үч дубан.
Санаасынан кетирбес
Өӊ сарбагыш – өз тууган.

Солто беги сарбагыш,
Бир-бирине тең тууган.
Болгон менен тең тууган,
Жеткирбеген сен буудан.

Анжыянда мундуз бар,
Нече уруу кыргыз бар.
Ошолордун баарынан
Баатыр атам бир чынар.

Сарбагыштын баарысы
Заманында дуулады.
Кабул болгон алардын
Окуп келген ураны.

Өтүп кетти ажы атам,
Казак, кыргыз бууданы.
Айтканымдын баарысы,
Сарбагыштын урааны.

Өтүп кетти мархумай,
Ошолордун кыраны.
Баары келди бакырып,
Ажы Шабдан кыраны.

Кыркына келди кырк болуш,
Оомийин кылды төрт болуш.
Баатыр Жантай балдары,
Сарбагыштын тынары.

Баатыр Шабдан мархумай,
Бийик чыккан чынары.
Алты дубан топ болсо,
Ак карасын сынаары.

Ак жеринен күйгүзбөй,
Караларын жыгары.
Казак, кыргыз оң солдун,
Кара кашка тынары.
Эби кеткен доо болсо,
Эбин таап кынары.

Басар бекен өз ордун,
Артында калган балдары.
Бир баласын бу кезде,
Орунсуз орус кармады.
Аман болсо атамдын
Жетер беле дарманы.
Жалгыз ушу болбосо,
Башка жоктур арманы.

Өтүп кетти атакем
Дүнүйанын жалганы.
Туусун жыгып кыргыздын,
Башка кудай салганы.

Мүрзө мечит салдырып,
Алыстан молдо алдырып,
Окутуп жатат балдарды
Шариатка кандырып.

Кейип калдык баатырга,
Күйүп өчтү жандырып.
Душмандашкан арамды,
Атакем акылынан тандырып.

Калак-Ашуу, Төр-Сууга,
Мечит салып бер дедиң.
Баатыр үлкөн ажы ата,
Казынадан жем жедиң.

Тууду кудай намыска,
Карашып жүргөн маз азга.
Кейибестен ким калган,
Баатыр атам сабазга.

Баатыр өттү кыйын иш.
Чоң Кеминдин талаасы,
Беш күн кылдың жыйылыш.
Даурасына ажынын,
Бир миң теңге жыйдыңыз.

Күбүрнадыр Алматы,
Күркүрөйдү савлетти.

Барданке менен мейитин,
Багып турду салдаты.

Ыйлап келди фирстоп,
Салдат келди нече топ.
Орус ыйлап кыргызга,
Баатырдан башка элде жок.

Кыргыз, орус аралаш,
Ыйлабаган бенде жок.
Өлгөндөгү кызматы,
Бу кыргызда ченде жок.

Ыйлап келди улуктар,
Карагайчы мужуктар.
Баары келди баатырга,
Узун-узун муруттар.

Өбөктөп ыйлап жатышты,
Асманга мылтык атышты.
Тоодон арча кыйдырып,
Усталарын жыйдырып,
Салып жатат күмбөзүн,
Шаригатка сыйдырып.

Ичин, тышын сырдады,
Салган уста жыргады.
Акча, малды көп алып,
Дүнүйөнү ыргады.

Чоро менен черикти,
Темирболот, черикчи,
Ошолордун баарысы,
Сизге берген эрикти.

Касымбек мен калфасы,
Чоро саяк калкасы.
Ошолордун баарына
Баатырдын тийген аркасы.

Касымаалы, Чокосу,
Эсенкулдан Токтосу.

Өтүп кетти эр Шабдан,
Дүйнөнүн жок офасы.

Шаркыратма, Он-Арча,
Ошолорго сиз марча.
Казак, кыргыз, оң, солго
Тоо көтөргөн сиз нарча.

Ажы менен Субанды,
Алматы, Бишкек дубанды.
Бирдей көргөн ажы атам,
Казак, кыргыз тууганды.

Садыр ажы, Көбөгөн,
Бири-бирин жөлөгөн.
Калган эмес көңүлү,
Баатыр Шабдан төрөдөн.

Канат ажы, Токтосун,
Кадырын билип жоктосун.
Алып келди бир кудай,
Казак, кыргыз ноктосун.

Кырк жигиттин Бектени,
Калганы сизге жетпеди.
Офаткече баатыр ай,
Башыңдан чоңдук кетпеди.

Курманкожо, Кулжыгач,
Көкүмбай, Курман сөзгө маш.
Баатыр ажы мархумай,
Мөмөлөгөн сыр жыгач.

Мөмөлүү жыгач бөгөлдү,
Мөмөлөрү күбүлдү.
Казак, кыргыз, оң мен сол,
Кантип сизден түңүлдү.

Казак, кыргыз топ болсо,
Ким чечеди түйүндү.
Баатыр Шабдан өттү деп,
Кандай душман сүйүндү.

Байзак ажы, карыя,
Көзүнөн жашы дарыя.
Шаригатдан тышкары,
Көп мактаса жарыя.

Түркмөн менен Мырзабек,
Кейиди баатыр турса деп,
Калыс эди баарыга,
Ойаз сыйаз курса деп.

Тов аркасы Андыжан,
Аты машгур Курманжан.
Ошолордун баарынан,
Артык баатыр кыргыз хан.

Жумгал, Кабак саяктан,
Жеткен жок эч ким аяктан.
Кудай артык кылган соң,
Жеткизет баатыр каяктан.

Анжыянда мундуз бар,
Нече уруу кыргыз бар.
Ошолордун баарына,
Тоо көтөргөн бийик бар.

Өтүп кеттиң ажы ата,
Канчабызды кылып зар.
Казак, кыргыз ичинен,
Сиздей баатыр кимде бар?

Казы менен Эсенкул,
Эптеп айткан сөзүм бул.
Энди катын туармы,
Баатыр сынды бир уулду.

Мамырбай менен Теңизди,
Жылкыдан берген семизди.
Баатыр Шабдан мархумай,
Баарына элди жегизди.

Тезекбай менен Коомандьы,
Аркаң мен сүргөн дооранды.

Касташам деген душмандын
Кайсы бири соо калды.

Кенембай эли Семиз-Бел,
Баары жогу уруу эл.
Ошолордун баарына,
Баатыр ажы бийик бел.

Тескейде бар Баатыркан,
Терип айттым канча жан.
Казак, кыргыз, оң, солдон,
Чыккан жок сиздей эч бир жан.

Майда билек, чоң билек,
Баатыр ажы бир терек.
Аман жүрсө мархумай,
Баарыбызга тең керек.

Көл башында Баатыркан,
Көрбөй айттым канча жан.
Көкүрөктө бугудан,
Чыккан жок сиздей эч бир жан.

Торкен менен Кең-Суудан,
Кыдыр баатыр тең тууган.
Болгон менен тең тууган,
Жеткирбеген сен буудан.

Күрмөнтү эки топ эли,
Шулардын баарын сурады.
Офатын угуп канчасы,
Жаны ачып кейиди.

Алты дубан топ болсо,
Тапчы эди жайыны.
Алып келип берчи эди,
Жылкы менен коюну.

Саяктардын Садыры,
Бир болуш билген кадыры.
Байда көргөн баатырдан,
Ошолордун чабыры.

Кара буурул Ак-Суудан,
Кадыры артык жакшыдан.
Казак, кыргыз, оң, солго,
Баатыр Шабдан жалгыз кан.

Торуайгыр эли Бектени,
Түптү сизге жетпеди.
Жетимиш үчкө жеткенче,
Башыңдан чоңдук кетпеди.

Эр Далбайдын Султаны,
Бир болуштун сырттаны.
Бир миң бүтүп атагы,
Бир жылда эки кыркканы.

Султан менен Далаке,
Телтайдай мыкты чыкканы.
Көргөн жерде баатырдын,
Баары сизге ыктады.

Бактыра өлгөн ажы атам,
Сөзүн эч ким жыкпады.
Арбагы чоң баатыр ай,
Сиздей эч ким чыкпады.

Каршылашкан душманды,
Тизеге салып ныктады.
Жетимиш үчкө келгенче,
Сөзүн эч ким жыкпады.

Мамыталы, Дүрүңүз,
Баарын баатыр сүрөгөн.
Аш берем деп атама,
Акча малын үрөгөн.

Төрт болушта Бөлөкбай,
Бөлүп берген кунан-тай.
Заманында баатырдын,
Ар бир иши болгон шай.

Чал ажы мен Өтөгөн
Өкүмүңдү көтөргөн.

Казак, кыргыз баарысы
Бийлигин сизге өткөргөн.

Сулайман, Айдабосунду,
Акылы бар жосунду.
Бирдей көргөн баатыр ай,
Душман менен досунду.

Асыл менен сарбагыш,
Баарысына сиз калыс.
Жетпей калдык баатырга,
Көз көргөскө кетти алыс.

Үрүстөмбек мен Ырысбек,
Байлыгы ашкан Өзүбек.
Кабыл кылган ошолор,
Баатыр Шабдан сөзү деп.

Изат кылган баарысы,
Талашкан жок сизден кеп.
Ачуулансаң аларга,
Сөз айталбай турган тек.

Сарымсак мен Сагынай,
Зарлап баары сагынды.
Канча жандын баарысы
Кадырыңа багынды.

Алла тагла кудурет,
Артык кылган багынды.
Эч бир душман бет болуп
Сындырган жок шагынды.

Кара-Балта, Ак-Суудан,
Кадыры чоң сиз буудан.
Солто, бугу, сарбагыш,
Бири-бирине тең тууган.
Болгон менен тең тууган
Аларды сизден кем тууган.

Өтүп кетти эр Шабдан,
Дүнүйенин жалганы.

Казак, кыргыз каны эди,
Калсын дедим бир нуска.
Дуба кылсын ошолор,
Баатыр ажы даанышка.

## АБДЫЛЛАБЕК

*(Аялынын кошогу)*

Мен айткан кептен шашпайын,
Абдыллабектен баштайын.
Кара көлгө барганда,
Суранчы датка Алыбек,
Бостонкул Бото бек,
Дубана датка Тойчу бек,
Ичкиликке баш болуп,
Кайтып калган эмеспи.

Кеткендердин баарысы,
Тилла калкан баш болуп,
Кайтып калган эмеспи.
Оувганга барганда,
Касал болдум башым деп,
Оң жак чеке кашым деп.

Амир Шабдан Алибек,
Элчи келген эмеспи,
Атаң туйгун, жан бегим,
Тынчи келген эмеспи.

Баш кошподуң чүрчүткө,
Семиз атка кош артып,
Барып калдың Бүркүткө.
Бадахшанга барганда.

Кай жердеки адам деп,
Кандай пенде тууган деп,
Кара сакал тажиктин,
Сөзү тийген эмеспи.
Атаң туйгун, жанбегим.
Көзү тийген эмеспи.

Минген атың чарчады,
Миң каралду кошунуң,
Асты-астынан таркады.
Атаң туйгун, жанбегим,
Кайрылып казат кылбадың.

Жанбегимдин барында,
Ичкен ашым карында.
Алтайлык бойго болгондо,
Ак төшүмө ай тууган,
Аттанып базар барганда,
Самаварчы чай сунган.

Балдарымын ичинде,
Бетке тутса тунугум,
Периштеси улугум.
Кылдан болду кыягың,
Кыздан болду туягың.
Жорго минсең жолдо жүр,
Атаң туйгун, жанбегим,
Кыз ботоңду колдой жүр.

## БАЙГАШКА

*(Балбай баласы Байгашканы жоктогону)*

Кечээки өткөн Байгашкам ботом,
Кара бир бакмал бөрк эле, ботом.
Карарып күйгөн өрт эле, ботом,
Кызыл бир бакмал бөрк эле, ботом,
Кызарып күйгөн өрт эле, ботом.

Байгашка кетти дунканга кол курап, ботом,
Атасы кетип баратат, ботом,
Аа дүйнөдөн жол сурап, ботом.
Кунандан чыккан кер кашка, ботом,
Мени кууратып кетти, Байгашка, ботом.

Жылкыдан чыккан кер кашка, ботом,
Кейитип кетти Байгашка, ботом.
Алманын кагы бир башка, ботом,
Адамдын гүлү Байгашкам, ботом.

Жийденин кагы бир башка ай, ботом,
Жигиттин гүлү Байгашкам, ботом.

Кара бир куйрук нар элем, ботом,
Камалуу бугу элиме, ботом,
Калаалуу коргон жар элем, ботом.
Кызыл бир куйрук нар элем, ботом,
Кынас бугу элиме, ботом,
Кынала коргон жар элем, ботом.

Ак теңгеден бул элем, ботом,
Айтпай бир бугу менде эле, ботом.
Көк теңгеде бул элем, ботом,
Көмкөрө бугу менде эле, ботом.
Ак теңгеден бул калды,
Айтпай бир бугу эл калды.

## ЧОКО

*(Кызынын кошогу)*

Төрө ата!
Жакшы болдуң жалганга,
Жардамың тийген чандаңга,
Жанаша чыктың Шабданга.
Бадыша болдуң жалганга.
Байдаң тийген чанданга,
Баш кошуп жүрдүң Шабданга.

Акылдын кени адаттан,
Абылды Кабыл өлтүрүп,
Өлүм кылган санаттан.
Аптиектен маани өткөн,
Олуя менен сааба өткөн,
Байгамбарлар баары өткөн.

Төрө атам,
Падышалар баары өткөн.
Сиздей нече чоң өткөн,
Ааламдын баарын окуган,
Апилетун молдо өткөн.

Сиздей нече мурза өткөн,
Азирет Ыйса да өткөн.
Улукман аким кары өткөн,
Он эки кылым баары өткөн.

Бадыша болуп так минген,
Байгамбар болуп калк билген,
Дөөттүн уулу Сулайман,
Тагдыры жетип кудайдан,
О дүйнөгө салгандыр,
Ойлоп турсам дүнүйө,
Опасы жок жалгандыр.

Атаке деп ыйламак,
Ошолордон калгандыр.
Айдап жүрүп журт жеген,
Баки боюн курт жеген,
Аты Айып байгамбар,
А да өткөн дүйнөдөн.

Төрө атам,
Калас болгон дүйнөдөн.
Улукман атам башта өткөн,
Арак ичип мас да өткөн,
Ыбырайым, Ысмайыл,
Ошол экөө жаш өткөн.

Барасаттуу акылман,
Мартабаң ашкан калкыңдан,
Сырттаны элең адамдын,
Чыныгы сөөгүң алтындан.

Чыныбай, Шабдан көргөндө,
Төрө атам,
Сыпаалыгың жактырган.
Акырет кеткен төрө атам,
Арбагың айтып чакырсам,
Акыры күнөө болбоспу,
Айтпай кантип коеюн,
Асылым атам жолборсту.

Акыры түбү мынабу,
Эсенгулдан тараган,
Ниязбектин манабы,
Тынымсейит моңолдор,
Чоро менен саягы,
Ажы менен Субаны,
Эки черик бу дагы.

Улуу атамдын тушунда,
Өөрчүп турган заманы.
Азыркы журттан башкача,
Ар шаймановы жарагы.

Асылышкан душманы,
Алы жетпей жадады.
Жамы Эсенгул журтуна,
Тийген эмес залалы.

Даражаң артык көп журттан,
Жете албай жүргөн көп душман.
Таалайыңа жараша,
Тукумуң кызыл өрт чыккан.

Ташкенттен келген улуктан,
Жалгыз кирип кеп уккан.
Улуктар сөзүн сизге айтып,
Андан кийин эл уккан.

Тентек менен ууруну,
Журт ичинен бүткүздү.
Тору аргымак кайкы жал,
Мингениңе жарашкан,
Жалпы Эсенгул көп журтуң,
Бийлигиңе жарашкан.

Кылган иши сенче жок,
Көлдөгү бугу, саяктан.
Күнөкөрдү суранып,
Көп чыгарган набактан.

Карчыгадан куш кармап,
Салганыңа жарашкан.

Казактан барып кыз тандап,
Алганыңа жарашкан.

Быржыбалда сыязда,
Бийлediң барып бу жактан.
Анжыянда топ болсо,
Акылын сизден сураган.

Бадыша менен байдалаш,
Башкадан барып бул алган.
Эсенгулдун баары манап,
Уруудан чыккан ар манап,
Ушулардын ичинде,
Улукка кирдиң аралап.

Улутуңдун тушунда,
Уулуңду дубан паралап,
Кадырың өткөн казакка,
Кылган ишиң башкача,
Кызыл болот курч элең,
Кыя тартып куш чапса,
Көл дубанын бийлediң,
Көрүнөө чыгып жаш чакта.

Кадырың өткөн далайга,
Казак, солто, тынайга,
Маалым болдуң буларга,
Моңолдор, тынымсейитке,
Чоро, саяк, черикке,
Ажы менен Субанга,
Арбагың артык сиздики,
Алыскы душман угарга.

Тунукелүү ак үйүң,
Кош терезе там үйүң,
Ичин кызыл сырдаткан,
Тышын аппак бордоткон,
Үйөздөр келсе кирсин деп,
Ондотуп койгон баар үйүн.

Ырыскулбек, Шатенди,
Ырастап күттүң асемди.
Эсенгул түгөл бийлediң,
Атасы башка жат элди.

## ЫСАГААЛЫ

*(Ортончу аялынын кошогу)*

Кара чаар жолборсум,
Кайберен сенин жолдошуң.
Кармап алып жан кыйган,
Ой, Ысагалы тынарым оо,
Кайрыдин эле капыр оңбосун.

Кызыл чаар жолборсум,
Кырк чилтен сенин жолдошуң.
Кылыч менен жан кыйган,
Ой, Сагалы тынарым оо,
Кайрыдин эле капыр оңбосун.

Ак ирим чөлдү жакалап,
Ак боз атың такалап,
Алматыда топ болсо,
Ой, Сагалы тынарым оо,
Баруучу элең чалкалап.

Көк ирим чөлдү жакалап,
Көк бууданың такалап,
Көк майданда топ болсо,
Ой, Сагалы тынарым оо,
Баруучу элең чалкалап.

Кашкарга аткан ок эле,
Кашатта жолборс жатат деп,
Ой, Сагалы тынарым оо,
Калкыңдын пейли ток эле.

Бээжинге аткан ок эле,
Белесте жолборс жатат деп,
Ой, Сагалы тынарым оо,
Элиңдин пейли ток эле.

Арык менен бекке,
Алтындан коргон чеп элең.
Айтыша келген душманга,
Ой, Сагалы, тынарым оо,
Аркырап аккан сел элең.

Күңгөй менен тескейге,
Күмүштөн коргон чеп элең.
Күнүлөшкөн душманга,
Ой, Сагалы, тынарым оо,
Күркүрөп аккан сел элең.

## ЫСАГААЛЫ

*(Аялы Маркатайдын кошогу)*

Бисмилла сөздүн башы экен,
Ак пайгамбар мустапа,
Бир алданын досу экен.
Өтүп кетти падышам,
Опосуз жалган ушу экен.

Адам бир өтпөй калабы,
Он сегиз миң ааламдан,
Бадышам, адамдан артык жаралган.
Кара бир кылды как жарган,
Калыс элең бадышам.

Калыстык сизден кеткен жок,
Бергениңде колко жок.
Сизге март мактанып жеткен жок.
Бадышам төрөм кеменгер,
Кеменгерден айрылып,
Каран калды сиздин эл.

Бадышам, аргымактын чаарындай,
Азган менен тозгонго,
Алматынын шаарындай.
Айласы кеткен тууганга,
Бадышам, Наменгендин шаарындай.

Бадышам көзү өткөн соң,
Наманган шаары жыйылар,
Сандаган калкың тыйылар.
Бадышам, байда кылган бакырга,
Айдыңың тийген жакырга.

Садага берген мискинге,
Бадышамдын барында,
Адам тийбейт тизгинге.
Кашкарга бардың кан үчүн,
Калыйпа Султан пир үчүн.

Капырга салдат бербейм деп,
Калаасын чаптың дин үчүн.
Бээжинге бардың бек үчүн,
Калыйпа урум пир үчүн.

Оруска салдат бербейм деп,
Жарагың чаптың дин үчүн.
Айзасын алып эр да өткөн,
Дин талашып капырдан,
Азирет, Аалы шер өткөн.
Пайгамбарга барабар,
Бадышам шейит дүйнөдөн.

Кылычын алып эр өткөн,
Дин талашып капырдан,
Мукамбет, Аалы шер да өткөн.
Байгамбарга чамалаш,
Шейит өттүң дүйнөдөн.

Байыркы Манас сен болдуң,
Басылбас жомок мен болдум.
Эрикпес жомок болгонум,
Артында өлбөй калганым,
Курусунчу жалганың.

Бозумуң таштан түлкү алган,
Боз үйүң борум жасалган.
Көл бугунун баарысы,
Бадышам сизден үлгү алган.

Боз үйүң көрүп бошоюн,
Акырет кеткен төрөмдүн,
Борумун айтып кошоюн.
Сарайың көрүп кошоюн,
Салтанаттуу төрөмдүн,
Санатын айтып кошоюн.

Жолго сарай салдырган,
Сарайы кооз болсун деп,
Тунуке айнек алдырган.
Бадышамдын ар борумун көргөндө,
Бөлкөвнүк төрө жактырган.

Бадышам, тууганга туйгун салдырган,
Туйгунунун тууруна,
Күмүштөн жагоо чаптырган.
Көл боорунда бугудан,
Бадышамды калаада үйөз жактырган.

Он арча элин сураган,
Учаскөбай төрө айткан,
Бадышамды бобуске менен чакырткан.
Бобускеси борумдуу,
Бадышамдын улукка жаккан жоругу.

Нарындагы төрөгө,
Айкалышып сөз айткан.
Жандыралы үйөзгө,
Бадышам, тартынбастан кеп айткан.

Төлөнбай эле тилмечи,
Кеңештеш эле үйөзүң,
Сизди кеңеш сөзгө алганда,
Артындагы көп элиң,
Билүүчү эле тийбесин.

Сиз улукка киргенде,
Көчөгө бугу толчу эле,
Баатыр айтсын сөзүн деп,
Сагалап карап турчу эле.

Баатыр айтсын кебин деп,
Кудайым шер жараткан өзүн деп.
Айнектей тунук сөзүң деп,
Капырдан тыкыр иш келсе.

Бугулардын жакшысы,
Бетине кармап барчу эле.

Сенин улукка жаккан сөзүң деп,
Улукка айткан сөзүңдү,
Ойлонсо бугу табалбайт,
Ойронум баатыр өзүңдү.

Үйөз менен айтышып,
Дин мусулман баласын,
Салдатка кантип берем деп,
Бербей чыктың тайышып.

Сиз өңдөнгөн шерлерди,
Кайгырса таппайт дубаның.
Бадышам бурак бир атын токуткан,
Өлсөм бир шейит болом деп,
Салабатты окуткан.

Чүйдүн башы Чоң Кемин,
Өмүрүм өтүп кеткиче,
Түгөнбөс менин бул кебим.
Шашпай жүрүп ит орус,
Жакшыдан алды көп кегин.

Жакшыдан кегин албаса,
Канат ажы, Дүр гана,
Черикчиден кармады,
Канаттардай асылды.
Анын да катын-балдары,
Бизге окшоп ыйлап куурады.

Сарбагыштан өлтүрдү,
Касымаалы, Калпаны,
Бу капыр какшатпады канчаны.
Борукчудан кармады,
Тезекбай менен Коománды.

Бу капырдын сотунан,
Кайсы бир кыргыз соо калды.
Капырга казат аттанмак,
Пайгамбардан калган иш,
Жеке эле чунак биз эмес,
Бу капырдын тушунда,
Дубандын баары көргөн иш.

Опасыз дүйнө жалган деп,
Бадышам, чалыярдан калган деп,
Карабадың жалганга,
Кеп айтпадың калганга.
Асылдан керез сөз укпай,
Калкыңыз калды арманда.

## ЧЫНЫБАЙ

*(Кызынын кошогу)*

Кан атам, адырда жатат көп кийик,
Ак бараң жетпей бөлүнбөйт.
Алты сан журтуң баш кошсо,
Аңтара добул байланып,
Айнектей көзү жалтылдап,
Асылым атам көрүнбөйт.

Күдүрдө жатат көп кийик,
Көк бараң жетпей бөлүнбөйт.
Күлдү журтуң баш кошсо,
Күмүштөй көзүң жалтылдап,
Көмкөрө добул байланып,
Күлүстөн атам көрүнбөйт.

Адырдан аркар чурады,
Андыган мерген тоспойбу,
Койчу, кокуй эжеке,
Ак сарай үйдөн чуу чыгат,
Асыл атам өлгөн бейм.

Күдүрдөн аркар чурады,
Көздөгөн мерген тоспойбу,
Койчу, кокуй эжеке,
Көк сарай үйдөн чуу чыгат,
Көк сарай үйдөн чуу чыкса,
Күлүстөн атам өлгөн бейм.

Ай чалбас кызыл белестен,
Ак жолборс качты тосолук,

Койчу-койчу эжеке,
Ак жолборстой чамынып,
Акшумкардай кагынып,
Кан атам а дүйнө кетти кошолук.

Ай чалбас кызыл белестен,
Көк жолборс качты тосолук.
Койчу-койчу эжеке,
Көк жолборстой чамынып,
Көк шумкардай кагынып,
Кан атам кыямат кетти кошолук.

Алтын така боз атка
Жабдыктап туруп тартайын,
Койчу-койчу эжеке,
А дүйнө кеткен атамды,
Айланып кошуп айтайын.

Ак күрөөкө sооттой,
Оодарылып шаркылдап,
Ордолуу журттан ажырап,
Кан атам а дүйнө кетти жаркылдап.

Аңыз кылып алмакка,
Аваз кылып көрмөккө,
Кан атам Алайдан коен издеткен,
Койчу-койчу эжеке,
Акимдиги тутканда,
Акжар кенде сыязда,
Жантайдын уулу Шабданды,
Кан атам ак буурадай тиздеткен.

Келеринде эр Шабдан,
Кер жорго минип калкылдап,
Кемер кур белде жаркылдап.
Кетеринде эр Шабдан,
Кер байтал минип салпылдап,
Кепичи бутта шалпылдап,
Шабдандын айнектей көзү жалтылдап.

Кыргыздан чыккан бууданым,
Кан атам буудангa чалыш тууганым,

Койчу-койчу эжеке,
Ким көтөрбөйт өлүмдү,
Жараткан алда кылганын,
Карасы кетпей каламдын,
Кайран атам өлбөй кал,
Калдары элең адамдын.

Сыясы кетпей каламдын,
Койчу-койчу эжеке,
Сыпайы адам өлбөй кал,
Сырттаны элең адамдын.

Асмандан алып жем жеген,
Ала моюн туйгунум.
Койчу-койчу эжеке,
Капаста туруп сайраган,
Кара жаак булбулум.

Эки шайлоо бир келсе,
Жатар элең кан атам.
Койчу-койчу эжеке,
Эрикпестен көп малды,
Чачар эле кан атам.
Эл жыйылып баруучу,
Базар элең кан атам.

Үй тиреген сыр найза,
Добул тээп сындырды.
Тийген добул кудайдан,
Койчу-койчу эжеке,
Тиктеп ажал келгенде,
Ким калыптыр мындайдан.

Жантайдын Шабдан дегени,
Сарбагыштын төрөсү,
Байтик, Байсал дегени,
Алманын бышкан мөмөсү.

Койчу-койчу эжеке,
Тынаалынын Чолпонкул,
Айбалканын чегеси.

Он эки болуш бугудан,
Ойлончу бир кан атам теги өзү.

Эр Эсенкул эр өткөн,
Эр Жанкарач дагы өткөн.
Артынан калбай Эшкожо,
Канай деген дагы өткөн.

Чоң Ормон канга ким жеткен,
Үч миң сексен жашаган,
Улукман аким кары өткөн.
Темир калаа коргондун,
Кулпун жулуп алганы.

Кудаанын шери балбаны,
Төрт чалыяр бирөөбү,
Пайгамбардын күйөөбү,
Аалыны алган дүйнө ушул.

Кан атам күлүгүнө жем берген,
Койчу-койчу эжеке,
Күңгөйгө тийген ким экен?
Кан атама күбүрнатор чен берген.

Кан атам аргымакка жем берген,
Койчу-койчу эжеке,
Аргымакка жем бербей,
Агытып койгон ким экен,
Кан атама ак падыша чен берген.

## ЧЫНЫБАЙ

*(Байбичесинин кошогу)*

Бал челекте курт калды,
Баки жогу журт калды.
Айдама кырчын тал калды,
Айран менен бал калды.

Терегиң менен тал калды,
Челегиң менен бал калды.

Куланың менен сан калды,
Туйгунуң менен каз калды.

Ирбиттен алдың коёнду,
Издесе бугу табалбайт,
Эми сиздей оенду.
Кашкардан алып бактырдың,
Кара кашка коенду,
Кайдан табат көп бугу,
Бадышам сиздей оенду.

Ак бадыша жиберген,
Алтындуу боо чен калды.
Ала электен не калды?
Апторой саяк эл калды,
Бадышам, артында бейбак мен калды.

Күбүрнатур жиберген,
Күмүштүү боо чен калды.
Күрдөөлүү бугу эл калды,
Күйүтүң тартып мен калды.

Аккуунун башы тараша,
Асылым Чыныбай өлдү бадыша.
Эми Чыныбай өлсө кантейин,
Артынан Жоламан болор бадыша.

Кара черүү кас болгон,
Бадышам көзү өткөн соң,
Паанайы журттан бас болгон.
Балакетти баштаган,
Жогорку кызыл кыя сагасы,
Бадышам көзү өткөн соң,
Кандыбы экен үч урук иттин табасы.

Ашыктан атың калаалап,
Бадышам Ысык-Көлдү кылаалап,
Өрдөктү коюп казды аттың,
Өчүгүшкөн душманың,
Кайратың менен бастаттың.

Сарбагыштан калталап,
Жечү элең жемиңди.
Көп бугуну калкалап,
Жатуучу элең арстаным,
Ак үйүндө чалкалап.

Айланайын аргымак,
Ак кагаз тумар тактырган.
Ак абайы жаптырган.
Куйрукка үкү тактырган,
Кулпулуу үйгө бактырган.

Арпа жемиң илейин,
Асылдыгың билейин.
Төрөмдүн артын жөлөгөн,
Насия кылган миң теңге,
Чыгып келип төлөгөн.

Арпа аттын жеми экен,
Аргымак чыгып келгени,
Асылымдын деми экен.

## ЧЫНЫБАЙ

*(Кичи аялы Айчолпондун кошогу)*

Байыркы заман айынан,
Бадыша журттун айынан,
Бала төрө Чыныбай,
Суурулуп чыккан табынан.

Он экиде туурулуп,
Омбуга бардың оролуп,
Ак канга барып чоң болуп,
Ага ишиң оң болуп.

Туурга кондуң чоң болуп,
Тууганыңа оң болуп.
Атилет такта тонуңа,
Адам жетпей жолуңа.

Кинегең алып колуңа,
Киши жетпей жолуңа.
Шумкарды бактың уялап,
Душмандан тыкыс сөз келсе,
Сүрүүчү элең кыялап.

Тулпарды бактың түлөтүп,
Душмандын кунун үрөтүп.
Кызыл ооз Балтабай,
Кунан кылып сүйрөтүп.

Укпаганын уктуруп,
Уландарга жыктырып,
Баткакка басып балкыттың,
Балтабай минтип жалкыттың.

Ороз молдо, Талыптар,
Оңбой калган Маликтер,
Кайым сөзүң жат алып,
Карап туруп ат алып,
Астыңдан өтпөй кулдуктап,
Аркаңдан калбай куйруктап,
Бадышам эмне десең буйруктап.

Өзүңдүн көзүң өткөн соң,
Кулунчак жүргөн нас болуп,
Сарыбай жүргөн мас болуп.
Кызыл ооз Балтабай,
Колтукташып кас болуп.

Астыдан арбак бар болсо,
Үстүдөн кудай жар болсо,
Балдарыңдан жол кетпес,
Бу жоругун койбосо,
Акыретке барганда,
Бадышам, жакасынан кол кетпес.

Улууну бактың агалап,
Сизди уруулу журтуң сагалап.
Кичүүнү бактың инилеп,
Кишинин баары күнүлөп.

Бакачынын баарысы,
Малын ташып үйөлөп,
Сарбагыш, саяк жакшысы,
Туруучу эле күйөөлөп.

Бадышам, келишимдүү өзүңдү,
Келиштирип ким айтат,
Кебиң менен сөзүңдү.
Жараат алды өзүңдү,
Жараштырып ким айтат,
Жакшыга барган сөзүңдү.

Кара көчтөн бөркүңдү,
Кандай айтсам эп келет,
Кара бойдо көркүңдү.
Туугандын турат жүрөгү,
Душманга өткөн билеги.

Канды душман табасы,
Кайран журттун абасы.
Жигитти бактың кастарлап,
Сарбагыш, саяк манабы,
Туруучу эле жезделеп.

Алтын соккон аягың,
Айтпасын кантип саягың.
Күмүштөн соккон аягың,
Күйбөсүн кантип саягың.

Аргымак берип мени алдың,
Нарындагы саяктан,
Азабым тартсын деп алдың,
Армандуу кылып неге алдың?

Күлүктү берип мени алдың,
Күңгөйдөгү саяктан,
Күйүтүм тартсын деп алдың,
Күйгүзө туруп неге алдың?

Эжекемден бир туяк,
Мен карабет Айчолпон,

Асылкандай кыз чунак.
Орустан келген он ийне,
Саптасам кыяк болобу?
Өзүндөн калган жалгыз кыз,
Сактасам туяк болобу?

Адырга чыгат тармал чөп,
Асылдан мерсент көрбөгөн,
Айчолпон менде арман көп.
Белеске чыгат тармал чөп.

Беренден мерсент көрбөгөн,
Мен бейбакта арман көп.
Камчыңа калай жүргүздүң,
Карагың мерсент жогунан,
Айчолпонду күйгүздүң.

Бадышам, акырет кеттиң келгиң жок,
Дүнүйө ай, ак сарай калды белгиң жок.
Бадышам, күлүстөн кеттиң келгиң жок,
Дүнүйө ай, көп малың калды белгиң жок.

Кылдан болду кыягым,
Кыздан болду туягым.
Бадышам, артыңды кудай оңдосун,
Өлбөй адам калабы,
Ыйманың болсун жолдошуң.

## БААТЫРКАН

*(Аялынын кошогу)*

Ой Баатыркан, оенум,
Ала башта коргонум.
Ала көз каба журтунду,
Айдап жүрүп соргонум.

Ак тайлакка жүк түштү,
Алды каткан мен байкуш,
Жүк бурчуна бүктүштү.

Боз тайлакка жүк түштү,
Боз кементай кийген күн,
Босогого бүктүштү.

Жарга ойногон ак тайлак,
Жаш алганың мен бейбак.
Кырга ойногон ак тайлак,
Кыз алганың мен бейбак.

Бермет төктү терейин,
Берéним айтып берейин.
Шуру төктү терейин,
Султаным айтып берейин.

Кыдыктан тандап аны алдың,
Кылыгыңа жаккан жок,
Кыяматтык жарына,
Кырк ооз кошок айткан жок.

Белектен тандап алганың,
Бейилиңе жаккан жок,
Арыктан тандап аны алдың,
Ак суу Турпан жагынан,
Төрт катынды дагы алдың,
Айланып карап баккан жок,
Алты айланып баккан жок.

Башайы манат кийинген,
Беш ооз жамак айткан жок.
Бетин тытып зыркырап,
Кара чачын жайган жок.

Эжелердин төргө жетип төшөгү,
Өлгөнчө калбай өсөгү.
Асылым төрөм өткөндө,
Күңү ыйласын кечеги.

Мунажат кылам кудайга,
Муңканып турам бул жайда.
Буудандай болсом арыбас,
Буурчак жашым кылайса.

Жүккө жапсак жашылды,
Чачысы жерге басылды.
Кечээги жүргөн баатырым,
Топурак жүзүн жашырды.

Ак шумкар салса озоду,
Ашкере сөзүм айталбай,
Акылым жаман бошоду.
Көрүнө күлүк озоду,
Көк шумкар белден тозоду,
Көрүнөө сөзүм айталбай,
Көңүлүм жаман бошоду.

Зарланып ыйлайм кудайга,
Зыркырап турам бу жайда,
Не кошподу башынан,
Өзүм теңдүү жубайга.

## БАЛБАК

*(Атасынын жоктогону)*

Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга чолпонум.
Ботодой кылып боздотуп,
Акырет кеттиң султаным.

Адамдан башка тунугум,
Ашкере тулпар дулдулум.
Алтымыштан ашканда,
Атаңа салдың азапты,
Асылым менин кулунум.

Кайгыңды тартып карганда,
Тулку боюм тунугум,
Тул казанат кулунум,
Турбай жатып курудум.

Чырпыгың алтын чынарым,
Чыныгы шуңкар тынарым.
Чын дүйнө кеттиң арманда,
Кулунум, Балбак чынарым!

## БАЛБАК

Бала болуш атанган,
Падышадан кат алган.
Закон окуп орустан,
Көкүрөккө жат алган.

Өлөт деген ойдо жок,
Тапанча, мылтык бойдо жок.
Орус мылтык барданке,
Бул дүнүйө курусун,
Жалган экен арденке.

Ушул Бишкек дубандан,
Жактырчы белең Балбакты.
Жаш күнүндө жайладың,
Акыры жетер убалы.

Тар көзөнөк кереге,
Керегеңдин баш сайын,
Сыр көпүйө кинеге.
Энди Балбак өлбөсө,
Кыйкырбайт беле Байтерек.

Байтеректин калың малы дүң болду,
Кайгы салып тим болду.
Балбактын курчтугу албарстай,
Кызыл чаар жолборстой.

Баатыр Шамен суланды,
Малың жеди туланды.
Илгертен бери алышман,
Мал жагынан даанышман.

Түрлүү-түрлүү албарлар,
Жүккө жыйган чыгдандар,
Балбактан калың пул калды,
Катындары тул калды.

Куттук Сейит балдары,
Баарын бир боор дейт экен,

Өлүмгө башы шейит кан,
Кудайдын урган эли экен.

Байтелинин балдары,
Борошонун салдары.
Ичинде жүрүп өлтүрткөн,
Малабектин салбары.

Кер жорго минип жол жүрдүң,
Керимсалдей эр Балбак,
Кериле жатып жай болду.
Сур жорго минип жол жүрдүң,
Сурайылдай эр Балбак
Сурнай тарттың жол жүрдүң.

Сурнай сынып ай болду,
Сурайылдай эр Балбак,
Кең Кочкорго жай болду.
Сурнай оозу бакылдайт,
Сымбатын көргөн какылдайт.

Керней оозу бапылдайт,
Келбетин көргөн какылдайт.
Кара жорго күлүгүң,
Жерге тиет куйругу,
Казактан келет деп жүрсөм,
Туугандан беле буйругу.

Кызыл жорго күлүгүң,
Жерге тиет куйругу.
Кытайдан келет деп жүрсөм,
Туугандан беле буйругу.

Безбелдек мойнун бүктөгөн,
Бек сүйлөсө шүк деген.
Казкалдак мойнун бүктөгөн,
Кан сүйлөсө шүк деген.

Кандын жемин жеп жүрдүм,
Кан алдына көп жүрдүм.
Бектин жемин жеп жүрдүм,
Бек алдына көп жүрдүм.

Чоюнбаш тийди чекеге,
Чоюлуп кетти Мекеге.
Айбалта тийди чекеге,
Асыл тууган Балбагым,
Айгене кетти Мекеге.

Муратаалы, Самсалы,
Сыр билгизбей даң салды,
Изин куугa жазгырды,
Кумга өлүк аштырды.
Өтөнбай тилер бетиңди,
Баякең алар өтүңдү.
Ботокан жарар бооруңду.

Сарала саз Каракол,
Жайлачу белең кайран эр.
Кападан элдер көп келсе,
Жазгы чыккан торгойдой,
Сайрачу белең кайран эр.
Кочкордун башы тармал саз,
Күздөөчү белең кайран эр.

Капырдан улук көп болсо,
Жүздөөчү белең кайран эр.
Өзүңдөн чыккан букараң,
Чоюбекке баш болду.

Самоордо чайың кайнады,
Мис табагың жайнады,
Балбакты кудай жайлады.
Алты киши байлады,
Бутуна кишен шайлады.
Капыр орус чүрчүтүң,
Шиберди көздөй айдады.

Үч Каракол, кең Соң-Көл,
Кемеге казган турбайбы,
Айдадың сыркөбүлгө Табышты,
Айдоодон Өтөнбай, Табыш келгиче,
Асылым Багыш жабышты.

## БАЛБАК

*(Аялынын кошогу)*

Отко койгон карала ат,
Ойронум Балбак ала жат.
Жылкы ичинде карала ат,
Жыргалым бирге ала жат.

Мамыдагы карала ат,
Базарым Балбак ала жат.
Тескейдеги карагай,
Теңтушум Балбак ала жат.

Күңгөйдүн башы ала кар,
Күйөөрүм Балбак ала бар.
Тескейдин башы ала кар,
Теңтушум Балбак ала бар.

Жасатты алтын балдакты,
Жашында күттүң арбакты.
Зарлантып таштап кеттиңби,
Жаш алганың бейбакты.
Айтпай кантип коеюн,
Жаш ойронум Балбакты.

## БАЛБАК

*(Аялы менен чоң атасынын кошогу)*

А я л ы:

Самооруң алтын жыш эле,
Сан кишиге баш эле.
Сайдан өрдөк учурбас,
Жаш төрөм, сарала туйгун куш эле.

Сандыгың алтын жыш эле,
Санаасы жаман көп душман,
Самаганың ушу эле.
Көмүркөй алтын жыш эле,

Көлдөн өрдөк учурбас,
Жаш төрөм көкала туйгун куш эле.

Көңүлү жаман көп душман,
Көөмп жаның тындыбы?
Тилегениң ушу эле,
Жыргалчылык туш эле.
Атаке колуңда туйгун куш эле,
Колуна туйгун турбаган,
Чоң атаң кандай киши эле?

Чоң атасы:
Карчыга куш тынарым,
Кайран Балбак тулпарым.
Тушума байлап туйлабай,
Чоң аталап ыйлабай,
Арбагым минтип сыйлабай,
Жанымды жаман кыстаттың,
Карыганда атаңды,
Жаш ботом деп сыздаттың.

А я л ы:
Тулу экен карысы,
Тулпар экен баласы.
Асыл экен задысы,
Арстан экен атаке,
Өткөндөрдүн баарысы.

Алгандын түбүн казам деп,
Асылым аттанып чыккан үйүнөн.
Бул издетип жиберип,
Атакең айрылган чолпон уулунан.

Жаш төрөм жаш экенден тиледиң,
Жаныңа өлүм шейитти,
Өз өмүрүң тилебей,
Күн мурунтан жасадың,
Чоң атаңа бейитти.

Аныңды эгем кош көрбөй,
Атаңа салган бейитке,

Өзүңдү коюп киргизип,
Арканда бизди кейиттиң.

Салдырдың чоң атаңа сарайды,
Аныңды эгем кош көрбөй,
Атаңа салган сарайга,
Өзүңдү коюп киргизип,
Аркаңдагы калгандын,
Эки көзү алайды.
Кылганыңдын баарысы,
Тири адамдан бөлөкчө
Жаш төрөм, бу кылганың жарайбы?

Жасаттың алтын балдакты,
Жаш төрөм,
Жашыңда берген арбакты.
Өз өмүрүң тилебей,
Күн мурунтан жасаттың,
Чоң атаңа чарбакты.

Аныңды эгем кош көрбөй,
Атаңа салган чарбакка,
Өзүңдү коюп киргизип,
Катыгүн, артыңда бейбак зар какты.

Айтпай кантип коемун,
Арманда өткөн Балбакты.
Сен да кылдың барышты,
Салдың далай жерге арышты.

Сен аттанып чыкканда,
Чечeнсиген душманың,
Сүйлөбөй жаагы карышты,
Акыл ойлоп багышты.

Намысташкан жерине,
Аябастан салышты.
Айдаттың сиркеүлгө,
Өтөмбай менен Табышты.

Айдоодон Табыш келгиче,
Катыгүн, асылым Балбак жабышты.
Айтпасак бизге жазана,
Жаш төрөм, аркы атаӊ элге казына.

Дебесек бизге жазана,
Жаш төрөм, жети атаӊ журтка казына.
Түп атаӊ элге кан болгон,
Дүнүйөӊ журтка даӊ болгон.
Алганыӊ бейбак маӊ болгон.

Ойронунан айрылып,
Оймоктой бети кан болгон.
Эркек түгүл кызы жок,
Жаш төрөм, энеден чунак жан болгон.

Илгеркинин баары өткөн,
Омор, Осмон жар өткөн.
Арбагы сизге жар болсун,
Акырет жайга барганда,
Сүннөтү сизде бар болсун.

Бээден тууган кер өткөн,
Найзасын кармап эр өткөн.
Азирет Аалы шер өткөн.
Арбагы сизге жар болсун,
Акырет жайга барганда,
Сүннөтү сизде бар болсун.

Арканда калган кара бет,
Айтып какшап кар болсун.
Атка салдыӊ балдакты,
Жалдыраттыӊ жайнаттыӊ,
Жаш төрөм, жаш алганыӊ ардакты.

Артында бейбак зар какты,
Айтпай кантип коемун,
Арманда өткөн Балбакты.
Ишинди салдыӊ жарлыкка,
Агайын анча кылат деп,
Ойлободуӊ тарлыкка.

Асылды жыйдың сандыкка,
Акыл айла табылбайт,
Алладан болгон жарлыкка.
Анча шейит болбосо,
Жаш төрөм, олтурдуң эле кандыкка.

Усталардан ат алган,
Молдолордон кат алган,
Карылардан бата алган,
Жыйырма бир жашында,
Болуш Балбак атанган.

Музду бастың чалкалап,
Атаңыздан, бабаңыз,
Букарды алган талкалап.
Келүүчү эле душманың,
Муңканып башын калкалап.

Алтын самоор, жез чайнек,
Чай оозундан кеткен жок.
Атаңыздан бабаңыз,
Ой оозунан кеткен жок,
Баркыңа кыргыз жеткен жок.

Күмүш самоор, жез чайнек,
Чай оозуңдан кеткен жок,
Күлдү атаңдан бабаңыз,
Ой оозунан кеткен жок,
Жаш төрөм, мунуңа кыргыз жеткен жок.

Он сегиз миң ааламдын,
Ортосунда башаасы,
Дөөт уулу Сулайман,
Мунун жеткен казасы.

Так Сулайман байгамбар,
Дөө пери сураган.
Кырк жыл качып өлүмдөн,
Койбосун өлүм билген соң,
Өлүмгө шолор ынаган.

Өтүп кеттиң кайраным,
Эрегишкен сөз менен,
Жатып калдың кайраным,
Эки чарчы бөз менен.

Кер жоргоң жүрүп тай болду,
Кер маралдай Балбагым,
Кең Кочкорго жай болду.
Сур жоргоң жүрүп тай болду,
Сурайылдай Балбагым,
Кең Кочкорго жай болду.

Үйүң толгон мис табак,
Чачылды баары шагырап,
Арканда калган бейбактын,
Эки көзү жалдырап.

Атыңа алтындан така мык урдуң,
Асылым Балбак кайран эр,
Кеттиң акырет көздөй нык урдуң.
Атыңа күмүштөн така мык урдуң,
Күлүстөн Балбак кайран эр,
Кеттиң кыямат көздөй нык урдуң.

Кызыл тоонун олпасы,
Анда ойнойт кулжасы.
Кыз алганың карабет,
Калдым алда кимдин олжосу.

Кара тоонун улчасы,
Кашында ойнойт кулжасы.
Кыз алганың кара бет,
Калдым, алда кимдин олжосу.

## ЖАНЕК БААТЫР

*( Аялы Эркегандын кошогу)*

Иле менен Таластай,
Эрдигиңди карасам,
Эртеги өткөн Манастай.

Башында кундуз тебетей,
Манастын уулу Семетей,
А дагы сизге жар болсун.

Аңтара тердик көпчүктөй,
Эрдигинди карасам,
Элеман байдын Төштүктөй.
Накер өтүк өкчөдөй,
Бадышам Айдаркандын Көкчөдөй.

Эки дүйнө тең эмес,
Бадышам эр Манастан кем эмес.
Актай кызыл томуктун,
Абылай төрө сыяктуум.

Айткан менен келеби,
Алган кудай береби?
Бетим канга жуулду,
Белим кындай буулду.

Бадышам өлдү дегенде,
Казак менен кыргызга,
Кан өлдү деп угулду.
Базардан алган алтын так,
Өңгө жалган өлүм ак.
Асылым Жанек өтүптүр,
Артында калган акыл тап.

Калаадан акча бөз келет,
Кожодон мисал сөз келет.
Акырет кеткен бадышам,
Кай убакта кез келет?

Таң атардын керимсел,
Тамшандырдың өлүм сен,
Күн чыгардын керимсел,
Күңгүрөттүң өлүм сен.

Дүнүйө, эсимден кетпейт күйүтүң.
Арчадан кылган бейитиң,
Падышам алдыратты күйүтүң.

Алтындан эшик дарбазаң,
Айды көздөй даткабат,
Айыл үстүнө жоо келсе,
Аттана коюп ким чабат?

Күмүш эшик дарбазаң,
Күндү көздөй даткабат,
Үй үстүнө жоо келсе,
Кете коюп ким чабат?

Төрт түлүгүң тең эле,
Бадышам, эминең журттан кем эле?
Күңгөй менен тескейге,
Бадышам калаалуу коргон чеп эле.

Шумкар элең чебиң жок,
Бадышам тула бойдо кемиң жок.
Мен карабет Эркеган,
Далай элге кеп болор,
Өзүңүздөн жаш калган,
Бараканыңа эп болор.

Байбиче калды сарайда,
Балдарың өсөр далайга.
Уланбоз күлүк мингенден,
Урушка мурун киргенден,
Ага, ини тууганың
Уятын жаап башкарган.

Мен карабет Эркеган,
Бадышам урматын көрбөй жаш калган.
Жылжытып жорго мингенден,
Жыйынга мурун киргенден,
Ага, ини тууганың,
Сыпайысын башкарган,
Мен карабет Эркеган,
Жыргалын көрбөй жаш калган.

Суусар бөрк кийдиң чекеңе,
Сумбатың барсын Мекеге,
Бешенең барсын бейишке,
Мен карабет Эркеган,
Бейбакты салдың кейишке!

## БОШКОЙ

*(Солто элинин манабы)*

Таӊ, таӊ атты таӊ атты,
Таӊ чолпону теӊ атты.
Бейкабар адам көп жатты,
Бейкабар адам ойгонду,
Бечара апам ыйлатты.

Таӊ келеди атканы,
Ылажы барбы жатканы.
Тоошу жакшы молдолор,
Турду азан айтканы.

Бизден мурун илгери,
Өткөндөрдү айтайын.
Мустайып менен пайгамбар,
Кеткендерди айтайын.

Байгамбардын баары өттү,
Бир алланын чериси.
Азирет Аалы дагы өттү,
Эчен түрлүү жан өттү.

Өтпөсө жана кайран эл,
Өкүмү болсо кудайдан,
Кимди коет кара жер,
Так Сулайман пайгамбар,
Так үстүнөн сулаган.

Он сегиз миӊ ааламды,
Бирин койбой сураган.
Ажалы жетип кудайдан,
Келгенинде сулаган.

Доодон уулу Сулайман,
Буйрук болсо кудайдан,
Ким калат дейсиӊ мындайдан.
Төрт жардыӊ да бирөбү,
Байгамбардын күйөөсү,
Аалы өткөн дүйнөдөн!

Жан бүткөндөн тирүү калбай,
Баары өткөн дүйнөдөн.
Улукмандай кары өткөн,
Уламанын баары өткөн.

Өзү берип өзү алган,
Өлүмдү кудай жол салган.
Кеткен адам келеби,
Кейиген менен береби.

Өлгөн адам тирилип,
Бу жалганды көрөбү.
Салам дува сөзүм көп,
Сагынган менен өзүң жок.

Т ү ш т ө:
К ы з ы: Түшкү бир табыш болдубу,
Аргымак көзү толдубу.
Аргымак жалсыз, эр малсыз,
Кудайдын күнү болжолсуз.

Болжолсуз кеткен атакем,
Келет бир деген бир арсыз.
Ак эркеч эле койдо жок,
Ат чабыш тургай тойдо жок.

Айтамын деген ойдо жок.
Ойдо жокту ким билет,
Ойрон кылды кудурет.
Санаада жокту ким билет,
Зар какшатты кудурет.

А я л ы: Куркулдап учкан куу келет,
Кур өзөн менен суу келет.
Жаш мырзам көзү өткөн соң,
Куруган үйгө ким келет.

Каркылдап учуп каз келет.
Кара өзөн менен суу келет.
Жаш мырзам көзү өткөн соң,
Карангүн үйгө ким келет.

Жаш мырзам жайы белгилүү,
Жоргодон башка минбеген.
Мен бейбак торкодон башка кийбеген.
Жаш мырзамдын барында,
Арманым айтсам андан көп,
Мен бейбак
Толгонуп бала сүйбөгөн.

Жаш мырзам жайы белгилүү,
Күлүктөн башка минбеген.
Жаш мырзамдын барында,
Мен бейбак,
Күлгүндөн башка кийбеген.
Арманым айтсам андан көп,
Күлдүрүп бала сүйбөгөн.

Кыйбатым төрөм өткөн соң,
Кызыл чапан бейкасам,
Кыя салып бөктөрөм,
Кыйбатым төрөм өткөн соң,
Кыйноого түшүп күн көрөм.

Кара чапан бейкасам,
Кайра салып бөктөрөм,
Кайраным төрөм өткөн соң,
Кайгы менен өткөзөм,
Канткенде жүрүп күн көрөм.

Тандап ичтиң күрүчтү,
Жасаган салды бул ишти.
Жасаган кылса чарам жок,
Жакшыдан калган балам жок.

Кудай кылса чара жок,
Курдаштан калган бала жок.
Айланайын кудайым,
Кудайым берсе убайым
Кандай айла кылайын.

Башыңа кызыл гүлдөйүн,
Он эки ыйман кырк чилтен.

Бейишти көздөй жүр дейин.
Тайлактын тал-тал жүнү бар,
Булбулдун мукам үнү бар,
Кудайым ракмат бенденин
Алданын дидарын көрөр жөнү бар.

К е ч и н д е:
К ы з ы: Кечки табыш болуптур,
Ичке капа толуптур.
Артында калган жаш чүрпөң,
Кабыктай болуп соолуптур.

Кашкардан барып алдырган,
Кара кашка коенду,
Кайгырган менен табылбайт,
Кан атамдай оенду.

Букардан барып алдырган,
Буурул кашка коенду
Муңканган менен табылбайт,
Кан атамдай оенду.

Ак кагаз алып кат жазган,
Кан атам көзү өткөн соң,
Ак жамбысын дат баскан.
Кан атам өлүп калганда,
Эки дубан баш кошуп,
Жыртыш бөлүп алганда,
Жыртышына бергени,
Миң сөлкөбай кырк жылкы.

Баатыр Бошкой чоң атам,
Түгөнбөгөн көп мүлкү.
Кан атам Олуя-Ата үйөзү,
Кан атамдын үйөзгө жаккан мүнөзү.

Өлөт деген ойдо жок,
Ойдо жокту ким билет,
Ойрон кылды кудурет.
Санаада жокту ким билет,
Зар какшатты кудурет.

Биз да көндүк өлгөнгө,
Зым темирдей бөлгөнгө.
Акылым айран болуп таң,
Көзү кыйып көмгөнгө.

Абадан турна айланса,
Жердеги күрткү сел болор,
Кан атам деп ыйласам,
Көзүмдүн жашы көл болор.
Айланайын жараткан,
Кементай кылган манаттан.
Акылың озгон санаттан.

## ОСМОН БОЛУШ

*(Көл башындагы тагай уруусунан, аялынын кошогу)*

Алтындан кылган тумагым,
Атакем кошкон ынагым.
Кат жибердим келсин деп,
Кат жиберсем айтыптыр,
Кайрылгыс жолго кеттим деп,
Азабым тартып турсун деп.

Күмүштөн кылган тумагым,
Кудайым кошкон ынагым.
Кат жиберсем айтыптыр,
Келгис жолго кеттим деп,
Кейип жүрүп өлсүн деп.

Кер жорго минип жол жүрүп,
Кер жорго буту сынды бейм,
Кер марал сындуу мырзамды
Алып жаны тынды бейм.

Сур жорго буту сынды бейм,
Сур марал сындуу мырзамды,
Сууруп жанын тынды бейм.
Жардын башын суу алып,

Жалгызымды сен алып,
Жасаган жаның тынды бейм.

Таңда мазар күнүндө,
Он сегиздин биринде,
Кудайым кошкон динимде.
Минген атың бурагын,
А дүйне жайга барганда,
Көз ачык өткөн гүл мырзам,
Бул жерде барың сурадым.

Минген атың тор гана,
Жаныңа жыйдың боз бала,
Боз баланын ичинде,
Өмүрүң болду аз гана.

Ак кагазга кат жазам,
Калам учум жез болгон,
Ажырашар кез болгон.
Алты тутам бул чачым,
Аркама тартып өрчү элем,
Алганым бала мырзамды,
Адамдан артык көрчү элем.

Жети тутам бул чачым,
Желкеме ченеп өрчү элем,
Асылым мырза баланы,
Адамдан артык көрчү элем.

Ак кайың белең сыйда өскөн,
Ак терек белең майда өскөн.
Көк кайың белең сайда өскөн,
Көк терек белең майда өскөн.

Ак коргошун огундан,
Ар убак айтам жогундан.
Көк коргошун огундан,
Көп убак айтам жогундан.

Безбелдек деген берен куш,
Белге уя салган жок,

Көз ачык өткөн мырзамдан,
Белгилүү туяк калган жок.

Казгалдак деген кара куш,
Капталга уя салган жок,
Көз ачык кеткен мырзамдан,
Көрүнө туяк калган жок.

Күмүш жаак капканың,
Күйүп кетти тапканың.
Алтын жаак капканың,
Айта кетти тапканың.

Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл мырзам.
Жаш алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл мырзам.

Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл мырзам,
Кыз алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл мырзам.

Тобулгу саптуу камчы алган,
Ашып өтүп келет деп,
Айланайын жаш мырзам,
Ашыгып өзү жол чалган.

Кайыш камчы колго алган,
Капталдап ашып келет деп,
Кызыл гүлдөй жаш мырзам,
Капыстан барып жол чалган.

Айбандан бүкчүр күлүк жок,
Ар жерде сиздей өлүк жок.
Белде бүкчүр күлүк жок,
Бендеде сиздей өлүк жок.

Бечара болуп бейпайда,
Безилдесем келгиң жок.
Тескейдеги гүлбактын,

Ыргалганы курусун,
Гүл мырзам сенден ажырап,
Жыргаганым курусун.

Күңгөйдөгү гүлбактын,
Ыргалганы курусун.
Гүл мырзам сенден ажырап,
Жыргаганым курусун.

Жээрендер ашпас кыядан,
Жеткилең тууган уядан,
Аргымак ашпас кыядан,
Ашык тууган уядан.

Карадан кылган шаңдуу бөрк,
Күбөгүндөй гүл мырзам.
Жети ага-ини адамдын,
Төрөсүндөй гүл мырзам.

Кызылдан кылган кептүү бөрк,
Күбөсүндөй гүл мырзам.
Алты ага-ини адамдын,
Төрөсүндөй гүл мырзам.

Безбелдек мойнун кайырган,
Бектен жемин айырган.
Казгалдак мойнун кайырган,
Кандан жемин айырган.

Зындандын башы кар бекен,
Сызып учкан чар бекен,
Гүл мырзалап зарлаган,
Калкында мендей бар бекен.

Кайыңдын башы кар бекен,
Кайкайып учкан куш бекен.
Кара кийип туу тарткан,
Калкында мендей бар бекен.

Атакем койгон кара чач,
Алдыма тарта жайдырдым.

Сол колумда беш тырмак,
Бетиме тепчий сайдырдым.

Энекем койгон кара чач,
Ээгиме тарта жайдырдым,
Оң колумда беш тырмак,
Бетиме тепчий сайдырдым.

Тасманы салдым белиме,
Гүл мырзам сенден айрылып,
Машкүлдө болдум элиме.
Аңырдуу көлдө сен жүрсөң,
Аргымак минип жетермин,
Аңырдуу көлдө жок болсоң,
Азабың тартып өлөрмүн.

Булуттуу көлдө сен жүрсөң,
Бууданды минип жетермин.
Булуттуу көлдө болбосоң,
Муңканып жүрүп өтөрмүн.

Кыямат барсаң кындан бар,
Кыл көпүрө зындан бар,
Кайрылып келсең бейиш бар.
Нурдун кызы Шербет бар,
Шербетинен сылап өт,
Алты жашар баладай,
Ар күнү ойноп дуулап өт.

Бейиштин беш эшиги дарбаза,
Бир эшиги каргаша,
Каргашадан качып өт.
Бейиштин беш эшиги ачылсын,
Ал шекер менен бул шекер,
Гүл мырзам оозунду көздөй чачылсын.

## ОСМОН БОЛУШ

*(Кызынын кошогу)*

Кадырлап бардың дайныңды,
Карартып кеттиң айлыңды.
Кадырлаган кайның жок,
Кайда кеткен дайның жок.

Урматтап бардың кайныңды,
Уктатып койдуң айлыңды.
Урматтаган кайның жок,
Кайның турсун Осокем,
Кайда кеткен дайның жок.

Ак кыянын алдында,
Атың калды Осоке,
Ак кагазга бастырган,
Катың калды Осоке.

Көк кыянын алдында,
Атың калды Осоке.
Көк кагазга бастырган,
Катың калды Осоке.

Ак кагазга бастырган,
Нуруң калды Осоке.
Көк кайыңдан чаптырган,
Ээриң калды Осоке.

Ак дөбө чыгып айланган,
Ак жалдын үйрүн байлаган,
Ак жалдын үйрүн тараттың,
Айлыбыз бөлөк болгон соң,
Катчы молдо кайсы деп,
Кимдин көзүн караттың.

Алты атаң салган казына,
Айтпасак бизге жазана.
Жети атаң салган казына,
Дебесек бизге жазана.

Күмүш кулак кызыл ат,
Күндү көздөй созулат.
Күмүш тондой бүктөлгөн,
Осокем кайдан табылат.

Алтын кулак кызыл ат,
Айды көздөй созулат.
Алтын тондой бүктөлгөн,
Осокем кайдан табылат.

Ак бешмантың жакалап,
Ак боз атың такалап.
Алматыда топ болсо,
Баруучу элең чалкалап.

Көк бешмантың жакалап,
Көк боз атың такалап,
Көтмалдыда топ болсо,
Баруучу элең чалкалап.

Катты чийип кат жазган,
Тетири чийген кат экен,
Ажал жетип күн бүтсө,
Өлүм деген бат экен.

Көк айрым көлдүн тунугу,
Көп жигиттин сыныгы.
Ак айрым көлдүн тунугу,
Ар жигиттин сыныгы.

Кылычын кырга жөлөгөн,
Кылыгын кырк жигитке теңеген.
Саадагын сайга жөлөгөн,
Санаасын сан жигитке теңеген.

Безбелдек мойнун бүктөгөн,
Бек сүйлөсө шүк деген.
Казгалдак мойнун бүктөгөн,
Кан сүйлөсө шүк деген.

Текелүү тоонун алдында,
Телкүрөң жайдак турбайбы.

Термелерге бала жок,
Апабыз бойдок турбайбы.

Аңырдуу тоонун алдында,
Ак суруң жайдак турбайбы.
Айтар атка бала жок,
Осокем бойдок турбайбы.

Асмандагы булутту,
Шамал айдап курутту.
Бир баланын айынан,
Тукумсуз айдап курутту.

## АЛГАЗЫ

*(Таластын кушчу-сабатар уруусунун жакшыларынын бири. Тууганы Карабаш Кудайберген колдуу болуп чабышта каза болот. Ошондо кызы Зуурабүбүнүн кошогу)*

Ашыкпай бир аз сабыр кыл,
Арыз айтамын Караке,
Агасы сиздей эр эле,
Алгазы иниң канаке?

Арман да толуп ичиме,
Ар түрдүү сөзүм бар аке.
Элик сур турат байлоодо,
Эсилим атам Алгазы,
Баягы эл тартышкан шайлоодо,
Эсебин тапса душмандар,
Акемди эстеген экен жайлоого.

Эркелеп өскөн шордуу баш,
Мен бүгүн -
Эрксизде турам сайроодо.
Карабаш аке бүтүн ук,
Карындаштын арманы,
Кабылан сындуу иниңди,
Караке, кайсы душман жайлады?

Караны кийип башына
Апакем, кайгылуу күндө сайрады.
Кечээ жааттан атам басмырттап,
Жайлоодон көчтүк жакага,
Жаралуу бетке так салып,
Жаптык ко кара апама.

Жалынга түштү жаш өмүр,
Жалгандан кеткен атама.
Жатындаш тууган бир элек,
Караке, жакында келдиң батага.

Көзүмдөн аккан кандуу жаш,
Көйкөлүп агат жакама,
Көкжалым атам үйдө жок,
Көңүлүм түштү капага.

Алышкан жоодон жеңилип,
Адашты элден тынарым.
Аталаш жакын иниңе,
Караке, азыр келген убагың.

Арап менен Чал экен,
Бир кишинин баласы,
Түбүңөр бирге жан аке,
Тулпар минип, туу аштап,
Туйгун болдуң Кара аке,
Карабаш мыкты агасы,
А сенин кайран иниң канаке?

Баатыр атам көзү өтүп,
Башыма кара түн болду.
Кайран иниңди өлтүрүп,
Караке, кармашкан душман ким болду?

Катарынан ажырап,
Кагылайын апакем,
Бул кезде кайгысы көп күң болду.
Сан үйлүү кушчу ичинде,
Бизди сабатар уруу дээр экен.

Жатындашы болбосо,
Деги жалгыздын иши кем экен.
Карабаш акем турганда,
Алгазы кандарды соем дээр экен,
Кайрылып Каке тийген жок,
Кайран эрге көлөкөң.

Жалгыздын иши шул болсо,
Деги жаралбай койсо жөн экен.
Аргымак күлүк баласы,
Акырдан чапчып жем жеген,
Аталаш иниң Алгазы,
Караке, адашты бүгүн жергеңен.

Кагылайын атакем,
Кабылан жолборс шер экен,
Кайрылып шондой урушта,
Караке, бир тийбеди көлөкөң.

Тукумдан жалгыз болгончо,
Теги туулбай койгон жөн экен.
Туйгунунан ажырап,
Тул сактады энекем.

Кара айгыр минген Молдобай,
Кайра качып кутулду.
Карагерге камчы уруп,
Кагылайын атакем,
Каптаган жоого тутулду.

Камалап душман жатканда,
Кайрылчу тууган бири элең,
Караке, көрсөтпөдүң сыртыңды.
Атамды сойгон адамдын,
Эчки атпасын мергени,
Түлкү албасын тайганы,
Каралуу калсын алганы,
Жетим калсын балдары,
Жесирлик тартсын алганы.

Иниңди душман сойгондо,
Кайда кетип калдыңар,

Чал акемдин балдары?
Аталаш тууган сендейдин,
Тийбедиго жардамы,
Жесир катын жетим уул,
Караке, кимге жетсин дарманы.

Алгазы иниң өлгөндө,
А тиги, Айгыр-Жалда турган ким?
«Алгазы баатыр өлдү» – деп,
Айтып кабар кылган ким?
Унчукпай чечип аттанып,
Атын моюнга урган ким?

Кушчуну жалгыз билем деп,
Кубанып ичтен тынган ким?
Кан төгүлүп, эр өлдү,
Калкасы тийбей туугандын.

Боз жорго минсе майышкан,
Борумуң айтат жаш ботоң,
Атакем Бортартар өйдө сайышкан.
Боорунду Каке ким сойду,
Болуштук шайлоо намыстан?

Кабарын укпай калгансып,
Караке, өкүрүп түштүң алыстан.
Кабарын сурап жатамын,
Караке, сени билер деп.

Арада ушак кеп уксам,
Айтканын элдин мен уксам,
Кабыландай иниңди,
Караке, кармап сойгон силер деп.

Алгазыны өлтүрсөм,
Кушчуну жалгыз билем деп.
Кагылайын акемди,
Кантип кыйдың өлүмгө?

Айгыр-Жалдын сыртынан,
Ар кылдыңбы келүүгө.

Алышып жаткан эки иниң,
Ажыратып бөлүүгө?

Атакем өлдү дегенде,
Куптанда келди чабаган.
Өлдү деп кабар укканда,
Жүрөгүм чыкты кабынан,
Колум сынды сабынан.

Жүрөгүм чыкса салынды,
Колум сынса таңылды.
Жесир катын, жаш бала,
Кимге айтамын зарымды.

Биле турган сен элең,
Кайгылуу күндө алымды.
Карасын баштан алдырып,
Алгын жесир жарыңды.

Беш тыйын калың чыгарбай,
Бекерден катын табылды.
Мени алып бергин Карабаш,
Балдарыңын бирине.
Баш кайнатам сен болуп,
Барып кызмат кылайын,
Бети жок чочко үйүңө.

Кабар бердик Карабаш,
Кайран акем өлгөндө.
Ар кылдыңбы Карабаш,
Колуң менен көмгөнгө.
Уялып жүргөн экенсиң,
Ошол кезде келгенге.

Жатындашың өлтүрүп,
Жалгыз калган экенсиң,
Жалпы Кушчу элдерге.
Өзүң союп өлтүрүп,
Кантип бетиң чыдады,
Өкүрүп ыйлап келгенге.

## КАРАБАШ КУДАЙБЕРГЕН

*(Инисинин кызы Шурутайдын кошогу)*

Кадыркул калем алып кат жазды,
Кадыркул, каршылык иштн көп жазды.
Атабыз кетти билинбей,
Кадыркул калды каңгырап,
Өкүмөткө илинбей.

Тескейге Төлкүрөң атын байлатпай,
Кадыркул теңтушун таап айдатпай.
Кырчоого кур ат байлатпай,
Кадыркул курдашын таап айдатпай.

Кумайдан акташ аларсың,
Атабыз тегин киши эмес,
Акыры бир күн көрөрсүң,
Кусуруна каларсың.
Ак сайдан акташ аларсың,
Атабыз тегин киши эмес,
Азабына каларсың.

## ТҮРКҮГҮМ ТҮПТӨН СЫНАРБЫ

*(Инисинин кызы Шурутайдын кошогу)*

Түркүгүм түптөн сынарбы,
Туугандын бели сынарбы,
Душмандын көөнү тынарбы.
Тууганды туудай көтөргөн,
Душманды кара койдой бөктөргөн.

Күүлөнтүп күлүк бактырган,
Күмүштөн тумар тактырган.
Күйөрлөрү биз тургай,
Күнадыр көрсө жактырган.

Алкынтып күлүк бактырган,
Алкынган күлүк атына,
Алтындан тумар тактырган.
Ага-иниси биз турсун,
Атакемди акимдер көрсө жактырган.

Кызылдан баркыт тердигиң,
Кытай, кыргыз баарына,
Маалим болгон эрдигиң.
Карадан баркыт тердигиң,
Айтылуу болгон эрдигиң.

## КАЛПА АЖЫ

*(Саяк уруусунун жакшысы)*

Пайгамбарлар баары өткөн,
Падышалар кан өткөн.
Падыша болгон кылымга,
Он сегиз миң ааламга,
Так Сулайман дагы өткөн.

Пайгамбардын көбүбү,
Чариярдын бирөбү,
Темирден болгон коргондон,
Кулпусун жулуп алганы,
Кудаанын шери балбаны,
Али өткөн дүйнөдөн.

Нече минди жашаган,
Кары өткөн дүйнөдөн.
Кара кылды как жарып,
Адил болуп жол сүрүп,
Өмөр өткөн дүйнөдөн.

Чариярдын жолдошу,
Пайгамбардын молдосу,
Осмон өткөн дүйнөдөн.
Ошондой нечен акылдуу,
Өскөн өткөн дүйнөдөн.

Өкүнүч жок өлгөнгө,
Өзүндөй нечен жан өткөн.
Туура сындуу терегим,
Туйгунум ажым беренім.

Жоодурап топто олтурса,
Тууганың эмес кан ажым,

Душманга тийчү керегиң.
Тууганың зарлап ыйласа,
Турпактан чыкпайт дарегиң.

Каргы сындуу терегим,
Кайгысыз ажы берениим.
Каймана душман топ кылса,
Калкыңа тийчү керегиң.

Калкың зарлап ыйласа,
Кабырдан чыкпайт дарегиң.
Чаң басты Нарын жериңди,
Чабан кылдың элиңди.

Чатырап саяк топ кылса,
Ким сүйлөйт айткан кебиңди.
Өрт алды Нарын жериңди,
Өксүттүң саяк элиңди.

Өзүңдөй бектер топ кылып,
Ким сүйлөйт айткан кебиңди.
Өстүң эле абалап,
Өлүү тартты демиңди.

Ак ылайлуу акырдан,
Ак тулпар качты жем издеп,
Алтын туур үстүнөн,
Ак шуңкар учту эңиштеп,
Айтпай саяк турганда,
Акырет кеттиң нени издеп?

Көк ылайлуу акырдан,
Көк тулпар качты жем издеп,
Күмүш туур үстүнөн,
Күрдөөлдүү саяк турганда,
Күлбейиш кеттиң нени издеп?

Айчылыктан көрүнгөн,
Мунар элең ажы абам.
Айдыңдуу саяк журтуңа,
Айтар элең ажы абам.

Күнчүлүктөн көрүнгөн,
Мунар элең ажы абам.
Күлү жами саякка,
Тынар элең ажы абам.

Асмандын көркү абада,
Айланып учкан куу элең.
Айдыңдуу саяк журтуңа,
Айкын ачык туу элең.

Көлдүн көркү абада,
Көкөлөп учкан куу элең.
Күлдү жами саякка,
Күмүш айчык туу элең.

Ай жагынан жел келсе,
Чырагыңа жарашкан.
Айдында саяк көп журтуң,
Сурагыңа жарашкан.

Күн жагынан жел келсе,
Чырагыңа жарашкан.
Күрдөөлдүү саяк көп журтуң,
Сурагыңа жарашкан.

Күмүш купа ооздук,
Тулпарыңа жарашкан.
Күмүш жагоо жылаажын,
Шуңкарыңа жарашкан.

Сынсыз эле санатың,
Сырттаным ажым өлбөй кал,
Сындырдың саяк канатын.
Кадиксиз эле санатың,
Кабылан ажым өлбөй кал,
Кайрыдың саяк канатын.

Аргымак миндиң чалкалап,
Ааламды билдиң талкалап.
Алладан амир болгон соң,
Ажалга кеттиң быркырап.

Тобурчак миндиң чалкалап,
Топ бийледиң талкалап.
Тосуп ажал жеткен соң,
Токтоосуз кеттиң быркырап.

Алты атаң саяк асылдан,
Артык элең далайдан.
Алладан ажал келген соң,
Алты мүнөт токтобой,
Аттандың жалгыз панадан.

Алты атаң айтсам жок жетпейт,
Жанболоттон тараган.
Жебирейил келген соң,
Жети мүнөт токтобой,
Аттандың жалгыз панадан.

Жети атаң айтсам жан жетпейт,
Жанболоттон тараган.
Алтын баш кылыч белде жок,
Азирейил кол санса,
Айдактап калар бенде жок.

Ар түрлүү бектер топ кылса,
Арыстан ажым элде жок.
Жез байнек кылыч белде жок,
Жебирейил кол салса,
Жетектеп калар бенде жок.

Желкелүү бектер топ кылса,
Жетигим ажым элде жок.
Аксайдын башы Беларык,
Акындай тилиң буралып,
Акырет кеткен сен карып,
Азабың тарткан мен карып.

Көксайдын башы Беларык,
Күкүктөй тилиң буралып,
Күзгүдөй бетиң тунарып,
Күлбейиш кеткен сен карып,
Күйүтүң тарткан мен карып.

Атасыз калды балдарың,
Айнектей жүзүн тытынып,
Арманда калды алганың.
Айла жоктон көтөрдүк,
Алланын жазган барманын.

Бабасыз калды балдарың,
Башына кара салынып,
Бадышам дейт алганың.
Барман барбы көтөрдүк,
Бадыша кудай салганын.

Бартияң калды куралбай,
Багышың калды суралбай.
Бадышам көзүң өткөн соң,
Эсенкул көрсөк күйөрбүз,
Эркиндүү качан топ болсо,
Эрмегиң айтып жүрөрбүз.

Чорону чоро дээр элең,
Чородон чобур жээр элең.
Чородон жеген чобурду,
Чокойчон минсин дээр элең.

Чокойчонго калганда,
Соң-Көлдөн ичиң кең эле,
Субанды Субан дээр элең,
Субандан күлүк жээр элең.

Субандан жеген күлүктү,
Сүйгөнүң минсин дээр элең.
Сүйгөндөргө калганда,
Суусамырдан кең элең.

Кас санаган душманга,
Каптап кеткен сел элең.
Каралап келген карыпка,
Катын алып берчү элең.

Белсенишкен душманы,
Бетин көрсө сүрдөчү.

Бекерге басып жүргөндү,
Беймаза кылып тилдечү.

Бадышам ажым өзүнө,
Байкап айтсак эп келген.
Бактысын кудай арттырып,
Бадышалар чен берген.

Мектептеги балдарга,
Балапанча жем берген.
Бактысына жараша,
Бар акылын кең берген.

Орду жок жаман жүрбөгөн,
Ооруну көрсө дем берген,
Ошон үчүн кудайым,
Орундап давлет мол берген.

Бейдаарат ажым жүрбөгөн,
Бала болуп башынан,
Анын үчүн кудайым,
Абыроюн арттырган.

Аят окуп, дарс айткан,
Алимдик жайың бар эле,
Айтышса сөзүн бербеген,
Чечендик жайың бар эле.

Аптиек китеп окуган,
Алимдик жайың бар эле.
Жеңишсе сөзүн бербеген,
Жеткилең жайың бар эле.

Жети болуш дубанга,
Маалимдик жайың бар эле.
Жети ата саяк уулуна,
Жеткирбей учкан зар эле.

Жергелүү кедей журтуна.
Күйүп турган шам эле.
Күлбейишке сен кетип,
Күйүттө калчу эл беле.

Күлүстөнүм алды деп,
Күндө ыйлачу биз беле.
Арындык кедей журтуна,
Алтынчы панар шам эле.

Арстаным ажым деп,
Азапта калчу эл беле.
Аңылдап ыйлап күнүгө,
Азапта калчу биз беле.

Азыраак өмүр көралбай,
Акырет кеткен сен болдуң.
Ар кылганың көп сүйлөп,
Арбагың айткан мен болдум.

Шариятты бек кармап,
Мекеге кылдың ибадат,
Курандын сөзүн куп көрүп,
Кудайга кылдың ибадат.

Нарындын бою Акчийге,
Там салдырдың тунуке.
Болот таш менен түптөтүп,
Окшотом деп бейишке.

Карагай менен кыйдырып,
Кара сыр менен ойдуруп,
Калаадан көрүп порумун,
Бөлмөсүн сегиз чойдуруп.

Тамың калды талаада,
Жаш кезиңен сыйындың,
Жараткан кадыр аллага.
Муну үчүн кудайым,
Мурадыңа жеткирген.
Бактысы баштан кетпеген,
Каадасы ушул ажымдын.
Кан Шабдандан кем бекен.

Тогуз дубан топ кылса,
Торгойдой тили сайраган.

Көк жолборс ажы көрүнбөйт,
Көп жыйындан карасам.

Арбагым айтпай койду деп,
Арманың менде болбосо,
Ур кызынан онду алып,
Жаныңа мендей ырчы алып,
Бейишке жаткын тынч алып.

## РАХМАНЖАН МАТКАЛЫКОВ

*(Советтер Союзунун баатыры)*

Ак боз ат келди жол басып,
Ак көбүктөп тер чачып,
Элиң турат чогулуп,
Ак үйүң турат кир басып.

Ак шумкар тоодон учуптур,
Ак талга барып конуптур.
Аскерде жүргөн баатырым,
Армансыз өлүм болуптур.

Капталда жолборс жатат деп,
Калкыңдын көөнү ток эле.
Калкыңа келбей калышың,
Капарымда жок эле.

Эңизде жолборс жатат деп,
Элиңдин көөнү ток эле.
Элиңе келбей калышың,
Эсибизде жок эле.

Карагай найза өңөргөн,
Кадим жаштан көгөргөн.
Каптаган жоону көргөндө,
Кайрат менен жөнөгөн.

Түпөктүү найза өңөргөн,
Түптүү элде көгөргөн.

Түмөндүү жоону көргөндө,
Туралбай шашып жөнөгөн.

Адырга атын токтоткон,
Алты атар мылтык октоткон.
Алыша келген душмандын,
Алдын тоскон коркпостон.

Белеске атын токтоткон,
Беш атар мылтык октоткон.
Пейли жаман душманга,
Беттешкен жалгыз коркпостон.
Кызыл ат минген такалап,
Кытайга барган чамалап.

Кас душманын талкалап,
Элин жүргөн калкалап.
Карагер минген такалап,
Кашкарга барган чалкалап.
Ал жерде кас душманын талкалап,
Калкын жүргөн калкалап.

Белеске атын агыткан,
Беш атар мылтык чагыткан.
Белдүү баатыр келсин деп,
Берлинге аны чакырткан.

Капталга атын агыткан.
Карабин мылтык чакыткан.
Каптаган душман келди деп,
Каалап аны чакырткан.

Күлүктү минсе чү деген,
Кас душманын талкалап,
Күн тийбес тоодо түнөгөн,
Кабарын угуп душмандар,
Күнчүлүк жерден жүдөгөн.

Жез пайнек кылыч тагынган,
Жат душманы багынган.
Эр жүрөк баатыр жагынан,
Тең келбеген эч бир жан.

Казатка чыгып жол баштап,
Калың элин коргогон.
Кадыры менен кеп сүйлөп,
Карыптарды колдогон.

Аргымак минсе чү деген,
Алышкан жоосун талкалап,
Ай тийбес тоодо түнөгөн.
Алыстан угуп кабарын,
Алдастап душман жүдөгөн.

Сүйлөсө сөзү эп болгон,
Сүрүнө душман тең болгон.
Айтылуу баатыр атанып,
Алыскы элге кеп болгон.

Кылычын кыя байлаган,
Кытайдын тоосун айланган.
Кыя баскан душманын,
Кыңк эттирбей жайлаган.

Саадагын жанга байлаган,
Сан жигитин жайлаган.
Сан-сан болгон душманды,
Жалгыз өзү байлаган.

Торуну минсе жүгүргөн,
Томсоргон душман сүрүнөн.
Топ жыйында сүйлөсө,
Кара жандан түңүлгөн.

Кара ат минсе жүгүргөн,
Калтарган душман сүрүнөн.
Кармашам деген душмандар,
Камыштай болуп сүрүлгөн.

Чечинбей өткөн дайрадан,
Каршы келген душманын,
Камынтпай барып жайлаган,
Кара койдой айдаган.

Белгилүү болгон дубандан,
Беттешкен жоосу кубанган.
Береним мөөрөй алды деп,
Бер жакта эли кубанган.

Беттешип найза сунганда,
Жазганып душман бөлүнгөн.
Таалайы артып баатыр деп,
Таанылып элге көрүнгөн.

Беттешкен жерден кек алып,
Эл ишине жараган.
Атактуу баатыр экен деп,
Айтылуу элге тараган.

Ак бараң мылтык колго алган,
Аскер баштап жол салып,
Ашуу ашып жер чалган,
Алышкан жоого чуу салган.

Көк бараң мылтык колго алган,
Көп аскерге жол баштап,
Кас душманды көргөндө,
Көрүнөө жерден кол салган.

Кара зоодон жол тоскон,
Кыраңга кошун токтоткон.
Карайган душман көрүнсө,
Камынып мылтык октоткон.

Белсемдүү жерден жол тоскон,
Белеске атын токтоткон.
Бетбак душман көрүнсө,
Билгизбей мылтык октоткон.

Токойлуу жерге токтогон,
Топ жргитин жоктогон.
Тоодой мүшкүл иш болсо,
Тоотпогон коркпогон.

Саздуу жерге токтогон,
Сан жигитин жоктогон.

Сансыган көп душманга,
Жалгыз барган коркпогон.

Алты атар мылтык асынган,
Атагы чыккан жашынан.
Алыша келген душманы,
Алдынан чыгып басынган.

Беш атар мылтык асынган,
Белгилүү болгон жашынан.
Беттешем деген душманы,
Беттеше албай басынган.

Андижанды жердеген,
Айланып чыкса элинен,
Ардактап аны кел деген
Атагы көпкө белгилүү,
Айтылуу баатыр эр деген.

Күлө багып сүйлөгөн,
Кайгырууну билбеген.
Карчыга куштай кайран эр,
Капилет өттүң дүйнөдөн.

Жалындап күйгөн чок болгон,
Айбатына чыдабай,
Жоолашкан душман жок болгон.
Кызарып күйгөн чок болгон,
Караанын көрсө чыдабай,
Кас душманы жок болгон.

Сар жорго минген дабанга,
Сөз айтпаган жаманга.
Өзү баатыр кайран эр,
Кол салуучу каманга.

Асманда учкан зар элең,
Амалың элге белгилүү,
Алайна жоодон качпаган,
Адамдан артык жан элең.

Көкөлөп учкан зар элең,
Көркөмүң элге белгилүү,
Көпчүлүк жоодон качпаган,
Көрүнөө баатыр жан элең.

Эч кимге намыс сатпаган,
Эл теңдигин сактаган.
Беттешип келген жоо болсо,
Белсенип үйдө жатпаган.

Адамдык салтты актаган,
Ажалдан кайра тартпаган.
Булгабай элдин ишенчин,
Булактай таза сактаган.

Жаздыктан өлгөн жаманат,
Жоодон өлгөн салтанат.
Жүрөктө эрдик ой болсо,
Баатырлар кайдан жалтанат.

Кыйкырып жоого киргенде,
Кылычын жаза чаппаган.
Гранат урган жерлерин,
Кыргын кылып таштаган.

Кол алдында жигитин,
Кыраан кылып таптаган.
Кылчылдашкан жоо болсо,
Кылчайып артка баспаган.

Калк башына иш түшсө,
Казатка көздөй аттандың,
Калк намысын коргойм деп,
Биринчи болуп катталдың.

Тууган элге туу элең,
Душманыңа уу элең.
Басып кирген душманга,
Туурадан кирчү уул элең.

Качырган жоону кыйраткан,
Кара кулак шер элең.

Кармашта намыс бербеген,
Кадимден баатыр эр элең.

Алыста жүргөн душмандын,
Айттырбай туруп сыр билген.
Алышып ойноп чоңоюп,
Алиев менен бир жүргөн.

Арс ичиктин тышы элең.
Алтындан самоор жыш элең.
Алса илбесин куткарбас,
Ак ала туйгун куш элең.

Көрпө ичиктин тышы элең,
Күмүштөн самоор жыш элең.
Күүлөнсө илбесин куткарбас,
Көк ала туйгун куш элең.

Мингениң тору боз беле?
Колуңда курал жок беле?
Ал атканда сен атпай,
Жаныңда жолдош жок беле?

Мингениң буурул боз беле?
Снаряд деген ок беле?
Ал атканда сен атпай,
Жазайыл колдо жок беле?

Көкөлөп учкан ылаачын,
Көккө бир жаят кулачын.
Көп душманың талкалап,
Көркөмдүү совет элинде,
Көрбөдүң жандын ыраатын.

Асмандап учкан ылаачын,
Айга бир жаят кулачын.
Айгышкан жоону талкалап,
Ак калпак кыргыз элинде,
Көрбөдүң жандын ыраатын.

Туу куйругу бир тутам,
Тулпарлар чыгат желеден.

Туйгун жаның өтүптүр,
Туулбайт сендей энеден.

Жал куйругу бир тутам,
Жабагы чыгат железден.
Жалгыз жаның өтүптүр,
Туулбайт сендей энеден.

Фрунзе менен Маскөөдө,
Атың турат жазылып,
Эл эскерет кылымга
Эрдигиң жүрөт айтылып.

Кармашам деген душмандын,
Кара көзү оюлду.
Өлсөң дагы тирүүсүң,
Калк эскерген эрдигиң
Колхоздун наамы коюлду.

Калк үчүн кыйсаң жаныңды,
Кадырың элге билинди.
Эстелигиң тургузуп,
Портретиң илинди.

Эстелигиң ачарда,
Элиңдин баары чогулду.
Согушта өлгөн баатыр деп,
Рахманжан аталып,
Колхозго атың коюлду.

## ТАЙГАРАЕВ ТУКУБАЙ

*(Советтер Союзунун Баатыры)*

Кылычың турат кынында,
Кырк биринчи жылында.
Кылды Герман жаңжалды,
Уруш болуп кетти деп,
Терип кетти балдарды.

Көчөгө чыгып карасак,
Кемпир менен чал калды.
Кең сайга элдер конбосун,
Кемселим кыска болбосун.
Бул урушту баштаган,
Асти, Герман оңбосун.

Айнектей бетин тастайтып,
Алтындай тишин кашкайтып,
Элге-журтка арз айтып,
Барса барып келем деп.
Барсам жоону жеңем деп,
Күмүштөй тишин кашкайтып,
Күндөй бетин тастайтып,
Күлүп-жайнап кеткенсиң.

Барарда атың жорголоп,
Келерде каның шорголоп.
Алты катар жоо болсо,
Аны сүрүп кетем дейт элең.

Ак боз атын жалдаган,
Алтымыш катар Германдын,
Акырегин кандаган.
Көк боз атын жалдаган,
Алам деген Германдын,
Көкүрөгүн кандаган.

Алтындан эле найзасы,
Айлына тийген пайдасы.
Экиден эле найзасы,
Элине тийген пайдасы.

Көк көйнөгү бар эле,
Көкүрөгү тар эле.
Кайрылып келсе элине,
Пайдасы тиер бала эле.

Ак көйнөгү бар эле,
Акыреги тар эле.

Айланып келсе элине,
Пайдасы тиер бала эле.

Ак боз ат миндиң тооларга,
Көрүнөө кирдиң жооларга.
От жыттанган урушка,
Ойлонбой кирген баатырым.
Кан жыттанган урушка
Качпай кирген баатырым.

Жондоп түшкөн бөрү эле,
Жоболондуу иштерди,
Жолдон тосчу эр эле.
Капталдап түшкөн бөрү эле,
Капсаландуу иштерди,
Кайра тосчу эр эле.

Капталга жүгүн таштабас,
Капталы бийик лөк эле.
Жайылып аккан суудайым,
Жай көтөргөн туудайым.
Эшилип аккан суудайым,
Элимде турган туудайым.

Мурутуң эми керилип,
Бул сапардан эринип,
Бул кудайдын ишин көр,
Германга барып көмүлүп.

Сакалың эми керилип,
Зар сапарга эринип,
Зар санай турган чак келсе,
Зап кудайдын ишин көр,
Германга барып көмүлүп.

Ай чыккан жакка чий туттук,
Ай өткөн сайын көз туттук.
Күн тийген жакка чий туттук,
Күн өткөн сайын көз туттук.

Кара чубар бээден,
Казатка минер ат чыкпайт.

Калың кыргыз элинден,
Сендей баатыр эр чыкпайт.

Кызыл чубар бээден,
Кытайга минер ат чыкпайт.
Калың кыргыз элинден,
Сендей баатыр эр чыкпайт.

Ак шумкар учат түз менен,
Ак мектеп бүтөт сыр менен,
Арманым айтам ыр менен.
Көк шумкар учат түз менен,
Көк мектеп бүтөт сыр менен,
Күйгөнүм айтам ыр менен.

Көмүркөй алтын жыш эле,
Көлдөн учкан куш эле.
Козголбогон ит герман,
Көңүлдө дартың ушу эле.

Сандыгым алтын жыш эле,
Сайдан учкан куш эле.
Салпылдаган ит герман,
Самаганың ушу эле.

Тукубай ата-энеден жалгыз эле. Угузганда энеси эт-бети менен кетип, зил кусуп жатып калды. Эс алганда «айтпайсыңарбы жоругун» – деп этектеп калды бизди. Ошондо Тукубайга кошуп, энесин да айтканбыз.

Зайпана болду көйнөгү,
Сары зил болду жүрөгү.
Будурма болду көйнөгү,
Муңга толду жүрөгү.
Кара болду көйнөгү,
Эми, кайгыга толду жүрөгү.

## СУЛТАНОВ КАДЫРМАТ

*(Социалисттик Эмгектин Баатыры)*

Көк жорго минсе чайпалган,
Көк нооту кийсе жайкалган.
Көпчүлүк элдин ичинде,
Көсөмдүгү байкалган.

Күлүктү минсе чайпалган,
Калың элдин ичинде,
Көркөмдүү болуп жайкалган.
Карапайым мүнөздүү,
Касиети байкалган.

Кыргыз элиң кадырлап,
Кыйлага даңкың угулган.
Калк үчүн кылып кызматты,
Көңүлүң көпкө бурулган.

Калкың үчүн иш кылып,
Өз милдетин актаган.
Кыргыз элиң кадырлап,
Кымбаттуу сөзүң сактаган.

Элиңе кылып эмгекти,
Маскөөгө чейин таанылдың.
Ардактап сыйлап өкүмөт,
Алтындан орден тагындың.

Күлүк элең чабылган,
Күн тийбес жерге багылган.
Күрдөөлдүү күлүк эле деп,
Күлгүндөн жабуу жабылган.

Жорго элең жолдо чабылган,
Жабуулап күндө багылган.
Топ жарган күлүк экен деп,
Алтындан жүгөн тагылган.

Адырда буудай куурады,
Арстаным баатыр сулады.

Арзыган ишке жетпеген,
Армандуу өлүм бу дагы.

Белесте буудай куурады,
Белгилүү баатыр кулады.
Бейпайга салган бу өлүм,
Пендечилик бу дагы.

Башынан таасын сүйлөгөн,
Бай-манапты сүйбөгөн.
Бардык жерде карыпты,
Жакшы көрүп үндөгөн.

Партияны башкарып,
Бакыт күтүп даңк алган.
Аңтарып Маркс томдорун,
Улуу Ленинден такшалган.

Тактап чечкен бюрону,
Таарынткан эмес бирөөнү.
Тартип менен башкарган,
Тартынбай айткан күнөөнү.

Башкарып келген бюрону,
Басынткан эмес бирөөнү.
Бала күндөн бер жакка,
Баарына жаккан жүргөнү.

Кылдат чечкен бюрону,
Кыйнаган эмес бирөөнү.
Кыйын күндө жол баштап,
Кыйлага жаккан жүргөнү.

Телефон менен сүйлөгөн,
Тепкедей жаштан бер жакка,
Окуп билим үйрөнүп,
Тарбия алган бюродон.

Каргадай болуп сүйлөгөн,
Кадим жаштан бер жакка,
Тарбия алган жетилип,
Комсомолдук бюродон.

Алтындан саат бураган,
Адилдикти сураган.
Ак ниет сендей болсом деп,
Канчалар сени туураган.

Күмүштөн саат бураган,
Күлпөттүү ишти сураган.
Кейиштүү сөздү укканда,
Кеңешин айтып улаган.

Барчын куштай түлөгөн,
Партиянын иши үчүн,
Бардык жанын үрөгөн.
Орденин алып Лениндин,
Москвада сүйлөгөн.

Атагы чыккан элинен,
Тарбия алган Ленинден.
Атагы кеткен алыска,
Ак калпак кыргыз жеринен.

Көк шумкар учту туурунан,
Кыргыз элде туулган.
Кыраандыгын билгизип,
Мунун Кытайга даңкы угулган.

Боз шумкар учту туурунан,
Кең Алайда туулган.
Мунун поруму элге жагымдуу,
Монголго чейин угулган.

Кызылын кийдиң күрмөнүн,
Кызматын кылдың бюронун.
Калкыңа кылып эмгекти,
Кадырын көрдүң дүйнөнүн.

Жашылын кийдиң күрмөнүн,
Жаш кезиңден бер жакка,
Буйругун кылдың бюронун.
Жадыңа эгем жар болуп,
Жакшысын көрдүң дүйнөнүн.

Чолпону элең жылдыздын,
Чоңу болчуң кыргыздын.
Алтындан жылдыз тагынып,
Элиңе мунар тургуздуң.

Урматын көрдүң элиндин,
Убайын көрдүң келиндин.
Баатыры болдуң элиңдин.
Беш жылдызды тагындың,
Урматтап улуу Лениндин.

Ай үстүнөн аркырап,
Алтын куш болгон мингениң.
Ай далида жаркырап,
Ак торко болгон кийгениң.

Күн үстүнөн аркырап
Күмүш ат болгон мингениң.
Куп далиңа жарашкан,
Кыл торко болгон кийгениң.

Чагарак куйрук чаар жон,
Жолборс элең кайран эр.
Чоң казаттай иш болсо,
Койбос элең кайран эр.

Алыс жерден көрүнгөн,
Мунар элең кайран эр.
Саратан жайда саябан,
Чынар элең кайран эр.

Улуу тоодо сайраган,
Улар элең кайран эр.
Учкулдардын пашасы,
Тынар элең кайран эр.

Теминсе чуркап жоргосу,
Таалай тапкан эмгектен,
Ташкентте болгон жолдошу,
Табийгат болгон колдоосу.

Элирсе чуркап жоргосу,
Элинде болгон жолдошу,
Эл-журту болгон колдоосу.
Алдына келген канча адам,
Албырып бетин нур чалган.

Күнүнө келген канча адам,
Көсөмдүгү белгилүү,
Күмүштөн кемер курчанган.
Жакшы айтып сөзүн таптаган,
Жашынан адеп сактаган.

Алдына барган адамды,
Орой сөз айтып какпаган.
Өкмөт ишин тактаган,
Үйүндө тынчып жатпаган.

Эл үчүн кылып эмгекти,
Түшүм жыйган пахтадан.
Жолборс элең чамынган,
Жорго элең жолдо таанылган.

Тең келбейт эле сага эч ким,
Бак-дөөлөт ашкан жагынан.
Гүлдөгөн элиң Фергана,
Күйүтүң калды артыңа.

Кен болуп күндө жүрдүңүз
Күндөөлдүү кыргыз калкыңа.
Ээн-Терек мазарың,
Эриккенде сөз кылып,
Элиңе өтөр азарың.

Кашка терек мазарың,
Кайгырганда сөз кылып,
Калкыңа өтөр азарың.
Туулган жериң Алайда,
Жашыңда жүрдүң малайда.

Тарбия берип партия,
Угулду даңкың далайга.

Кыргыз жерде туулган,
Кымбатың сенин кең болуп,
Кытайга чейин угулган.

Кыргоодон учкан кыраан куш,
Кылчайбай кеттиң туурундан.
Тарбия берип жаштарга,
Канаттарын күүлөнтүп,
Арка болуп атадай,
Акыл насаат үйрөттүң.

Оозунан сөзү чубаган,
Олуттуу өскөн жан элең,
Ойлонуп элин сураган.
Үзүлгөн ишти кураган,
Партия койгон талапты,
Иш жүзүндө жаратты.

Пахтадан түшүм жыйнаган,
Баркталып нечен сыйланган.
Сан жылкы баккан дабанга,
Кичи пейил бир мүнөз,
Сыр айткан эмес жаманга.

Көк жорго салган дабанга,
Көп жылкы баккан саманга.
Көркөм порум бир мүнөз
Сөз айтпаган жаманга.

Ааламга башы теңешкен,
Обкомдор менен кеңешкен.
Атагы алыс кетсе да,
Ага-ини менен тең өскөн.

Жакшыга башы теңешкен,
Жакыны менен кеңешкен.
Жайдары мүнөз ак көңүл,
Жардылар менен тең өскөн.

Күтүрөгөн калың эл,
Күйүтүң айтып токтолор.

Күндө үч убак кеп болуп,
Сенин кадырың элде жоктолор.

Сап-сап болгон калың эл,
Саргайып туруп токтолор.
Санаган жерде кеп кылып,
Сенин санатың элде жоктолор.

Калкылдаган калың эл,
Кыйкырып барып токтолор.
Кызматың эске түшкөндө,
Кылыгың элде жоктолор.

Керилтип кулун байлаган,
Төрт түлүк малды өстүрүп,
Керейге малын айдаган,
Кашка суу барып жайлаган.

Сазга кулун байлаган,
Сан жылкыны өстүрүп,
Сарала тоосун жайлаган,
Күлүгүн күндө байлаган,
Күтүрөгөн мал менен,
Күрөбөс тоосун жайлаган.

Күрмөлбөй өткөн дайрадан,
Элге тилеп кеңчилик,
Элде болбойт сенчелик.
Калкка тилеп кеңчилик,
Калкта болбойт сенчелик.

Адырдан аркар уулаган,
Ак эмгек кылып элине,
Ааламга даңкы угулган.
Белестен аркар уулаган,
Беттешкен душман кулаган.

Партиянын жолунда,
Бала кезден дуулаган.
Түшүмүн ачтың жериңдин,
Бактысын ачтың элиңдин.
Чакырылып Маскөөгө,
Орденин тактың Лениндин.

## ГЕНЕРАЛ ИСКАКБЕК

Аксуунун башы кысык деп,
Ак жайыкты ысык деп,
Ак Дөбө чыга жайлаган,
Ак жалдын үйрүн байлаган,
Аргымагын айдаган,
Аппак казы чайнаган.

Ак жалдын үйрү бош калды,
Артында балаң жаш калды.
Көк суунун башы кысык деп,
Көк жайыкты ысык деп,
Көк дөбө чыга жайлаган,
Көк жалдын үйрүн байлаган,
Күлүктөрүн айдаган.

Көк жалдын үйрү бош калды,
Күйөрман балаң жаш калды.
Абалы сөзүм бысмылда,
Бысмылда түшкөн миң жылда,
Акырет кеткен асылым,
Айтып калдык биз мында.

Быйылкы келген күзүндө,
Кең-Кулжанын түзүндө,
Асылым кетти сапарга,
Жаңыдан элге кайтарда,
Артында калган бала жаш,
Караан кылып каларга.

Кең Кулжаны жердеген,
Улуу Совет эл деген.
Эл үчүн туулуп берeним,
Намысын такыр бербеген.

Акырет жайга кетипсиз,
Иманың болсун саламат.
Алхамду куран башы экен,
Ак Мустафа пайгамбар,
Алланын сүйгөн досу экен.

Ошолор өткөн жалгандан,
Опасыз дүйнө ушу экен.
Кимдер өтпөс жалгандан,
Он сегиз миң ааламдан,
Адам ата, Ава эне,
Биринен бири айрылган,
Алар дагы кайгырган.

Упасыз дүйнө ушу экен,
Улукман акыл кары экен.
Азирет Али шер өткөн,
Упасыз жалган ушу экен.

Омор, Осмон жана өткөн,
Тажи кийген башына,
Искендердей шер өткөн.
Асманда булут урланган,
Ашкере келген душманга,
Сырын айтпай суйсалган.

Суусар бөркүң суу болду,
Сымбаттуу менин берeним,
Кандай жерде кор болду?
Кара макмал бөркүңүз,
Карарып күйгөн өртүбүз.

Кара макмал бөркүңө,
Карады кудай көркүңө.
Бөркүңдү шамал учурду,
Атыңды кудай өчүрдү.

Кызыл макмал бөрктөйүм,
Кызарып күйгөн өрттөйүм.
Кызыл макмал бөркүңө,
Кызыкты кудай көркүңө,
Бөркүңдү шамал учурду,
Атыңды кудай өчүрдү.

Усталарга табылгыс,
Кара болот курч элең.
Мүнүшкөргө табылгыс

Бозум түлөк куш элең.
Көркөмү бийик, көзү түз,
Душманга октой сөзү түз.

## КОЖОМКУЛ БАЛБАН

Айтамын элге баяндап,
Балбандын каза болгонун.
Калк жыйылып урматтап,
Кадырлап жерге койгонун.

Кадимки өткөн Чубактай,
Кара күчкө толгонун.
Кадырың элге жетиптир,
Карыя сенин болжолуң.

Турпатың түптүү теректей,
Туулган жерге орнодуң.
Ала-Тоо салкын жерде өсүп,
Ак калпак кыргыз элде өсүп,
Ат көтөргүс зор болдуң.

Азамат болуп, эр жетип,
Кажымукан казакка,
Кайрат кылдың теңдешип.
Оор кайгы тартып турабыз,
Ортобуздан сен кетип.

Жер таяныл өмүрдө,
Жыгылган жоксуң күрөштөн,
Бурултуп торгой чалчу элең,
Булка кармап билектен.
Ат үстүнөн алышып,
Акбалбанды жүдөткөн.

Өйүз-бүйүз кыргыздан,
Өзүндөн балбан ким өткөн.
Түбүң чыгат таралып,
Кан Манастай баатырдан.

Кайраттанып качырсаң,
Кас душманың багынган.
Алп дөөлөрдүн бири элең,
Ак жолборстой чамынган.

Бала кезде жүрүпсүң,
Бай-манапта жалданып,
Отун алып, от жагып,
Оокатың үчүн кармалып.

Качан совет чыкканда,
Калкыңдан өстүң тандалып.
Өз атаң Каба алп экен,
Камырдай ташты жууруган.

Тоодон кармап илбирсти,
Боконогун сууруган.
Ороодон төөнү көтөрүп,
Оң-солго дайны угулган.
Өтүгүнүн таманы,
Көтөргөн жерде жулунган.

Калайыкка жайылып,
Бул калган сөз эски кылымдан.
Тууган энең белгилүү,
Балбан болгон аялдан.
Сайышка түшүп төрт жолу,
Салмагы арткан далайдан.

Саяк менен солтодон,
Санатып байге мал алган.
Жолборс көөдөн keң далы,
Бою узун адамдан,
Күрөшкөндү ыргыткан,
Күчүң артык жаралган.

Сексенге жашың илинбей,
Сен дагы өттүң ааламдан.
Илгери Пишпек шаарында,
Батырак тою болгондо,
Калаанын ичи калдайып,
Калк жыйылып толгондо.

Өзбек, казак эл келип,
Өргү болуп конгондо,
Нарын менен Жумгалдан
Албан түрдүү эл келип,
Сурайгырды ойнотуп,
Суусамырдан сен келип,
Жанында Калык ырчы бар,
Жар чакырат термелип.

Ошондо Калык кеп айтат,
Ой, Кожомкул деп айтат,
Адил Совет сыйлыгың,
Азаматтар көрсүн деп.
Анык балбан Кожомкул,
Ат көтөрүп берсин деп,
Бардык кедей-батырак,
Байкап күчүң көрсүн деп.

Орус-кыргыз жыйылып,
Ошондой деп кеп айтып,
Балбан бекен Кожомкул,
Байкайлычы деп айтып.

Карабоз атты жетелеп,
Аянтты көздөй төтөлөп,
Карап турду көпчүлүк,
Кандай кылар экен деп.

Ошондо сенин кырдалың,
Отуз беш жаштан өтө элек.
Кош басмайыл тартылып,
Колтуктан өйдө бекемдеп.

Карышкыр улак алгандай,
Капталдан чаба кармадың,
Басмайылга илинди,
Аты жок ортон бармагың.

Жерден атты көтөрүп,
Жетиштүү болду дарманың,
Көпчүлүккө жайылып,
Көкөлөй түштү арбагың.

Өзүң член партия,
Башчы болдуң калкыңа,
Ылайыктуу эр элең,
Ырыстуу элдин шартына.

Көрбөгөндөр көрсүн деп,
Кумар эле даңкыңа.
Өлсөң дагы урматтап,
Жетти кыргыз баркыңа.

Кайран балбан өлдү деп,
Казак, кыргыз эл угуп,
Кадырлап жакшы көмдү деп,
Кайгырдым кабар укканда.
Уйпалап далай балбанды,
Уста элең жыкканга.
Ченебеген зор элең,
Чечинип элден чыкканда.

Макене, Сабыр аксакал,
Балбандар чыкты бир катар,
Үрпөкбаш, Тиштээк, Дуңкана,
Таласта Касым, Теке бар.
Матакул менен Тобоке,
Суусамырда экөө бар,
Кыдык, Торсо, Азыкбай,
Кыйын балбан Отор бар.

Ошолорду Кожомкул,
Баскан сенин арбагың.
Таразага түшсө да,
Оодарып кетчү салмагың.
Эми айланып келбейсиң,
Элимден чыккан балбаным.

Суусун ичип чоңойдуң,
Суусамырдын жеринин,
Кожомкул деп эскерип,
Кошуп жүрөм сени мен.

# КЫЗ УЗАТКАНДАГЫ КОШОКТОР

«Кыздын үйдөн чыкканы өлгөнү» – дешип, илгери көчүп-конуп жүргөн заманда күйөөгө кетип жаткан кызды энеси, апасы, жеңелери, эжелери, жакын жек-жааттары кошуп узатышкан. Башка жер, башка үйгө кетип жаткан жаш кызга «салмактуу бол, анчамынча кепке кулак салбай, күлкүң менен кечире бил, кайната-кайнененди сыйла, сенин сыйыңды түшүнүшпөсө кудай билсин, күйөөңдүн көөнүн оорутпа» – деп акыл-насаат айтышкан.

## ЖЕҢЕСИНИН КОШКОНУ

Атакең кыргый куштай таптаган,
Энекең кымкапка ороп сактаган.
Атакең балапан куштай таптаган,
Ынагым, энекең шайыга ороп сактаган.

Аласа кишиң келгенде,
Ынагым, эч амалым таппагам.
Алма берсек жебейсин,
Эми аласа кишиң келгенде,
Ынагым, аркандаса турбайсың.

Кишмиш берсе жебейсиң,
Эми, аласа кишиң келгенде,
Ынагым, кишендесе турбайсың.

Жетимиш өрдөк, жети каз,
Жебелеп көлдөн учурдук,
Жеткилең байдын баласын,
Теңтушуна көчүрдүк.

Алтымыш өрдөк, алты каз,
Айдап көлдөн учурдук,
Айтылуу байдын баласын,
Алганына көчүрдүк.

Сүйлөсөм кебим өткөнүм,
Ынагым, сүйөнүшүп өскөнүм.

Айтсам кебим өткөнүм,
Ынагым, айкалышып өскөнүм.
Ичигим чечип кийишкен,
Ичтейим ачып сүйлөшкөн,
Көйнөктү чечип кийишкен,
Ынагым, көңүл бир ачып сүйлөшкөн.

Көшөгөң калды иргеде,
Көңүлүм жаман бирге эле.
Калмактан келген кара киш,
Кара макмал баркыт тыш.

Кыз алган менен кыз берген,
Ынагым, байгамбардан калган иш.
Байпак бир маасы кийип өт,
Ынагым, байбичелик сүрүп өт.

Кепич, маасы кийип өт,
Ынагым, келинчилик сүрүп өт.
Сураган келсе эки бер,
Суусаган келсе жеке бер,
Ынагым, кыла көрбө текебер.

## ЖАЙДАРЫ КЕЛИН БОЛУП АЛ

Аркадан келген алты орус,
Алты ыстарчын бир болуш,
Атакең тапкан жай конуш,
Жай конушка конуп ал,
Жайдары келин болуп ал.

Желкеден келген жети орус,
Жети ыстарчын бир болуш,
Энекең тапкан жай конуш,
Жай конушка конуп ал,
Жайдары келин болуп ал.

Сары атка тумар тагып ал,
Кудагый, салкын жерге багып ал.
Салкын жерге бакпасаң,
Санатылуу малыңды ал.

Көк атка тумар тагып ал,
Көлөкө жерге багып ал,
Көлөкө жерге бакпасаң,
Көпкө түшүп малыңды ал.

Көгөргөн тоонун чокусу,
Көккө бир жакын көрүнөт.
Жат элге кетип барам деп,
Канышым,
Көңүлүң жаман бөлүнөт.

Агарган тоонун чокусу,
Асманга жакын көрүнөт,
Жат элге кетип барам деп,
Канышым,
Акылың жаман бөлүнөт.

Кашыкта суунун тунугу,
Кайнатаң журттун улугу,
Кызыл коен жакта бар,
Кыз алышып, кыз бермек,
Казак-кыргыз наркта бар.

## ТУРНА МОЮН БИЙКЕЧИМ

Мунар, мунар, мунардыр,
Мунарга буудай бышадыр.
Турна моюн бийкечим,
Бүгүн тоюң түшүптүр.

Маарек болсун тоюңуз,
Манап болсун күйөөңүз.
Жай кийгениң кулп эле,
Кыш кийгениң түлкү эле.

Отурган жериң кыз бийкем,
Оюн менен күлкү эле.
Оюн-күлкү тыйылар,
Кожо, молдо жыйылар,
Кокустан нике кыйылар.

Кайчы берип уз кылган,
Калың байга туш кылган.
Оймогун берип уз кылган,
Орто байга туш кылган.

Орто бай деп биз жүрсөк,
Оюнуна чыдабай,
Ордодой элди сумсайткан.
Каадалуу бай деп биз жүрсөк,
Каадасына чыдабай,
Калың элди сумсайткан.

Кыз бийкем,
Аттанып үйдөн чыкканча,
Алтындын зери чачылсын.
Аттанып үйдөн чыккан сон,
Айдай бир багың ачылсын.

Күрмөлүп үйдөн чыкканча,
Күмүштөн зери чачылсын.
Күрмөлүп үйдөн чыккан соң,
Күмүштөй багың ачылсын.

Куюшкандын кошмосу,
Куткундун көркү турбайбы,
Курдашын таап кыз берсе,
Атанын мүлкү турбайбы.

Алтын ооз дарбаза,
Өз атандын ордосу.
Алтындан така кактырган,
Кайнатандын жоргосу.

Күмүш ооз дарбаза,
Өз атандын ордосу.
Күмүштөн така кактырган,
Кайнатандын жоргосу.
Алтындан сөйкө ыргайсың,
Алганың жакшы жыргайсың.

## БИЙКЕЧ ЖАН

Бийкеч жан,
Тескейден аккан булак бар,
Бийкеч жан,
Теңтушуң менен ынак бол.
Күңгөйдөн аккан булак бар,
Бийкеч жан,
Күйөөң менен ынак бол.

## АКЫРЫН ЭШИК АЧЫП ЧЫК

Ак калпакчан көрүнсө,
Акем келет дебей жүр.
Акең келсе басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебей жүр.
Апаң келсе басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

## КЫЗ ЫНАК

*(Жеңесинин кошогу)*

Текечердин улагы,
Темгил ташка тараткан.
Теңирим сүйгөн кыз ынак,
Элин башка жараткан.

Кулжачардын улагы,
Курбулуу ташка тараткан.
Кудайым сүйгөн кыз байкуш,
Курдашын башка жараткан.

Көтөрүп урба сандыкты,
Кайын энем жумшайт деп,
Кыла көрбө ардыкты,
Көрөсүн түбү барлыкты.

Сураганга эки бер,
Суусаганга жеке бер,
Кеп кылбагын текебер.
Ак учук бердим саптап ал,
Ак шумкар бердим таптап ал.
Көк атка тумар тагып ал,
Күйөө бала, жездебиз,
Ынагымды көлөкө жерге багып ал.
Көлөкө жерге бакпасаң,
Көпкө кирип малынды ал.

Сары атка тумар тагып ал,
Күйөө бала, жездебиз,
Ынагымды салкын жерге багып ал.
Салкын жерге бакпасаң,
Санатылуу малыңды ал.

Алтын така, жез мыктуу,
Агаңыздын жоргосу.
Алтын эшик дарбаза,
Алганыңдын ордосу.

Күмүш така, жез мыктуу,
Күйөөңүздүн жоргосу.
Күмүш эшик дарбаза,
Күйөөңүздүн ордосу.

Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебей жүр.
Аксакал киши көрүнсө,
Ынагым, атам келет дебей жүр!

'Тарпылдак өтүк таш таман,
Так көтөрүп басыңыз.
Так көтөрүп баспасаң,
Тарпылдак атка конорсуз.

Аңдып баскан күйөө бар,
Ынагым, абысын деген бирөө бар.
Азып кетсең кокустан,
Алганың мурдун чүйүрөр.

Күнү деген бирөө бар,
Күндө айдап кечирер.
Күндө бир азсаң жолуңдан,
Ынагым, күйөөңүз мурдун чүйүрөр.

## ЭНЕСИНИН КОШКОНУ

Босогого түлкү илгеним,
Бозоргонум билгеним.
Кереге түлкү илгеним,
Кейигеним билгеним.

Сүт үстүндө каймагым,
Жүк үстүндө айнегим.
Кудагый, күмүштөн сөйкө тагып ал,
Күн тийгизбей багып ал.

Ак талдан болсун ордоңуз,
Акылман болсун күйөөңүз.
Балшабектин заманы ай,
Кудамдын жогу жаман ай.

Желбир, желбир от күйсө,
Этегиң менен өчүргүн.
Жаман-жакшы кеп уксаң,
Күлкүң менен кечиргин.

## АЛТЫНДАН БАКАН САЙГАНБЫЗ

Алтындан бакан сайганбыз,
Алтындан тонду жапканбыз.
Күмүштөн бакан сайганбыз,
Күлдүү тондуу жапканбыз.

Ай тийген тоонун сеңири,
Алтындуу тондун өңүрү.
Күн тийген тооонун сеңири,
Күмүштүү тондун өңүрү.

Кара суунун кемери,
Кайнатаӊ калктын чебери.
Калыӊ элге жайылган,
Кайнатаӊдын өнөрү.

## АПАСЫНЫН КОШОГУ

Бедерлүү кумган туткасы,
Бекке кызын бермекке,
Бек атаӊдын нускасы.
Калайлуу кумган туткасы,
Канга бир кызын бермекке,
Кан атаӊдын нускасы.

Чырагым, үй тиреген шыргыйдай,
Чырагым, үндөккө келген кыргыйдай.
Чырагым, көк тиреген шыргыйдай,
Чырагым, көктөмдө келген кыргыйдай.

Алганыӊ жакшы да болсо,
Алтындан чачпак тагатко.
Алганыӊ жаман да болсо,
Чырагым, алтындан чачпак чаӊ болор,
Айда акылыӊ маӊ болор.

Чырагым, ак эрмендин куундай,
Ак сайдын тунук суундай.
Чырагым, көк эрмендин куундай,
Көк сайдын тунук суундай.
Кепич бир маасы кийип өт,
Келинчилик сүрүп өт.

## АЛЫМ-САБАК КОШОК

Биринчи жеӊеси:

Күмүштөн жүгөн шалдыркан кашка,
Энебиз бирге, элибиз башка.
Алтындан жүгөн шалдыркан кашка,
Атабыз бирге, айлыбыз башка.

Кайнатаңдын эшиги,
Чаап койгон тактадай.
Өз атаңдын эшиги,
Сабап койгон пактадай.

Такта эшиктен тайгылба,
Алганыңдан айрылба.
Каргыма сайган колуңуз,
Кардар болду пулуңуз.

Илмелер сайган колуңуз,
Илелүү болду пулуңуз.
Кызыке, эми жакшы жүр,
Байсалдуу болсун жолуңуз!

Э к и н ч и ж е ң е с и:
Бийкечтин көкүлүнө мончок такканбыз,
Бийкечти көлөкө жерге бакканбыз.
Бак дукаба-шайы жапканбыз,
Бийкечти көңүлсүз жерден катканбыз.

Бийкечти салкын жерге бакканбыз,
Бийкечтин саамайына мончок такканбыз.
Сар дукаба-атлес жапканбыз,
Бийкечти сабырсыз жерден катканбыз.

Бийкечтин кадыр-баркын мен айтсам,
Тердиги кызыл манаттан,
Теңирим бөлөк жараткан.
Тектүү жердин кызы деп,
Бийкечти теңтуштары талашкан.

Бийкечим, алганың жакшы жолукса,
Белиңди бекем бууарсың,
Бетиңди таза жууарсың.
Бийкечим, алганың жаман жолукса,
Азабың тартып куурарсың,
«Апаке кел» деп турарсың.

Бийкечим, курдашың жакшы жолукса,
Күмүштөн сырга сүйрөтөт,

Күндө акылын үйрөтөт.
Бийкечим, курдашың жаман жолукса,
Күмүштөн сырга чаң болот,
Күндө акылың маң болот.

Ү ч ү н ч ү  ж е ң е с и:
Кайран өмүр кыскасы,
Кара кумган туткасы.
Келин алып, кыз бермек,
Кадимден элдин нускасы.

Ай, күйөө дыйкан таанымал,
Бийкечти ай тийбес жерге багып ал.
Ай, күлүстөн күйөө таанымал,
Бийкечти көлөкө жерге багып ал.

Бийкечим, кош көкүл акак сен элең,
Кошулган жеңең мен элем.
Кош көкүлүң өрүлдү,
Коштошуп жеңең бөлүндү.

Жайма көкүл сен элең,
Жандаган жеңең мен элем.
Жайылган көкүл өрүлдү,
Жандаган жеңең бөлүндү.

Ай, күйөө төрө, сизге айтам,
Адырдан качкан түлкү ушул,
Алдында турат күлкү ушул,
Акылын таап жумшасаң,
Акыреттик мүлк ушул.

Ай, күйөө төрө, сизге айтам,
Күңгөйдөн качкан түлкү ушул,
Колуңа түштү күлкү ушул,
Көңүлүн таап жумшасаң,
Кыяматтык мүлк ушул.

Т ө р т ү н ч ү  ж е ң е с и:
Кызыл куурай сайда бар,
Кыз ыйламак кайда бар?

Жашыл куурай сайда бар,
Жаш ыйламак кайда бар?

Торкодон сайма улаган,
Толгонуп ишин сынаган.
Томогодой үйүнө,
Токтогул келип ырдаган.

Эп саймасын улаган,
Эңилип ишин сынаган.
Эшме сайма үйүнө,
Эшмамбет келип ырдаган.

Жакамдагы берметим,
Жакшынакай келбетиң.
Жанда жок чебер бу бийкеч,
Жасалгалуу үйдө өскөн,
Жаамы айылды гүлдөткөн.

Жети тутам тобулгу,
Чаппай калсын атабыз!
Жети торпок, бир атка,
Сатпай калсын атабыз!

Алты тутам тобулгу,
Чаппай калсын атабыз!
Алты торпок, бир атка,
Сатпай калсын атабыз!

Алтындан беле билегиң,
Армандуу беле тилегиң?
Күмүштөн беле билегиң,
Күйүттүү беле тилегиң?

## САРАҢ КЫЗ

*(Жеңесинин кошогу)*

Оокатка кылдың аракет,
Ой, сараң кыз балакет.
Ооруганда бербеген,
Оймоң калды ала кет.

Сабага кылдың аракет,
Сараң кыз, ой балакет.
Сагынганда бербеген,
Саамалың калды ала кет.

Саймалуу жүгөн сала кет,
Саксынып кылсаң аракет.
Самаганда бербеген,
Сар майың калды ала кет.

Кыялап өткөн көч элек,
Кыз өкөөбүз өч элек.
Өйдөлөп өткөн көч элек,
Өмүр бакы өч элек.

Өч деле болсо ыйлайлык,
Кайната көөнүн сыйлайлык.
Кеч деле болсо ыйлайлык,
Кайнене көөнүн сыйлайлык.

Куймалуу жүгөн сала кет,
Кыз, о-ой сараң балакет,
Күсөгөндө бербеген,
Курутуң калды ала кет.

Бекитип жүрүп арткызган,
Белегиң калды ала кет.
Болочокко белендеп,
Бокчоңо баарын сала кет.

Ашканаң оозу бош калды,
Арткан-тарткан аш калды.
Ала кеткин сараң кыз,
Ачыган көжөң көп калды.

Куба курут, сары май,
Жыйылып турду үйүңдө.
Жеңем деп оокат бербедиң,
Сурап турган күнүмдө.

Сарандыгы бийкечтин
Сөөгүмдөн кетпейт тирүүмдө.

Кол кармашып бир жүрүп,
Ойнободум кыз менен.

Оокат ичип жайланып,
Тойлободум кыз менен.
Кайтарганга казанды,
Какайып көнгөн маш эле.

Катуулугу кадимки
Кара асканын ташы эле.
Чык татырбас бул үйдөн,
Кайын сиңдим кас эле.

Кас деле болсок ыйлайлык,
Кадыр-көңүл сыйлайлык.
Кара күчкө какайып,
Карап бекер турбайлык.

Кош билерик, кош шакек,
Кош колуна сала кет.
Урушуп эрмек кылганга,
Жаман көргөн жеңенди,
Учкаштырып ала кет.

## ЖАКШЫ КЫЗДЫ УЗАТААРДА

Б и р и н ч и ж е ң е с и:
Чийбаркыт, жибек киш кылдык,
Чыныгы жарга туш кылдык,
Кызыл баркыт, киш кылдык,
Кадимки жарга туш кылдык.

Кайната деген бир журт бар,
Картайганча сыйлап өт.
Сыйлаганың түшүнөөр,
Сыйлаганың билбесе,
Сыр берип чочуур түшүнөн.

Кайнене деген бир журт бар,
Дасторкон жайып сыйлап өт.

Кадырыңа түшүнөөр,
Кадырыңды билбесе,
Катуу чочур түшүнөн.

Ортон колдой кашыңа,
Оролсун дөөлөт башыңа.
Чыпалактай кашыңа,
Чырмалсын дөөлөт башыңа.

Арча бешик ыргап өт,
Алганың менен жыргап өт.
Кайың бешик ыргап өт,
Күйөөң менен жыргап өт.

Э к и н ч и ж е ң е с и:
Бу кыймылдап бараткан,
Бакини кудай жараткан.
Бирге өскөндү жат кылып,
Бу кызды шундай жараткан.

Буйгага бугунун жүнү чачылсын,
Букардай бактың ачылсын.
Кериге кекилик жүнү чачылсын,
Керидей бактың ачылсын.

**ЭНЕНИН КОШОГУ**

Сүт үстүндө каймагым,
Жүк үстүндө айнегим.
Оозумдагы шербетим,
Жакамдагы берметим.

Балам, көлөкөлүү үйдө өскөн,
Көңүлү менен эрке өскөн.
Балам каалгалуу үйдө өскөн,
Кайгысы жок күндө өскөн.

Эми, жээгинди термелеп,
Теңтушуна берейин.
Куюшканын курмалап,
Курдашына берейин.

## ЭЖЕСИНИН КОШТОШКОНУ

Байыркыдан калыптыр,
Бабур кызын бериптир.
Илгеркиден калыптыр,
Ишим кызын бериптир.

Каркыра сайып кыз кылдык,
Жоолук салып жат кылдык.
Тоту сайып кыз кылдык,
Илеки салып жат кылдык.

Тотунун жүнүн кайрыдык,
Торко илеки буйрудук.
Каркырасын кайрыдык,
Каза илеки буйрудук.

Каркыра сенден жат болсун,
Каза илеки кут болсун!
Тоту сенден жат болсун,
Торко илеки кут болсун!

Алайдан келген алты уруу,
Алты старчын, бир болуш,
Чочуркаба, чырагым,
Чоң атаң конгон чоң конуш.
Чоң конушка конуп ал,
Чоюлган келин болуп ал!

Желкеден келген жети уруу,
Жети старчын, бир болуш.
Карайлаба камыгып,
Кайнатаң конгон кең конуш,
Кең конушка конуп ал,
Кенешман келин болуп ал.

Алтындан бешик ыргап өт,
Алганың менен жыргап өт.
Күмүштөн бешик ыргап өт,
Күйөвүң менен жыргап өт.

Жылгадан жылкынын жүнү чачылсын,
Жылмышпай бактың ачылсын.
Коктудан коендун жүнү чачылсын,
Кокондой бактың ачылсын.

Эшиги кулптуу каалга,
Эмгекчил жанга бергенбиз.
Ак кайың жаагы ий болсун,
Алганың дурус бий болсун.
Көк кайың жаагы ий болсун,
Күйөвүң дурус бий болсун!

## ЭНЕСИНИН КОШОГУ

Ак көшөгө түрө отур,
Азыраак айтам бери отур.
Көк көшөгө түрө отур,
Көрүшөлүк бери отур.

Кара түлкү шакта бар,
Кыз алышып, кыз бермей,
Казак, кыргыз наркта бар.
Ак байгамбар Мукамбет,
Аалыга берген Батманы.

Байгамбар сүннөт бермеги,
Карыганда энеңдин,
Каралашар эрмеги.
Элиң буйруп сен бардың,
Эрмеги жок мен калдым.

Алтындан шакек колго сал,
Абысын билбей кеп айтса,
Асталап айтып жолго сал.
Күмүштөн шакек колго сал,
Күйөөң билбей кеп айтса,
Күлө багып жолго сал.

Күйөөнүн көөнүн кирдетпе,
Күндө бизди тилдетпе.

Алганың көөнүн кирдетпе,
Атаң деп бизди тилдетпе.

Конок келсе жайнаткын,
Кололуу самоор кайнаткын.
Кербез тартып отурба,
Кечинде маарап мал келсе.

Аман бол бактың ачылсын,
Алдыңан каухар чачылсын.
Жайлоонун башы жашыл таш,
Жайма көкүл узун чач,
Далайды көрөр башың жаш.
Кыштоонун башы кызыл таш,
Кыйма көкүл узун чач.
Кыйланы көрөр башың жаш.

## ЧОҢ ЭНЕСИНИН КОШОГУ

Бул жер сизге жалган жер,
Буюрган жериң барган жер.
Латийпа кадыр сен үчүн,
Таркар бекен ичте чер.

Аман бол багың ачылсын,
Алдыңдан каухар чачылсын.
Карыганда энекең,
Көп какшабай басылсын.

Аттанып үйдөн чыкканча,
Күмүштүн сери чачылсын.
Аттанып үйдөн чыкканда,
Күндөй бактың ачылсын.

Ак сандык артма түйөдөн,
Акылман болмок күйөөдөн.
Көк сандык артма түйөдөн,
Көңүлүң өсмөк күйөөдөн.

Алганың жакшы жар болсо,
Айда болот базарың.
Алганың жаман бир болсо,
Анда бир сынат назарың.

Алтындан сөйкө салынып,
Ыргалганың курусун.
Алганың бейсар болгон соң,
Жыргаганың курусун.

Күмүштөн сөйкө салынып,
Ыргалганың курусун.
Күйөөң бейсар болгон соң,
Жыргаганың курусун.

## ЖЕҢЕСИНИН КОШТОШКОНУ

Усталар соккон сар оймок,
Чөнтөгүңө сала кет.
Ойноп кумар жазарга,
Жеңекенди ала кет.

Чий түбүнө ийин казган,
Чычкан тентек турбайбы.
Болумсузга кыз берген,
Атакем тентек турбайбы.

Байпак, маасы кийип ал,
Байбичелик сүрүп ал.
Кепич, маасы кийип ал,
Келинчилик сүрүп ал.

Чалкалап өскөн тал элек,
Чатоороок өскөн бала элек.
Чатоолук калсын бул жерде,
Ой-акыл барсын ал жерге.

Эңкейе бүткөн тал элек,
Эркерээк өскөн бала элек.

Эркелик калсын бул жерде,
Эстүүлүк барсын ал жерге.

Биздин кыз нуска ашыктай,
Биздин кыздын күйөөсү,
Ит мүлжүгөн кашыктай.
Алтымыш ат, алты атан,
Айдап келбейт кайнатаң.

Алты атанга жүк жүктөп,
Бербейт беле өз атаң.
Жетимиш ат, жети атан,
Жеткирип келбейт кайнатаң.
Жети атанга жүк жүктөп,
Бербейт беле өз атаң.

## АЙ ТИЙГИЗБЕЙ БАГЫП АЛ

Алтындан сөйкө тагып ал,
Бийкечке ай тийгизбей багып ал.
Ай тийгизип сен баксаң,
Айтылуу малың келип ал.

Күмүштөн сөйкө тагып ал,
Бийкечке күн тийгизбей багып ал.
Күн тийгизип сен баксаң,
Күйүттүү малың келип ал.

Алтындан сөйкө бурарбыз,
Айчылык жерден сурарбыз.
Барган эл жаман деп айтса,
Өзүбүз барып турарбыз.

Канатын силкпей суу ичкен,
Каркырадай куш кайда?
Каймана жүрүп сыр билген,
Ынагым сендей кыз кайда?

Канатын силкпей суу ичкен,
Каркырадай куш кайда?

Каймана жүрүп сыр билген,
Ынагым сендей кыз кайда?

Тумшугун силкпей суу ичкен,
Турунадай куш кайда?
Топ ичинде сыр билген,
Ынагым сендей кыз кайда?

Шаркырап аккан булагым,
Шарактап ойнор ынагым.
Барганда багың ачылып,
Кутмандуу болсун турагың.

## ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

XIII кылымда жашап өткөн таланттуу бабабыз Кет Бука өзүнүн талантынын күчү менен далай адамдардын жанын алып калган экен. Айтылуу Чыңгыз хандын Жуучу аттуу баласы каза болуп, элдин айласы кетип, хандын каарынан коркуп угуза албай турганда Кет Бука ханга угузган экен.

Жыйнакка угузуунун колдо бар үч түрүн бердик.

1) **ТАИ. Инв. 1302, 226-227-66.** «Туу, туу, туу кучак...»

**Акындар чыгармачылыгынын очерки.** Фрунзе, 1988.

2) **Карамолдо Орозов.** «Унутулгус кездешүүлөр» жыйнагынан. Б.Сабыр уулу. «Алтын боолуу ак шумкар».

3) **Б. Солтоноев жазган. Фондунун 1057-инв.** 95-97-66. «... кээ бирөө Айхандын жалгыз уулу Сатыбалды өлгөндө айткан экен» – дейт.

**Токтогулга Топчубайдын өлгөнүн** Корголдун угузганы. Китепте: Коргол, Фрунзе.

**Инв. 559(5197).** Кулак сал Берди сөзүмө.

## БАЛАГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

Кол жазмалар фондусунан.

**Инв. 575(5213).** Бек уулундай жаш ботом. Таластан жыйналган.

**Инв. 236(447).** Баграмдын кошогу. Ош областынан 1947-жылы жыйналган фольклордук материалдардан. 1933-жылы туулуп, 1938-жылы өлгөн баласын кошкон. Жыйнаган Тайгүрөңов.

**Инв. 733**. Боздотуп кеткен сени айтам. Мамыт өлгөндө апасынын кошогу. Ош областынын Совет районунан жыйналган экспедициялык материалдан. Тоготой айылынын тургуну Орозалиева Майрамдан жазылган.

**Инв. 644(5282).** Ош областынын Ноокат районунан жыйналган фольклордук материалдардан. Өрнөк айлынан 66 жаштагы Жунусова Аширден жазылган. 23 жашар баласы өлгөндө кошкон экен.

1. Чарчы – чарчы, белге курчана турган жоолук.
2. Көн – булгаарынын бир түрү.
3. Сардалдуу – бойго жетүү.
4. Тараша – жарылган (сынык) отун.
5. Бубасы-бабасы.

**Инв. 759(1).** Маталы эки баласы бирдей каза болгондо жоктогону. Кочкор районунан жыйнаган Салык Өмүрбаев, кесиби мугалим.

**Инв. 46(240).** Керимбайдын кошогу. Ушул эле кошок 219-инвентарда да бар. Илгери 16-жылдан мурун Сарбан Сыдыктын гимназиядан окуган Керимбай деген уулу каза болуптур, ошондо атасы кошкон экен.

**Инв. 536(5174).** Айылчиев Ишенаалы 20 жаштагы уулу Салмоорбек кокустуктан каза тапканда айткан экен. Кошок 1966-жылы Суусамырдан пленкага жазылып алынып, кагазга 1967-жылы түшүрүлүптүр.

**Инв. 707.** Карл Маркс колхозу, Жан-Булак айылында жашоочу Насарова Калыймандан жазылган.

**Нурканга.** Бишкек шаарынан. Эгембердиева Турсундан жазылды. 1993.

## ЭНЕГЕ (АПАГА) АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 559(5197).** Барыктуу энем үй көркү. Ушул инвентардагы кошоктордун бардыгынын кай жерден, ким аркылуу жаздырылганы берилбептир. Жыйнаган Мамбетсеитова З. Бишкекте жашаптыр.

**Инв. 559(5197).** Энекем, табагын жууп мис кылган.

**Инв. 731.** Апасы өлгөндө кошкон кошогу. Санам Талканбай кызы айтыптыр. Кара кулжа, Совет району.

1. Алгандастар – тон баалоочулар.

**Инв. 732.** Энесине кошкон кошогу. Алай районунан жыйналган фольклордук материалдар. Сайитова Дильбардан жазылган.

1. Пычагы – бычагы.
2. Сүдүрө – сүйрө.
3. Гардини – элечеги.

**Инв. 758.** Кемпир өлгөндөгү кошок. Жалал-Абад шаары. Бегматова Бүажардан жазып алган М. Зулпиев.

**Инв. 707.** Бурулкандын кызынын кошогу.

**Инв. 707.** Кыз эле шумпай бала эмес. Орто Нура айылынын тургуну Мукамбетова Калыйчадан жазылган.

**Инв. 707.** Жыпар апага арналган кошок.

**Инв. 707.** Мариянын апасына кошкон кошогу. Тянь-Шань району, Куланак колхозу, Абыкеева Мариядан жазылды.

**Инв. 707.** Азаптуу өлүм амалкөй. Ажиева Канымбүбүдөн жазылган.

**Инв. 219(430).** Маананын кошогу. 1923-жылы каза болгондо Шербет деген кызы кошкон.

## АТАГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 575 (5213).** Атага арналган кошок. Эл оозунан жыйналган фольклордук материалдар. Талас району, 1970-жыл. Кошокту айтып берген Кадырбүбү Чирикбаева.

1. Курмушу уруунун аты.

**Инв. 575(5213).** – Карабаш Кудайбергенге арналган кошок. Кушчу элинин болушу Карабаш Кудайбергендин Назаркул деген инисинин кызы Момуналиева Шурутайдан жазылган.

**Инв. 575(5213).** Түркүгүм түптөн сынарбы. 3-дептер, Момуналиева Шурутайдан жазылган.

1. Күнадыр – губернатор.

**Инв. 575(5213).** Алгазынын кызынын кошогу. Кызылбаш, Карабаш сабатар, каймазар уругу. Алгазы да сабатар болгон бирок Карабаш, Кызылбаштарга таарынып жетигенге кирип, ошолордун таламын талашып чабышат. Алгазы тарап жеңилип, ал каза болот. Алгазынын өлгөнүн Үмөтаалы кошокко кошуп Алгазынын кызы Зуурабүбүгө үйрөтөт.

1. Буруш – аттын куйругун түйгөн деген мааниде.
2. Ыйманкул-Алгазынын бир тууган иниси.
3. Дүйшөмбү – Алгазынын жолдошу.

**Инв. 618(5256).** – Атасы өлгөндө кызынын кошкон кошогу. Жуманалиев Асанкандын Таластан жыйнаган фольклордук материалдары. 1972-жыл. Кимден жазылганы белгисиз.

**Инв. 236(447).** 19-дептер. Атасына кошкону. Төлөйкөнден Назаева Саадаттан жазып алган Тайгүрөңов А.

1. Савлетим – сөөлөтүм.
2. Давлетим – дөөлөтүм.

**Инв. 515(5067).** Атасы өлгөндө кошкон кошок. Алай районунаи жыйналган фольклордук материалдар. 1961-жыл. Жыйнагандар: С. Закиров, А. Токомбаева, Б.Кебекова, К. Кудайбергенов.

**Инв. 630(5268).** Абдраим бий каза болгондо кызы Эркебүбүнүн кошкон кошогу. Ош областынын Өзгөн району. Көгүшов Кеңештен жазылган.

**Инв. 513(5032).** Датка атам. Ош, Совет району, 1960-жылы жыйналган. 5-дептер, Кошок Теңизбайдан чыккан Болотбек датканын кызы аркылуу айтылган.

1. Күлүше – Гүлчө.
2. Жагдан – сандык.
3. Садап – седеп.
4. Амма – бардык.

**Инв. 731.** Борой-борой күн жааса. Алай, 1985-жыл. Санам Талканбай кызынан жазылган.

1. Кажары – сайманын түрү, оюу.

**Инв. 612(5250).** Атасы өлгөндөгү кошок. Ала-Бука, 1972-жыл, Жоробекова Шакенден жазылган. Жыйнагандар: С. Закиров, П. Ирисов. К. Ботояров.

**Инв. 62 (256).** Келдибек. Саяк кыргызынын жакшысы Келдибек өлгөндө Аксайкал деген кызы кошкон. Атактуу акын Сагымбай Орозбак уулунан жазган Ысмат Кемпир уулу.

**Инв. 45к 239.** Кыздын атасына кошкон кошогу.

**Инв. 758.** Атасы каза болгондогу кошок. Ленин районунун Рахманжан атындагы колхоздун тургуну Эсенбаев Курманбектен жазып алган М. Зулпиев. 1989-жыл.

**Инв. 660 (5297).** О дүйнө көздөй жол тарттың. Атасына кошкон кошок. Сузак. Ниязалиева Темиржандан жазып алган М. Зулпиев.

1. Козубай, Кочкор деген эки уулу болгон.
2. Гурнадир – губернатор.
3. Илме дос – сайманын аты, допунун ала саймасы.
4. Телеген – кементай.

**Инв. 491(2090).** Сувандын кошогу. Жаңы-Жол району. Аттокуров Токтобайдан жазгандар: С. Байкожоев, М. Түлөгабылов. 1958-ж. «Кайсы жылдарда айтканы эсимде жок. Бул кошок биздин элдин арасында бир топ белгилүү. Алыбек деген манаптын баласы Суван өлгөндө Өтө-Жеңижок анын кыздары Алымкан (кадимки Токтогул ырга кошуп ырдаган кыз), Уулкан, Пейилканга ушул кошокту үйрөткөн экен» – дейт информатор.

**Инв. 650 (5288).** Өзүбек уулу Ашыр өлгөндө анын кызы Асымкүлдүн кошогу.

**Инв. 647.** Өзүбек уулу Ашыр өлгөндө кызы Асымкүлдүн кошогу. «Жангарачтын уулу Сатаркул Өзүбектин уулу Ашырдын бир тууган карындашын алган. Ашыр өлгөндө Сатаркул бир жорго жана беш жүз сом акча берип жиберет. Өзү соодагерчилиги менен жүрүп колу бошобой калат, ошентип, кайнагасы Ашырга топурак салбай калат. Сатаркул ошол бойдон жүрүп бир жылдан кийин келет – дейт айтуучу.

Кошок 1975-жылы Калинин районунун Букара кыштагында жашоочу Айдарканова Макбурадан Ж. Казакбаев аркылуу жазылган.

**Инв.601.**Бaрактын кызынын кошогу.

Барак деген киши Анжиянга барып чечек оорусу менен ооруп келет. Урук-туугандары «жугат» дешип, мал-жаны менен таштап көчө качышат.

Аялы да кетип калат. Бой жеткен кызы «өлсө ак кепиндеп көмөм»-деп жалгыз калып атасын багат. Оорудан түзөлө албай Барак кайтыш болот. Кыз башка жерден киши чакырып, атасын койдурат, күмбөзүн салдырып бүткөндөн кийин көчө качкан туугандарынын артынан жөнөйт. Жан дүйнөсү сезимтал, сөзгө чебер кыз жол бою атасын жоктоп жүрүп отурат.

**Инв. 647(5285).** Акзыйнаттын кошогу.

Торкенттин Бөрү-Булак деген жеринде Байдөөлөт уруусунан чыккан Барак деген киши жашаган. Көк-Кыр жайлоосунун суусун бурдуруп, элге эгин айдатып, бей-бечаралардын башын бириктирип, алсызды алдуу чаап, талап-тоноп турган ошол заманда карапайым калкка тирек болуптур. Барак баатыр 1860-жылдын күз айларында 38 жашында улуу тумоодон каза болот. Жалгыз кызы Акзыйнат 15 жашта экен, эси ооп жыгылып таңга жуук өзүнө келет. «Атамды өзүм кошом» – деп аялдарды тургузуп жиберип кошкон жери экен.

**Инв. 707.** Көп ичинде барк билген. Орозова Каличанын атасына кошкон кошогу.

**Инв. 467(1876).** Аргымак минген алыстан. Талас экспедициялык фольклордук материалдарынан. Айткан Сайра Шамыратова. Жазгандар: С. Байкожоев, Ж. Төлөев.

## БИР ТУУГАНГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 644(5282).** Агасына кошкон кошок. Ноокат районунан Жунусова Аширден жазылган.

1. Сарпай – келинди аларда даярдап кийгизе турган кийимди айтып жатат.

**Инв. 559(5197).** Күлүстөн жаның өткөн соң. Кимден жазылганы белгисиз. Жыйнаган З. Мамбетсеитова.

**Инв. 559(5197).** Эки агасына карындашынын кошкону. Жыйнаган З. Мамбетсеитова.

**Инв. 759(16).** Өмүрбай, Усубалы деген эки бир тууган каза болгондо айтылган кошок. Өмүрбайдын улуу кызы Мүкүштүн кошогу. 1930-жылдар.

**Инв. 214(425).** Инисине айтылган кошок. Токтогул районунан жыйналган фольклордук материалдар. Күйөөсүнөн кара кагаз келип күйүп отурса инисине да кара кагаз келген көрүнөт. Кимден жазылганы белгисиз.

**Инв. 733.** Иниси Жаныш өлгөндө кошкон кошогу. Сузак районунан жазылган. Айтып берген Орозалиева Майрам.

**Инв. 648(5286).** Бүайша эжеге арналган кошок. Жалал-Абад областынын Ноокен районунун тургуну Айтбаева Бүажардан жазып алган М. Зулпиев.

1. *Түе* – төө.
2. *Бокчо* – баалуу. буюмдарды салып түйүп коюучу баштык.
3. *Мукадыр* – дин. жакын, ынак.
4. *Аблия* – олуя.
5. *Гүзөр* – чакан базар, квартал.

**Инв. 707.** Иниси каза болгондо.Тянь-Шань областы, Жан-Булак айылынан Ажиева Канымбүбүдөн жазылган.

Мамат устага арналган кошок.Базар-Коргондун Гөлөгөн айылынын белдүү азаматы Мамат каза болгондо эжелери Салия менен Калчанын кошогу. 1991-жылы жазылган.

1. *Барки* – бариги, жалбырагы.
2. *Дарди* – дарды.
3. *Дүрүя* – кымбат баалуу кездеме.
4. *Камар* – кемер, кур.
5. *Данак* – данек.
6. *Зар* – алтын.
7. *Тан* – таң калуу.
8. *Гөш* – эт.
13. *Давлат* – дөөлөт.

## МАМАТ УСТАГА

Гөлөгөн айылынан Айчүрөктүн агасы Мамат каза болгондо кошкон кошогу. Базар-Коргон району, 1991-жыл.

**Инв. 707.** Кыргыек конгон терекке... Сиңдисинин кошогу.

**Инв. 707.** Көлөкөлүү саябан... Сулайкага арналган кошок.

**Инв. 707.** Көк секи чыга жайлаган... Эжеге арналган кошок.

**Инв. 78.** Күмүштөн кылган үбөлүк... Бир тууганы өлгөндө кошулган кошок.

## СОГУШТА КУРМАН БОЛГОН ИНИСИНЕ, АГАСЫНА, АТАСЫНА АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 236(447)** Агам жок. Ош областынан 1974-жылы Тайгүрөңов тарабынан жыйналган материалдар. Исакова Сабиркандан жазылган.

**Инв. 660(5297).** Зарыпбеков Козубайга эжесинин кошкону. Сузак районунан жыйналган материалдардан. Ниязалиева Темиржандан жазып алган М. Зулпиев. 1976-жыл.

**Инв. 758(3).** Ай тегерек сабы жок... Токтосунов Сырганын кызы Съездден жазып алган М. Зулпиев.

**Инв. 648(5286).** Абытка арналган кошок.

Момушев Өмүрзак менен Орозов Турсункулдан жазып алган М. Зулпиев. Сузак району, Карл Маркс атындагы колхоз, 1974-жыл, 20-сентябрь.

**Инв. 173(384).** Мамасейитов Аалыга аялы Сырганын кошкон кошогу. Алай-Жекендиден 1947-жылы К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 173(384).** Жээнбеков Арпидинге аялы Даткайымдын кошогу. Чоң Алай, Кызыл-Майрам колхозунан Жээнбекова Даткайымдан жазып алган К.Мифтаков.

**Инв. 210(422).** Атаны кокуй таалайым. Ысык-Көл, Даркандан Койчуманова Батыйдан 1949-жылы С.Исраилов жазып алган.

**Инв. 648(5286).** Айтбаев Ысактын аялы Бүажардын кошкон кошогу. Ош, Ленин районунан жазып алган М.Зулпиев.

**Инв. 660(5297).** Ак китебин көтөрүп... Бир тууган иниси Зарыпбеков мектепте директор болуп иштеп

жүргөндө согушка кетип курман болот. Ошондо Ниязалиева Темиржан ушул кошокту келинине үйрөткөн. Жазып алган М.Зулпиев.

**Инв. 214(425).** Асыл мырза манабым. Токтогулдун Үч-Терегинен.

**Инв. 647(5285).** Татыйдын күйөөсүнө кошкону.

**Инв. 650(5288).** Айтайын ички зарымды.

**Инв. 650(5288).** Дабасын табар бар бекен.

## АЯЛЫ КАЗА БОЛГОНДО АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 490(2086б).** Гүлжарым... Ош – Караван району. Жыйнагандар: Б.Маленов, Р. Кыдырбаева.

**Инв. 219(430).** Туяна. 1890-жылдары Мамыр деген кишиден жазылып, 1923-27-жылдары Билим борборуна Б.Солтоноев тапшырган.

**Инв. 459(1859).** Күлжарым . Сарбагыш шатен элинен Саруу уулу Орозбек комузчу Анжиянга кой айдап кеткенде аялы каза болуп калат. Ошондо Орозбек комузчунун аялын жоктогону.

**Инв. 1302.** Дабыр-дубур күн жааса... Жолоочулап кетсе, аялы каза болуп калыптыр. Тоголок Молдодон жазылган.

**Инв. 90(401).** Гүлжарым. Аким аттуу жигит согуштан кайтып келе жатып Барпы акынга жолугат.Акын Акимди үйүнө алып келет. Уул-кызы атасын тааныбай калыптыр, аялы Гүлайым төрт ай мурун каза болуптур. Ошондо Аким аялын Гүлжарым деп кошкон экен.

**Инв. 459(1859).** Санаадан кетпейт амал жок. Бир балалуу аялга үйлөнүп, жаш баласы менен жесир калган күйөөнүн арманы.

## КҮЙӨӨСҮ КАЗА БОЛГОН АЯЛДАРДЫН КОШОГУ

**Инв. 600(5238).** Бек уулундай кайран бек. 1971-жылы Таластан жыйналган фольклордук материалдар. Жазган Б.Кебекова.

**Инв. 600(5238).** Айтса арман козголот. 1971-жылы Таластан жыйналган фольклордук материалдар. Дыйканова Апейден жазып алган Б.Кебекова.

**Инв. 600(5238).** Жаш мырзам. 1971-жылы Таластын Чкалов колхозунун тургуну Ашырова Сааракандан жазып алгандар К.Ботояров, А.Кулматова.

**Инв. 575(5213).** Ай арасы булуттап. Чирикбаева Кадырбүбүдөн жазылган.

**Инв. 618(5256).** Койчунун аялынын кошогу. Талас, 1972-жыл. Сарыбаева Анаргүлдөн жазып алган А.Жуманалив.

**Инв. 559(5197).** Береним сапар сызганбы. Жыйнаган Мамбетсеитова Зина. (ушул инвентардагы кошоктордун дээрлик бардыгы кай жерден, кимден жазылганы белгисиз).

**Инв. 559(5197).** Салынды аялдын кошогу.

**Инв. 559(5197).** Күйкөнүн кошогу.

**Инв.559(5197).** Какештин кошогу.

**Инв. 236(447).** Ай асмандын боору экен. Ош обл. Төлөйкөндөн Назаева Саадаттан 1947-жылы Тайгүрөңов жазып алган.

**Инв. 169(380).** Кыдыр удайчиге аялынын кошогу. «Илгерки убакытта Кокон заманында Алимбек датка Кокондо Кыдыр удайчи экөө бир күнү өлтирилген экен. Кыргыз Кыдыр удайчинин катыны Ашал датка эрин кошкон экен» – деген билдирүү бар экен. Ноокат, 1947-жыл. Эшимбек Умановдон жазып алган К.Мифтаков.

**Инв. 515(5067).** Көтөрбөскө айлам жок. Алай. Токтогазиев Асылбектен Закиров, Б. Кебекова, А. Токомбаевалар 1961-жылы жазып алышкан.

**Инв. 426.(1.623).** Мергендин аялынын кошогу. Баткен району, Коммунизм колхозу, Тайтөрө Батыркулов жазып алган.

1. *Гөш* – эт. .
2. *Товар* – тувар, кездеменин бир түрү.
3. *Пилте* – милте.
4. *Жоолап* – тазалап
5. *Ада* – түгөтүп айткыча деген маанини берген.

**Инв. 513(5032).** Атаң адис мергеним. Ош Совет району, 1960-жылы жыйналган.

1. *Билтең* – милтең.
2. *Айлин* – айылын.
3. *Гөшкө* – этке.

**Инв. 612(5250).** Кан ажыга токолунун кошкону.

Жаңы – Жол, Ала-Бука. 1972-жыл. Мамакеев Асамкулдан жазып алгандар: С. Закиров, П. Ирисов, К. Богояров.

**Инв. 759.** Келдике Мухаметкалый каза болгондо аялы Бурулдун кошогу. Бул папкада 5 дептер бар экен. Дептердин ички бетинде Өмүрбаев Салыктын өз колу менен «Жыйган жана кагаз бетине түшүргөн Кочкор району, Комсомол совхозунда туруучу Салык Өмүрбаев 1917-жылы туулган, кесиби биология мугалими, азыр пенсионер, уруусу багыш, уругу келдике» деп жазганы бар. Кабыл алган Р. Сарыпбеков 1989-жыл 21-май.

**Инв. 759(1).** Сырганын кошогу. Төрөгелди манап тирүүсүндө аялдарына коштурган. Биринчи аялы Сырганын кошкону.

**Инв. 759(1).** Самагандын аялы Сейилдин кошкон кошогу.

**Инв. 759(1).** Мурсалы каза болгондо аялы Кумалактын кошогу.

**Инв. 658(5295).** Медербек Жантаевге аялынын кошогу. Жазган Иманкулов М.

**Инв. 62(256).** Орозой уулу Арпабай каза болгондо, өлөрүнөн бир жума мурун алган колуктусунун кошогу. Жазган Ысмат Кемпир уулу.

**Инв 225(436).** Сардали бегим жоктоюн. Чаткал, 1947-жыл. Айткан Айылчиева Тургун, жазып алган М. Мураталиев.

1. *Килим* – килем.
2. *Довран* – доорон.
3. *Пал* – бал.
4. *Бие* – бээ.
5. *Панде* – пенде.
6. *Жаван* – сандыктын бир түрү.

**Инв. 600(5297).** Көңүлдө көп кеп бар эле.Сузак. 41 жашында каза болгон күйөөсүнө кошкон кошогу. Ниязалиева Темиржандан.

**Инв. 214(425).** Чылбырың учун дат басты... Кызыл-Кыя. Күйөөсү өлгөндө Мамажанова Салыянын айткан кошогу.

1. Покчо – түйүнчөк (аялуу буюмдарды, кездемени чогултуп түйүп койгон түйүндү айтат. -

2. Товар – тувар, кездеменин аты.

**Инв. 551(5189).** Көрүнбөй кеттиң кайран эр. Фольклордук диалектологиялык материалдар (согуш мезгилинде) Базар-Коргондун Акманынан, Анар Койчиевадан жазып алган Элебаева (Бакинова) Гүлжамал.

1. Амияң – намиян.

2. Шывак – шыбак.

**Инв. 492 (2092).** Зардали бегим жоктоюн. Ала-Букадан 1958-жылы С. Закиров, А. Токомбаевалар аркылуу жыйналган фольклордук материалдан. Айткан Стамов Сейит.

**Инв. 165 (378).** Атарга мерген жок калды. Мергендин аялынын кошогу. Жалал-Абад областынан 1947-жылы жыйналган фольклордук материалдардан. Жыйнаган А. Чоробаев.

**Инв. 389 (187).** Көк жалымын казалы. Чаткал районунан жыйналган фольклор. Айткан Айдыралиева Тилде, жазган Мураталиев М.

**Инв. 648 (5286).** Байгозуев Султандын аялынын кошогу. Ленин району, Байгозуева Ырыстан жазып алган М. Зулпиев.

**Инв. 551 (5189).** Кыяматтык жолдошум. Жалал-Абад (согуш мезгилинде жыйналган фольклордук материалдардан) 1946-ж. Жазган Бакинова Гүлжамал.

**Инв. 513 (5032)а.** Күлөсалдын күйөөсүнө кошкон кошогу.

**Инв. 707.** Алимандын күйөөсүнө кошкону. Тянь-Шань, Оттук айлы, Байбосунова Алимандан жазылган.

**Инв. 707.** Күмүшүң жерде дат алды. Тянь-Шань. «Коммунизм» колхозу, Суранова Күмүштүн кошогу.

**Инв. 707.** Кайнатасы менен күйөөсү тең өлгөн аялдын кошогу. Жданов колхозу Ийри-Суу айлы Баатырканова Рысбүбүдөн жазылган.

**Инв. 707.** Калыйчанын күйөөсүнө кошкону. Куланак. Орозомамбетова Калыйчадан жазылган.

**Инв. 459.** Базаркулга аялынын кошкону.

Мамат устага.

Карайып турган дарактын... Базар-Коргондун Гөлөгөн айылынын белдүү адамы Мамат каза болгондо аялы Ибадаттын кошкон кошогу. 1991-жыл. «Мундуз» колхозу, Гөлөгөн айылы.

**Инв. 459 (1859).** Бисмилда деп баштайын... Бекбача Көбөн. Салы деген аялынын кошогу.

Минген атың кер жорго...

Күйөөсү каза болгон аялдын кошогу.

**Инв. 542 (5180).** Зууракандын кошогу. Эмгектин баатыры атактуу Зууракан Кайназарова күйөөсү каза болгондо кошкон. Сокулук району.

**Инв. 502 (4017).** Кайгырган бейбак унчукту. Тогуз-Торо, «Бирдик» колхозу, Мөкүш Эмилбековадан жазылган. Жыйнагандар; С. Закиров, С. Байкожоев.

**Инв. 78 (278).** Жар боорунда жалбызды... Айткан Арууке Байбек кызы. 1923-жыл.

**Инв. 219, 385(1264).** Күлойрон . Аялы Чынынын кошогу.

## БИРӨӨ КОЛДУУ КАЗА БОЛГОН АДАМДАРГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 559 (5197).** Эңкейиште эр сайган... Эри сайыштан өлгөн аялдын кошогу. Жыйнаган Мамбетсеитова З.

**Инв. 20 (213).** Айтайын муңдуу өлүмдү... Айыгышкан тап күрөшүндө шейит кеткен агаларына Садыр Шамыркан уулунун айткан кошогу. Нарын, 1922-жыл, 26-сентябрде Садыр Шамыркан уулунан Сапарбай Соронбай уулу жазып алган.

**Инв. 214 (425).** Ак терек башы бойлуу... Чоң Ормон киши колдуу болуп өлгөндөгү кошок. Үч-Терек, Токтогул.

**Инв. 90 (401).** Жарым көңүл атамдын... Барпы акындын жалгыз кызы Умсундун абасы Болот киши колдуу болгондогу кошогу.

## ЖЕК-ЖААТТАР АРКЫЛУУ АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 648 (5236).** Самсалиевге арналган кошок. Сузак районунун прокурору Самсалиев 1965-жылы дүйнөдөн кайткандагы кошок. Кошокту Шайдан айлынын тургуну Айтбаева Бүажардан жазган М. Зулпиев.

**Инв. 648 (5286).** Токтогулов Манапбайга. Ленин районунан жазып алган М. Зулпиев. Айткан Жумабаева Алтынчач.

**Инв. 648 (5286).** Кусарова Сайкал апага арналган кошок. Кошоктун баш жагында «Кыргыз ССР Жогорку Советке депутат, Рахманжан атындагы колхоздун атактуу бригадири Кусарова Сайкалга арналат». «Арал» совхозунан Байкозуева Ырыс айткан – деген билдирүү бар.

## КЕЛИНГЕ АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 612(250).** Саадатка кайнежесинин кошогу.

Ала-Бука району, 1972-жылы Дөөлөталиева Жыргалдан жазылган.

**Инв. 618(5256).** Келинине кайненесинин кошогу.

Талас , 1972-жылы А.Жуманалиев жыйнаган.

## ТУЛ КАЛГАН КЫЗДЫН КОШОГУ

**Инв. 459(1859).** Салтанаттын кошкон кошогу.

«Мурунку заманда Сарыкөбөн деген жигит Салтанат деген колуктусун алмакчы болуп күйөөлөп жатыптыр. Той-тамаша бүтүп, Салтанатты эртеси узатмакчы болуп жатканда төө айдап келе жаткан бир киши айлына «токойго марал кирди»-деп кабар кылат. Сарыкөбөн мерген жигит экен, мылтыгын алып токойго кирген маралды атамын деп чаап барса марал эмес, жолборс экен... Салтанат Сарыкөбөндү жолборс өлтүргөнүн угуп, бычак менен жарынып өлөйүн дегенде, жакшы көргөн эки жеңеси Салтанатты кармап калышат. Ошондо Салтанаттын айткан кошогу» – деген билдирүү бар. 1925-жылы Нарындан атактуу ырчы Молдобасан Мусулманкул уулунан жазылган. Ушул эле кошок 219-инвентарда да бар, анда 1922-жылы жазылган делет.

**Инв.45к(239).** Күйөөлөгөн жигитине кошулган кошок.

Атасынын төрүндө отурган кыздын күйөөлөгөн жигити каза болуп калат. Ошондо кыздын кошкон кошогу.

## ЭПОСТУК КААРМАНДАРГА АРНАЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 46(240).** Курманбек. Курманбектин аялынын кошогу. «Курманбектин атасы маңгыт деген элден чыккан Жанчаркан деген хан болгон, балалуу болбой, кичүү катынын ээрчитип, мазарларга сыйынып жүрөт экен. Күндөрдөн күн өтүп, бир мазарга келип тайынып түнөп калат. «Ээ, бечара, сен балалуу болосуң, эркек тууса атын Курманбек кой, кыз тууса өзүң билип коюп ал» – деген үн угулат. Ошол окуядан кийин эркек балалуу болот. Курманбек баатыр чыгып, эл-журтун тышкы душмандарынан коргоп турат. Курманбектин кабарын угуп Ун деген шаардан бир катын качып келип Курманбекке тиет. Ошол катыны тууп балалуу болот. Баласы алты-жетиге келип калганда бир калмактын ханы менен урушмак болуп, атасынан Телтору атты сурatat. Атасы бербей коет, ошол себептүү Курманбек өлөсөлүү болуп Аккан досуна жолугат. Курманбекти табыптарга салып айыктырып, экөө кайра тартышат. Ошондо Курманбек «Менин катыным Ун деген шаардан качып келип мага тийди эле. Эси жок болсо мен жоого аттанганда өлбөгөндө эмине болот деп, баламды таштап качып кеткендир, эси болсо баламды багып отургандыр. Катыным үйдө болсо мени өлдү деп угузуп, кошогун ук. Жок болсо баламды эркелетип тура бер» – деп, Акканды алдыга жиберди…

Сузактан Шамши деген комузчудан жазылган.

**Инв. 187(398).** Кожожаш. Чаткал районунан жыйналган фольклор. Жыйнаган М. Мураталиев.

**Инв. 536(5174).** Карагул ботом. Сокулук районундагы Карл Маркс колхозунда жашоочу 1893-жылы туулган Ракматов Кайдылданын айтуусу боюнча жазылган. Ал элдик чыгармалардан «Саринжи-Бөкөй», «Жаныш-Байышты», «Кедейкан» сыяктуу чыгармаларды билет» – деген маалымат бар.

**Инв. 4(197).** Олжобайды Кудаке өлтүргөндө Кишимжандын айткан кошогу.

**Инв. 4(197).** Олжобайдын аялы Чачыкейдин кошогу.

## АКЫНДАР АРКЫЛУУ АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

**Инв. 491 (2090).** Улакчы Кыдыр өлгөндө Жеңижоктун кошкону. 1958-жылы Жаңы-Жолдук Аттокуров Токтобайдан жазып алгандар: С. Байкожоев, М. Түлөгабылов.

**Топчубай.** Токтогул акын сүргүндөн келгенче жалгыз баласы Топчубай өтүп кеткен болот. Баралына келгенде атасынан кем калбаган акын боло турган таланттуу бала экен. Коргол ырчы угузгандан кийин Токоң баласын кошуп турган жери экен.

Китепте: Токтогул. Мурас-сериясы. «Адабият» басмасы-1989-жыл.

**Жеңижок каза болгондо** Токтогулдун жоктогону. Китепте:«Кыргызстан» басмасы, 1982-жыл, 215-бет.

**Токтогул дүйнөдөн өткөндө** Корголдун жоктогону.

Китепте: Коргол, «Адабият» басмасы, 1993-жыл.

**Инв. 90 (401).** Барпы акындынБолот деген агасын басмачылар өлтүрүп кетишет. Болот айыл активи болуп иштеп, жаңы турмуштун жактоочусу болгон. Жазган Бурул Парпиева. 1948-жыл.

**Инв. 90 (401).** Барпы акындын жалгыз уулу Керез чарчап калганда кошкон кошогу. Жазган Б. Парпиева 1948-жыл.

1. Габарым – көөхарым, кымбат баалуум деген мааниде.
2. Гаңгиратип – каңгыратып.

**Инв. 90 (401).** Учар кушта бир канат... Кызы Умсун каза болгондо Барпы акындын кошкон кошогу.

1. *Калачим* – көлөчүм.
2. *Дидариңды* – өңүңдү.
3. *Дализ* – кире бериш.
4. *Паныз* – чырак.
5. *Габардай* – көөхардан.
6. *Макам* – бекем.
7. *Пасида* – алдында.
8. *Напаздариң,* – демин, кысылып, дем алалбай деген мааниде.
9. *Пурсат* – күтпөй.
10. *Жигарим* – бир боорум.

11. *Намыгып* – нымыгып, тердеп.

12. *Кия* – өсүмдүк, чөп, тал ж. б. билдирет.

13. *Аса* – аса-муса таяк.

**Инв. 542.** Кайран Ашыр өттүң го... Өзбектин уулу Ашыр 1923-жылы каза болгон, ошондо Осмонкул Бөлөбалаев менен К. Акиев экөө келген. Кошкон К. Акиев.

**Инв. 62 (256).** Такабай Сыдыктын аялына атактуу Жакшылык ырчы Сарык уулу үйрөткөн. 1927-жылы Каракол кантонунан Жакшылык ырчыдан жазылган.

**Инв. 502 (4017).** Тоголок Молдонун Чоюбекти жоктогону.

**Инв. 125 (331).** Калык акындын иниси Бектурганды жоктогону.

**Инв. 125(331).** Калык Акиевдин Ыса болушту жоктогону. 1946-жылы жазылган.

**Инв. 645(5284).** Эшмамбет ырчыга арналган кошок. «Эшмамбет ырчы 1926-жылдын жай айларында Чекти деген жайлоодо каза болот. Сөөгүн төөгө жүктөп келип Көк-Жар деген көрүстөнгө коюшкан»-деген маалымат бар. Курман ырчы мүрзөнүн үстүндө жоктоп турган экен. Таластан 1970-жылы жыйнаган Тургуналы Жолоев.

**Инв. 31(169).** Анаркүл акындын күйөөсү Бөрүбай акынды жоктогону.

## ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАРГА АРНАЛГАН КОШОКТОРДУН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**Бабур падыша.** К. Рыскуловдун «Нурмолдо» деген кол жазма жыйнагынан. Анжиян дубаны, Айым аймагы, Ысмайыл Эшмамбет уулунун дептеринен. 1963. 1-февраль.

Бабур Захиреддин Мухаммед (1483-1530) Тимурилер тукумунун 12 жашар мураскору. 1504-жылы көчмөн өзбектер Бабурду Орто Азиядан кууп чыккан. Бабур ошол эле жылы Кабулду багынтып алган. 1525-жылы Индияны каратып алып, Улуу Моголдор Мамлекетин негиздеген, Батыш, Чыгыш, Ооганстанды,

Пенджабды, Ганг өрөөнүн багынтып алган. Бабур Бабур-наме деген атактуу китептин жана да лирикалык ырлардын автору болгон. (СКЭ).

1) Бүтүгүн – китебин.
2) Билегендер – философтор.
3) Башара – келбети.
4) Бектербек – бектин кыйыны.
5) Үндүгө – Индиге.

**Атаке.** Аблай хан туралы жыр. Ч. Ч. Валиханов. Жыйнактардын томдугу. 1-т. 264-265-беттер.

Атаке Тынай бий уулу. Атаке баатыр XVIII-кылымдын 2-жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруусун бийлеген бий. Ал 1785-жылы Россияга өзүнүн алгачкы элчилерин жиберип, соода-сатыкты жолго салууга аракет жасаган. 1825-жылы Кокон хандыгынын кысымынан сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү менен Ысык-Көлгө журт которуп кеткен. Абылай хан колдуу болгон.

**Бүргө.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 219 (430), инв. № 385. Эл баатырынын аты. ХУШ-кылымда жашап өткөн. Элди баккан, кара кылды как жарган калыс киши болгон. «Калкыңдын тили, энеңдин тили, жетекчи киши калкынын кулу» – дечү экен. Ууланган устара менен чачын алган бузуктун колунан каза табат.

**Ормон хан.** Кол жазмалар фондусу. Инв.219(430). Ормон хан сарыбагыш уруусунун Эсенгул уругунан. Чүй, Ысык-Көлдүн бир белүгүндөгү бугу, саяк, солто, сарыбагыштар хан көтөрүшкөн. XIX-кылымдын ортосунда кыргыздарды бириктирүүгө аракет кылган. Кыргыздарга жортуул жасап, талап-тоноп турган казак султаны Кененсарыны айлакерлик менен жеңген. XIX-кылымдын 50-жылдарынын башында Кокон хандыгына каршы көтөрүлгөн элдин башында туруп жеңишке жетишкен. 1854-жылы ордо атышып, чыр чыккан, ошонун акыры Ормондун өлүмү менен бүткөн. Бугу уруусунун манабы Балбай тарабынан өлтүрүлгөн. Кошокту Ормондун Кулан аттуу кызы кошкон.

1) Ормонду Бакең сайганда – Баке деп Балбайды айтып жатат. Балбай сарыбагыштын жылкысын тийип жүрүп, колго түшөт да Ормонхандын буйругу ме-

нен эки жыл ордо жатып чыгат. Бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосундагы ички чыр-чатактын себепчиси болгон.

2) Төрөгелди Ормонхандын кол башчысы болгон. Ормонхан өлгөндө Пишпектеги чепте камоодо жаткан, кийин Ормонхандын кунун кууп келип колго түшүп, үч жылдан кийин кутулган.

3) Сарапчы – соот, чарайна.

4) Бир Кылжырдын баласы.

**Шамен.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 202 (414). Сарыбагыш элинин чоң манабы Шамен каза болгондо Сагымбай Орозбак уулунун айткан кошогу. 1948-жылы Атбашыдан Абдрахманов Ибраим жыйнаган.

**Төрөгелди.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 759. Төрөгелди Абайылда уулу сарыбагыш уруусунун черикчи уругунан чыккан манап. Ормонхандын кол башчысы болгон. Кочкор өрөөнүн жердеп турган. 1865-жылы орус бийлигине аргасыздан баш ийген. Тирүүсүндө аялдарын сынамакка кошок айттырса, башка аялдары кошо албай коюшуптур, ошондо биринчи аялы Сырга кошкон экен.

**Жантай.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 459. Жантай Карабек уулу сарыбагыш уруунун тынай уругунан чыккан манап. 19-кылымдын 40-жылдарынын башында Ормонханга баш ийип турган. Жоолашып калган бугу, сарыбагыш урууларын элдештирүүгө аракет жасаган. 1859-жылы орустардын аскердик чалгындоо саякатына жардам берген. 1862-жылы орус букаралыгына өтүп, Кокон бийлигине каршы чыккан. 1863-жылы Алымкул датка менен Сейит Султандын өзүнө жазган каттарын Колпаковскийге өткөрүп берген.

**Тайлак баатыр.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224). (1800-1839) кыргыз элинин Цин империясынын баскынчылыгына жана Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөшүнүн жетекчилеринин бири. Ак-Талаанын Куртка айлында туулган. Тайлак баатыр башкарган көтөрүлүшчүлөрдөн чочулаган кокондук бийлик ээлери дарылайбыз деген шылтоо менен табып жиберишип, уулантып өлтүртүшкөн.

А. Чоробаевден 1941-жылы жазылган.

**Алымбек датка.** Кошок «Сен сүйгөн обон» деген китептен алынды. Бишкек, 1992-жыл.

19-кылымдын 50-60-жылдарында Кокон хандыгынын ордосунда чоң роль ойногон. Шаа-Мураттын бийлиги учурунда вазир болуп турган. Бийлик талашкан Алымкул аталык тарабынан өлтүрүлгөн.

**Даткайым.** К. Рыскуловдун жыйнаган материалдарынан. Айтылуу Алайдын ханышасы Курманжан даткага арналган кошокту Нурмолдо кошкон экен. Анжыян дубаны, Айым аймагынын тургуну Ысмайыл Эшмамбет уулунун дептеринен жазып алган К. Рыскулов. 1963-жыл.

**Курманжан датка.** К. Рыскуловдун жыйнаган материалдарынан. Курманжан датка (1811 -1907) алайлык кыргыздардын башкаруучусу. Оштун аймагын жердеген муңгуш уруусунун баргы уругунан чыккан. Күйөөсү Алымбек датка өлтүрүлгөндөн кийин Алайды башкарууну өз колуна алган. 1864-жылы Кокон хандыгына каршы көтөрүлгөн кыргыздардын күрөшүн басуу үчүн Ошко келген Саит Музаффар-ад – Дин Курманжанга кезигип, алайлык кыргыздарга анын таасири күчтүү экенин байкап Курманжанга «датка» наамын ыйгарган. Кыргыз урууларынын ичиндеги ички чыр-чатактарды болтурбоого, биримдикти сактоого өз үлүшүн кошкон. Кокон хандыгы жоюлгандан кийин Кыргызстандын түштүгүн Россиянын букаралыгына өткөрүү жөнүндөгү талапка каршы болуп, алайлык кыргыздар Кашкарга чектеш Көк-Сууга көчүп кетишкен. Акыры, элдин тагдырын ойлогон Курманжан датка 1876-жылы Россиянын карамагына өтүүгө макулдугун берген. Падышалык өкмөт ага сый-урмат иретинде «полковник» чинин берген.

Ысмайыл Эшмамбет уулунун дептеринен. 1963-жылы жазып алган К. Рыскулов. (чебересинин кошогу).

**Курманжан датка.** К. Рыскуловдун жыйнаган материалдарынан (келинининин кошогу) Ысмайыл Эшмамбет уулунун дептеринен 1963-жылы жазып алган К.Рыскулов.

**Байтик.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 542. 19-кылымдын 60-жылдарынын башында Кокон хандыгы-

нын эзүүсүнө каршы күрөштүн башчыларынын бири, Чүй өрөөнүндөгү солто уруусунун атактуу манабы. Россия менен байланышты чыңдоого чоң роль ойногон, өкүл катары падыша сарайына чакырылып орден, медаль ж. б. баалуу сыйлыктарды алууга татыктуу болгон.

1) Битирбор – Петербург.

2) Орунбор – Оренбург.

Найманбай ырчынын кошогун Кант районунун Аламүдүн совхозунда жашоочу Калкабаев Мырзакмат айтып берген.

**Байтик.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 359. 1. Ыракматулла – Рахматулла бек Кокон бийлигинин Пишпек чебиндеги башкаруучусу. 1861-62-жылдары бийлик кылган. Кыргыздарды кордоп, зордук-зомбулук кылып турган. 1862-жылы жан-жөкөрлөрү менен мейманга чакырып туруп, Байтик өлтүрттүрүп таштаган. Рахматулла бек Кокон хандыгынын Чүй боорундагы акыркы башкаруучу болгон, анын өлүмүнөн кийин Кокон хандыгы өкүл жиберүүгө дааган эмес.

Байтик. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 542 (5180), 6-дептер. Жыйнаган А. Токомбаева. Кимден жазылганы белгисиз.

1) Насирет – лазарет.

**Шабдан.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 602 (5240). (1839-1912) Чүй, Кемин өрөөнүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап. Жантайдын уулу. Россиянын карамагына өтүү үчүн Жети-Суу аскер губернатору менен тыкыс байланышта болуп, ак кызмат өтөгөн. Кызматын баалаган орус падышалыгы 1883-жылы аскер старшинасы деген наамды көтөрүлүшчүлөрдүн каршылыгын басууда жазалоочу отрядды коштоп, жол көрсөтүп жүргөндүгү үчүн берген. Ошону менен бирге эле Шабдан элдин турмушуна жаңы ачылыштарды кийрип, отурукташтырууга, балдарды окутуу үчүн медресе ачтырып, окууга жиберүүгө өз салымын кийирген.

1) Богон – погон. Аскердик даражаны көрсөтчү белги.

2) Атрет – отряд.

3) Сааба (ир.) – сахаба, максатташ, шериктеш.

4) Календер – дубана.

«Кадимки Шабдан 1912-жылы апрель айында дүйнөдөн кайтат. Шабдандын Төлө деген иниси бийик мунар орноттуруп Сагымбайды отургузуп көпчүлүктүн алдында Шабдан жөнүндө кошок коштурат. Кыргыздын кернейин кернейчиге тарттырат. Сагымбайдын кошогун керней коштойт. Эң көп айткан, өздөштүрүлгөн үзүндүнү гана бердим» – деп жазган Ы. Абдрахманов.

**Шабдан.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 514.

Ысак Шайбеков тарабынан 1912-жылы жазылган. Арапча кол жазмасы 39 бет.

1) Мархумай – маркум.

**Абдыллабек.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 551 (5189). Алымбек датка менен Курманжан датканын уулу. 1876-жылы Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшкө катышкан. М. Д. Скобелев жетектеген аскердин баскынчы жортуулуна каршы күрөшүп, жеңилип калган. Ооганстанга ооп кетип, ошол жакта каза болот. (зайыбынын кошогу).

1) Оувган – Ооганстан.

2) Касал – оору.

Согуш мезгилинде жыйналган фольклордук-диалектикалык материалдардан. Базар-Коргондук Анар Койчиевадан жазып алган Г. Элебаева – Бакинова.

**Байгашка.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 66 (260). Айтылуу Балбай баатырдын уулу. Орус баскынчыларынын колуна түшүп, түрмөдө жаткан Балбай ууландырылат. Ууга уукан Балбай өлөөрүн билип армандын айтат. Ошол армандын ичинде өзү кармалаардан бир аз мурун а дүйнө кеткен уулу Байгашкага арнаган кошогу да бар экен.

1927-жылы Тоң болушу, Төрт-Көл айлынан Казакбай Орок уулунан жазып алган Насирдин Ботой уулу.

**Чоко.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 459 (1859). Нарындын Атбашысын жердеген белгилүү манап болгон. Осмонали Сыдыковдун «Тарих кыргыз Шадманиясында «Бир ажайып адам болчу. Акылдуу, сөзмөр, өмүрүндө бир адамга жаман айтып сөгүшпөгөн, урушпаган, дайыма китеп, гезит, журнал караган, тарих

окуган» – делип берилгенине караганда өз учурунун билимдүү адамы болгону көрүнүп турат.

I. Аптиек (ир.) – Курандын жетиден бир бөлүгү. 1) Революцияга чейинки мектептерде окутулган окуу куралынын аты.

1) Калас

2) Быржыбалда – Пржевальскийде.

3) Сыязда – съездде.

4) үйөздөр – уезддер.

**Ысагалы.** (ортончу аялынын кошогу). Кол жазмалар фондусу. Инв. № 62 (256). Ысык-Көлдүк манап. Орус баскынчыларына каршы чыккан кыргыз элинин башында болгон. Жазалоочу отряддын алдын тосуп, үркүп бараткан элди аман сактап калууга чоң аракет кылган. Үркүндөн кийин орус баскынчылары колдуу болуп өлтүрүлгөн.

Кармышак ырчыдан жазылган. Кошокту ортончу аялы кошкон.

**Ысагалы.** (аялы Маркатайдын кошогу) Кол жазмалар фондусу. Инв. № 459 (1859).

1) Бакыр – кедей, жарды.

2) Мискин (ир.) – байкуш, бечара, тентиген, жайсыз адам.

3) Калыйпа, Султан (ар.) – 12-кылымга чейин Арап халифтигинин башкаруучулары.

4) Бөлкөвнүк – полковник.

5) Үйөң – уезд.

6) Бобуске – повестка.

7) Жандыралы – жандарм.

**Чыныбай.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 459 (1859). Ысык-Көлдүк манап. Там салдырып, бак отургузуп отурукташууга өз салымын кошкон. 1890-жылдар чамасында жашаган. Кол жазмада: «Өзү өлбөстөн мурун туштa жатып 13-14 жаштагы кыздарына коштурган экен» – деген билдирүү бар.

1) Сыяз – съезд.

2) Добогер – доочу.

Кошок 1923-жылы Талас, Калба-Кашка-Сууда Атай Огонбай уулунан жазылган. 1954-жылы китеп кылып чыгарууга даярдалган инвентардан. Ы. Абдрахманов түзгөн.

**Чыныбай.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 459 (1859). Чыныбай каза болгондон кийин байбичеси Телегейдин кошкону.

1) Апторой – жер бети, жер жүзү, бардыгы.

2) Ак абайы – кымбат баалуу кездеменин түрү.

Чыныбай. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 459 (1859). Кичи аялы Айчолпондун кошогу.

**Баатыркан.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 546. 19-кылымдын 2-жарымында жашаган алакөз каба уруусунун бийлөөчүсү.

1).Мунажат (ир.) – кудайга, теңирге жалынуу. Кошоктун мазмунуна караганда баатыр чанып таштап, күнүлөрүнүн кордугун тарткан зайыбы кошкон көрүнөт. Байгазы келини Бүбүдөн жазып алган Мамбетсеитова Зина.

**Балбак.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 62 (256). Эл бийлеп, кыйын чыккан Балбак чоң атасына арнап, ал тирүү кезинде күмбөз салдырат. Жазмыштын жазганынан кайда качат, чоң атасынан мурун өзү ажал таап, ошол күмбөзгө өзү коюлат.

**Балбак.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 526 (5127) «а». Түп районунан айткан Эсекеев Буурабай. Жыйнагандар: С. Байкожоев, А. Токомбаева, С. Закиров ж. б.

**Балбак.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 1305. «Балбак манап кошогу» Сагымбай акын Орозбак уулу 1924-жылда тапшырылган. Билим борборуна. Балбак 1888-жылда өлтүрүлгөн» – деп жазылган. Бул кошок М.Татыбеков тарабынан китеп болуп чыгууга даярдалган инвентарда экен. 1940-жылы басмага уруксат берилгенден кийин «...как не имеющих ни какой ценности с точки зрения изуч. кирг. истории и языка...» – делип көпчүлүгү кыскартылып кеткен. Жогорку келтирилген билдирүүдөн кийин кошоктун тексти алынып ташталган, ошол себептүү качан, ким аркылуу жазылганы белгисиз. 219-инв.

1) Сиркеүл – Сибирь.

2) Омор, Осмон – (дин) пайгамбарлардын аты.

3) Азирет Аалы – (дин) пайгамбардын аты.

Кошоктун текстти Молдо Кылычтын чыгармалары топтолгон 1305-инвентардан алынды.

**Жанек баатыр.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 459 (1264). Ысык – Көлдүк манап. Желдең уруусунан. 1922-жылы Нарындын Эсенгул болушунун кишиси Алтай Айдарбек уулунан жазылды» – деген билдирүү 385-инвентарда бар. (аялы Эркегандын кошогу).

1) Накер өтүк (ир.) – тумшугу кайкы өтүк.

2) Керимсел – ысык жел.

**Бошкой.** Кол жазмалар фондусу. Инв. 55 (249). Солто элинин манабы.

1) Ылажы – айла, амал, арга.

2) Дидар – жүз, өңү.

3) Жамбы – ар кыл калыпта жана салмакта алтындан же күмүштөн куюлган куйма. 18-кылымдын экинчи жарымынан баштап Чыгыш Түркстанда акча ордуна жүргөн.

4) Сөлкөбай – бир сомдук, элүү тыйындык күмүш акча.

5) Манат – баркыт.

Кошок Бошкой баатырдын тууганынын кызы Божек Шекербековадан Таластын, Орто-Кошоюнда 1923-жылы жазылган. 29-июнь.

**Осмон.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 385 (1264). «Осмон көл башында, тагай уруусу, болуш болуп жүргөндө колуктусун алып келүүгө барганда жер титиреп тамга басылып өлүптүр. 1924-жылы Каракол кантонунда жыйналган» – деген маалымат бар.

Кошокту аялы жана кызы кошкон экен.

**Алгазы.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 575. Алгазы Таластын кушчу-сабатар уруусунун жакшыларынын бири. Арап, Чал бир тууган экен. Чалдан Карабаш-Кудайберген, Алыйман, Назаркул, ал эми Араптан Алгазы жалгыз болот. Болуштук талашуудан жаатташып жалгыз Алгазыны басмырттап кетишет. Алгазы аз уруу жетигенге жан тартып «Молдобай болуш болсо» дейт. Касташкан Карабаш-Кудайберген Алгазы тарапка кысым көрсөтүп: «Алгазы жакырды болуш кылгысы келсе, колун камдап урушка чыксын. Урушта мени жыкса менден болуштукту алсын, болбосо мен аны жыгып болуштукту иниме алып берем» – деп элин жыят. Алгазынын Зуурабүбү деген

кызы бар экен, ошол күздө күйөөсүнө узамакчы экен. Атасынын артынан санаасы тынбай жете келсе, атасы: «Оо, балам, кайта кет. Кызы да урушка келиптир деген уяттуу сөзгө калбайын, үйгө бар. Биз Карабаш менен бир тууган эмес белек, кудай сактасын, кан төкчү кагышка барыша койбоспуз» – деп жөнөтүп жиберет.

...«Алгазынын өлгөнүн угуп Чал катуу өкүнүп баласына: «Балам, Алгазы өлсө бөлөк эмес эле. Арап экөөбүз бир тууган элек. Эми баш көтөргөн Алгазыны өлтүрүп койдум, бүтүн кушчуну жалгыз бийлейм деп тургандырсың. Алгазы өлсө аны бүткүл кушчу көмөт, сенин өлүгүңдү кушчу эмес Талас көрбөйт, балам» – дейт.

Чакырык келсе да көмгөнгө барбаган Карабаш арадан он беш күн өткөндө элүүдөй киши ээрчитип Алгазыга өкүрүп барат. Зуурабүбү ый басылганда «Карабаш болуш аттанып кетпесин, карындашынын айтар арызы бар экен дегиле» – деп киши жиберет. Аттанганы жаткан Карабаш камчысын таянып «Эмне арызы бар экен?» – деп сыңар тизелеп отуруп калат. ...кошок басылгандан кийин таянып отурган камчысы сынып, алды жашка толуп, тебетейи көзүнө келип калган экен. «Болуш, болоор иш болду» – деп жигиттер ордунан таяп тургузуп, Карабашты атказып кетишкен экен» – дейт.

Жаздырган А. Үсөнбаев.

**Келдибек.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 62 (256). Он тогузунчу жүздүн орто ченинде саяк кыргызынын жакшысы Келдибек өлгөндө Аксайкал деген кызы кошуптур.

Атактуу Сагымбай Орозбак уулунан жазып алган Ысмат Кемпир уулу.

**Карабаш-Кудайберген.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 575 (5213). Талас өрөөнүнөн чыккан эл бийлөөчүлөрүнүн бири. Кушчу-сабатар уруусунан.

Назаркул деген инисинин кызы Шурутайдын кошогу.

Эл оозунан жыйналган фольклордук материалдар. Талас району, 1970-жыл.

**Калпа ажы.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 11 (204). Сейиткан Абубакир уулу кошкон. 1923-жылы жазылган.

**Ыса болуш.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 125 (331). Калык Акиев кошкон. 1946-жылы жазылган.

**Жеңижок.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 691. Өтө Көке уулу. (1859-1918) – ырчы, төкмө акын, Талас өрөөнүндө туулган. Жашынан жетим калып Аксы тараптагы таекелеринде жүргөн. Ал тарбиялык мааниси терең, уккандын акылына уюй турган кептерди уйкалыштырып айткан чоң нускоочу акын, айтыштын жеңилбеген устаты, «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» сыяктуу дастандарды күндөптүндөп айткан жомокчу, жаза жана окуй билген билимдүү адам болгон. Караван базарында эки жеңи карысынан жок кемсел кийген жаш Өтө шарыят жайын ырдаган Нурмолдо менен айтышып жеңип чыгат. Ушул окуядан кийин ал Жеңижок аталып кеткен. (КЭС)

Жеңижок каза болгондо улуу Токтогул акындын кошкон кошогу. Кимден, ким аркылуу жазылганы белгисиз.

**Эшмамбет.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 645 (5284). Эшмамбет Байсейит уулу (1867-1926) – төкмө ырчы. Талас өрөөнүнөн. Токтогулдун эң жакын шакирти болгон. Кетмен-Төбөдө Токтогулдун жанында жүрүп анын таалим-тарбиясын алган. Эшмамбет айтыш өнөрүнүн устаты болгон.

«Эшмамбет ырчы каза болгондо Курман ырчы мүрзөнүн үстүндө кошуп турган жери. Эшмамбет 1926-жылдын жай айларында Чечекти деген жайлоодо каза болот. Сөөгүн төөгө жүктөп келип Көк-Жар деген көрүстөнгө коюшкан» – деген маалымат бар.

Жыйнаган Тургуналы Жолоев. 1970-жылы, Талас шаары.

**Токтогул.** Китепте: Коргол, «Адабият» басмасы, 1993-ж. Токтогул Сатылган уулу (1864-1933) – кыргыздын демократ акыны, ойчул, комузчу, обон-күү чыгарган чебер. Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Саз-Жийде деген жеринде туулган. 1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан деген жалаа менен Сибирге сүргүнгө

айдалган. Токтогул элдик дастандарды да айткан жомокчу катары таанымал.

Улуу Током дүйнөдөн кайтканда Корголдун кошкон кошогу.

**Казыбектин атасына кошкон кошогу.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 90 (502, 4017). Атайын фонду, № 2, № 3-дептер.

**Барпы акын.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 190 (401). Барпы Алыкул уулу (1884-1949) – төкмө акын. Сузак районундагы Ачы айлында туулган. Санат-насыят ырларын гуманисттик маанайда ырдаган. Он алты жашында эле элге таанымал акын катары билинген.

Барпы акындын агасы Полоттун кызы Адалат кошкон.

**Бөрүбай акын.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 31 (169). Манасчы жана акын Бөрүбайга аялы Анаркүл акындын кошкон кошогу.

1) Пайим – түгөйүм.

2) Пайнеги (алтын саптуу пычактын пайнеги эди акунум) – сабы деген маанини билдирет.

3) Пор – бор.

**Рахманжан.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 648. (5286). Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры болгон Рахманжан Маткалыковго Т. Закирова кошкон. Жазган М.Зулпиев, Ленин району. Рахманжан колхозу.

Тукубай Тайгараев. Кол жазмалар фондусу. Инв. 660 (5297). Тукубай Тайгараев Сузак районунун Кедей-Арык, Жаңы-Кайрат колхозунда комсомол кызматында иштеп жүрүп согушка кеткен. Уруусу багыш. Мекенди коргоодогу эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наамды алган.

«...Биз Тайгараев Тукубайды келет деп жүргөндө угузуп калды. Согуш бүткөн эле, мурда угузбаптыр. «Күйгөн катын кошокчу» дегендей кошконбуз да» – дейт аталаш эжеси Ниязалиева Темиржан. Тукубай ата-энеден жалгыз эде. Угузганда энеси эт-бети менен кетип, зил кусуп жатып калды. Эс алганда «айтпайсыңарбы жоругун» – деп этектеп калды бизди. Ошондо Тукубайга кошуп, энесин да айтканбыз мындай деп:

Зайпана болду көйнөгү,
Сары зил болду жүрөгү.
Будурма болду көйнөгү,
Муңга толду жүрөгү. –

Тукубайдын апасынын өлгөнүнөн быйыл 4 жыл болду.

Кара болду көйнөгү,
Эми, кайгыга толду жүрөгү».

Ниязалиева Темиржандан жазып алган М. Зулпиев.

**Султанов Кадырмат.** Кол жазмалар фондусу. Инв. №648 (5286). Социалисттик Эмгектин Баатыры, Ленин райкомунун биринчи секретары болуп иштеп туруп 1957-жылы каза болгон. Кошкон Жумабаева Алмагүл. Жыйнаган М. Зулпиев. Ленин району, Ленин-Жол селосу.

**Генерал Искакбек.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 546 (5184). Алайдан чыккан генерал Искакбек Кытайдын Кулжа деген жеринде самолет талкаланып курман болгон. Абдрасулова Закеш деген кошокчуну бир күнчүлүк жерден ат менен алдырып айттырышкан.

**Кожомкул.** Кол жазмалар фондусу. Инв. № 536 (5174). Суусамырдык атактуу балбанга арналган кошокту Өмүке уулу Абды айткан. Сокулук району. 1956-жыл.

## КЫЗ УЗАТКАНДАГЫ КОШОКТОР

**Инв. 46(240).** Жеңесинин кошкону.

1926-жылы Жума Жамгырчы уулу Түп, Караколдон жазган. Кимден жазылганы белгисиз.

**Инв. 40(234).** Жайдары келин болуп ал.

1923-жылы Талас, Орто-Кошойдон Акбермет Карагул кызынан К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 40(234).** Турна моюн бийкечим.

Атбашы, Чеч-Төбөдө Умсунай аттуу аялдан К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 40(234).** Бийкеч жан.

Таластык Карагул уулунан 1923-жылы К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 40(234).** Алтындан бакан сайганбыз.

Талас, Орто-Кошойдо.

**Инв.40(234).** Ак калпакчан көрүнсө.

Талас, Малабек Агыбай уулунан К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 40(234).** Кыз ынак.

Нарын, Бүбү Садыр кызынан 1922-жылы К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 40(234).** Энесинин кошкону.

Талас, К.Мифтаков жазып алган. Кимден жазылганы белгисиз.

**Инв. 40(234).** Алтындан бакан сайганбыз.

Талас, Орто-Кошойдо 1923-жылы Бүбү Ногой кызынан К.Мифтаков жазып алган.

**Инв. 40(234).** Апасынын кошогу.

Талас, Орто-Кошойдон 1923-жылы Акбермет Карагул кызынан К.Мифтаков жазып алган

Алым-сабак кошок.(6-дептер). Эл оозунан жыйнаган К.Рыскулов.

**Инв. 770.** Сараң кыздын жеңесинин кошогу. 1990-жылы жыйнаган К.Рыскулов.

**Инв. 770.** Жакшы кызды узатарда жеңелеринин кош-тошкону. 1990-жылы

К.Рыскулов тапшырган.

**Инв. 770.(6-дептер).** Эненин кошогу. 1990-жыл. Жыйнаган К.Рыскулов.

**Инв. 770(6-дептер).** Эжесинин коштошкону. 1990-жыл.Жыйнаган К.Рыскулов.

**Инв. 53(243).** Азыраак айтам бери отур.

**Инв. 53(243).** Бул жер сизге жалган жер. Энесинин кошогу.

**Инв. 53(243).** Бийкечке ай тийгизбей багып ал. 1926-жылы эл оозунан жыйнаган Ж.Жамгырчиев.

*Түзгөн, баш сөзүн, түшүндүрмөлөрүн жазган*
*Кол Жазмалар бөлүмүнүн у.и.к.*
С.А.ЕГЕМБЕРДИЕВА

## МАЗМУНУ


Сөз башы ........................................ 3
Угузуу ........................................ 12
Балага арналган кошоктор ........................ 17
Ата-энеге арналган кошоктор ..................... 37
Бир тууганга арналган кошоктор .................. 98
Согушта курман болгондорго арналган
кошоктор ........................................ 127
Эрди-катын, жек-жааттарга арналган
кошоктор ........................................ 165
Күйөөсү өлгөн аялдардын кошоктору ............... 183
Бирөө колдуу болгондорго кошкон
кошоктор ........................................ 283
Жек-жааттар аркылуу айтылган
кошоктор ........................................ 290
Келинге арналган кошоктор ....................... 299
Тул калган кыздардын кошогу ..................... 303
Эпостук баатырларга арналган кошоктор ........... 305
Акындар аркылуу айтылган кошоктор ............... 316
Тарыхта аты калган инсандарга арналган
кошоктор ........................................ 393
Кыз узаткандагы кошоктор ........................ 520
Түшүндүрмөлөрү .................................. 539

*Адабий-көркөм басылма*

«Эл адабияты» сериясы

# КЫРГЫЗ ЭЛ КОШОКТОРУ

## 16-том

Т ү з г ө н д ө р:
*Сонор Егембердиева*

Техн. редактору *Жусупбекова А.*
Корректору *Сонор Егембердиева*
Компьютерде терген *Егембердиева С.А.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.06.2016-ж. берилди.
Басууга 27.06.2016-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $84x108^{1}/_{32}$.
Көлөмү 35,75 б.т. Нускасы 600. Заказ № 04.

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс» ЖЧК
басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз к. 49.